БГУ жарчысы
Вестник БГУ

№ 4(30)
2014

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

ISBN 9967-410-59-0

Башкы редактор
А.И. МУСАЕВ
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
С.И. ИСКЕНДЕРОВА
филология илимдеринин доктору, профессор

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

АКМАТАЛИЕВ А.А. - филология илимдеринин доктору, академик
БАЙГАЗИЕВ С.Б. - филология илимдеринин доктору, профессор
ИСАЕВ К.И. - философия илимдеринин доктору, профессор
МАВЛЯНОВ А.С. - техника илимдеринин доктору, профессор
САДЫКОВ К.Ж. - филология илимдеринин кандидаты
САДЫКОВ А.С. - филология илимдеринин доктору, профессор
СООРОНКУЛОВ Г.О. - педагогика илимдеринин кандидаты

ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ

АБДУЖАБАРОВ Х.А. - тарых илимдеринин кандидаты
АКМАТОВ Б. - филология илимдеринин кандидаты
АСАНОВА А.А. - филология илимдеринин кандидаты
ЕЛЕБЕСОВА С.А. - филология илимдеринин кандидаты
ИСМАИЛОВА Э.И. - философия илимдеринин доктору, профессор
ИШЕМКУЛОВ Т.И. - профессор
КОЗУЕВ Д.И. - филология илимдеринин кандидаты
МАШРАПОВ Т.Т. - тарых илимдеринин кандидаты
ОРМОНБЕКОВА А.О. - филология илимдеринин доктору
САВИН В.Е. - экономика илимдеринин доктору, профессор
СЕЙИТБАЕВ Б.Т. - саясий илимдеринин кандидаты
ТОКСОНБАЕВ Р. - педагогика илимдеринин доктору, профессор
ЧОГУЛДУРОВ М.Д. - география илимдеринин кандидаты

Илимий журнал 2003-жылы негизделген

Журнал КРнын Адилет министрлигинен 2001-жылы 2-мартта каттоодон өткөн.
Каттоо күбөлүгү № 504

© К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

Вестник БГУ
БГУ жарчысы

№ 4(30)
2014

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА
К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

ISBN 9967-410-59-0

Главный редактор
А.И. МУСАЕВ
доктор филологических наук, профессор

Заместитель главного редактора
С.И. ИСКЕНДЕРОВА
доктор филологических наук, профессор

РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ

АКМАТАЛИЕВ А.А. - доктор филологических наук, академик
БАЙГАЗИЕВ С.Б. - доктор филологических наук, профессор
ИСАЕВ К.И. - доктор философских наук, профессор
МАВЛЯНОВ А.С. - доктор технических наук, профессор
САДЫКОВ К.Ж. - кандидат филологических наук
САДЫКОВ А.С. - доктор филологических наук, профессор
СООРОНКУЛОВ Г.О. - кандидат педагогических наук

ЧЛЕНЫ НАУЧНО-РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ

АБДУЖАБАРОВ Х.А. - кандидат исторических наук
АКМАТОВ Б. - кандидат филологических наук
АСАНОВА А.А. - кандидат филологических наук
ЕЛЕБЕСОВА С.А. - кандидат филологических наук
ИСМАИЛОВА Э.И. - доктор философских наук, профессор
ИШЕМКУЛОВ Т.И. - профессор
КОЗУЕВ Д.И. - кандидат филологических наук
МАШРАПОВ Т.Т. - кандидат исторических наук
ОРМОНБЕКОВА А.О. - доктор филологических наук
САВИН В.Е. - доктор экономических наук, профессор
СЕЙИТБАЕВ Б.Т. - кандидат политических наук
ТОКСОНБАЕВ Р. - доктор педагогических наук, профессор
ЧОГУЛДУРОВ М.Д. - кандидат географических наук

Научный журнал основан в 2003 г.

Журнал зарегистрирован в Министерстве Юстиции КР 2 марта 2001 г.
Свидетельство о регистрации № 504

© Бишкекский гуманитарный университет им. К.Карасаева

ТИЛ ИЛИМИ

К.Т.Жаманкулова,
КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту

КЫРГЫЗ ОЮУЛАРЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ. ОЮУНУН ТҮРЛӨРҮ

Кыргыз оюуларынын семантикасы. Кыргыз оюулары – «сүрөттөп көрсөтүүчү фольклор». Кыргыз оюуларынын камтыган мааанилери ар кыл жана бай. М.В.Рындин кыргыз оюуларын «сүрөттөп көрсөтүүчү фольклор» ("изобразительный фольклор") деп атаган.

М.В.Рындиндин материалы боюнча кыргыз оюулары 154 негизги элементти камтыйт, алар төмөнкү төрт негизги группага бөлүнөт: 1) айбанаттар дүйнөсү - 87; 2) өсүмдүктөр дүйнөсү) - 17; 3) жаратылыш - 9; 4) турмуш-тиричилик предметтери - 41. Бул негизги элементтер 3500дөн ашык комбинациялардан жана варианттардан турат. Койдун мүйүзүнүн бир эле мотиви 224 вариантта, бугунуку (олень) 50, фазандыкы 66 ж.б.(1: 535).

Көрүнүп тургандай, жаныбарлардын мотивдери орнаменталдык сюжеттин негизги массасын түзөт. Мына ушул негизги элементтердин арасында негизги реалисттик элементтер - төө, ит, ат, бугу, теке бар.

А.Н.Бернштамдын пикири боюнча мындай сүрөттөр байыркы аска бетине тартылган сүрөттөрдүн – петроглифтердин түздөн-түз уландысы, ал эми петроглифтер Кыргызстандын территориясында коло доорунда жана сактардан убагында эле болгон. Кыргыз оюуларындагы айрым сюжеттер кыргыздардын байыркы икусствосунун жаңырыктары болуп саналат.

Кыргыз оюуларындагы аппликация, спиралдык жана меандрлык мотивдер. Альмаши сүрөт тартуудагы эң байыркы техника – аппликация болгон деп эсептейт жана оюунун эки түрүн – «Hornmotiv» (мүйүз мотиви) жана "Heratimotiv" (Герат мотиви) белгилейт. Андан тышкары өздөштүрүлгөн, табияты кытайлык жана гректик спиралдык жана меандрлык (оймо-чийме, ийри-буйру оюу) мотивдер болгон (1: 663).

Кыргыз оюулары окумуштуулардын эмгектеринде. Кыргыз оюуларын А.Фелькерзам, А.А.Семенов, С.М.Дудин, М.Андреев, М.Гаврилов ж.б. изилдешкен. М.Андреев кыргыз оюуларынын 29 элементин, М.Гаврилов 34 элементин таап чыгышкан. Бул ачылыштардан улам кыргыз оюуларынын семантикасынын кеңири экендиги жана оюулардын аталыштары бар экендиги белгилүү болгон. Кыргыз оюулары чет элдик окумуштуулар тарабынан да каралган.

М.В.Рындиндин кыргыз оюуларына арналган эмгеги алты бөлүмдөн турат. а*) Кыргыз оюуларынын үлгүлөрү. б) Түс композициясы. в) Негизги элементтер. г) Реалисттик сюжеттер. д) Кыргыз оюуларынын эволюциясы. е) Баяндоолордун жана комбинациялардын системасы.*

Оюудагы баяндоонун эпикалуулугу. Айрым окумуштуулар белгилегендей, оюуда камтылган сюжеттер көлөмдүү. Мисалы, айрым саймачылар манасчы сыяктуу оюунун (орнаменттин) **"эпикалык" текстин** токушкан, А.Н.Бернштам оюнун ар кылдуу элементтеринин астрономиялык санга жеткендигин белгилейт. Ал: "Өзүнүн семантикалык көлөмү жагынан кыргыз оюуларынын белгилүү 3500 комбинациясы эле "Манас" эпосунун 500 миң сабынан кем калбайт", - деген (*белгилеген – Г.Ж.*) (1: 639). Ошентип, кыргыз оюулары "Манас" эпосу сыяктуу эле көлөмдүү. Кыргыз оюуларын **кыргыздардын оюу түрүндөгү жазуу дастаны** десек жаңылышпайбыз.

Кыргыз оюуларында түстүн колдонулушу. Оюунун музыкалуулугу. Кыргыз оюуларынын түстөрү анчалык көп эмес. Мисалы, көк, кызыл, ак, сары. Жашыл дээрлик жокко эсе, айрым гана өздөштүрүлгөн оюуларда болот (мисалы, жылан). Көк – асманды, кызыл – отту, сары – чексиз чөлдү билдирет. Кыргыз оюуларында графика менен түс бири-бирине шайкеш келип, бири-бирин толуктап, жыйынтыгында бир толук бүткөн сюжетти берет жана так эле "Манастагы" кыска саптарга окшоп, ар бир фразасында ушунчалык кыска жана ушунчалык бир аз татаалыраак силлабикалык ырга куюлушуп кетет. Орнаменттин музыкасы эпостун музыкасына окшоп, манасчынын, комузчунун, домбурачынын музыкалык добуштарынын ээрчишүү катарына окшоп кыска "орнамент катарларын" түзөт (2: 22; 3).

Оюунун түрлөрү. А.Н.Бернштам оюулардын айрымдарына мүнөздөмө берет (1: 641-642). Мисалы:

«Тоо текенин мүйүзү" оюусу. Оюулардын эң башында «тоо текенин мүйүзү" турат. Бул оюу спираль түзүлүшүндө жана эки же үч жолу кайталанган жарым айлана түрүндө болот, ага башка оюу формалары кошулуп, көбүнчө татаалдашат. Спираль түрүндөгү оюунун санынын улам-улам кайталанышынан улам "кайталанма мүйүз" деген оюу келип чыгат. Бул оюуну кыргыз оюуларынын башка бардык элементтери менен ("жалбырак" жана "амулет" оюуларынан башкасы) бирге берүүгө болот.

"Ак бугунун мүйүзү" оюусу. Бул оюунун өзгөчөлүгү "тоо теке мүйүзү" оюусуна караганда татаалдыгында. Кыргыздарда бул оюу абдан көп колдонулат жана ал композиция "тоо теке мүйүзү" менен байланышта. "Бугу мүйүзү" оюусу ар кылдуулугу менен айырмаланат жана ага жаныбарлар, өсүмдүктөр жана турмуш-тиричилик оюулары кошумчаланат. Бул оюу дагы кыргыздардын байыркы аңчылык турмушунан кабар берет.

«Бугу мүйүзү» оюусу. Бул оюу кыргыз оюуларында көп кездешет жана бул композиция көбүнчө «тоо текенин мүйүзү» менен байланышта. Стилдештирилген «бугу мүйүзү» оюусу абдан ар түрдүү жана анын составдык бөлүктөрү болуп жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жана турмуш-тиричилик буюмдарынын формалары эсептелет.

«Эндүү мүйүздүү бугу» оюусу же «эндүү мүйүздүү бугунун такасынын изи» – бул калак сымал мүйүздүү, абдан күчтүү, ири бугунун келбети түшүрүлгөн оюу. Мындай бугуга байыркы убакта мергенчилер аңчылык кылышкандыгы айтылат, бирок аларды эч ким көргөн эмес. А.Н.Бернштамдын ою боюнча: «Эндүү мүйүздүү бугу» жана «эндүү мүйүздүү бугунун такасынын изи оюусу» багышка тиешелүү" (1: 641). Ал эми азыр кыргыздардын түшүнүгүндө багыш деген сөз жаныбар жөнүндөгү элести бербейт, ал азыр уруулардын аттарында жана жеке коюлган аттарда гана сакталып калган. Ошондуктан мындай оюулар аз санда жана сейрек кездешет. Мындай бугунун мүйүздөрүнүн «ортосунда чоң, эндүү бүгүм (изгиб) жана четтеринде кең калагы бар» (1: 641).

"Уй мүйүз" оюусу. Бул оюу уйдун мүйүзүнө окшош формада болот. "Уй мүйүз" оюусу "тоо текенин мүйүзүнө" окшоп, спираль түрүндө болот, айырмачылыгы - кыскалыгында, эгерде "тоо теке мүйүзү" эки же үч жолу кайталанган жарым айлана түрүндө болсо, "уй мүйүзүндө" жарым айлана андан бир жарым эсе аз болот.

"Така" оюусу. Бул оюу түздөн-түз таканын көчүрмөсү эмес, анын тагы, изи. А.Н.Бернштам: "Така... негизги элемент катары предметтин өзүнөн түшүрүлбөй, анын бастырылган формасынан түшүрүлгөн, муну "така" оюусун карап көргөндө анын ортосундагы ичке изден (утончение) байкоого болот, бул така кагылган аттын туягынын изинде болот" (1: 641), - дейт. Мына ушул оюунун орто бөлүгүндөгү ичке из ("утончение") така оюусунун өзгөчөлүгү болуп эсептелет жана аны башка оюулардан (мисалы, "жаңы ай") айырмалап турат.

"Жаңы ай" оюусу. Бул оюунун башка оюулардан айырмасы – «анын негизги формасынын уланышын аягына чейин жана композициялык жактан кошулган жеринде байкоого болот" (1: 641).

«Бадам» оюусу. Бул оюунун чыгыш тегин карап көргөндө, анын өсүмдүктөр дүйнөсүнөн эмес, жаныбарлар дүйнөсүнөн келгендиги белгилүү болгон. А.Н.Бернштам "бадам» оюусунун мааниси байыркы кыргыздар тарабынан жоготулуп калгандыгын белгилейт. Бул оюунун ар түрдүү формаларын карап көргөндө, анын бөлүктөрүнүн акырындык менен түшүрүлүп калгандыгы байкалган.

"Кыргоол" оюусу. "Кыргоол" оюусу кыргыздардын аңчылыгынан кабар берет.

"Гүл"оюусу. Бул оюуда жалбыректардын саны он бирге чейин жетет, андан ары "ай гүл" ("лунный цветок") деген наам алат. Гүл эч качан айлананын ичине тартылбайт, эгерде айлананын ичине тартылса, анда башка наамды алат: чач теңге – тегерек монета формасындагы аялдын чачындагы күмүш чачпак. "Гүл" оюусунун аты кыргыз оюусунун негизги элементи болгон гүлдүн өзүнүн сүрөтүнөн улам, же гүлдүн ортосундагы нерсенин атынан, же жалбыректын формасынан улам келип чыккан.

"Бүркүт" оюусу. Бул оюунун составдык бөлүктөрүнүн шарттуу белгилери бар болсо да, ага карабастан бир композицияга жуурулушуп, өз алдынчалыгын жоготуп, жалпы "бүркүт" деген атка биригип турушат.

"Умай" оюусу. Бул оюу өзүнүн түзүлүшү боюнча "бүркүт" оюусуна окшошуп кетет, бирок "Умай" оюусу "...канаты бар, энеден туума аялды элестетет. "Умай" оюусу тумар оюусуна кирет. Умай – ымыркайларды колдогон жана кушка окшоп абада жашаган мифтик аял (1: 642).

"Шуру" оюусу. Ал составдык бөлүктөрдөн жана анын композициясына кирген кошумча бөлүктөрдөн улам ушул атка ээ болгон.

Боз үйдүн ар кандай бөлүктөрүнүн аттарынан турган оюулар. Боз үйдүн ар кандай бөлүктөрүнүн аттарынан турган оюулар да бар. Мисалы, боз үйдүн уук-керегелеринин жогорку жагындагы түндүк (тегерек жыгач алкак) "күн" оюусунан айырмаланат, анткени түндүктүн ортосунда крест түрүндөгү туташтырылган кошулма бар.

"Кобул"оюусу. Бул дагы боз үйдүн бөлүктөрүн чагылдырат. Боз үйдүн капталын түзгөн - кереге, "гнутые палочки, вставляемые крест-накрест в тюндук - чамгарак" ж.б. Бул күмүш буюмдарды жасоодо, териге, килемге, саймага жана шырдакка оюу түшүрүүдө колдонулат. Бирок саймага, килемге жана шырдакка бул оюуну түшүрүүдө формасын жоготуп, жол-жол түрүндө болуп калат. Бул оюу өзүнүн сүрөтү боюнча "карганын бутунун изине окшоп жана өзүнүн узундугу жана пайдаланылышына карата айырмаланып турат, көбүнчөсү жээктин ролун аткарат".

"Килем сүрөт" оюусу. "Килем сүрөт" оюусу – кыргыз оюусундагы өзгөчө оюу, ал түз сызыктардын айкалышынан турат жана килемдеги, чийдеги негизги элементтерди камтыйт. Килемдердеги түз сызыктуулук килемди жана чий буюмдарын жасоо техникасына байланыштуу. Килемге кыргыз оюуларынын айрым негизги элементтери, түз сызыктуу түзүлүштөгү оюулар катыша алышат, мисалы, "тоо коюнун башы", "кайталанма мүйүз", "бугу мүйүз", "бугу башы" ж.б.

Кыргыз оюуларынын бардык негизги элементтери "даана, реалдуу сүрөттөөлөрү менен мүнөздөлөт, "бөлүктөгү бүтүндүк" мыйзамына баш ийдирилет" (1: 643). Мына ушул кыска жана так линияларга табияттын көрүнүштөрү ("ай", "булут", "күн") жөнүндөгү сүрөттөр үндөшөт. Ал эми өсүмдүктөр оюуларында ашкере кооздук ар, линиялардын саны көп, айбанаттар циклинде да ушундай.

Адабияттар

1. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. II. – Б.: Фонд "Сорос - Кыргызстан", 1998.

2. Виноградо В.В. Музыка Советской Киргизии. -М., 1939.

3. Кривоносов В. О напевах киргизского эпоса «Манас». // «Советская музыка», № 6, 1939.

Т. Т. Токоев,
К. С. Кошмоков,
К.Карасаев атындагы БГУ

АРАБ ТИЛ ИЛИМИ ЖАНА МАХМУД КАШГАРИ

Бул макаланы жазууда түрткү болгон насыят – түрк дүйнөсүнүн чыныгы күзгүсү болгон Махмуд ибн аль Хусейин ибн Мухаммед аль Кашгари бабабыздын "Дивану лугат ат-түрк" эмгегинин кириш бөлүмүндө белгилеген: "Түркий тилдер араб тили менен байгеге түшкөн эки күлүк өңдүү тең арыш таштап, калышпай бара жаткандыгын аныктап көрсөтүү үчүн Халилдин "Китабуль-Айн" деген китебинде түзгөн ыкманы (колдонулуучу жана колдонуудан чыккан бардык сөздөр) колдоноюн деп көңүлдөндүм эле, себеби көптөгөн сөздөр кирмек. Бирок сөздөрдүн оңой табылышын жана адамдардын кызыгуусун эске алып олтуруп, колдонуудан чыккан сөздөрдү таштап, же талабына карап кыскача келтирип, колдонулган сөздөрдү туруктуу кылып бекемдедим. Менин бул ыкмам туура жана түзүк" (М. Кашгари, 2011, 39) деген саптары эле.

XI кылымда жазылган түрк энциклопедиясынын автору шилтеме берген эмгектин аты даана жазылып, анын автору жөнүндө бүдөмүк гана маалымат берилгендигин даана байкоого болот.

Орто кылымдарда тил илиминин өнүгүшү Жакынкы Чыгышта өтө ар тараптуу болуп, грамматика, фонетика, лексикология, лексикография тармактары боюнча фундаменталдуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, кыйла эмгектер жарык көрүп, алардын айрымдары бүгүнкү күнгө чейин күчүн жоготпой, алигиге дейре колдонулууда. Бул мезгилдеги араб тил илиминин башаты катары, араб окумуштууларынын сөзү менен айтканда «араб грамматикасынын чыныгы Кураны» болгон Амр ибн Усман ибн Канбар Абу Бишр Сибавейхинин «Аль-Китабы» эсептелгени менен, араб тил илиминин тунгуч реформатору, аны алгачкылардан болуп системага салган, тилдин илимий негизин жана теориялык башатын түзгөн окумуштуу катары жогоруда Махмуд бабабыз шилтеме жасаган Абу Абдурахман аль-Халил ибн Ахмад ибн Амр ибн Тамим аль Фарахиди аль Язди аль Яхмади аль-Басри эсептелгендигин танбашыбыз зарыл.

Халил аль Фарахиди 718-жылдары төрөлүп, 791-жылдарга чейин жашаган таза кандуу омандык араб эле. Уруусу Фарахиддерден таралып, азд уругунун инсаны болгон. Билимге умтулган жаш жигит ошол кездеги араб маданиятынын жана илиминин туу чокусу болгон Ирактагы Басра шаарына келип, өзүнүн 50 жылдан ашуун өмүрүн илим дүйнөсүнө арнаган.

Шакирттеринин айткандарына караганда Халил таланттуу, көркөм ой жүгүртүүсү бийик, окумуштуулук дарамети өтө жогору адам болуп, өмүрүнүн акырына чейин жалгыздыкты жана илимий ишмердүүлүктү бийик туткан.

Окумуштуу өз мезгилиндеги араб дүйнөсүндө болуп жаткан саясий окуяларга көңүл кош карап, атасынан мураска калган каражат, шумкар салуудан түшкөн анча-мынча акча менен аскеттик турмуш өткөргөндүгү жөнүндө уламыштар айтылып жүрөт.

Бирок Халили билим алууга өтө көп күч жумшап, диний жана филологиялык билимди араб грамматикасын негиздеген Абу аль-Асвад ад-Дуалинин эң жөндөмдүү шакирти ас-Сакафиден ала баштайт. Ал ошондой эле араб адабиятын, фольклорун, поэзиясын, араб тили жана анын окутуу усулун терең өздөштүрөт. Жаш өспүрүмдү ошол кездеги араб дүйнөсүнө таанымал жахилия (сабатсыз доордогу) поэзиясы да кызыктырып, Басра чөйрөсүндөгү Куранды окуунун жети пиринин бири, поэзия маселелери боюнча ошол мезгилдеги эң негизги авторитет Абу Амр аль-Аланын шакирти болгон.

Халилдин бүгүн бизге чейин жеткен негизги эмгеги – Махмуд бабабыз пайдаланган "Китабуль-Айн". Бирок кийинчерээк окумуштуулар Халил Фарахидинин көп сандагы майда илимий трактаттарын аныкташып, көпчүлүгүн басып чыгарууда. Өз устаты аль-Аланын ырларынын табышмактуу сырлары шакирттин араб метрикалык ыр уйкаштыгынын системасын аныктоого мажбурлап "Китабуль-Аруд" трактатында "аруд" ыр түзүлүшүндөгү 15 өлчөмдүү айкындоого жетишкен. Меккеден ажылык парзын аткарып жүргөн мезгилде Халил Алла Таалага күн-түн жалынып, буга чейин эч бир окумуштууга белгисиз илимди ачууну белек кылуусун суранган. Ал Басрага кайтып келгенден кийин просодия илиминин мыйзамдарын ачуу даражасына ээ болот, бул анын музыка ритмдери менен гармониянын ортосундагы тыгыз байланышты терең өздөштүргөндүктүн жемиши катары бааланат. Халилдин бул ачылыштары "Китаб ан-Нажм", "Китаб ал-Ыка" ("Книга ритма") аттуу эмгектеринде чагылдырылбай калгандыгы белгиленет. Ушул эле мезгилдерде Фарахиди криптография илими менен алектенип, 786-жылы каракат (кыска үндүүлөрдү билдирген тамгалардын үстүнө жана астына коюлуучу белгилер) системасын ойлоп чыгат, кептин минималдуу бирдигин "харф" теориясын түзөт. Араб тилинин сөздүктөрүн фонетикалык принцип менен түзүүнү сунуштап, өзүнүн "Китабуль-Айнды" жазууга киришкен.

Бул араб тил илиминдеги түшүндүрмө сөздүктүн эң алгачкы үлгүсү болгон. Өзүнө чейинки лексикалык изилдөөлөр, сөздөрдү түшүндүрүү алфавиттик-мүүндук системаны эске албастан, чаржайыт болсо, Халил "Китабуль-Айнда" эбегейсиз зор материал топтоп, сөздөрдү өзү түзүп чыккан фонетикалык-алфавиттик системага салып, тыбыштардын артикуляциялык аппараттардагы жасалыш ордуна карата катуу тартипте жайгаштырууну негиз кылып алат. X кылымда жашаган окумуштуу Хамза аль-Хасан аль Исфаханинин белгилегениндей «Китабуль-Айнда» жалпы элдик тилдин бардык байлыгы камтылган, Сибавейхи тарабынан кол китеп катары пайдаланылган, анткени Халил Сибавейхинин «аль-Китабын» түзүүгө карата толук грамматикалык маалыматтарды берген.

Халил Фарахидинин өз учурундагы араб тил илиминин грамматикасын өнүгүшүнө кошкон салымы катары өзүнө чейинки окумуштуулардын тилге карата чаржайыт мүнөзүн системалык тартипке салгандыгын өзгөчө белгилөөгө болот. Тилекке каршы, Халилдин кол жазмаларынын көпчүлүгү бизге жетпей калгандыгы өкүнүчтүү, бирок айрым кол жазмалары басылып чыкса да, аларды терең изилдеп, андан соң гана анын ага таандык экендиги далилдөөнү талап кылат, мисалы, «Китаб аль-Зумал фин-Нахв» (Синтаксистин өзгөчөлүктөрү китеби) ж.б.

«Грамматика боюнча Куран» лакап ат менен белгилүү «Аль-Китаб» аттуу араб грамматикасынын автору Амр ибн Усман ибн Канбар Абу Бишр Сибавейхи Халил аль-Фарахидинин эң чыгаан шакирти эсептелип, анын эмгеги толук бүтүрүлгөн араб грамматикасы катары эсептелсе да, анын ар бир бөлүмүндө Халилге шилтеме жасалып, анын аты «Аль Китабда» 410 жолу кайталангандыгынын себеби ар бир изилдөөчүнү устат-шакирт байланышынан толук кабар берип турат.

Европа жана араб тил илиминде узак убакыт бою Халилдин «Китабуль-Айн» эмгегинин толук вариантты жоголгон деп эсептелинип, анын алгачкы 144 бети диний кызматкер Анастас Мари тарабынан Багдадда басмага даярдалып, кийинки чыгарылышы Абдалла Дарвиш тарабынан колго алынган, 376 бет көлөмүндө бир том болуп жарыяланат. Фарахидинин сөздүгүнүн толук көп томдуу варианты өткөн кылымдын 80-жылдарында ирак окумуштуулары Махди иль-Махзуми жана Ибрахим ас-Самарран тарабынан даярдалып, анын баш сөзүндө «араб тилинин тарыхын изилдөөдө байыркы тилдик илим изилдөө методдору жана изилдөө каражаттарынын принциптери боюнча азыркы кездеги улантылып жаткан салтты жетекчиликке алышкан» деген бүтүм чыгарууга негиз болгондугун баса белгилеп кетүүгө болот.

Атактуу араб тарыхчысы Ибн аль-Асаринин маалыматы боюнча Махмуд Кашгари Ысык-Көлдүн жээгиндеги Барскоон шаарында төрөлүп, XI кылымда Орто Азиянын чыгышы түрк каганатынын династиясын башкары турган Караханиддердин урпагынан болот. Атасы – Хусейн ибн Мухаммад Баласагын шаарынан чыккан, Маверennахраны басып алган Богра-хандын небереси болгон. Апасы Бүбү Рабия хатун сабаттуу аял болгондуктан, баштапкы таалим-тарбияны Махмуд Кашгари үйдөн, орто жана жогорку илим-билимди Кашгардын эң мыкты окуу жайларынан: «Медресе Хамидия» жана «Медресе Сажия», андан ары Бухара, Нишапур, кийинчерээк Багдаддан алган. Окуу процессинде философия, логика, адабият, укук таануу, тарых, дин илимин, математика, астрономия, медицина жана башка илимдерди терең өздөштүрүүгө жетишет. Ал эне тилинен сырткары араб, парсы тилдерин жогорку деңгээлде билген. Бийик даражадагы чиновниктин үй-бүлөсүнөн болгондугунан, аскердик даярдыктын көп түрү менен машыгат. 29-жашында өлкөдө саясий кандуу окуялар башталат да, ал куугунтукка учурайт. Кашгарды таштап, жер-шаар, тоо-кырларды кыдыруга аргасыз болот. Акыр-аяк Багдадга келип, отурукташып калат. Өмүрүнүн негизги бөлүгүн ушул жерде өткөргөн, сабак берген, көптөгөн шакирттерди даярдаган. Кашгарга 97-жашында келип, ошол жерде көз жумган. Көптөгөн илимий эмгектерди жараткан, бирок эң негизги "Диван лугат түрк" сөздүгүнөн башкасынын баары жоголгон.

Эми бул эки ири илимпоз, аалымдардын эч бир кайталангыс, баа жеткис сөздүктөрүнөн кеп салсак.

«Мээримдүү Ырайымдуу Алланын ысымы жана Анын түздөн-түз жардамы менен!

Өтө көркөм дүйнөнүн Жаратуучусу, татыктуу кадыр-барктын Ээси-Аллага алкыш-мактоолор болсун!... Андан соң Алланын кулу Махмуд ибн аль Хусейин ибн Мухаммед аль Кашгари сөз баштады:...» деп, Махмуд бабабыз сөздүгүн ислам динине мүнөздүү жол менен баштайт. Ахмад аль-Фарахидинин сөздүгү: «Мээримдүү Ырайымдуу Алланын ысымы менен! Алладан туура жол сурайбыз, Ага гана тобокел кылабыз. Алла бизге жетиштүү, Ал кандай гана Колдоочу! Муну басралык аль-Халил ибн Ахмад жазды..." деп башталат. Бул эки китепти окуп олтуруп, көптөгөн окшоштуктарды кезиктирүүгө болот.

Андан соң басралык аалым мындай дейт: "алиф, ба, та, са... аягына чейин, араб сөздөрү ушул тамгалардан турат... араб тилинде жыйырма тогуз тамга бар: алардын жыйырма беши таза, а төртөө бош: вов, йа, алиф, хамза, бош деп аталып калгандыгынын себеби жеңил, аба менен гана эч бир тамактын, тилдин, эриндин катышысыз айтылат..." Махмуд бабабыз да: «..Бул тамгалар араб тилинин "алиф, ба, та, са..." алфавитине окшойт. «Бардык түркий тилдеринде колдонула турган негизги тамгалардын саны-он сегиз. Жогоруда көрсөтүлгөн негизги тамгалардан тышкары оозеки сөздөрдө гана айтылып, жазууда колдонулбаган дагы жети тамга бар, түрк тилдери аларсыз да болбойт» дейт.

Андан ары Махмуд бабабыз: "Мен бул китепти накыл сөздөр, кара сөз менен жазылган көркөм чыгармалар, макал-лакаптар, арткы тамгасы уйкашып келген ырлар, тамсилдер- ушулардын баарысынын үзүндүлөрү менен кооздоп сөздүктү алиппе (алфавит) тартиби боюнча түздүм" , дейт. Ал эми Ахмад аль-Фарахиди алиппе тартибинде эмес, сөздүгүнө башка жолду тандап алган. Алиппе тартибинде алиф (а) тамгасы менен баштайын деп, бирок бул тамга илдеттүү, бирде у, бирде и тыбышына өзгөрүп, бирде такыр түшүп калышын эске алып, ал тамга менен баштоодон баш тартам. Анан андан кийинки ба тамгасын, андан ары тамгалардын баарын изилдөөгө киришет. Ал туурасында аалым мындай дейт: "Алиф менен баштоону жактырбадым, анткени ал илдеттүү тамга...". Ошентип иликтеп жатып айн тамгасына токтолот. Бул аябай укмуш, жөнөкөй адамдын оюна келбеген табылга болот. Айн фарингал уччул тыбышы, алкым тешигинин тарылтуусу (ичкертүүсү) менен тил артка карай чегинүү аркылуу жасалат, бул тыбыш тамактын эң түпкүрүнөн чыккан тыбыш болот. Анан ал гениалдуу тилчи тыбыштардын пайда боло турган төрүнөн баштап бери көздөй тартип менен сөздүгүн түзгөнүн айтат: "...айн тамгасына токтолдум, канткен менен бул тыбыш тамактын түбүнөн чыгат, аны сөздүктүн биринчи тамгасы кылдым. Андан кийин ага жакын, андан ары көтөрүлүп-көтөрүлүп жатып, мим тамгасына чейин..." дейт.

Сөздүктүн тартиби: 1) ع(айн) ح(ха) ه (hą) ح(ха) غ(ғайн); 2) ف(каф) ك(каф); 3) ج(жим) س(шин); 4)ض(дод) ل(ра) ل(лам); 5). ص(сод) س(син) ز(зай); 6) . ط(то) د (даль) ت(та); 7) ظ(дзо) ث(са) ذ (зо);

8) ف(фа) ب(ба) م (мим); 9) و(вов) ا (алиф) ى(йа) фарингалдуу тыбыштардан лабиалдууну карай түзүлөт.

Сөздүк алдын эки үнсүз уңгулуу сөздөр, анан үч, төрт, беш жана жогору сандагы сөздөр кетет. Мисалы, сөздүктөгү эң биринчи сөз: ك ق(ак) ع(айн) + ق(каф) эки үнсүз уңгу, ع(айн) тамгасы өзүнөн кийинки ه(ха) ٥ (ha)... сөз жасай албайт, фарингалдуу тыбыштар чогуу келбейт дейт автор, анткени аны айтуу мүмкүн эмес, ошон үчүн ق(каф) тамгасына өтүп ك ق(ак) болуп бир сөз, кайра ه (ка) тескерисинен кетет. Андан кийин кийинки тамга, айтор ع(айн) тамга бардык тамга менен ق(каф) менен болгон байланышта биригип, бир алдын, анан аяккы болуп келет. Бул «ع(айн) бап» деп аталат, экинчи андан кийинки ه(ха) тамгасы ушул эле жол менен бардык тамгалар менен бир алдын, бир аяккы болуп келип, сөз жасап келет. Ар бир сөзгө Куран аяттарынан, хадистерден, байыркы поэзия саптарынан, акыл-насааттардан, колдонгонуна карап, мисал келтирилген. Ушинтип эки үнсүз уңгулуу тамгалар бардык сөздөр бүткөн соң, үч үнсүз уңгулуу, анан төрт, беш андан жогору андагы сөздөр кеткен. Сөздүк өзүнө сөз жасоо моделдерин толук камтыйт. Бир уңгудан жасалуучу, ал тургай тилде жок, бирок жасоого боло турган сөздөр да киргизилген. Алар колдонулбаган сөздөр деп белгиленет. Ал тууралында Махмуд Кашгари мындай дейт: «...Халилдин «Китабул айн» деген китебинде түзгөн ыкманы (колдонуучу жана колдонуудан чыккан бардык сөздөрдү) колдоноюн дедим эле, себеби көптөгөн сөздөр кирмек...».

Эми «Диван лугат түрк» сөздүгү сөздүн акыркы үнсүз уңгусуна карата алиппе тартиби боюнча кетет: (ба) ап/еп.., (та) ат.., (жим) ач.., (шийн) уш.., (?аф) ок.., (лам) ол.., (мим) ем.., (нун) үн... Бул тууралында автор мындай дейт: «Өткөн адабиятчылардын жолу боюнча жана араб сөздүктөрүнүн түзүлүшүнө окшоштуруп, бул китепти «ба» тамгасы менен аякталган сөздөрдөн баштайбыз, андан соң, калган тамгаларды алиппе (алфавит) тартиби боюнча келтиребиз. Ошону менен катар, сөздөрдүн баш аягына да назар салабыз. Кайсы тамга хамзага жакын болсо, аны башкасынан мурда беребиз". Эскерте кете турган нерсе араб алиппеси биздин алфавитибизге такыр шайкеш келбейт. Махмуд бабабыз да Халил аль-Фарахидинин жолу менен: «Алды менен эки тамгалуу сөздөрдөн баштайбыз, андан соң, үч, төрт, беш жана алты тамгалуу сөздөргө катары менен өтөбүз. Ортоңку тамгасы сүкүндүү[1] болуп келген сөздөрдү харакаттары менен келген сөздөрдөн мурда келтиребиз. Андан кийин ортосу харакат менен келген сөздөрдү өздөрүнүн харакаттарынын тартиби боюнча беребиз. Андан кийин, баш жагына хамза жана ошого окшогон тамгалар кошулган сөздөрдү беребиз..." дейт.

Атактуу басралык тилчинин сөздүгү араб тилинин, ал тургай дүйнө жүзүндөгү эң биринчи сөздүк болуп эсептелинет. Андагы колдонгон ыкма көп кылымдар бою лексикография илиминде кеңири пайдаланылып келет. Канча деген баа жеткис, мыкты-мыкты сөздүктөрдүн жаралышына негиз болду десек жаңылышпайбыз.

Адабияттар

1. Доктор Дизих Сукал «Араб тилинин сөздүгүнүн өнүгүп өсүү жолу». – Бейрут, 1995.

2. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. – Б., 2011.

3. Сибабейхи «аль-Китап» хижрий жыл санагы боюнча 150-ж жазылган, -Каир, 1375.

4. Халил ибн Ахмад аль-Фарахиди "Китабуль-Айн" хижрий жыл санагы боюнча 100–175-жылдарында жазылган. Тууралап басып чыккандар доктор Махди аль-Махзуми жана доктор Ибрахим ас-Самарран. -Бейрут 1988.

5. Доктор Ахмад Афифи "Манзумати ан-Нахвия" аль-Фарахиди, Халил ибн Ахмад. –Каир, 1995.

6. Мухаммад ибн Ибрахим аль-Хамад "Фикх луга" хижрий жыл санагы боюнча 1425-ж., – Ар-Ряд. 2005.

[1] (сүкүн-тамганын үнсүз болуп айтылышын билдирген белги)

С.С. Жумалиев,
ТалМУ

"МАНАС" ЭПОСУНУН ЛЕКСИКАСЫНДАГЫ ФАУНА КАТМАРЫ

Фауна - айбанаттардын жалпы жыйындысынын аталышы болуп саналат. Азыркы кыргыз тилинде фаунага байланыштуу *арстан, жолборс, илбирс, карышкыр, сүлөөсүн, мадыл, мышык, ит, аю, кашкулак, суур, чөө, түлкү, суусар, кундуз, марал, бугу, багыш, кулан, сайгак, кирпичечен, каман* ж.б.көптөгөн сөздөр бар. Тилдеги бул фауна лексикасы көөнө кыргыздык катмар жана кабыл алынган катмарларга ажырайт, себеби жер шартынын климаттык-рельефтик абалына жараша фауна чөйрөсү да ар түрдүү болот. Маселен, климаты жылуу жерлерди *арстан, жолборс, чөө, сайгак, бөкөн* ж.б. жапайы жаныбарлар байырлашса, салкын токойлуу жерлерди *аюу, карышкыр, сүлөөсүн, кашкулак, суур, түлкү, суусар* ж.б. айбанаттар байырлашат. Ал эми аба-ырайы катаал, ак карлуу суук жерлерде *илбирс, бугу, марал, багыш* ж.б.с. жаныбарлар жашашат.

Кыргыз эли дагы башка коңшу жашаган көчмөн элдер сыяктуу эле жаратылыштын ушул өзгөчөлүктөрүн даана тааный билишкен, ал турмак ар кайсы жаныбардын кулк-мүнөзүнө жараша календарлык жыл сүрүүнүн аталышына он эки айбанаттын атын да бекер жерден беришкен эмес.

Мисалы: 1 – чычкан, 2 – уй, 3 - барс, 4 - коён, 5 – улуу (балык), 6 – жылан, 7 – жылкы, 8 – кой, 9 – мечин, 10 – тоок, 11 – ит, 12 – доңуз (каман). Анткени ушул жылдары төрөлгөн адамдардын кулк-мүнөзү, кыял-жоругу жогоруда аты аталган айбандардын айрым мүнөз-сапаттарына же алардын кылык-жоруктарына кандайдыр бир деңгээлде окшошуп кетерин астрологдор далилдеп келишүүдө. "Манас" эпосунда да фаунага байланышкан мына ушундай сөздөрдүн катмары арбын кездешет: *арстан, түлкү, төө, өгүз, тайган, бөрү, жолборс, карышкыр, пил, каман, доңуз, аюу, керик, маймыл, жаян балык, карсак, киш, какай, борсук, жабырбаян, аркар, кулжа, кийик, бугу, марал, кайберен, бүркүт, бөкөн, ителги, кажыр, куш, кыргый, ак куу, каз, өрдөк, кыргоол, чымын, чиркей, курт-кумурска, жылаан, мар, ажыдаар, лаан, кесенде, баранда, тоту, барбана, маша, сандугач, шумкар ж.б.* Бирок жогоруда көрсөтүлгөн катмарга тиешелүү сөздөрдүн аталган номинациялык этимологиясы ар түрдүү мотивацияга байланышкан. Маселен, "Манас" эпосунда биринчи кезекте фауна түрлөрүн номинациялоонун негизги семантикалык моделинде алардын атоочтук-этиштик семантикасы эске алынат. Мындан сырткары, эпосто жаныбарды номинациялоонун жалаң этиштик мааниге негизделген семантикалык модели, же окшоштуруу модели, же форма-көлөмүнө, өңү-түсүнө, жашаган географиялык чөйрөсүнө, азыктанган тамак-ашына негизделген же түрлүк тобуна негизделген семантикалык модели кездешет. Эпостогу фауна аталыштарынын колдонулуш жыштыгы менен келип чыгуу теги да бир кылка эмес жана контексттик семантикасы да ар түрдүү. Айтылган пикирди тастыктоо үчүн айрым фауна аталыштарына салыштырма-этимологиялык илик жүргүзүп көрөлү.

Бугу – "ача туяктуу, мүйүзү бутактанган кепшөөчүлөр тобуна кирүүчү жаныбар, маралдын эркеги" [1, 320-бет]. Байыркы түрк тилдеринде *бугу* "олень" [2, 120-бет], азыркы уйгур тилинде *богы*, ногой тилинде *бугы*, казак тилинде *буға*, балкар тилинде *буу*, өзбек, түрк тилдеринде *бугу* "олень" [3, 237-бет] ж.б. Байыркы жазма монгол тилинде дагы *бугу*, азыркы тилинде да *буга* "олень", эвенки тилинде *бугу // буг // бугэ* "изюбрь", солон тилинде *бого* "изюбр", манжур тилинде *бугу // буху // бухо* "олень" [101-102-беттер], бурят тилинде *буга* "изюбрь, марал, олень" [4, 101-102-беттер] ж.б.

Илимде аталган сөздүн этимологиясы боюнча түрдүү көз караштар орун алган, маселен, В.Банг, Дж.Клосон, Н.Поппе ж.б. окумуштуулардын бир тобу түрк тилдериндеги *бугу* сөзүн монгол тилинен кабыл алынган деп эсептешсе, Г.Рамстедт, М.Рясянен, Д.Владимирцова ж.б. окумуштуулардын экинчи бир тобу түрк жана монгол тилдериндеги *бугу = бугу // буйун // бойун // буг* формаларын бир эле тектен тараган гомогендик катар катары эсептешет. Ал эми Э.Севортян [3, 237-бет] болсо *буга, бугу, бугур, бугра* деген сөздөр тарыхый келип чыгышы жагынан бири-бири менен тыгыз байланыштуу экенин белгилей келип, алардын башаты *бук* "покрывать" (о самцах) деген этиштик үңүгүнө *-а, -у, -ур* деген сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу уюшулган деп эсептейт.

Эгерде бул сөздүн байыркы праформасын *бук* катары эсептесек, анда бул *бук* формасы байыркы түрк тилдеринде "сгибать, подгибать" [2, 125-бет], тунгус-манжур тилдеринде *бук* "броситься на кого-либо (о животном)" [4, 103-бет] жана монгол тилдеринде *бөг(төр)* "сгибать" [6, 636-бет] деген маанилерди туюндурат. Демек, Э.Севортяндын *бук* "покрывать" деген үңүгудан пайда болгон деген пикири чындыкка жакын, себеби бул сөздүн теги байыркы алтай баба тилине мүнөздүү экени анын түрк-монгол, тунгус-манжур тилдеринде да орун алышы менен түшүндүрүлөт. Ушундан көрүнүп тургандай, *бугу* аталышы этиштик семантикага негизделген модел аркылуу жасалган, б.а. этимологиялык номинациясы бул жаныбардын кыймыл-аракетине байланыштуу келип чыккан.

"Манас" эпосундагы *бугу* "мүйүздүү жаныбарга, маралдын эркегине" карата айтылат. Ошондой эле "аңды: аң уулоочу жаныбардын бирин" жана бугунун терисинен жасалган ат жабдыгын билгизет:

1. Арышын керип чураган,
   Курсактары чалкактап,
   Мүйүздөрү калкактап
   Көп *бугу* чыгып калыптыр,
   (СО, 2-том, 1980, 169-бет).
2. Ошондо Манас кабылан
   Чалгын чалып, жер кайгып,
   Буурукса *бугу* атышып,
   Буурукпаса Алтайда
   Кеңири ойноп жатышып,
   (СК, 234-бет).
3. Тектиринде теке бар,
   Будурунда *бугу* бар,
   Адырында аркар бар,
   Түзөңүндө түлкү бар,
   (СК, 249-бет).
4. Будур-будур бел экен,
   Будурмак артуу жер экен.
   Будурмак келип бурулуп,
   Будурдан *бугу* куюлуп,
   Жаткан экен жаныбар
   (251-бет).
5. Сага, кара башым тартуу!» - деп,
   Будур-будур бел менен,
   Бугу оттогон жер менен,
   Булуңдуу токой чер менен
   (СО, 1-том, 1978, 34-бет).
6. Үйрүн жазбай жөңкүгөн
   Бугу менен маралы.
   (СО, 1-том, 1978, 216-бет).
1. Бура тартып сабылып,
   Бугу тери чылбырды
   Мойнуна турду салынып.
   (СК, 1002-бет).

Бул эпостон алынган ыр саптардын 1, 3, 4, 5, 6 – мисалдарында *бугу* сөзү өзүнүн этимологиялык номинативинде айтылса, 2-мисалда болсо адамдар тарабынан аңчылык кылынуучу жаныбардын бири катары жана 7-мисалда бугунун терисинен жасалуучу ат жабдыгы катары да колдонула турганы маалымдалып жатат. Аталган сөз С.Орозбаковдун вариантында 40 жолу, С.Каралаевдин вариантында 66 жолу жолугат.

Бөрү – "карышкыр". Байыркы түрк тилдеринде *бөри* "волк" жана "сын" [2, 118-бет] деп каймана мааниде айтылган болсо, М.Кашгариде *бөри* "волк", ошондой эле *аар бөри* [7, 76-бет] деген сөз айкашы "гиена" деген маанини да билгизген. Азыркы кыргыз тилиндеги *бөрү* сөзү "жырткыч жаныбарды – карышкырды", "баатырлардын эпитетин" жана "шылуун, жегич адамды" туюнтат. Аталган сөз азыркы түрк тилдеринде да бир катар өтмө маанилерде кездешет. Мисалы: түрк тилинин диалектисинде *бөрү* "червь, насекомое, скорпион, паук" деген маанилери орун алса, якут тилинде *бөрө* "волчура, волчий мех" мааниси, тува диалектисинде *бөрү* "необщительный" [3, 220-бет] мааниси орун алат. Бирок басымдуу түрк тилдеринде анын "карышкыр" деген эле номинативдик мааниси орун алган: түркмөн, уйгур, ногой, каракалпак, өзбек тилдеринде *бөри* "волк", алтай тилинде *пөри // бөрү*, татар жана башкыр тилдеринде *бүри*, хакас тилинде *пүүр* "волк" [3, 219-220-беттер] ж.б.

Сөздүн тегин Ф.Е.Корш [8, 199-бет] иран тилиндеги *байрака* "страшный" деген сөзүнө алып барып, түбү байыркы индия тилиндеги *бирука (bhiruka)* сөзүнөн келип чыккан деп белгилесе, А.М.Щербак [9, 131-132-беттер] санскриттеги *vrkah* жана согдий тилиндеги *wurka* "волк" менен жакындаштырат. Ушундай эле иран тилинен кирген деген ойду Г.Дёрфер, М.Рясянен, О.Прицак ж.б. бир катар окумуштуулар да жакташат, бирок тажик тилинде *гург* "волк", *гургбача* "волчонок" [10, 73-74-беттер] болуп айтылат жана түрк тилдериндеги *бөри // бөрү* формасына тыбыштык жактан эч бир жакындашпайт. Ал эми А.Вамбери, К.Сейдакматов монгол тилиндеги *бөр // бор, боро* "серый" [11, 65-бет] деген сөздөн келип чыккан десе, Э.Севортян [3, 220-бет] байыркы замандарда карышкырдын түрк уруулларындагы тотемдик культуна, б.а. аны атынан атап түз айтпастан терген айтуу ишенимине байланыштуу келип чыккандыгын боолголоп, азыркы түрк тилинин диалектисиндеги *бөрү* "черв" жана *курт* "волк" деген формаларын далилге келтирет. Бул пикир байыркы айрым түрк уруулларынын (ашина) карышкырдан таралганы тууралуу легендасынан улам келип чыккан окшойт.

Монгол тилинде карышкырды *чоно*, ал эми анын баласын *бэлтрэг* же *чонын гөлөг* "волчонок" [6, 57-58-беттер] деп, бурят тилинде *бэлтэргэ* "волчонок" [5, 131-бет], *шоно* "волк" [5, 131-бет] деп айтылат. Эгерде түрк тилдериндеги *бөри // бөрү* формасын монгол тилдериндеги *боро* "серый" деген сөзүнүн негизинде келип чыккан деп эсептей турган болсок, анда бул тилдерде да *бөрү* "волк" деген маанини туюнткан форма орун алмак, тилекке каршы андай форма жок. Демек сөздүн теги нукура түрк тилдеринин базасында эле жаралган. Байыркы түрк тилдеринин сөздүгүндө *бөр* деген уңгу сөз орун албайт, бирок бул уңгу башында бар болуп, кийин анын негизинде *бөри, бөрк, бөрт, бөртмек, бөрке, бөркчи, бөрлэйү, бөритмэк, бөрилиг, бөрүн* деген сөздөр пайда болгону байкалып турат. Байыркы замандарда айтылган *бөрт* "ощущать, осязать, касаться", *бөртмек* "ощущение, прикосновение", *бөритмэк* "ощущение" [5, 729-бет] сыяктуу сөздөрдө кыймыл-аракеттик мааниле болуп, кийин ага атооч сөздөрдү уюштуруучу *-ы* мүчөсү жалганып *бөр+-ы* "ощущающий, осторожный, чуткий" мааниси келип чыккан окшойт. Себеби *бөрү* жырткыч айбанаттардын арасынан эң сагы, жыт билгичтиги да өтө күчтүү жаныбар болуп эсептелет эмеспи, анын мына ушул сапатына карата жогоркудай аты берилсе керек. Демек, бөрү аталышы атоочтук-этиштик семантикага негизделген модел аркылуу жасалган, б.а. этимологиялык номинациясы бул жаныбардын кыймыл-аракетиндеги артыкчылыктуу сапатына байланыштуу келип чыккан.

"Манастагы" аталган сөздүн тыбыштык варианты *бөрү* формасында орун алып, биринчи кезекте, өзүнүн номинативдүү функциясында көп кездешет. Ошол эле учурда эпосто "баатырлардын эпитети" катары айтылып, контекстке келгенде "сыйкырдуу колдоочу, кырк чилтен", "кайраттуу", "эр жүрөк", "жолдуу", "курч, миздүү" ж.б. маанилерди да туюндура берет. Мисалы:

1. *Бөрү* жолдуу Бөгөлү
   Жоону алыстан көргөнү.
   (СО, 3-том, 1981, 50-бет).
2. *Бөрү* тил мизин чыгарган,
   Учун ууга сугарган
   Алеңгир жааны кездешип.
   (СО, 3-том, 1981, 111-бет).
3. *Бөрү* кирген кой өңдүү
   Бөлүп кетип баратыр,
   (СО, 3-том, 1981, 142-бет).
4. Айтылуу Кыргыл бу дагы,
   Жолборс кыял, *бөрү* көз,
   Жооруну калың, жайык төш,
   (СО, 2-том, 1980, 144-бет).
5. Көсөө куйрук көк *бөрү*
   Көк жал эрдин жөкөрү
   Көтүнөн ээрчип алгандай,
   (СО, 2-том, 1980, 186-бет).
6. Кызматта жүргөн кырк чилтен
   Каткырып күлүп калганы.
   Бир силкинип бирөөбү
   Көк *бөрү* боло калганы.
   Бирде *бөрү*, бирде адам
   Анык сонун экен деп
   Көөнүнө бала алганы.
   (СО, 1-том, 1978, 97-бет).
7. Айзага камбыл ыктуусу,
   Жоо *бөрүсү* мыктуусу,
   Куру сөздүн бекери
   Куруп калган Кутубий -
   Көк жал Манас жөкөрү.
   (СК, 232-бет).
8. Киши тапкыс ой кылып,
   Курган кыргыз той кылып,
   Көк *бөрү* тартып чаң салып:
   (СК, 234-бет).
9. Айкөл Манас баш болуп,
   Астындагы *бөрүнү*
   Бир эсебин эңкейип,
   Таба турган болгондо,
   Эми жетип *бөрүнү*
   Чаба турган болгондо,
   (СК, 236-бет).
10. Кабылан тууган шер эле,
    Чындап кудай жараткан
    Жоо *бөрүсү* эр эле!
    (СК, 266-бет).

11. Бул балбандын ичинде
Алпың далай, *бөрүң* бар,
(СК, 426-бет).

12. Келе турган жерине,
Тогуз жолдун тоомуна,
Бөрү-Койдун чаркына,
Үзгүлтүк тоонун урчукка,
Үнүрөйгөн тумшукка,
Кара-Суунун четине,
Каспаң-Тоонун бетине,
Кулжаны кароол койду - дейт.
(СК,525-бет).

13. *Бөрү* Бакай кабылан -
Туйгун да ошол, бел да ошол,
Туйбаганды туйгузган
Туйгун Бакай эр да ошол.
(СК, 628-бет).

14. Кужуру кайнап эр Манас:
-Кулагынан алайын,
Өлбөгөн жерде калайын.
Мунун атын *бөрү* дейби деп,
Адамды *бөрү* жейби деп,
Кашына чуркап барганы.
(СО, 1-том, 1978, 94-бет).

Эпостун текстинен мисалга алынган жогорку ыр саптарында *бөрү* сөзү ар түркүн мааанилерге ээ болду. Маселен, 9, 14 – мисалдарда "карышкыр" деген алгачкы атоо мааниси берилсе, 13 – мисалда Бакай баатырдын бир эпитети катары келди. Ошондой эле: 1 – мисалда "жолу ачык, жолдуу, ар дайым табылгалуу" мааниси, 2 – мисалда "учтуу, миздүү, курч" мааниси, 3 – мисалда "тайманбас, тайбас, жоодон кайра тартпас" мааниси, 7 менен 10 – мисалдарда "жоо үшүн алган эр жүрөк" мааниси, 11 - мисалда "баатыр", 4-мисалда "көзү курч, өткүр" мааниси контексттик өтмө мааанилер аркылуу туюндурулду. Ал эми 5 жана 6 – мисалдарда Манас баатырдын колдоочу жаныбар пирлеринин бири менен кырк чилтен айгылып жатса, 12 – мисалда топоним катары айтылды. Мындан сырткары энчилүү ат катары да кездешет:

Кырк баланын мыктысы -
Кутубий менен *Көкбөрү*.
(СК, 378-бет).

"Манастагы" *бөрү* сөзүнүн колдонулуш жыштыгы арбын, алсак, С.Каралаевдин вариантында 122 жерде орун алса, С.Орозбаковдун вариантында 86 жерден орун алат.

Кыскартып айтканда, "Манас" эпосунун лексикасындагы фауна катмарына мүнөздүү болгон *бугу* аталышы эзелки алтайлык тектен тараса, *бөрү* аталышы байыркы түрктүк негизден пайда болгон жана бул фауна түрлөрүн номинациялоонун эң негизги семантикалык модели катары алардын этиштик жана атоочтук-этиштик семантикасы эске алынган.

Адабияттар

1. Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-бөлүк. –Б., 2011.
2. Древнетюркский словарь. –Л., 1969.
3. Севортян Э. Этимологический словарь тюркских языков. –М., 1978.
4. Сравнительный словарь тунгусо-маньчжурских языков.-Л., 1975.
5. Бурятско-русский словарь. –М., 1973.
6. Русско-монгольский словарь. –Улан-Батор, 1982.
7. Махмуд Кашгари. Девону лугатит түрк. Индекс-словарь. –Т., 1967.
8. Корш Ф.Е. О некоторых бытовых словах, заимствованных древними славянами из так называемых урало-алтайских языков. Т.34. –СПб., 1909.
9. Историческое развитие лексики тюркских языков.-М., 1961.
10. Русско-таджикский словарь. –Москва-Сталинабад, 1949.
11. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. –Ф., 1988.


А.Алипбеков,
Ж.Жумалиев,
Бишкек гуманитардык университети

«САРГОЙ» ТОПОНИМИНИН ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

Тажикстандын түндүк-чыгыш тарабындагы Жерге – Тал районуна караштуу Памир жана Шумкар кырка тоолору менен курчалган Сарыг – Ой аттуу калк жашаган айыл бар. 70 түтүн үй – бүлөдөн турган отурукташкан бул айылдын уруулук курамын кыргыз элинин «кыдырша» деген уруусунун өкүлдөрү түзөт. Ал эми Сарыг – Ой айлына тиешелүү болгон жердин жалпы аянты -6,5 км^2.

Мына ушул Сарыг – Ой топониминин аталуусу жөнүндө жергиликтүү эл ичинде түрдүү уламыштар айтылып, ар бир айтылган уламалар мезгил доордун алмашуусун кучагына камтып, өзүнүн ички маанисин, тарыхын ушу күнгө чейин жоготпой сактап келе жатат. Ушундай себептерден улам ал жердин кандай мааанинин негизинде ушундайча аталып калганын аныктоо үчүн 1 – кезекте жергиликтүү элдик уламыштарга кайрылып көрөлү.

Биринчи уламыш боюнча «Илгери кыргыз элинин кедей-кембагалдары ар кайсы жерлерде жашап, аштык таппай кыйналганда ушул айылга келип оокат кылып, күн кечирип келишкен экен. Кыйналган адамдардын сарсанаа болуп жүргөнүнүн негизинде, ал «сары ойлуу» адамдар жашаган жер» дегенди билдирип, «Сары – Ой» болуп аталып калган».


Респ. Тажикстан. Мургап району
Респ. Кыргызстан
РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЖИК
ЖЕРГЕ-ТАЛ РАЙОНУ
Респ.Тажикстан. Тавилдара району
Респ.Тажикстан.
Гарым району
Респ.Тажикстан.
Тажикабат району

Экинчи уламышка караганда, «Илгери бул жерлерде Атабай деген болуш жана азыркы Саргой айылында «иттер» деген кыргыз уруусу жашаган экен. Жаз келгенде Атабай болуштун улуу уулу Алдаяр малы менен аталган жайлоого көчүп келсе, «иттер» каршылык көрсөтүп, Алдаярдын башын жарып салышат. Аны укkан Атабай болуш келип, Алдаярдын кунуна деп, «иттерден» ушул Сары-Ойду алат. Ошондон кийин баштын тажикче аталышы *–сар* жана кыргыздын *кун*сөздөрү *Саркун* болуп биригип, *«баштын куну»* маанисиндеги сөз жаралат. Кийин ал улам өзгөрө берип, акыры Саргой аталып калган».

Үчүнчү уламыш мындай: «Саргойдун орун алган жери Ак-Таш, Күн-Кайтыш дөбө, Параң, Кара-Шыбак тоолору менен курчалган айыл. Бул айыл мезгил – мезгили менен сары түскө боёлуп, айлана тоолордогу чөптөр кургап саргарып калат. Ошол учурда сап-сары болгон өзүнчө чоң ойдуң жерди көрөсүң. Саргарган өрөөн болгондуктан ал «Сарыг-Ой» деп аталган. Кийин барабара өзгөрүп отуруп Саргой аталышына ээ болду. Буга чейин ал Сарыг-Ой болчу».

Иликтенип жаткан «Сарыг-Ой» ойкониминдеги, тактап айтканда, андагы «сары» компоненттүү топонимдик атоолордун маанилери тууралуу изилдөөчүлөр арабынан ар кандай пикирлер айтылып келет жана сөздүктөрдө ага берилген маанилери да бирдей эмес. Маселен, Х.Карасаевдин «Өздөштүрүлгөн сөздөр» аттуу эмгегинде **сары** – 1. (иран т.) *башчы, аким, эл бийлөөчү*. 2. (кыргыз т.) *алтындын, жездинөңүндөй түс* (5,240); «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» **сары** – 1. *көптү укkан, билген, бардык нерседен маалыматы бар кыраакы адам* (6,422), **сарык** – *сызылып тамчылоо, кичинеден агуу* (6,423); «Персиче-орусча сөздуктө» **сара-** *ным жер, жумшак жер* (9,419). Белгилүү топонимист Д. Исаевдин «Жер-суу аттарынын сыры» аттуу эмгегинде **сары** сөзүнүн төмөнкүдөй 9 маани берери мисалдары менен ачып дааналап көрсөтүлгөн: **сары - 1. сары кар** «чоң кар», 2. **сары карын** «курсагы салык, чоң курсак»,3. **сарытаман (ат)** «мыкты,чоң, баш жылкы», 4. **сары санаа, сары убайым** «терең капалуу ойду, абдан санаркагандыкты, чоң убайым-санааны билдирет», 5. **сары кыр, сары кырла**«чоң кыр, чоң-чоң жон кылып үймөлөктөө», 6. **сарыааз** «абдан катуу аяз, катуу суук», 7. **сары талаа, сары төр, сары өзөн** «чоң , кең, кеңири, кенен, жайык», 8. **Сары-Булак** «тоо арасынан же таштак жерлерден агып чыгуу», 9. **Сары-Камыш (Саргамыш)**«көп, мол, толо, толтура»(3,80-84). Ошону менен катар «сар компоненттүү топонимдерди эки топко (1.голова; глава; главный; великий; начало; верхний; вершина; 2. большой, много, полный, широкий, просторный) бөлүнүп каралышы мүмкүн. Иран тилдерине тиешелүү болгон **сар** – түрк тилдериндеги *баш* сөзүнө туура келип, *башкы, чоң, мыкты, нагыз, кең, кенен, жазы,* бир нерсенин *башталышы* дегени жана иран-тажик тилдериндеги **сар, сер** – *көптүктү,молдукту, толтура* же *чоң экендикти* туюндурган бул эки компонент тең Кыргызстандагы жер-суу аттарында фонетикалык жагынан өзгөрүүгө учурап, **сары** формасына өтүп кеткендиктен, түстү билдирүүчү **сары** деген сөз менен катар колдонулуп, мааниси жагынан көп чаташууларга алып келген» -дейт да - «түстү билдирген мааниси менен түстү билдирбеген маанилерин чаташтырбай, ажырата кароо» керектигин белгилейт (Исаев, 84-85).

Саргой айлынын жайгашкан аймагына караганда, бул жер ошол чөлкөмдөгү ойдуң жерлерден кыйла эле чоң аймакты ээлеп турган, тактап айтканда, 200 дөн ашык топонимдерди (гидронимдерди, оронимдерди) камтыган жер. Ошону негиз кылып, аны «чоң, кенен жайык жер» деген маани менен түздөн-түз байланышта чечмелесе да болор эле. Бирок андай болгондо ортодогу, тактап айтканда *Сар(ы)-гой* аталышындагы \-г-\ тыбышынын пайда болуш себебин түшүндүрүү изилдөөчүгө бир топ машакаттуу жана оорчулуктуу проблеманы жаратышы мүмкүн. Тажик-иран тилдеринде болсо «баш», «башкы» деген маанилер *сарыг* түрүндө эмес, *сар* же *сары* формасында берилерин окумуштуулар өздөрүнүн топонимикалык мүнөздөгү эмгектеринде байма-бай эле белгилеп жазып келатышат. Демек ошондон улам, анын **(Саргой**дун) биринчи **сар** деген компонентин тажик-иран тилдериндеги *сар* же *сары*менен байланышта кароонун өзү биздин оюбузча, калпыс же натуура мүнөзүндөгү көз караш болуп калат. Бекеринен К. Конкобаев (4,40), М. Шамшиева (11,40), Н. Акматов (1,135) сыяктуу изилдөөчүлөр «сары» деген сөздү *чоң, кең, кенен, сары түс(өң)* деп кыргыз тилинин негизинде чечмелешпептир.

Ал тажиктин *сар|сер* сөзү эмес, накта эле ичкилик (Түштүк-батыш) диалектисиндеги түстү билдирүүчү *сарык|сарыг«сары»* сөзү болушу ыктымал. Салыштырыңыз: Жерге-Тал кырг. *сарыг– «өгүздүн өңүсарыг (сары) болуп кетиптир»(***8,789**), *сарык* (түштүктө) *«сарыоору» (***12,301**). Созулма үндүүгө айлана элек мындай байыркы форманы Сибирдеги хакас, тыва сыяктуу түрк тилдериндеги жер-суунун аталышгарынан азыр да жолуктуруга болот: хакас т. **Сарыг – Ой, Сарыг – Көл, Сарыг – Суг (2,97,103)**; тыва т. **Сарыг – Булуң, Сарыг– Хөл (10,642).** Ал гана эмес, Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгүндө» да **сарыг** - *сарытүс* формасында орун алган. Айтышат: **сап-сарыг»** *-сапсары, аябай сары нерсе*. Сарыг от. **Сарык суф** –ичтеги сары суюктук. Чогуу **«сарык сурык»** - деп айтылат. *Сары түс* маанисин билдирет **(7,651).** Ошондой эле Саргойлук жергиликтүү элдик уламыштарынын биринде да «Буга чейин ал Сарыг – Ой болчу»

деп эскерилет. Мына ушулардын баары анын мурда түскө байланыштуу коюлган аталыш экенинен кабар берип турат. Болгону бул жерде анын ээлеген аймагы тажик тилиндеги **сар** «чоң, кең,кенен» маанилерине төп келгендиктен, кыргыздын **сарыг** сөзү менен тажиктин **сар** сөзү катмарлашып, аталышында алдыдагыдай семантикалык жылыш пайда болгон.

Ал эми аталган топонимдеги **Ой** деген сөз «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» **Ой** – 1. Акыл жүгүртүүнүн жыйынтыгында пайда болгон нерсе; 2. Чуңкурураак же айланасындагы жердин деңгели менен салыштырганда төмөнүрөөк келген жер, ойдуң; 3. Казуу, чуңкурайтуу; 4. Чочугандыкты, таң калууну билдирүүдө, же чакырууда колдонулат (6,298) деген маанилерди берери көрсөтүлгөн. Саргойдогу **ой** компоненти болсо көрсөтүлгөн маанилердин экинчисине «айланасындагы жерлерден төмөнүрөөк келген ойдуң жер» дегенине туура келет.

Ошентип, «Сарыг–Ой» аталышына байланыштуу айтылган уламыштарды, ой-пикирлерди жыйынтыктап келип, төмөнкүдөй корутундуга келүүгө болот: 1. «Сарыг – Ой» аталышына байланыштуу уламыштардын экинчиси менен үчүнчүсүн чындыкка жакыныраагы деп эсептесе болот. 2. «Сарыг –Ой» топонимин бир катар тектеш жана тектеш эмес тилдердин фактыларына салыштыра карап, түрк тектүү тилдердеги *сарыг* компоненттүү жер-суу аталыштарында ал *түстү* жана *кеңдик,чоңдук* маанилерин билдирген сөз болгон демекчибиз. Кийин ал тажик тилиндеги *сар* менен омонимдешкен.

Адабияттар

1. Акматов Н.Р. Ысык-Көл облусунун топонимиясы. Филология илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы. – Б., 2010.

2. Бутанаев В.Я. Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. -Абакан, 1965.

3. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. – Ф.: Мектеп,1977.

Айчык, айчыктуу туу *(сөз айкашы, атоочтук сөз айкашы)*–түрдүү түстөгү кездемеге жарым ай түрүндө эмблема түшүрүлгөн туу. "Маната" ар кандай шартта колдонулган. Көкөтөйдүн ашындагы "Айчыктуу туусу болбосо, Ажеп эмес ал ашта, Адашып киши жоголсо" (СО, 3.223),–деп көп эл чогулган салттык мелдештер өз туусунун айланасында өткөн. [4:52] Ал гана эмес төкмө акын Т. Сатылгановдун "Дүнүйө" ырында "Келээриңде, дүнүйө, Айчыгы алтын туудайсың,"–деген сапатарында да кездешет. [5:278]

Айдын тегерек формада болуп көрүнүшүнө байланыштуу да бир нече сөздөр келип чыккан. Мисалы: **айлана**–ай сыяктуу, айлана олтуруу–ай сыяктуу болуп олтуруу (тегеренип же тегерек борлуп олтуруу) деген маанилерди туюндуруу максатында айтылып олтуруп, "Ай" сөзү бир нече туунду сөздөргө негиз болуп берген. Убакыттын өтүшү менен мааниси кеңейип, төмөндөгү сөздөрдүн жаралышына алып келген.

Айлана (*зат ат.* окружность, круг *геометр. фигура*), айлан (*этиш.* двигаться вокруг,-кружиться, вращаться, вертеться), айланайын (*каратма сөз,* миленький) (*өтмө мааниде)*, айлангансы (*этиш* как бы вращаться), айландыр (*этиш,* вертеть, кружить, вращать), айландыргыч (*зат ат.*, вращающий), айландыруу (*этиш,* вращение), айланма (*сын ат.,* вращающийся), айлант (*этиш,* заставить кружиться), айланткыч (*зат ат.,* то, что заставляет кружиться) ж.б..

Айдын жарыгы, нуруна байланыштуу пайда болгон сөздөр:

Айлуу (*сын ат. катыштык сын атооч, сөз жасоочу –луу мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалды,* лунный, с луной). Айлуу түн-ай чыккан, ай көрүнгөн түн. Мисалы:

Чолпондой алоолоп үмүтүм,
Чогундай кызарат күйүтүм.
Жүрөктөр биригип сыр чечкен,
Кайдасың жылдыздуу айлуу түн.
(Чыңгыз Турдубеков)

Айсыз *(сын атооч, катыштык сын атооч, сөз жасоочу –сыз мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалды* безлунный.*)*–ай чыкпаган, караңгы. Айсыз түн- ай чыкпаган, караңгы түн. Мисалы:

Айсыз түн, көктө жылдыз толгон маалда,
Чабуулда оң бутунан жараланды...
Козголбой үч ай жатты госпиталда,
Укмуштуу эң бир сонун чоң шаарда.
(А. Осмонов "Майдын түнү")

Айдың (*лунный свет) (жөнөкөй сөз, туунду сөз, зат ат.*)–айдын нуру, айдын жарыгы маанилерин түшүндүрөт. **Айдыңдуу** (лучезарный) (сын ат. катыштык сын атооч, сөз жасоочу *–луу* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалды)–айдын нуру, жарыгы тегиз тийген жер. Мисалы: Айдың-Көл–топоним. Айдың-Көл аттуу чакан көлдөр негизинен Алтай аймагына туура келет. Суусу тунук, айланасы кооз, мал жанга ыңгайлуу түнкүсүн айдын нуру тегиз тийип, жарык болгондуктан көл жээги айыл-апага толуп, той-тамашага батып "ар кайсынысы өз ураанын чакырчу".[4:43]

Айдай (красива, как луна). Сын атооч, атоочтон атооч жасоочу –дай мүчөсү жалгануу менен жасалды. Бул сөз көбүнчө көркөм стилде жазылуучу тексттерде салыштыруу максатында колдонулат. Мисалы, "Толгон айдай жаркырап, Жарык чачкан аккан суу" (Т. Сатылганов). Аккак сууну айдын жарыгына салыштырса, "Шалбыратып теримди, Этимди алды карылык. Айдай тунук тастайган, Бетимди алды карылык"(Т. Сатылганов "Карылык"),–деп беттин тунуктугуна салыштыруу максатында колдонулган. [5:280,286-бб.]

Айдын сулуулугунан, нурдулугунан улам, кыргыз эли уул-кыздарынын аттарын ай сөзүнө улап, ар кандай маанилерде уйкаштырып коюшкан. Алсак: Кыздардын аттары: Айнура, Айнуру, Айгүл, Айдай, Айдан, Айкыз, Айсулуу, Айчүрөк ("Семетей"), Аймама, Айжамал, Айсалкын, Айсана, Айдана, Айжаркын, Айлира, Аймира, Айдың, Айжан, Айхан, Айса, Айданек, Айжарык, Айжак, Айганыш, Айпери, Аймээрим, Айгерим, ж.б.у.с. Уул балдардын аттары: Айтемир, Айкожо, Айдар, Айтак, Айдаркан, Айчаң ("Манас" эпосунан), Айжигит, Айбек ж.б.у.с.

Айкара–чапанын айкарасынан жамынып жатты же чапанын айкарадан жамынып жатты. (он лёг, покрывшись своим чапаном так, что одной полой покрыты его ноги, а другой - голова (как солдат в походе)).

3. "Ай" сөзүнүн убакыт бирдиги маанисин туюндурган учурда пайда болгон дериваттары.

Айлык (месячный срок. - айлык (б.а. 30 күндүк) мөөнөт). Жөнөкөй (туунду) сөз, жекелик санда, сөз айкашында багындыруучу түгөйү катары келип, сын атоочтук мааниде колдонулат. Мисалы: айлык план, айлык иш чара, айлык акы (маяна) ж.б.. Мисалы: "Бир айлык жолго барарсың, Аттарыңды таптагын. Эринип бир күн жатпагын, Өзүңдү өзүң сактагын" (Т.Сатылганов "Кедейкан") [5:307]. Оозеки кепте "айлык акы" деген сөз айкашы кыскартылып айтылып, "айлык" (маяна) заттык мааниде колдонулат. Мисалы: Айлык акы (тарифтик чен) – бир мезгил аралыгында, белгилүү татаалдыктагы (адистиктеги) эмгек ченемдерин (эмгек милдеттерин) аткаргандыгы үчүн кызматкерге төлөнүүчү эмгек акынын белгиленген көлөмү. *(Юридика аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. Илимий-маалымдама басылыш/АРД/Чекки долбоору, авторлор жамааты. – Б.: 2005)*

Айлаш (женщины в одном и том же периоде беременности)–боюнда бар аялдардын боюндагы түйүлдүктүн айы тең болгондугу жөнүндө айтылат. Мында *замандаш, доордош, курдаш* сөздөрү сыяктуу эле колдонулат. Зат атооч, атоочтон зат ат атооч жасоочу *–лаш* мүчөсү жалганып жасалды. Мисалы, элде мындай макал айтылып келет: *"Айлаш катын - муңдаш". (погов. Женщины в одном периоде беременности сочувствуют друг.)*

Айла, айлап (месяцами, в течение месяцев). Этиш, атоочтон этиш жасоочу *-ла* (иш (зат атооч), иште (этиш)) мүчөсү жалгануу менен жасалды. Бул сөздүн заттык мааниси да бар. Мисалы: "Азган менен тозгонго, Айла болгон аккан суу." (Т. Сатылганов "Аккан суу") [4:280]. Ал эми, биз карап жаткан сөз этиштик мааниде келип, айрым учурда кепте колдонулат. Мисалы: Беш айлайсыңбы, алты айлайсыңбы, деги жыл айланбай таап келсең болот эле.

Ошондой эле, бул туунду этишке чакчылды уюштуруучу *–ып* мүчөсү жалганып, айла+ып, ы тыбышы сыйлыгышуу менен **айлап** болуп тактооч сөз түркүмүнө өзгөргөн учурлары да кездешет. Мисалы: акын Т.Эргешов "Жакшы кал" ырында мындайча берилет.

Учуктан ооруп жатам айлап-жылдап,
Үшүтүп жүрөгүмдө ажал кыштап.
Өкүнөм өмүр кыска болгонуна,
Обдулам өлбөстүктүн ырын ырдап.

Демек, "Ай" сөзү морфологиялык жана пигаксистик жол аркылуу өзүнүн бир канча дериваттарына ээ боло алат жана кыргыз тилинин лексикасын байытат.

Адабияттар

1. Википедия — свободная энциклопедия. Интернет. Википедия ru.wikipedia.org/wiki/

2. Жеребило Т. В. Словарь лингвистических терминов. — Изд. 5-е, испр. и доп. — Назрань: ООО «Пилигрим», 2010.

3. Ефремова Т.Ф. Новый толково-словообразовательный словарь русского языка DOC. Издат.: Дрофа, Русский язык, 2000. – 1233 с.

4. Манас: энциклопедиясы. 1-том. Аалам- Манастын музыкасы. – Б., 1995.

5. Кыргыз адабиятынын антологиясы. Акындар поэзиясы. 3-том. – Түз. В.Мусаева. – Б., – 2012. – 528-б.

УДК: 81"371=512 (51)

А. Мамашова,
ОшМУ

КЫРГЫЗ ЛИНГВОМАДАНИЯТЫНДАГЫ "КҮН" ТҮШҮНҮГҮ

Макалада "Күн" концептинин кыргыз лингвомаданиятындагы түшүнүгү лексика-семантикалык жактан анализге алынат.
В статье анализируется в кыргызском лингвокультурологии в понятии концепта "Солнца" на лексико-семантической стороны.

Кыргыз лингвомаданиятындагы астрономиялык концепттертерди изилдеп жазууда элдин байыркы билимдерине, түшүнүктөрүнө таянуу биздин ишибиздин негизги милдеттерине кирет. Ошол себептүү астрономиялык түшүнүктөр, билимдер, терминдер биз үчүн өтө маанилүү аспект болуп саналат. Мында биз жогоруда сөз кылып кеткен түшүнүктөр менен бирге "Күн" түшүнүктөрүн берүү негизги максат катары каралат.

Бул илимий эмгекте кыргыз лингвомаданиятындагы "Күн" концептин изилдөө максатын коёбуз. Эмгекте болжолдонгон гипотеза жана коюлган максаттын карым-катышында төмөнкү конкреттүү маселелерди чечмелөөгө аракет жасайбыз:

1. "Күн" концептинин кыргыз лингвомаданиятындагы лексика-семантикалык түшүнүгү;

2. "Күн" концептинин кыргыз лингвомаданиятындагы түшүнүк, образдык, аксиологиялык мүнөздөрүн изилдөө;

3. Изилденип жаткан концептин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн баяндоо;

4. Берилген концеттин кыргыз концептосферасындагы ордун түшүндүрүү.

"Күн" сөзү–семантикасы бай, мазмуну көп сапаттуу лексикалык бирдик. Анын концептуалдык мазмуну илимий-карапайым, түз жана өтмө жана башка маанилик өңүттө сыпатталышы мүмкүн. Лексика-семантикалык маанисин түшүндүрүүдө биз анын көп маанилүүлүгүнө көңүл бурабыз.

I. Күн - бул эң чоң жылдыз. Башка жылдыздардан айырмаланып, жер бетине жылуулук жана жарык берип турат. Орус тилинде "солнце", англис тилинде "the sun".

II. Убакыт бирдиги. Күн–сутка (24 саат). Орус тилинде "день", англис тилинде "day". *Мисалы:* Бир жумада 7 күн бар. /Семь дней в недели /There are 7 days in a week.

III. Өтмө мааниде келиши. Аба ырайы–погода- the weather . *Мисалы:* күн бүркөө (погода пасмурная/ the waether is sad.). Күн көрүү–жашоо, өмүр сүрүү(прожить- to live)

Биз алгач анын когнитивдик мазмунун түзгөн ааламдагы бир зат катары жана анын астрономиялык түшүнүгү жөнүндө сөз кылабыз.

I. Күн - Жерге жакынкы аралыкта жайланышкан кадимки эле жылдыз. Ал бизге жакын болуу менен, Жер бетине жылуулук, жарык берип, биздин планетадагы жашоо тиричилигинин булагы болуп эсептелет. Күн системасындагы борбордук жана эң чоң тело. Анын массасы бардык планеталардын массасын бириктирип алгандагыдан 750 эсе чоң жана Жердин массасынан 333 миң эсе чоңдук кылат. Диаметри Жердин экваторунун диаметринен 109 эсе узун, башкача айтканда болжол менен 1 400 000 км. Күндүн бетиндеги эркин түшүү ылдамдамдануусу 273, 98 м/с барабар. Өтө зор Күн шаары бизге кичине гана болуп көрүнгөнсүйт, анткени ал бизден 150 млн км алыстыкта турат.

Күн - энергиянын эң кубаттуу булагы. Өзүнөн бардык тарапка энергияны үзгүлтүксүз электрмагниттик толкун түрүндө таратып турат. Бул нурдантуу Күн системасындагы бардык телолорго өтө күчтүү таасирин тийгизет, жылуулуктун жана жарыктын булагы болуп саналат.

Күн башка жылдыздарга караганда толугураак изилденген орточо өлчөмдөгү жылдыз. Күндүн массасы 2х10_30 кг, орточо тыгыздыгы 14х10 _27 кг/м.куб жана көлөмү 1,41х10_27 см куб. Күндүн сырткы тыгыздыгы орточо тыгыздыктан миллион эсе аз болсо, ал эми борборунда 100 эсе чоңдук кылат. [9:61]

Жогоруда биз Күн жөнүндө астрономиялык кыскача түшүнүк бердик.

Кыргыз элинде Күн жана анын жылуулугу, нуру, пайдасы жөнүндө кыргыз эл оозеки чыгармаларында, поэзия, проза, драматургияда жазып келген. Алсак, төкмө акын Барпы Алыкуловдун "Күн" деген ырында төмөндөгүдөй берилген:

...Күндүн нуру белгилүү,
Күчтүү оттон жаралган.
Күн кубаты бардыктан,
Адамга кан таралган...
... Чыгыш жактан Батышка
Жүрүп турган-чыккан Күн.
Жарык нуру дүйнөгө
Тийип турган-чыккан Күн. [2:22]

Парадигмада Жер бетине жылуулук, жашоо берген Күн экендигин, Чыгыштан чыгып, кайра Батышка батары жөнүндө түздөн-түз баяндайт. Ал эми бул саптарда:

Замандар өттү сен калдың,
Адамдар өттү сен калдың.

Өлбөстүккө ашкере түркүксүңбү бир өзүң? [2:24]-деп Күндүн узак убакыттар бою жашарын философиялык мааниде ачып берип жатат.

Кыргыз эл макалдарынан ала турган болсок: *Күн караган – суукка тоңот, бай караган – ачтан өлөт.* [3:12] Мында паремиянын биринчи жарымында Күндүн ысыгынан үмүт кылган жалкоо адам кышында суукка тоңорун туюндуруп, экинчи бөлүктүн маанисин тереңдетип турат. Бай караган ачтан өлөт деген бөлүгү байдан үмүт кылып, эч жумуш жасабаган ачтан өлөрүн туюндуруп, биринчи ойду андан ары так түшүндүрүп берет.

II. "Күн" концептин убакыт бирдиги катары алып карай турган болсок, адегенде анын астрономиялык түшүнүгүнө токтолобуз.

Астрономияда убакыттын кыска аралыгын эсептөө негизги бирдик болуп, күн суткасынын орточо узундугу б.а. Күндүн борборунун жогорку (же төмөнкү) эки кульминациясынын ортосундагы убакыттын орточо аралыгы эсептелет. Мында орточо маанини пайдалануунун да себеби бар. Анткени жыл боюнча айланганына жана кыймылынын ылдамдыгы бир аз өзгөргөнүнө байланыштуу, күн жыл бою эклиптика боюнча көзгө көрүнүүчү кыймылында болот. Жер 24 саатта өз огунун айланасында толук бир айланып чыгат. Бул биздин эсебибизде бир күндү түзөт.

Ал эми юлий календарында (б.з.ч.46-жылы Римде Юлий Цезарь киргизген) жылдын узактыгы үч жыл катары менен 365 орточо күн суткасына, ал эми ар бир төртүнчү жылы 366 суткага барабар деп эсептелет.

Учурда биз колдонуп келе жаткан Григорий календарынын негизинде шарттуу түрдө бир жылда он эки айдын пайда болушу, жуманын жети күндөн турары белгилүү.

Кыргыз элинде илгертен эле күн, ай жана жылдардын кыргызча аталыштары болгон. Ар бир ай төрт жумага (аптага) бөлүнүп, анын ар бир күнү төмөнкүчө аталган.

1. Дүйшөмбү (биринчи күн).
2. Шейшемби (экинчи күн).
3. Шаршемби (үчүнчү күн).
4. Бейшемби (төртүнчү күн).
5. Жума (бешинчи күн).
6. Ишемби (алтынчы күн).
7. Жекшемби (дем алыш).

Бул аттар фарс тилинен алынган деген маалыматтар бар. [9:41]

Андан сырткары *бүгүн–"бул күн"(сегодня, today), эртең(завтра, tomorrow), кечээ (вчера, yesterday), бүрсүгүн (послезавтра, the day after tomorrow)* деген сөздөр да убакытты көрсөтүүдө колдонулуп келет.

"Күн" сөзү убакыт бирдиги катары "Манас" эпосунда кезигет:

Күндөн, күндөн күн өтүп,
Күн мезгили келиптир.
Айдан,айдан ай өтүп,
Ай мезгили келиптир.
Ошол кезде эр Манас,
Жетиге жашы толуптур. [6:364]

Жогоку саптарда убакыттын өтүшү менен күн айга, ай жылга алмашып бергилүү ыраатуулук менен өзгөрөрү туюнтулат. Ушул эле ыраатуулук кыргыз эл акыны А. Осмоновдун "Отуз жаш" ырында төмөндөгүдөй берилет.

Бүгүн дуулап, кечекимди ойлонбой,
Кечээ жыргап: эртеңкиме кайдагы ой.
Мени алдаган жаштыгыма ишим жок,
Өлүм мени эркелетип койгондой?!
Ушунча күн, ушунча жыл арасы,
Жана гана, бая гана болгондой. [5:353]

Ырда *бүгүн(бул күн), эртең, кечээ* деген сөздөр да убакытты көрсөтүүдө колдонулуу менен биологиялык убакыт ушундай аз өлчөмдөгү убакыт бирдиктери менен ченелип, тез өтөрү жөнүндө сөз болду.

Күн сөзү убакыт бирдиги катары макалдарда да кезигет: "Күндө келген –суу ууртгайт, айда келген – май ууртгайт" [3:12]. Мында "күндө келүү", "айда келүү" эркин сөз айкаштарын ала турган болсок, түз маанисинде убакытты жөнүндө сөз болуп жатат. Ал эми макалдын толук маанисинде орус тилинде "Реже видишь –больше любишь." "Гость не мил, и гостинец постыл", "Гость дорогой, некупленный – даровой",-деген макалдарын эквивалент катары алуу менен түшүндүрсөк болот. Жалпылап айтканда, мында конокко баруу адеби жөнүндө таалим тарбия берилген.

III. "Күн" сөзү айрым учурларда потенциалдык компонент катары келип, *аба ырайы* (погода/the weather) деген маанини туюнтуп калат. *Мисалы:* күн бүркөө (погода пасмурная/ the waether is sad). Сөз айкашынын багындыруучу түгөйүнүн берген маанисине карай "аба ырайы" деген татаал сөз "күн" сөзүнө өзгөрүп кетти. Тактап айтканда, "аба ырайы бүркөө" деген сөз "күн бүркөө" сөз айкашына өтүп айтылат. Аба ырайын айтууда "күн" сөзү сөз айкашынын багыныңкы бөлүгүн түзөт. Ал эми багындыруучу түгөйү сын атооч же этиш сөз түркүмүнөн куралат. Мисалы: *Күн ачык, күн бүркөө, күн салкын, күн ачылды, күн тийди, ж.б.* Алсак:

Кыргызстандын аймагында жума күнү *күн бүркөө* болот.

Кыска мөөнөттүү жаан жаап, күн күркүрөйт. Бул тууралуу Кыргызгидромет билдирет. (КирТАГ kyrtag.kg/kg/news.)

Ошондой эле, "Күн" концепти "жамгыр", "жаан" маанисинде да туюндурат: *Күн жаап жатат.*(Идёт дожд. /It is raining.)

Мисалы: ***Ангыча күн жаап жиберди.*** *Келиндердин алы жеткени музоосун жетелеп, отунун көтөрө качты. Кыздардын баары үйлөрүн көздөй чымын-куюн чуркашты.* [7,137]

Берилген парадигамада "жаан" сөзүн "күн" сөзүнө алмашышы менен эч кандай маани өзгөргөн жоктой сезилет. Бирок семантикалык компонент өзгөрдү. Потенциалдык компоненттин берилиши менен аба ырайынын кокусунан кескин өзгөргөндүгүн билдирет.

"Күн" концепти дагы бир потенциалдык компоненти *"күн көрүү"* сөз айкашында берилет. Бул сөз айкашы; *жашоо, өмүр сүрүү (прожить/ to live)* деген потенциалдык компонентти туюндуруп турат. Түз маанисинде *"күндү көрүү" (увидеть солнцу/ to see the sun)* дегенди туюндурганы менен табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланбаган учурда потенциалдык компонент катары кала берет. Мисалы:

Бала Манас кыраанга
Эми караан болот экенбиз.
Көңкү кыргыз болгону
Көрө турган күн бар го?
Иче турган суу бар го? [6:235]

Парадигмада контекстке ылайык *дагы алдыда жашоо бар, ажалыбыз жетпептир* деген ой, маани берилген. Ушул эле потенциалдык компонент карама-каршы айтылган "Көрөр күнү, ичер суусу түгөнүү", парадигмасында да карап көрсөк болот. Бул парадигманы *"күнү бүтүү" (ажалы жетүү)* сөз айкашы менен түшүндүрсө болот.

Ал эми концепт төмөндөгү:


Үйүр сагыньш ат келет,
Эл сагынып эр келет.
Эл башына *күн тууса*,
Эл жараткан эр келет. [7:167]

Мында *күнү тууса* сөз айкашы түз мааниси эч кандай чындыкка дал келбеген маанини берет. Ал эми өтмө маанисинде "иши оңунан келсе" деген маанини туюнтат.

Демек, "күн" концепти өзүнөн кийинки жана мурунку келген компоненттерге жараша өзүнүн денотаттык маанисинен алыстап, түрдүү потенциалдык компоненттерге (нерсенин негизги белгисин эмес, өтмө маансин чагылдырган мааниге [1:79]) өтөт.

"Күн" концептинин денотатынан түпкү маанисинен улам жаңы маани жаралып олтурат да, кыргыз лингвомаданиятында бүтүндөй бир көркөм аалам жаратат. Аны төмөнкү схемада көрсө болот.





Адабияттар

1. Абдулатов А.А. Парамерияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым маселелери. - Ош, 2006.
2. Апилов Б. Барпы. 1-том.- Б.,1995.
3. Кыргыз эл макал-ылакаптары. Кыргыз-Инфо сайты. (интернет)
4. Маслова В. А. М 31 Лингвокультурология: Учеб. пособие для студ. высш. учеб, заведений. - М.: Издательский центр «Академия», 2001.
5. Мусаев В., Асанакунов Т. Кыргыз адабиятынын антологиясы. 8-том.-Б., 2012
6. "Манас" энциклопедиясы. 1-том. Аалам-Манастын музыкасы. – Б.,1995.
7. Рыспаев С., Абдухамидова Б., Батыркулова А. Кыргыз адабиятынын антологиясы. Элдик балдар фольклору. – Б., 2012
8. Түркменов М. Кыргыз элинин астрономиялык билимдери. //Кутбилим-Сабак №1(74) январь 2006.
9. Шаршекеев Ө. Астрономия: 11-кл.-Б.: Кыргыз энциклопедиясы башкы редакциясы, 2012.

Wael Alsayed Elbadawi Elmarsi
II course of Master Degree BHU

METAPHOR IN COGNITIVE SEMANTICS ENGLISH LANGUAGE

In this article, previous studies of human body parts metaphor, the definition of metaphor and metonymy, metaphor systems, different kinds of metaphors and the mappings of human body metaphors are elaborated and discussed.

The study of metaphor started at the time of Aristotle, but the scholars at that time only regard metaphor as a kind of figurative language or a rhetorical device. In 1980, George Lakoff and Mark Johnson published a book named *Metaphors We Live By*. It is the first serious study of metaphor from the cognitive perspective and it turns a new page for the contemporary study of metaphor. They point out that metaphor is not only a rhetorical device in language but a way of thinking that is pervasive in everyday life, and they put forward the Conceptual Metaphor Theory. In 1999, they published a book named *Philosophy in the Flesh –The Embodied Mind and Its Challenge to Western Thought* which systematically elaborates their philosophical base of cognitive linguistics, namely Embodied Philosophy. They point out that "metaphor is not arbitrary, but is also grounded in experience" (Lakoff and Johnson 1999:497). The book puts emphasis on three points from the beginning of the book:

"The mind is inherently embodied; Thought is mostly unconscious; Abstract concepts are largely metaphorical" (Lakoff and Johnson 1999:3). From then on, many scholars have become interested in the study of metaphor and have taken different approaches to metaphor. Among those scholars, Kovecses (2002:16) includes the human body in the use of the most frequently used source domains. In addition, Kovecses refers to THE FACE FOR THE PERSON in language and art (2006:110) to illustrate metonymy as a mapping within a frame. He points out that taking the photographs of people can be understood as a typical and practical explanation for the metonymy THE FACE STANDS FOR THE PERSON. People usually take photos including the face of a person rather than other body parts to stand for the person who is in the photo. Generally speaking, cognitive linguistic scholars believe that metaphor should not be viewed only as a rhetorical language or a matter of words but as a cognitive way of thinking and perceiving the external world.

The nature of metaphor is conceptualization. Simple and concrete concepts are usually used to understand and perceive abstract and complex concepts. The formula is like this:

Conceptual domain A (target domain) is understood in terms of conceptual domain B (source domain). In other words, metaphor uses the experience or categories which are already known by people in a certain domain to understand the experience or categories which are unknown in another domain, that is, there is a mapping from the source domain to the target domain. The target domain could be understood in terms of the source domain because there are similarities or correspondences between the two domains. "Similarity is the sharing of a certain features" (Goatly 1997:16), and it provides an essential condition in constructing a conceptual metaphor.

Metaphorical expressions are different from conceptual metaphors. Conceptual metaphors are revealed by metaphorical expressions. Metaphorical expressions are the vocabulary or the linguistic expressions of the source domain. For example, we can see in the metaphor COMPANY IS A PERSON, the expressions from the vocabulary of human body, e.g., backbone, head, face and new blood, etc, form a systematic way of talking about the departments or workers of a company. Usually people do not use conceptual metaphors directly in a sentence while the metaphorical expressions are used directly in a sentence. People draw the metaphorical expressions from the metaphor in order to understand the target domain.

"Since metaphorical expressions in our language are tied to metaphorical concepts in a systematic way, we can use metaphorical linguistic expressions to study the nature of metaphorical concepts and to gain an understanding of the metaphorical nature of our activities." (Lakoff and Johnson 2003:7)

Conceptual metaphor and metaphorical expressions can be categorized into two large metaphor systems: The Great Chain of Being metaphor system and the Event

Structure metaphor system. According to the different cognitive functions of a metaphor, conceptual metaphors can be distinguished into three kinds: structural metaphors, orientational metaphors and ontological metaphors. As this essay focuses on metaphors which are reflected in the use of *face* and *eye*, the Great Chain of Being metaphor system, structural metaphor and ontological metaphor are the most relevant and the details of these will be illustrated in the following parts.

As mentioned above, conceptual metaphor and metaphorical expressions can be classified into two large metaphor systems: the Great Chain of Being metaphor

system and Event Structure metaphor system. The Event Structure metaphor system focuses on how events or relations are metaphorically understood by people, while the Great Chain of Being focuses on how objects or things are metaphorically understood. The human body metaphor, in which a part of the body or the whole body is used to understand other objects or things, belongs to the Great Chain of Being metaphor system, and this metaphor system will be explained in detail in the following. The Great Chain of Being (here referred to as the Basic Chain of Being), is a system including a hierarchy of concepts, which from top to bottom looks like this:

THE GREAT CHAIN OF BEING

HUMANS: Higher-order attributes and behavior (e.g. thought, character)

ANIMALS: Instinctual attributes and behavior

PLANTS: Biological attributes and behavior

COMPLEX OBJECTS: Structural attributes and functional behavior

NATURAL PHYSICAL THINGS: Natural physical attributes and natural physical behavior (Lakoff and Turner 1989:170)

According to this chain, a concept which belongs to a certain level of the system is understood in terms of another concept which belongs to another level of the system, no matter whether people use a source domain at the lower level to map onto a target domain at the higher level or from a higher level map onto a lower level. For example, in the phrase *the backbone of the company*, there is an underlying metaphor COMPANY IS A PERSON, in which the source domain is a person and the target is a company, thus the mapping is from the higher human level to the lower complex object level. By contrast, in *cheese can help oil the machinery if you are constipated*, there is an underlying metaphor HUMAN BODY IS A MACHINE, in which the source domain is a machine and the target is a person, then the mapping is from the lower complex object level to the higher human level. As one of the purpose of this essay is to investigate how *face* and *eye* are used as part of metaphorical expressions to understand other concepts, the source domain could be the human body or even the face or the eye. Finally, we could see in which ways the metaphorical expressions with *face* or *eye* are used to understand the domains of other levels of the Great Chain of Being metaphor system.

Structural metaphor and ontological metaphor. Conceptual metaphors can be classified into different kinds according to a variety of perspectives, for example, if we think about the conventionality, metaphors could be categorized into conventional metaphors and unconventional metaphors. If we think about the levels of generality, we could have specific-level and generic-level metaphors. If we think about the cognitive function of metaphors, we could distinguish metaphors into three kinds: structural, ontological and orientational metaphors.

The source domain of an ontological metaphor is usually an object, substance or a container in general rather than it being specified exactly what kind of object or substance it is. For example, there is a common metaphor ANGER IS A HOT FLUID IN A CONTAINER. It is based on the metaphor HUMAN BODY IS A CONTAINER which is an ontological metaphor, because the whole body is portrayed as a general container and not a specific one. The container image schema including the word *in* and *out* is usually closely related to the ontological metaphors in which the target is understood as a container (Johnson 1987:32). Image schema is the foundation and a thinking route which provides the connection between bodily experience and more abstract cognitive and linguistic concepts (Wikipedia 2009 image schema).

Personification is also a kind of ontological metaphor according to Kovecses (2002:35). Personification is a category in general but includes many metaphors which have things in common — they are the extension of ontological metaphors and help people to perceive all the things in the world based on the motivations, goals, actions and characteristics of human beings (Lakoff and Johnson 2003:34).

Structural metaphors have more structural or functional correspondences between the source domain and the target domain. In other words, people can understand the target domain through the rich structural mappings from the source domain. For example, there is a set of mappings of the THEORY IS A BUILDING metaphor:

Source: A BUILDING Target: THEORY
The whole building _ The whole theory
Foundation of building _ Basis of theory
Construct a building _ Develop a theory
Stability of a building _ Strength of a theory

However, most of the time, ontological metaphors and structural metaphors are not used separately but are joined together to analyze a certain conceptual metaphor. For example in the metaphor THEORY IS A BUILDING, in order to understand or think a theory as a building, we have to be able to think of the theory as an object. THEORY IS AN OBJECT metaphor is an ontological metaphor. People know well and are familiar with the human body, so when it is viewed as an entity or an object, that is an ontological metaphor. When the body parts, our structural knowledge about human body, are mapped onto another concept, there are structural metaphors.

In the cognitive linguistic view, the source domain is used to understand the target domain. Usually the source domains are more concrete and familiar while the target domains are more abstract. There are several correspondences between the source domain and the target domain so that people are able to use one element of source domain to understand one element of target domain. The correspondences are called mappings. The following is a set of mappings of the metaphor COMPANY IS A PERSON:

TARGET: COMPANY SOURCE: A PERSON
A whole company _ A whole person
Different departments _ Different body parts
The board of the company _ The head of the body
Worker or officers in a company _ Blood of the body
Management state _ State of health

Mappings from the human body domain to the concrete object domain the primitive people took the human body parts as the standard of measuring the outside objects. As a result of this, the human body metaphors have come into being. When the human body is used to understand the concrete object domain, the body parts are usually mapped onto similar structural or functional parts of the target domain. In English, the examples for the mapping from human body domain to concrete object domain of a conceptual metaphor are very rich and ubiquitous and is involved in the everyday life of human beings.

Source: Human body domain Target: Concrete object domain
Head
Head of an arrow; *head* of a page;
*head*of a flower; *head* of a bed
Face
Face of a watch; *face* of a dice;
*face*of the earth; *face* of a mountain
Eye
Eye of a potato; *eye* of a needle;
*eye*of a butterfly; *eye* of a hurricane;
*eye*in a flower
Nose *Nose* of a car; *nose* of a plane
mouth
Mouth of a hole; *mouth* of a river;
*mouth*of a well; *mouth* of a volcano
neck
Neck of land; *neck* of the woods;
*neck*of a shirt; *neck* of a bottle
shoulder
Shoulder of a bottle; *shoulder* of a mountain; *shoulder* of a jacket
Hand *Hands* of a watch; *hand* of an altimeter
Foot
Foot of a page; *foot* of a mountain;
*foot*of stairs; *foot* of a tree
Ear *Ear* of a corn
Leg *Leg* of a table; the *legs* of a tripod
Arm
The *arm* of the chair;
An *arm* of the sea; the *arm* of the hall

From these metaphorical expressions, we can see that almost every part of the human body can be mapped onto other things no matter if it is an inanimate object or an animate plant. This kind of mapping is based on structural or functional correspondence between the target domain and the human body domain. It has been widely used since the time of primitive people, thus many metaphorical expressions reflecting the human body metaphor have been a kind of common sense and listed in the dictionary as a regular meaning item of that word.

Literatures:

1. Goatly, A. (1997).*The Language of Metaphors*. London and New York: Routledge.
2. Johnson, M. (1987).*The Body in the Mind: The Bodily Basis of Meaning, Imagination, and Reason*. Chicago: University of Chicago.
3. Kovecses, Z. (2002). *Metaphor*. Oxford: Oxford University Press.
4. Kovecses, Z. (2006). *Language, Mind, and Culture: a practical introduction*. Oxford:
5. Oxford University Press.
6. Lakoff, G & Turner, M. (1989).*More Than Cool Reason: a field guide to poetic metaphor*. Chicago: The University of Chicago.
7. Lakoff, G. & Johnson, M. (1999).*Philosophy in the Flesh –The Embodied Mind and*
8. Its Challenge to Western Thought. New York : Basic Books.
9. Lakoff, G. & Johnson, M. (1980).*Metaphors We Live By* (1st edition). Chicago: The University of Chicago Press.
10. Lakoff, G. & Johnson, M. (2003).*Metaphors We Live By* (2nd edition). Chicago: The University of Chicago Press.

Бакзайлу К.Ш.,
БФ. МСИ.

СОПОСТАВИТЕЛЬНАЯ ЛИНГВОКУЛЬТУРОЛОГИЯ – ТРАНСЛЯЦИЯ КУЛЬТУР

В современной лингвистике актуальными стали исследования языка в плане его взаимодействия с культурой. Язык теснейшим образом связан с культурой: он прорастает в нее, развивается в ней и выражает ее. Язык является способом существования вербальной культуры, но в то же время есть культурно-историческое образование и тем самым области языка и культуры взаимопересекаются.

Лингвокультурология - новая наука, которую можно считать самостоятельным направлением лингвистики, оформившимся в 90-е годы XX в. Термин «лингвокультурология» появился в последнее десятилетие в связи с работами фразеологической школы, возглавляемой В.Н.Телия, работами Ю.С.Степанова, А.Д.Арутюновой, В.В.Воробьева, В. А. Масловой и других исследователей. Если культурология исследует самосознание человека по отношению к природе, обществу, истории, искусству и другим сферам его социального и культурного бытия, а языкознание рассматривает мировоззрение, которое отображается и фиксируется в языке в виде ментальных моделей языковой картины мира, то лингвокультурология имеет своим предметом и язык и культуру, находящиеся в диалоге, взаимодействии.

Окружающая нас языковая реальность, эпоха глобализма, в которую мы вступаем, набирающая силу тенденция к интеграции – все эти факторы актуализируют исследования сопоставительного характера. В настоящее время ни одна культура не живет изолированно и посему возрастает роль лингвокультурологических работ, которые помогают межкультурной коммуникации народов. В этом аспекте особый интерес представляет сопоставительная лингвокультурология.

Сопоставительная лингвокультурология – она только начинает развиваться. На сегодняшний день она представлена лишь несколькими работами, наиболее интересной из них является работа М.К.Голованевской «Французский менталитет с точки зрения носителя русского языка», в которой особенности французского менталитета изучаются с позиции носителя русского языка и культуры» [56,С.28-29].

В нашей работе предпринята попытка определить сущность сопоставительной лингвокультурологии, охарактеризовать основные единицы сопоставительного лингвокультурологического исследования и взаимодействия этих единиц, а также основные направления сопоставительных лингвокультурологических исследований

Использование лингвокультурологического подхода, определения его содержания и путей его презентации явилась работа З.К.Дербишевой „Кыргызский этнос в зеркале языка", направленная на описание кыргызского менталитета, культуры современных кыргызов, восприятия кыргызами общечеловеческих ценностей и категорий, которые показаны через призму языка [5].

Цель сопоставительной лингвокультурологии – помочь увидеть тот культурный фон, который стоит за единицей языка и который позволяет соотносить поверхностные структуры языка с их глубинной сущностью; другими словами, исследовать и описать культурное пространство сквозь призму языка и дискурса, и культурный фон коммуникативного пространства; изучение способов, которыми язык воплощает в своих единицах, хранит и транслирует культуру; исследование воплощения в живом национальном языке материальных культур и менталитета, которые проявляются в языковых процессах и в их двойственной преемственности с языком и культурой этноса.

В основе сопоставительной лингвокультурологии как самостоятельного научного направления лежит конкретная лингвокультурологическая концепция, согласно которой взаимопроникновение языка и культуры представляется настолько тесным, что по сути количество языковых единиц, не содержащих в той или иной степени культурный компонент, минимально. Исходя из этого, *объектом лингвокультурологии* может быть огромное большинство языковых и коммуникативных единиц, начиная от уровня словообразования и кончая текстом – дискурсом, актами коммуникации, аксиологической картиной мира.

Лингвокультурема – базовое понятие лингвокультурологии, основная единица лингвокультурологии. Самое общее определение лингвокультуремы – это языковой знак, включающий в свое содержание культурный компонент. К ним можно отнести мифы, легенды, ритуалы, обряды, фольклорные и религиозные дискурсы, нашедшие отражения в лингвокультуремах, элементах речевой деятельности человека. Лингвокультуремы имеют коннотативные смыслы, и репрезентируются через фразеологизмы и паремиологические единицы [3]. В.В.Воробьев считает, что культурный компонент отражается через внутреннюю форму слова. И мы полностью с этим согласны.

В качестве иллюстрации к сказанному можно привести фразеологизмы кыргызского, русского и турецкого языков. Фразеологические единицы имеют метафорический характер, и при переносе значений наименований предметов быта мы выделили следующие примеры: *в* кыргызском языке встречаются следующие значения ФЕ: ***калбыр*** *байлоо* (сплетничать), ***калбыр*** *кылуу* (уйти с головой в работу), ***калбыр*** *болуу* (оказаться в дырках), *куйругуна* ***калбыр*** *байлоо* (сплетничать о ком-либо, испортить чью-то репутацию); *электен өтүү* (пройти через испытание), *эл оозу* ***элек*** (о разных мнениях и сплетнях людей); ***тегирменине*** *суу коюу* (помогать кому-либо в чем-то, обычно другой стороне).

В русском языке можно встретить такие фразеологические единицы, как: ***не веретеном трясти*** (о деле, которое требует рассудка), ***не веретеном в бок*** (терпеть можно), ***ситом шито, решетом покрыто*** (о неразумном деле), ***правду не ситом сеять*** (об обмане), ***глядит, как в решето*** (ничего не утаить), ***показать Москву в решето*** (обмануть, одурачить), ***носить воду решетом*** (о действии; делать что-то впустую, без результата); ***лить воду на мельницу*** (о действии; косвенно помогать кому-либо, обычно противной стороне). В русском языке фразеологизмы очень часто используются и в особенности применяются для выражения каких-либо действий. Сравнение примеров наглядно показывает, что при помощи фразеологизмов слова выражаются намного ярче и выразительнее.

В турецком языке мы видим такие фразеологические единицы, как: ***değirmen taşının altından diri çıkar*** (о человеке, который пройдет через все преграды), ***değirmenin suyu nereden geliyor?***(вопрос человеку, откуда столько денег заработал?) ***или değirmene su dokmek*** (помогать кому-либо в чем-то, обычно противной стороне); ***elekten gecirmek*** (отбирать, выбирать), ***elek elek aramak*** (искать, разыскивать, прочесывать); ***kalburla su taşımak*** (носить воду в решете, то есть заниматься бессмысленным делом). Фразеологизмы в турецком языке чаще всего употребляются в разговорной речи, что объясняет сравнивание с предметами быта. В составе кыргызских, русских и турецких фразеологизмов, выявленные нами при исследованиях, наиболее частотными лексическими единицами являются базовые лексемы относящиеся к бытовой лексике.

Исследуя различия в составе фразеологизмов в вышеуказанных языках, мы можем выдвинуть такие выводы, что в русском языке ФЕ применяются для выражения каких-либо действий: *не веретеном в бок* (терпеть можно), и таких примеров намного больше, чем в кыргызском языке, где больше ФЕ употребляются в обстоятельственных значениях: *калбыр байлоо* (сплетничать). Что касается фразеологизмов в турецком языке, то здесь наблюдается отражение человеческих качеств: ***değirmen taşının altından diri çıkar*** (о человеке, который пройдет через все преграды). Также можем выделить сходные по смыслу ФЕ в русском и турецком языках, например: *носить воду решетом* (о действии; делать что-то впустую, без результата) и ***kalburla su taşımak*** (носить воду в решете, то есть заниматься бесмысленным делом). Мы видим также и сходные значения между кыргызских и турецких ФЕ, таких, как: *электен өтүү* (пройти через испытание) и ***elekten gecirmek*** (отбирать, выбирать).

При исследовании ФЕ в кыргызском, русском и турецком языках мы выявили сходное выражение, которое используется одинаково в трех языках: русская ФЕ - *лить воду на мельницу* (о действии; косвенно помогать кому-либо, обычно противной стороне), кыргызская ФЕ - *тегирменине суу коюу* (помогать кому-либо в чем-то, обычно другой стороне) и турецкая ФЕ - ***değirmene su dokmek*** (помогать кому-либо в чем-то, обычно противной стороне). Исследуемые ФЕ охватывают сходные стороны жизни кыргызского, русского и турецкого этносов.

При помощи фразеологизмов наименования предметов быта выражаются намного ярче и выразительнее. Фразеологические обороты широко используются во всех речевых стилях. Источниками являются наблюдения человека над общественными и природными явлениями, связаны с историческими событиями, песнями, сказками, загадками и легендами. В частности, нас интересуют результаты сопоставительной характеристики переносных значений лексем, характеризующих человека в кыргызском, русском и турецком языках.

Однако следует подчеркнуть, что отражение культурного компонента через внутреннюю форму присуще культуремам, выступающим в виде слов либо фразеосочетаний, в понимании А.А. Потебни, культурный компонент – это центр образа, один из его признаков, преобладающий над всеми остальными. Внутренняя форма, кроме фактического единства образа, дает еще знание этого единства; она есть не образ предмета, а образ образа, т.е. представление [7, 130-131].

По Р. Барту, внутренняя форма слова как способ представления действительности в языке является носителем единства слова, средоточием его образности как языкового отношения к мысли, оказывающей прагматическое воздействие и выражающее неповторимую национальную специфику обозначаемого» [2, 16].

Как видно из сказанного, в структуру лингвокультуремы, помимо собственно языкового значения, входит и культурно-понятийный компонент как внеязыковое содержание. По словам В.М.Солнцева, «различие между понятием и значением в том, что значение есть «упрощенное понятие», есть стабильное в понятии, тот минимум признаков понятий, который закрепляется за знаком языка и который необходим, чтобы данный знак приобрел общественную значимость. Значение в слове есть тот минимум признаков понятий, который делает слово понятным и позволяет ему функционировать в речи» [8, 111].

Глубина представления, связанного со словом, т.е содержание лингвокультуремы, находится в прямой зависимости от лингвокультурологической компетенции носителя языка. Конечным итогом любого процесса коммуникации является усвоение внеязыковой информации, в том числе и культуры, в рамках которой происходит сообщение. Как показал А.А.Потебня, «язык лишь намекает на знания, которые должны быть эксплицированы в виде мыслительных единиц, «дальнейших значений», понятий» [7, 131]. Поэтому каждая лингвокультурема имеет ближайшее и дальнейшее значение, глубинный, символический смысл, без понимания которого «идея произведения повисает в воздухе».

Лингвокультурема – основная единица лингвокультурологического анализа. В этом качестве могут выступать слова, словосочетания, тексты, обладающие этнокультурной ценностью. При этом «различные уровни языка и принадлежащие им единицы обладают разной степенью культурной «насыщенности» и культурной обусловленности» [4. 141].

Фразеологическая система в этом плане обладает наибольшим лингвокультурологическим потенциалом, поскольку «в языке закрепляются и фразеологизируются именно те образные выражения, которые ассоциируются с культурно-национальными эталонами, стереотипами, мифологемами и т.п. и которые при употреблении в речи воспроизводят характерный для той или иной лингвокультурной общности менталитет» [10. 233].

Понятие лингвокультуремы в трактовке В.В.Воробьева применимо к языковым единицам и не имеет отношения к акту коммуникации. Мы же исходим из того, что лингвокультуремы составляют лишь часть языковых знаков с культурным содержательным компонентом. Значительная часть лингвокультурем эксплицируется в акте коммуникации, в дискурсе и определяет речевое поведение человека, выбор той или иной коммуникативной тактики, той или иной модальной, эмоциональной тональности общения, той или иной оценки. Культурный компонент подобных лингвокультурем, с одной стороны, легко выявляется обычным комментарием *так принято, традиционно полагается*, однако определить факторы, их обусловившие, невозможно без глубокого экскурса в историю культуры этноса, без знания национальной психологии и менталитета носителей языка. С этих позиций возникает необходимость внести уточнение в наше понимание соотношения таких научных направлений, как лингвокультурология и этнолингвистика.

Мы исходим из того что сопоставительная лингвокультурология – это самостоятельная, комплексная отрасль науки, синтезирующего типа, которая изучает процессы взаимодействия и взаимосвязей языков и культур. Изучает взаимодействия языков и культур в их функционировании, изучает воплощения в живые национальные языки и проявления в языковых процессах материальной и духовной культур, изучает описание языков и культур в их синхронном и диахронном взаимодействии.

Итак, сопоставительная лингвокультурология – помогает увидеть тот культурный фон, который стоит за единицей языка и позволяет соотносить поверхностные структуры языка с их глубинной сущностью; другими словами, исследовать и описать культурное пространство сквозь призму языка и дискурса, и культурный фон коммуникативного пространства; изучение способов, которыми язык воплощает в своих единицах, хранит и транслирует культуру; исследование воплощения в живом национальном языке материальных культур и менталитета, которые проявляются в языковых процессах и в их двойственной преемственности с языком и культурой этноса.

Литература

1. Арутюнова Н.Д., Степнов Г.В. Русский язык. – М.: Наука, 1979. – 410 с.

2. Барт Р. Основы семиологии // Структурализм: «за» и «против». – М.: Знание, 1975. – С.16-29.

3. Воробьев В.В. Лингвокультурология (теория и методы): Монография. – М.: Изд-во РУДН, 1997. – 331 с.

4. Гудков Д.Б. Теория и практика межкультурной коммуникации. – М., 2003.

5. Дербишева З.К. Кыргызский этнос в зеркале языка. Монография. – Б., 2012. 404 с.

6. Маслова В.А. Лингвокультурология. – М.: Изд. Центр «Академия», 2000. – 194 с.

7. Потебня А.А. Мысль и язык. – Харьков: Знание, 1913. – 205 с.

8. Солнцев В.М. Язык как системно-структурное образование. – М.: Политиздат, 1977. – 341 с.

9. Степанов Ю.С. Константы. Словарь Русской культуры. – М.: Школа «Языки русской культуры», 1997. – 824 с.

10. Телия В.Н. Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты. – М.: Школа «Языки и культура», 1996. – С. 225-226.

Э.Б. Асанова,
И. Арабаев атындагы КМУ

ЧАКЧЫЛ, АТООЧТУКТАР КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТАРЫХЫНДА

Түрк тилдери, анын ичинде кыргыз тилинде индоевропа тилдеринен айырмаланып, атоочтук, чакчыл сыяктуу этиштин өзгөчө формалары кеңири пайдаланылганы менен артыкчылыкка ээ. Этиштин бул функционалдык формаларынын баарын бирдикте карап, табиятына бирдей баа берүү туура эмес. Жалпысынан кыймыл-аракеттик маанини билдиришкени менен ар бирин өз-өзүнчө бөлүп кароо талапка ылайык.

Кыргыз тилинин эски доорунда чакчылдар аркылуу түзүлүүчү сүйлөмдөр адамдын айтайын деген оюна карата биринен кийин бири тизмектелип айтылып, азыркыдай даана түрдө татаал сүйлөмдүн түрүн түзбөсө да, татаал сүйлөмгө окшош бир нече сүйлөмдүн тобун бериши мүмкүн.

Байыркы түрк жазма эстеликтеринде эле **-ып** мүчөлүү чакчыл кеңири колдонулуп келген. Мисалы: "Бу jірда олурып, табгач будун бірла тузалтім" [1;28]. Кыргыз тилинде мындай маанини берет: "Бул жерде жашап туруп, (өзүмдүн) өмүрүмдү (турмушумду) табгач эли менен бирге өткөрдүм. Эки бөлүп айтканда: Бул жерде жашадым; (Өзүмдүн) өмүрүмдү (турмушумду) табгач эли менен бирге өткөрдүм"[2;13]. Жогоркудай сүйлөмдөрдө адамдын айтайын деген бир нече ою биринен кийин бири биригүү (присоединение) жолу менен берилди.

Мына ошондой биригүүлөрдөн дифференцияланып отуруп, татаал сүйлөмдүн элементардык жана полипредикативдик түрү келип чыккан десек болот.

Айрыкча оозеки речте **-ып** мүчөлүү чакчыл аркылуу бир нече сүйлөм тизмектелип айтылганы көп учурайт. Мисалы: Бала карышкырдын баягы айткан сөзүн унутуп калып, куштун бутунан кармап, анын бутундагы коңгуроосу шылдырап кетип, хандын жигиттери ойгонуп, баланы кармап алышат... ("Алтын куш" жомогунан).

Жогорку татаал сүйлөм ар бири айрым ойду билдирүүчү бир нече сүйлөмдөн турду. Ушул сыяктуу **-ып** мүчөлүү чакчылдар аркылуу уюшулган сүйлөмдөр бара-бара адабий тилдин нормасына салынып отуруп, алар аркылуу татаал сүйлөмдүн түрлөрү өнүккөн.

Алгач түрк тилдеринин грамматикасында түрдүү чечилбеген талаштарды жаратып келген атоочтуктарга токтололу. Кыргыз тил илиминде атоочтуктар керектүү деңгээлде изилдөөдөн өтө элек. Негизги маселелери учкай гана кээ бир окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылып келет. Атоочтук, чакчыл, кыймыл атоочтуктардын өгө активдүү колдонулушун азыркы кыргыз тилинин өзгөчөлүгү катары мүнөздөсөк болот.

Кыргыз тилинде атоочтуктар төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат: -ган; -ар; -бас; -оочу//-уучу//-чу, -а(-й) элек. Алардын ичинде -ган формасы көп пайдаланылат, андан кийинки орунда -ар, -уучу, жана башкаларына салыштырмалуу кебибизде сейрек учураганы **-а, -й** элек жана **-бас.**

-ган мүчөсү аркылуу уюшулган атоочтуктардын жогорудагыдай орунду ээлеши кыргыз тилинде ар кандай грамматикалык түзүлүштөгү конструкцияларды жасоодо катышкандыгынан болушу мүмкүн. Анткени бул формадагы атоочтуктар өткөн мезгилге тиешелүү кыймыл-аракетти белги катары (сугарылган жер), затка мүнөздүү болгон белгини (билим - түгөнбөгөн кен), келер чак маанисинде (иче турган суу), учур чактык мааниде (бара жаткан бала), көндүм болуп калган кыймыл –аракетти (айта жүргөн сөз) билдире алат. Ал эми калган формалар аркылуу уюшулган атоочтуктар иш жүзүнө аша элек кыймыл-аракетти билдирип, келер чакта колдонулат.

"Несмотря на то, что тюркология располагает богатой литературой и материалом наблюдений над ними, полученные данные на наш взгляд, крайне противоречивы, что представляет своего рода пародокс. Таким образом, проблема причастной конструкции и сегодня вызывает существенные разногласия среди тюркологов" [3, 19].

Түркологияда атоочтуктар боюнча окуу-методикалык колдонмолор жазылып, илимий кеңешмелерде кызуу талкууланып, түрк тилдеринин грамматикаларында орун алып келсе, 60-жылдардан тартып атайын изилдөөгө алына баштады. Ушундан улам атоочтуктан уюшулган сүйлөмдөр синтаксистин каралган бөлүгү катары карасак болот деген менен азыркы күнгө чейин түркологияда атоочтуктардын чечилбеген маселелери көп. Атоочтук проблемасы көптөгөн талкууларды жаратып келсе да, изилдөөчүлөр тарабынан бирдей мүнөздө аныкталган эмес. Кээси атоочтуктарды жайылма (развернутый) мүчөлүү сүйлөм катары караса, айрымдары багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн багыныңкы бөлүгү катары карашат.

Демек, атоочтук конструкция кыргыз тилинде маани берүүчү экиден ашык сөздөрдүн атрибутивдик же предикативдик катышы.

Түркологиядагы негизги талаш маселелердин бири-атоочтуктардын багыныңкы сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарышы. Кыргыз тилинде атоочтуктардын багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин аткаруу мүмкүнчүлүгү бирдей эмес, ар башка.

"Хотя традиционный термин "причастие" как бы предполагает, что определительная функция у этих форм является ведущей, реально это только одно из многих возможных их употреблений. Прежде всего они способны использоваться в позиции независимого сказуемого-в простом предложении и главной части ППК-как со связками, так и без связок"[4;13]. Баяндооч менен ээнин ээрчишүүсү багыныңкы сүйлөмдү аныктоодо жардам берет деген алыс болушубуз керек. Мында этиш баяндоочтук милдетти аткарса, ээрчишүү баяндооч менен ээнин ортосундагы байланыш.

Баяндооч менен этиш түшүнүгүн синоним катары карабашыбыз абзел. "Нельзя поставить знак равенства между спряжением глагола и предикативностью...если предикативность в тюркских языках представляет собой одно из свойств предложения, то спряжение составляет свойства глагола [3,219].

Атоочтуктардын багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук милдетти аткаруусу биринчи кезекте жөндөмөлөрдүн баяндоочтук милдет аткарышы менен бирдикте каралышы тийиш. Мисалы, жөнөкөй сүйлөмдө илик, табыш жөндөмөдөгү атоочтор баяндоочтук милдетти аткара албайт. Ал эми жатыш, чыгыш жөндөмөсүндөгү атоочтор баяндоочтук милдетти аткара берет. Мисалы, Сабырдын өзү шаардан, анын аялы кыштактан.

Атоочтуктардын жатыш жөндөмөдө туруп, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин аткарышы түрк тилдеринин эски мезгили үчүн да мүнөздүү болгон. Мисалы: Уза кок таңрі асра јабыз јір кылынтукда, акін ара кісі облы кылынмыс [1;12].

Бул сүйлөм азыркы кыргыз тилинде төмөнкүдөй маани бериши мүмкүн: "Үстүндө көк асман, астында күрөң жер жаратылганда, экөөнүн арасында адам баласы пайда болгон" [2;12].

Чыгыш жөндөмөдө турган атоочтуктар негизинен себеп менен байланыштуу болгон түшүнүктү берет, себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин аткарат. Атоочтуктардын чыгыш жөндөмөдө туруп, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук милдет аткарышы тилдин кийинчерээктеги мезгилинен башталуусу мүмкүн.

Мезгил жана себеп жөнүндөгү түшүнүктөрдү так берүүдө жатыш жана чыгыш жөндөмө менен түзүлүүчү атоочтук обороттор багыныңкы сүйлөмдүк касиетке ээ.

Профессор А.Рифтиндин көз-карашы боюнча, аккад жана башка кээ бир тилдерде багыныңкы сүйлөм атоочтуктардан келип чыккан, атоочтуктар кеңейип отуруп, аткарган милдети жагынан багыныңкы сүйлөмдөрдү берген. Муну ал жөнөкөй сүйлөмдүн ичинен сүйлөм келип чыгуудан татаал сүйлөм өнүккөн деп түшүндүрөт.

Атоочтуктардан багыныңкы сүйлөм же түрдүү обороттор менен жайылма мүчөлөр келип чыгарын аныктоого жөндөмөлөрдүн жардамына таянып көрөлү:

Илик жөндөмө менен:

1. Аскар айтып берди;
2. Аскар себебин айтып берди;
3. Аскар келгендигинин себебин айтып берди;
4. Аскар окууга келгендигинин себебин айтып берди;
5. Аскар окууга быйыл келгендигинин себебин айтып берди.

Бул сүйлөмдөрдөгү атоочтуктан обороттор, жайылма мүчөлөр жана багыныңкы сүйлөм келип чыккан жок. Мында жалаң сүйлөм жайылма сүйлөмгө айланып жатат да, атоочтук аныктоочтук милдетти аткарды.

Табыш жөндөмө менен:

1. Ал айтып берди;
2. Ал келгендигин айтып берди;
3. Ал Аскардын келгендигин айтып берди;
4. Ал Аскардын окууга келгендигин айтып берди;
5. Ал Аскардын окууга быйыл келгендигин айтып берди.

Бул мисалдар боюнча сүйлөмдүн ичинен атоочтук кеңейип, өзүнөн мурда илик жөндөмөдөгү зат атоочтор менен айтыла тургандыгын көрүүгө болот. Бул учурда да атоочтуктан багыныңкы сүйлөм түзүлгөн жок, бирок мында "Аскар келгендигин" деген түзүлүштө колдонулса, толуктооч жайылма мүчө болор эле.

Демек, жогорудагы А.Рифтиндин пикирин кыргыз тилинин материалы толук кубаттабайт.

Кыргыз тилинде атоочтуктар этиштерге да, атоочторго да кирип, эки аралык позицияда.

Атоочтуктардан жөнөкөй сүйлөмдүн ичинен кеңейип отуруп жайылма мүчөлөр өнүккөн, мына ошол жайылма мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү кийинчерээк багыныңкы сүйлөмдөрдү берген.

Кыргыз тилинин эски доорунда мезгил менен себеп жөнүндөгү түшүнүктөрдү так берүүдө атоочтук түрмөктөр, бир окуядан кийин экинчи окуя көрсөтүлгөн чакчылдар аркылуу азыркыдай татаал сүйлөмдүн түрүн түзбөсө да, татаал сүйлөмгө окшош бир нече сүйлөмдүн тобун берген.

Адабияттар

1. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. – М.,1975.

2. Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси. – Ф., 1957.

3. Баскаков Н.А. Историко-типологическая характеристика структуры тюркских языков. – М., 1975;

4. Скрибник Е.К.Полипредикативные синтетические предложения. –Новосибирск, 1988.

А.Ы. Саматова,
Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университети

ТЕКТЕШ ТҮРК ТИЛДЕРИНИН ЖӨНДӨМӨЛӨР КАТЕГОРИЯСЫ

Жалпы түрк тилдериндеги жөндөмө мүчөлөр атооч сөздөргө жалганып, аларды сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен байланыштырып, сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара мамилелерин көрсөтүүчү мүчөлөрдү айтабыз.

Зат атоочтор, же зат атооч маанисине өткөндөр, же башка атоочтук сөз түркүмдөр сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаруу үчүн тигил же бул жөндөмө мүчөнү кабыл алат да, ал мүчө аркылуу уланган сөзүн сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен байланыштырып, сүйлөмгө ырааттуу, маанилүү мүнөз берет.

Сөздөрдүн жөндөмө мүчөлөрүнүн бардыгы менен өзгөрүшү жөндөлүш категориясынын мазмунун түзөт.

Жалпы түрк тилдериндеги жөндөмөлөр негизги берген маанилерине карай грамматикалык жөндөмөлөр (атооч, илик, табыш), жана мейкиндик жөндөмөлөр (барыш, жатыш, чыгыш) деп эки топко бөлүүгө болот.

Мейкиндик жөндөмөлөр негизинен кыймыл-аракеттин мейкиндиктеги багытын (барыш), турган (жатыш), же чыккан ордун (чыгыш) билдирип, жалпысынан мейкиндик мамилени билдирет.

Грамматикалык жөндөмөлөр болсо грамматикалык мамилелерди билдирет: атооч жөндөмөсү сүйлөмдүн ээсин, илик–бир заттын экинчи бирөөгө таандык экендигин, табыш жөндөмө кыймыл-аракет багытталган тике объектини көрсөтөт. Бирок грамматикалык жөндөмөлөр менен мейкиндик жөндөмөлөрдүн ортосуна туруктуу чек коюуга болбойт. Анткени алар бири-бири менен өз ара карым-катнашта. Мисалы, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү көбүнчө кайда? кайдан? деген сыяктуу суроолорго жооп берип, мейкиндик маанисин берүү менен кээде кимге? эмнеге? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден? өндүү суроолорго жооп берип, кыйыр объектини да көрсөтүп калат. Ошол себептүү жөндөмөлөрдү жогоркудай эки топко бөлүү шарттуу гана бөлүштүрүү болуп эсептелет.

Жөндөмөлөр	Кыргыз Тили	Казак тили	Хакас тили	Азербайжан тили	Гагауз тили	Түркмөн тили	Түркия түрк тили	Татар тили
Атооч	-	-	-	-	-	-	-	-
Илик	-нЫ°н -тЫ°н -дЫ°н -(н)Ы°н	-ның -дың -тың	-ның -ниң -тың/ -тиң	-Ын, -Ун -нЫн, -нУн	-Ын -ан,- н -ак,-ек -нИ°н	-ың, -уң -ның -ниң	-нЫ -Ы	-ның -нең
Барыш	-кА° -гА° -нА° -А°	-га/ге -ка/ке -А	-ға/ге -ха/ке -а/е	-А -йА	-а/ -йа/й	-А -нА -к[1]	-А -йА	-га/ -ге -ка/ -кә
Табыш	-нЫ° -тЫ° -дЫ° -(н)Ы° -н	-нЫ -дЫ -тЫ	-ны/ни -ты/ти	-Ы -нЫ	-Ы° -а/ -йЫ°	-(н)Ы	-Ы -йЫ	-ны/ -не
Жатыш	-дА° -тА°	-дА -тА	-да/де -та/те	-дА	-да/д -та/т	-дА	-дА -тА	-да/дә -та/тә
Чыгыш	-дА°н -тА°н -(д)А°н -нА°н	-дАн -тАн	-дан/ -дең -наң/ -нең -аң/ -тең	-дАн	-дан/ -д н -тан/ -т н	-дАн	-дА°н -тАн -Ан	-дан -дән -тан -тән -нан -нән

[1] Түрмөн тилинде башка түрк тилдеринен кездешпеген барыш жөндөмөсүндө –к мүчосу колдонулат.

Курал	-	-менен -мен -бенен -бен -пенен -пен	- нан/нең	-	-	Билән[2]	Ile	-
Тендик	-	-дАй -гАй	-	-жА -чА	-	-	-чА -жА	-
Багыт	-	-	-сар/ -сер -зар/ -зер	-	-	-	-	-

Тектеш түрк тилдүү элдердин жөндөмө мүчөлөрү

Түрк тилдеринде жөндөмөлөр сан боюнча бирдей эмес, көпчүлүгүндө-кыргыз, өзбек, башкыр, кумык, гагауз ж.б. тилдеринде – алтоо. Казак, шор, чуван, Түркия түрк тилдеринде жетөө. Алтай, хакас, якут тилдеринде тогуз.

Ар бир түрк тилинде түрдүүчө формада кездешүүчү жандооч <менен> айрым тилдерде кыскартылып, курал жөндөмөнүн мүчөсүнө айланган. Мисалы, казак тилинде: бирлен-менен // бенен // пенен - мен, -бен, -пен (таспен ур). Ошол эле сөз шор, чуваш тилдеринде: бирлен-пыла // пиле; палан // пелен-па, -пе: (мисал, шор тилинде: пычакпабычак менен; чуваш тилинде: парахутпа-параход менен; Алтай тилинде: бирлен - была // биле-ла, -ле: матала –балта менен).

Кыргыз тилинде <менен> мүчөгө айлана элек. Ал бүтүн сөз сыяктуу өз алдынча басымга ээ. Жогорку тилдердеги куралдык жөндөмөнүн мааниси кыргыз тилинде атооч жөндөмөсүндөгү сөзгө *менен* жандоочунун айкашуусу аркылуу берилет: балта менен чапты, апасы менен келди.

Дүйнө жүзүндөгү тилдерде жөндөмөлөрдүн сан жагынан ар түрдүү болушу, негизинен, төмөнкү кырдаалдар менен түшүндүрүлөт: көпчүлүк жөндөмөлөр көп маанилүү келет да, айрым тилдерде ал маанилер гана жөндөмө менен берилсе, экинчи бир тилде эки же андан артык жөндөмө менен берилет, натыйжада бир тилде жөндөмөнүн саны аз болсо, экинчисинде көбүрөөк болуп калат. Мисалы, хакас тилиндеги дательный (барыш) атхаатка, направительный (багыт) атсар – <атка карай> деген мааниде. Ушул сыяктуу сөздөр барыш жөндөмөсүндө туруп багытты билдирет. Бул жөндөмөлөрдүн мааниси кыргыз тилинде болсо барыш жөндөмөсү менен гана берилет. Ал эми якут тилиндеги курал (орудийный падеж), биргелешүү (совместный) жөндөмөлөрүнүн мааниси казак, шор, Алтай, хакас тилдеринде бир гана курал жөндөмөсү берилет; якут, Алтай тилдериндеги салыштырма жөндөмө кыргыз тилинде сын атоочтун салыштырма даражасы аркылуу берилет.

Атооч жөндөмөсү. Бардык түрк тилдеринде бул жөндөмө мүчөсүз. Атооч жөндөмөдөгү сөздөр дайыма жекелик, көптүк түрдө, же таандык формада турат да, башка жөндөмөлөрдүн уюшулушуна база болот. Маани жагынан адамдын, буюмдардын, кубулуштун атын билдирет.

Илик жөндөмөсү. Жалпы түрк тилдеринде илик жөндөмөсүнүн мүчөлөрү дээрлик бирдей. Кумык, карачай-балкар тилдеринде, өзбек тилинин Ташкент, Фергана ж.б. говорлорунда илик жөндөмөсүнүн мүчөсү форма жагынан табыш жөндөмөсү менен бирдей болгондуктан, алардын ар биринин мааниси контекстиге карай айырмаланат; кумыкча *бала-ны* –баланын, *таш-ны* - тишти деген мааниде. Же өзбекче *отты бошы* - аттын башы, *тов-ды суву* - тоонун суусу.

Барыш жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилиндеги мүчөсү **-га**. Кандайдыр бир нерсени, кыймыл-аракеттин кимге? эмнеге? Кайсы адресатка багытталгандыгын билгизүү – барыш жөндөмөсүнүн негизги милдети. Илим элге, суу жерге. Чолпон атасына кат жазды.

Табыш жөндөмөсү. Кыймыл-аракет тике, түздөн-түз багытталган объектини (затты) билгизет да, сүйлөмдө тике толуктоочтук милдетти аткарат. Жоого сырынды бергиче, жанынды бер.

Жатыш жөндөмөсү. Кыймыл-аракеттин кайда болорун, болгондугун, качан, кайсы мезгилде болорун жана ошондой эле белгинин, буюмдун, сапаттын ж.б. кимде, эмнеде, экендигин туюндурат да, сүйлөмдө баяндоочтун милдетти аткарып калат. *Студенттер китепканада.* (кайда экендигин билдирди). *Кышта көрсөң камылга – келерки күздө табылга.* (качан жана кайсы мезгил экендигин билдирди).

Жылкынын сыны күлүнда
Туйгундун көркү түлөктө
Баатырдын көркү жүрөктө
Азаматтын көркү жүртунда.

Чыгыш жөндөмөсү. Көп маанилүү бул жөндөмө кыймыл-аракеттин чыккан ордун, булагын билгизип, кайдан? кайсы жактан? деген суроолорго жооп берсе, ошол учурда заттын кимден, эмнеден пайда болгондугун, жаралгандыгын түшүндүрүп кимден? эмнеден? деген суроолорго жооп берет. Мындан башка кыймыл-аракеттин кайсы мезгилден башталарын (качантан? кайсы мезгилден?), болуш себебин түшүндүрүп, эмнеликтен? эмне болгондуктан? деген суроолорго жооп берет. *Ал оорудан жүдөдү. Эстүүлүктөн ошол ишти жасады.*

Курал жөндөмөсү. Бул жөндөмөдөгү негизги сөз ортоктук, биргелик, куралдык, көлөмдүк, мезгилдик, каршылык, себептик маанилеринде иштин жөн-жайын билдирет. Ушул маанилерине карай сүйлөм ичинде толуктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат. *Сакый Карасаймен катар келе жатты. Окуу жөнүндө ал акасимен акылдашты. Таспен урганды ашпен ур.*

[1] «билән» байламтасы мүчө катарында эмес, жардамчы сөз катарында колдонулат.

Тендик жөндөмөсү. Бул жөндөмөнүн мүчөсү - **ча, -жА.** Бул жөндөмө Түркия түрк тилинде, азербайжан түрк тилинде жана казак түрк тилинде кездешет.

Мисалы, dilince – dili gibi,
Tekce – yalnэz,
Mence – benim gibi жб.

Багыт жөндөмөсү. Бул жөндөмө хакас тилинде кездешетда багытты, таандыкты билдирет. Мүчөсү –Сар / -сер, зар / -зер. *Менин эжем – пичемзер. К лету – чайсар, к зиме хысзар.*

Адабияттар

1. Кыргыз тилинин грамматикасы (морфологиясы). – Ф., 1964.
2. Современный татарский литературный язык. – М., 1969.
3. Казыркы казак тили. – Алматы, 1954.
4. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили (Морфология). – Ф., 1980.
5. Покровская Л. А. Грамматика гагаузского языка. – М., 1964.
6. Грамматика хакасского языка. – М., 1975.

Elnura USUPOVA,
Uluslararası Atatürk Alatoo Üniversitesi

ORHUN VE KİRGİZ TÜRKÇELERININ ÜNLÜ SISTEMLERI

Yazılı belgeleri günümüze kadar ulaşan en eski lehçe olarak bilinen Orhun Türkçesi terimi ile VIII. yüzyılın ilk yarısında Göktürklerin konuştuğu lehçeyi kastederiz. Bu lehçe tabii ki, II.Göktürk Kağanlığının (680-740 yılları) resmi dili ve bundan önce aynı bölgede konuşulan eski bir Türk lehçesinin devamı durumunda olmuştur. Orhun Türkçesi, Türk Dili ailesinde Doğu grubunun içerisinde yer alır (1: 1997, 89).

Günümüz Türk lehçeleri içerisinde en zengin vokal sistemine sahip olan Kırgız Türkçesi terimi ile Kırgızistan Cumhuriyetinin yerli halkının dilini kastederiz. Kırgız Türkçesi, Türk Dili ailesinde Kuzey-Batı grubu içerisinde yer alır (1: 1997, 286).

Bilinen en eski lehçe olan Orhun Türkçesi ile çağdaş Kırgız Türkçesinin dil özellikleri, tabii ki, her yönden benzerlikler ve ayrılıklar taşımaktadır. Bu çalışmanın amacı onların vokal sistemlerini mukayese ederek tespit edilenleri ortaya koymaktır.

Orhun Türkçesinde aşağıdaki ünlüler mevcuttur: *a, e, é, ı, i, o, ö, u* ve *ü*. Ünlüler, */é/* sesi hariç, niteliklerine: dilin, altçenenin ve dudakların aldıkları durumlara göre üç grup altında toplanıyor: kalın (*a, ı, o, u*) ve ince sıradakiler (*e, i, ö, ü*), geniş (*a, e, o, ö*) ve dar ünlüler (*ı, i, u, ü*), düz (*a, e, ı, i*) ve yuvarlak ünlüler (*o, ö, u, ü*). Ünlüler nicelikleri bakımından da sınıflandırılır. */é/* sesi dışında, tüm kısa ünlülerin uzun karşılıkları bulunmaktadır (2: 1968, 50). Meşhur Rus bilim adamı Kononov, */é/* sesini düz, orta geniş, ince sıradan bir ünlü olarak nitelendiriyor (3: 1980, 60).

Çağdaş edebî Kırgız Türkçesinin vokal sistemi sekiz kısa ünlü (*a, e, ı, i, o, ö, u* ve *ü*) ve altı uzun ünlü (*aa, ee, oo, öö, uu* ve *üü*) olmak üzere on dört fonemden oluşmaktadır. Bunlar ağız biçiminin durumlarına göre üç gruba: kalın ve ince, geniş ve dar, düz ve yuvarlak ünlülere ayrılıyor. Radloff, Kırgız Türkçesinin kuzey diyalektinden topladığı malzemelere dayanarak Kırgızca'nın ünlü sisteminde dokuzuncu kısa */ä/* foneminin bulunduğunu söylemiştir. Ancak Batmanov İ.A. sözkonusu foneme Kırgızca'nın kuzey diyalektinde değil, güney ağızlarında (Alay, Nookat vs.) sıkça rastlandığını belirtmiştir (4: 1963, 32). */ä/* fonemi kalın sıradaki */a/* sesinin dilin biraz daha ileriye sürülmüş durumunda çıkan varyantı sayılır ve geniş, düz, ince sıradan bir ünlü olarak vasıflandırılır.

Orhun Türkçesinin vokal sisteminin önemli özelliği seslilerde nicelik bakımından bir karşılığın, başka bir deyişle kısa ünlünün karşıtı olan uzun ünlünün mevcudiyetidir. Uzun ve kısa ünlüler arasındaki ayrılık yazıtların imlâsında bile farkediliyor, örnek olarak, kısa */a/* sesi yazıda genellikle ayrı bir işaret ile belirtilmemesine karşın uzun */ā/* sesinin gösterildiği söyleniyor (5: 2003, 25). Orhun yazıtlarında uygulanan yazı sistemi hece yazısı ile alfabetik yazı sisteminin bir karışımı olduğu için ünlü harflerinin kullanılışı, özellikle kısa ünlülerin yazımı sınıra konmuştur. Kiril alfabesini kullanan Kırgızca ise yukarıda gördüğünüz gibi, yazıda uzun ünlüleri çift harf, kısa seslileri ise tek harf ile karşılamayı uygun görmüştür.

Orhun Türkçesindeki uzun ve kısa fonemlerin sayısı, */é/* sesi hariç, birbirine denk geliyor, yani sekiz temel kısa ünlünün sekiz tane uzun karşılığı bulunuyor. Şerbak, bazı Türk lehçelerinde, Kırgız Türkçesi dahil olmak üzere, bu denkliğin kaybolduğunu söylüyor. Örneğin, Gagavuzca'da sekiz kısa ve yedi uzun ünlü (uzun */öö/* fonemi yok), Azeri Türkçesinde dokuz kısa ve altı uzun ünlü (uzun */öö, üü, ıı/* sesleri bulunmuyor) mevcuttur. Kırgızcanın sekiz kısa ünlnüsünün altısı uzun karşılığa sahip, */ı/* ve */i/* seslerinin uzun karşıtları yoktur (6: 1970: 48).

Bilim adamları Türk lehçelerinde görülen uzun ünlüleri birincil ve ikincil uzunluklar olarak iki ayrı grup altında topluyorlar. İkincil uzunlukların oluşumu lehçelerin ayrı ayrı gelişimi sırasında gerçekleştiği için Türk dilinin bütün gelişim tarihini yansıtamaz, birincil uzunlukların ortaya çıkışı ise taa İlk Türkçeye kadar göttürülüyor ve günümüzde kimi lehçelerde izleri kolayca takip edilirse kimi lehçelerde tamamen ortadan kalkmasından dolayı rastlanması olanaksızdır. Birincil uzunluklar bazılarında uzun ünlü, diftong vs. şekillerde yaşamaya devam etmekte, bazı lehçelerde ise kısalarak ünlünün kısa karşılığı ile aynı nicelikteki bir sese dönmüş bulunmaktadır.

Şerbak, Türk lehçelerindeki ikincil uzunlukların ortaya çıkışının birkaç nedenini açıklamış; birincisi kelime içindeki ünsüzün belirli durumlarda eriyip düşmesi ve komşu ünlünün uzaması sonucu oluşmuştur. Kırgızca'daki ikincil uzun ünlülerin çoğu çeşitli ses gruplarındaki fonetik gelişmeler yoluyla ortaya çıkmıştır: V+tonlu ünsüz > VV, V+tonlu ünsüz+V > VV. Uzunlukların temelinde yatan tonsuz ünsüzler olarak /g/, /b/, /ñ/, /d/ seslerini sıralayabiliriz. Örneğin,

V+g > VV	Orh. tag > Krg. too 'dağ'*
V+b > VV	Orh. sub > Krg. suu 'su'
V+g+V > VV	Orh. agız > Krg. ooz 'ağız'
V+b+V > VV	Orh. tebi > Krg. töö 'deve'
V+ñ+V > VV	Orh. siñük > Krg. söök 'kemik'
V+d+V > VV	Orh. idi > Krg. ee 'sahip, iye'

Ünlü Rus bilim adamı Şerbak'ın fikrine göre, eğer /ñ/ ünsüzü sonseste yer almışsa çağdaş Türk lehçelerinde pek büyük değişime uğramamıştır. Çuvaşçada ñ > m sesine, Azeri, Karayim, Türkiye Türkçelerinde ñ > n sesine dönmüş, Kırgızcada ise /ñ/ sesi olduğu gibi korunmuştur: Orh. *biñ* > Krg. *miñ*, Orh. *öñ* > Krg. *öñ*.

Kırgızca'nın bazı ağızlarında, Talas ve Çatkal bölgelerinde, bazı durumlarda uzun yuvarlak ünlülerin yerine /ow/, /öw/, /uw/, /üw/ (krş. *too* ve *tow 'dağ'*, *suu* ve *suw* 'su') diftongları kullanılmaktadır. Bunun dışında, bazı ağızlarda uzun */ee/* ünlüsünün yerine daha arkaik olan *eye* ve *ege* şekillerinin korunmuş olduğu öne sürülmektedir (4: 1963, 34; 7: 1998, 37). Kırgızcanın çeşitli ağızlarında izleyebildiğimiz bu kelimeler dilimizde bulunan ikincil uzunlukların bugünkü durumundan bir önceki gelişim aşamasını sergilemektedir: b > w > ø. Bir başka deyişle gevşeyerek yarım ünlülere dönen ünsüzlerin eriyip düşme süreci son noktasına henüz ulaşmış değildir.

Uzunluğa dönüşme yolculuğunu henüz tamamlamamış olan fonetik gelişmeler sık sık karşınıza çıkar. Bunlardan biri b > y > ø. Ancak bazı kelimelerde /b/ sesinin değişimi ara menzile ancak vardığına işaret etmektedir: Orh. eb > Krg. üy 'ev', Orh. sebin- > Krg. süyün- 'sevin'.

Kırgızcada mevcut olan diğer bir uzunluk Arapça, Farsça gibi dillerden ödünç alınmış bazı kelimelerde bulunan uzun ünlülerin korunması, ikincisi ünsüzlerin düşerek yan pozisyonda bulunan ünlüyü uzatması sonucu ortaya çıkmıştır: *saat > saat, nâm > naam, şahr > şaar, mihr > meer, devr > door* vb.

Demek ki, çağdaş Kırgızcada geçen uzun ünlülerin çoğu çeşitli nedenlerden dolayı sonradan ortaya çıkmış ikincil uzunluklardır. Ancak birincil uzunlukların az sayıda bile olsa halâ korunduğunu kardeş lehçelerin uzunlukları ile yapılan karşılaştırmalar ortaya koymaktadır: *Gag. ârı ~ Hak. âr ~ Krg. aarı 'bal böceği', Tkm. yıràk~ Yak. ıràh~ Krg. ıraak 'uzak', Hal. sû°cuq~ Krg. çooçu- 'ürk-,', Tkm. ûk~ Krg. uuk 'çadırın üst direği', Hal. yû- Krg. cuu- 'yıka-'* (8: 2007, 31-35).

Kırgızcadaki uzunlukların çoğu ikincil ise Orhun Türkçesinde izleyebildiğimiz uzun ünlüler birincil uzunluklardır. Uzun ünlüler yazıtların imlasında ayrı bir ses işareti ile gösterilmiştir ve bunlar çağdaş Türk lehçelerinde korunan birincil uzunluklara uymaktadır. Orhun Türkçesinde uzun /â/ sesinin varlığı hem yazıda görülmekte hem de karşılaştırma sonucu tespit edilmektedir: *âç* 'aç olan, acıkmış' (BK: d-38) (krş. Tkm. âç, Yak. ās), *ât* 'ad' (BK: d- 7) (krş. Tkm. ât, Yak. āt), *tâş* 'taş' (KT: k- 13) (krş. Tkm. dâş, Yak. tās), *apâ* 'ata, ecdat' (BK: d- 3) (krş. Hak. abâ 'ağabey', Yak. ubay) (6: 1970, 50-52).

Uzun /î/ sesinin mevcudiyeti kitabelerdeki yazıda açıkça belli olmamaktadır. T.Tekin, Türkmencenin ve Yakutçanın fonetik malzemeleri ile kıyaslayarak aşağıdaki tek heceli kelimelerde yer alan /ī/ foneminin uzun olduğunu tahmin etmekte: *ī 'ağaç, orman'* (T I: k- 2) (krş. Uyg. î, ıg, ıī), *īd-* 'gönder-' (BK: d- 25) (krş. Yak. īt-), *kīz* 'kız' (T II: g- 4) (krş. Yak. kīs, Tkm. gīz), *kīz-* 'kız-, kızar-' (T II: b- 5) (krş. Yak. kīs-) (2: 1968, 51). Bilgin, aynı şekilde bir yönden kitabelerin imlasına bakarak, diğer yönden aslî uzunlukları bulunan günümüz Türk lehçelerinin dil malzemeleri ile mukayese yaparak diğer uzun seslilerin */ç/, /ô/, /û/, /u/, / ï/, /ö/* varlığını tespit etmiştir.

Uzun /ô/ sesi	Orh. *yôk* 'yok, değil' (T I: b- 3) > Tkm. *yôk*, Yak. *suoh;*
Uzun /û/ sesi	Orh. *yûrt* 'yurt, vatan' (T I: b- 6) > Tkm. *yûrt*, Yak. *sûrt*;
Uzun /ï/ sesi	Orh. *kïş* 'samur' (BK: k- 11) > Yak. *kïs*, Orh. *bïn-* 'bin-' (KT: d- 32) > Yak. *mi?n-*, Orh. *kïr-* 'gir-' (BK: d- 38) > Yak. *kïr-*, Tkm. *gïr-*
Uzun /ç/ sesi	Orh. *bçr-* 'ver-' (BK: g- 7) > Yak- *bier-* Orh. *bçş* 'beş' (T II: g- 5) > Yak. *bies*
Uzun /ö?/ sesi	Orh. *kök* 'mavi, gök' (KT: d-1) > Yak. *küöh*, Tkm. *gök*, Orh. *böri* 'kurt' (BK: d- 11) > Tkm. *bö?ri*, Hak. *pur*
Uzun /u/ sesi	Orh. *ku* 'ün, şöhret, haber' (KT: d- 4) > Uyg. *ku*, Krg. *ku*, Orh. *kuç* 'güç, kuvvet' (KT: d- 8) > Yak. *kus*, Tkm. *güyç*, Orh. *tun* 'gece' (T I: k- 2) > Yak. *tun*, Tkm. *düyn*.

Orhun Türkçesindeki asli uzunluklar çağdaş lehçelerde kimi zaman uzun ünlüler, kimi zaman da ikiz sesler şeklinde korunmuştur. Demek ki, Orhun Türkçesinde asli uzunlukların mevcudiyetine işaret eden imla özellikleri o lehçenin vokal sistemi ile ilgili tabloyu oluşturmaya yardımcı olmaktadır.

Kaynakça

1. Языки мира. Тюркские языки. – Б., 1997.
2. Tekin T. A Grammar of Orkhon Turkic. Bloomington, 1968.
3. Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников VII-IX вв. Ленинград, 1980.
4. Батманов И.А. Современный киргизский язык. – Ф., 1963.
5. Tekin T. Orhon Yazɔtlarɔ (Kьl Tigin, Bilge Kapan, Tunyukuk). Ɔstanbul, 2003.
6. Щербак А.М. Сравнительная фонетика тюркских языков. Ленинград. 1970.
7. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1998.
8. Alimova C. *Kırgız Türkçesinde Aslî Ünlü Uzunlukları*// Turkish Studies/Türkoloji Araştırmaları. Volume 2/2 Spring 2007.

* Bazı kelimelerde bu gelişme daha ileriye gitmiş olduğu, hatta imla kurallarınca kabul edildiği söylenebilir: *sarıg > sarı 'sarı', süçig > çüçü 'tatlı', ölüg > ölü 'ölü', kiçig 'kiçi' 'küçük'*. Bu durumun birkaç açıklaması olabilir. Birincisi, Kırgızca bu kelimeleri daha ileri gelişim aşamasına ulaşmış diğer Türk lehçelerinden kabul etmiş olabilir; ikincisi söz konusu kelimelerin sıkça kullanılmasından kaynaklanabilir. Gerçi, sonuncusu bizce gerçeğe daha yakındır. Konuşmada özellikle sonu uzun ünlüyle tamamlanan kelimeden sonra gelen sözcüğün önsesi ünlüyle başlıyorsa, uzun ünlünün kısaldığı ve düzleştiği fark edilmiştir. Örneğin, yazıda *katuu ayt-* söylenişi *katı ayt-* 'sert konuş-' şeklindedir.

Т. Садыков,
К.Карасаев атындагы БГУ,
А.С. Шахарман,
Торайгыров атындагы ПМУ

ДИСКУРСТУН ТҮРЛӨРҮ: I

Азыркы замандагы адамдардын өз ара карым-катыш жасап, тил аркылуу албан түрдүү билимге кол жеткирип турушу элибиздин эл аралык байланыштары менен маданий алакаларынын өркүндөп өнүгүшүнө жол ачууда. Мындай шартта билимди өздөштүрүүдө зарыл жана жетиштүү болгон коммуникативдик компетенциянын өзү татаал да, курамдаш да түшүнүк экени аныk. Бул өңүттөн лингвистикадагы коммуникативдик компетенция түшүнүгү төмөнкү багыттар боюнча аныкталат:

а) лингвистикалык компетенция – тилди анын ички системасы менен бирге бүтүндөй өздөштүрүү;

б) коммуникативдик компетенция – социалдык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен карым-катыш жасоо;

в) эл таанымдык компетенция – тили окулуп жаткан эл тууралуу маалыматтарды өздөштүрүү;

г) кесиптик компетенция – тилди окутуу үчүн керектүү кесиптик билим, ишкердик жана шыкжөндөм.

Компетенциянын бул түрлөрү тилдик катнашта ишке ашырылат да, дискурстук компетенцияны калыпташтырат. Дискурс көп маанилүү түшүнүк, окутуунун максаттары менен милдеттеринин убакыт талабына шайкеш тынымсыз өзгөрүп турушуна байланыштуу дискурс түшүнүгү да жаңы маанилерге ээ болуп, анын ролу менен кызматы да өзгөрүп, жаңы жагынан тааныла баштайт. Ал дискурстук компетенция дегенибиз, окумуштуулардын пикиринче, дискурстун ар түрүн ажырата алуу, аларды түзүү жолдорун билүү, кеп учурунда дискурстун керектүү түрүн колдоно билүү жана түшүнүү билгичтиги болуп табылат.

Дискурсту талдоодогу когнитивдик ыкма лингвистикалык түзүлүштөгү жана адамдын дүйнө тууралуу түшүнүгүнүн кандай калыпташканын, адамга же социалдык топко тиешелүү, же бүтүндөй коомго таандык түшүнүк экенин аныктоого жардам берет. Аталган ыкма адамдын когнитивдик түзүлүшү бир гана орток милдеттин тегерегинде өз ара байланышкан, адам аң-сезимининн маңызын аныктаган кабылдоо процессин түшүндүрүү, билимди топтоо жана өзгөртүү болуп табылат [14].

Дискурстун өтө маңыздуу аспектиси – интердискурсивдүүлүк. Аталган түшүнүк дискурс маселелери менен атайын дискурстардын ортосундагы өз ара жеке байланыштарга деген кызыгуучулуктун артышы менен байланыштуу тил илимине кийин кирген. Натыйжада интертекстүүлүк жана интертекст теориялары сыяктуу интердискурсивдүүлүк теориясы майданга келди.

Интердискурсивдүүлүк – бир гана коммуникативдик багыттагы бир нече атайын дискурстардын бир интердискурска топтолуу процесси. Интердискурсивдүүлүк деп бир убакта бир нече атайын дискурстарды мүнөздөгөн тилдик бирдиктер, түзүлүштөр, сөздүн функционалдык-маанилик түрлөрү аталат [5: 92]. Интердискурстун бирденбир айкын көрүнүшү көркөм адабий чыгарманын материалдары экени талашсыз. Көркөм чыгарманын интертекстуалдык, кененирек айтканда, интердискурсивдик мүнөздөмөсү текстеги маданий–тарыхый, улуттук объектер менен белгилик системанын өз ара таасиринин мүнөздөмөсү болуп табылат. Аталган кубулуш аркылуу биз интертекстуалдуулук менен интердискурсивдүүлүк теорияларынын өз ара тыгыз байланышын көрө алабыз. Ошондой эле ар кандай тексттик система менен маданий объектерди боюна жыйнаган чексиз интертекст концепциясын көптөгөн атайын дискурстарга «бөлүштүргөн» адамзат билим системасынын бирдиги болуп табылган интердискурс концепциясы деп да кароого болот. Мындай интердискурсивдик көрүнүш азыркы басма сөз тилинен да айкын байкалат.

Адамзаттын аң-сезими менен карым–катышынын социалдык-тарыхый жагдайын эскерүү менен булардын түрүнө карай атайын дискурс же дискурс түрлөрү деп жиктөөгө болот. Мисал катары медициналык, укуктук, саясы, жарнамалык ж.б. дискурстарды көрсөтүүгө болот. Аталган изилдөөнүн негизги багыты дискурстардын маанилик бирдигин аныктоо, бир темадагы жеке текстерде камтылган тилдик бирдиктердин колдонушундагы окшоштуктарды аныктоо болуп саналат. Маселен, саясы дискурс заң чыгаруу, ички партиялык курулуш, саясы жарнама сыяктуу коммуникативдик–тилдик салаада колдонулат да, аны төмөнкүдөй текстер түзөт: заң долбору, заң, заң актылары, партия программасы, комментарий, шайлоо алдындагы баяндама (сөз), баракчалар, суроо-жооп, жарнамалык текст ж.б.лар Анда текст пикирлердин системдүү тизмеги деп каралган болсо, дискурс өз ара байланышкан тексттердин тизмеги болуп чыгат.

Кээде бир гана дискурс ар түрдүү тексттердин мазмунунда кездешиши мүмкүн, мисалы, жарнамалык кабар саясы дискурстун курамында партиялык жарнама катары колдонулса, адабият жана өнөр дискурсунда белгилүү бир фильмдин же спектаклдин жарнамасы болот. Ал эми турмуштук дискурста белгилүү бир тавардын же турмуштук кызматтын жарнамасы болалат.

Биз талкуулап жаткан дискурстун эки түрдүү аныктамасы өз ара байланышы жок, бири биринен алыс түшүнүктөр эмес, ал экөө бир гана кубулуштун ар жагын көрсөтөт. Маселен, 1-дискурс түшүнүгү белгилүү бир коммуникативдик нормага шайкеш коммуникативдик кубулушту көрсөтөт да, «убакыт мейкиндигинин» тарыхый, идеологиялык, психологиялык реконструкциясы болуп табылат. Ал эми 2-дискурс түшүнүгү өз ара байланышкан бир нече жеке тексттер комплексин билдирет.

Ошентип, дискурс деп өз ара ситуациялык жактан үзгүлтүксүз байланышкан текст(дер)ди атоого болот, бул байланыш социалдык, маданий–тарыхый, идеологиялык, психологиялык ж.б. факторлор аркылуу толукталат. Ошондой эле автордун адресатка таасир этүүчү коммуникантивдик–прагматикалык жана когнитивдик максат–милдеттери, анда колдонулган түрдүү деңгелдеги тилдик бирдиктер да башкы назарда болот. Дискурс белгилүү бир формадагы түзүлүш катары «текст» түзүүчү коммуникативдик процесс [2: 20]. Изилдөө милдетине карай дискурс бирде нагыз коммуникативдик кубулуш деп каралса, бирде жеке коммуникативдик актылар менен мазмуну жана темасы орток тексттер тизмеги деп каралат. Биздин оюбузча, соңку аныктама экономикалык дискурс, илимий дискурс, диний дискурс сыяктуу жеке түшүнүктөрдүн маанисин так жана даана аныктайт.

Илимий дискурс. Буга мүнөздөмө берүүдө Ю.С. Степановдун: «Дискурс адамзатка таандык өзгөчө касиеттерди, идеологияны жеткизүү үчүн колдонулган.... өзгөчө тилдик иш-аракет; мындай өзгөчө колдонуш тилдин көпчүлүккө белгисиз айрым жактарын камтып, натыйжада грамматика менен лексиканын өзгөчө эрежелерин жаратат да,... өзгөчө «менталдуулук дүйнөсүн» курайт» деген пикирин жетекчиликке алган жөн.

Илимий текст же илимий коммуникация ар түрдүү багыттагы изилдөөчүлөрдүн назарында болуп келет. Бул бир жагынан тилдик бирдиктерди колдонушун изилдөө болсо, экинчи жагынан илимий текст чет тилин окутууда, тармак аралык байланышты орнотууда ж.б.ларда элдер ортосундагы илимий байланыштын негизинде туулган интернационалдык теория куруудагы башкы курал болуп табылат. Илимий тексттин аталган милдети илимий тексттин негизинде чет тилин окутуунун өзгөчө ыкмасын иштеп чыгууну, автордун илимий маалыматты курууда лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрдү жетик өздөштүрүшүн талап этет.

Илимий тексте автор өзү сунуштаган маалымат менен катар өз калоосун, кызыгуусун, максаттары менен планын бирге берет. Аталган субъективдик маалыматтар автордун маалыматка деген жеке көз карашы, берген баасы түрүндө көрүнөт.

Лингвистикага тиешелүү илимий тексте тил илиминин тактык, логикалык, абстрактуулук сыяктуу экстралингвистикалык белгилери эскерилет. Асыресе логика менен андан туунду тактык тил илиминин милдеттүү белгилери. Ошондой эле логика илимий текст куруунун алгы шарты болуп табылат. «Илим тилинин логикасы мүнөздөлүп жаткан илимдин логикасына жол ачат, ошол илимдин эрежесине тиешелүү бүтүмдөрдү тыянактай турган ыкма, бүтүм жасоодо негизги логикалык категориялар менен эрежелерди жетекчиликке алат» [11: 4-5].

Илимий текст аркылуу берилген жаңы билим илимий тажрыйбада мурдатан калыпташкан көз караштар менен теорияларга таянат [Гончарова 2001: 59-68; Словгородская 1986]. Ар бир жаңы илимий концепция канчалык жаңы, кайталангыс концепция болсо да, мурдатан белгилүү концепциялардын тогошуусунан, бирин бири толукташынан, андан ары өнүгүшүнөн пайда болот. Ар бир жеке адам илимий коммуникацияга катышуу үчүн анын көлөмдүү жана керектүү багытта атайын *идиолекти* болушу шарт. Бул жерде *идиолект* дегенибиз белгилүү бир жеке инсандын же социалдык тармактын коммуникативдик өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн тилдик каражаттар системасы [4]. Аталган тилдик каражаттар системасында жалпы илимий жана атайын лексика, ошондой эле илимий дискурс авторунун жаңы бүтүмү тууралуу *маалымат берүүгө, аны далилдөөгө жана окутууга,* тактап айтканда, *жаңы билим берүүгө* өбөлгө болгон грамматикалык (биринчи кезекте синтаксистик эрежелер) норма маңыздуу экени ачык [13]. Бул жердеги тилдик каражаттар дегенибиз, В.К.Адмонинин айтуунча, «белгилүү бир илимге тиешелүү бардык түшүнүктү камтыган жана так иштетилген коддор» (четко отработанные коды, охватывающие все понятия, которые оперирует соответствующая наука, и все параметры этих понятий) [1: 106]. Илимий тексттин автору башка да окумуштуулардын тексттериндеги маалыматтарга каршы пикирин белдирүү менен өзүнүн жеке концепциясын курат да, аны нагыз тилдик туунду формасында көпчүлүккө сунуштайт.

Илимий текст авторунун жогорку тилдик компетенциясы атайын лексикалык курамды, синтаксистик түзүлүштү, натыйжалуу когнитивдик жана коммуникативдик-прагматикалык катыштарды, илимий туундуну куруудагы атайын композициялык өзгөчөлүктөрдү билүүнү талап этет. Ар кандай окумуштуу өзүнүн илимий бүтүмүн көпчүлүккө түшүнүктүү ары жалпыга орток этип жеткизүү үчүн нагыз ары айкын курулган «тексттин мыкты позициясы» болушу шарт экенин жакшы билет. Аталган позиция курамына тексттин аталышы (ансыз эч бир илимий текст болбойт), башы менен соңу, бир нече абзац боюнча уюшулушу (изилдөөчүлөрдүн айтуусунча, илимий тексттеги ар бир абзацка жекече чакан тема жүктөлөт [9: 78-98]), тексттин ички түзүлүшүнүн бүтүндүгү кирет. Мындан биз илимий коммуникацияда текст түзүү учурундагы илимге таандык лингвостилистикалык түзүлүштүн *(текст прототиптери)* кайталанып, тексттин жеке топтору менен түрлөрүнүн моделин түзгөнүн көрөбүз [16: 31; 17: 44]. Мындай прототиптер тилдик коммуникациянын формасына да, мазмунуна да негиз болот. Жалпы алганда илимий тексттер (монография, диссертация, макала, баяндама, рецензия, аннотоция, дарс, окулук ж.б.лар) «ачык» тексттер катарына жатат, ошондуктан аларды прототиптендирүү мүмкүндүгү да бар. «Ачык» тексттин кыска жана бир өңчөй тилдик үлгүдө курулган «жабык» тексттерден башкы айырмасы алардын көлөмү да ар түрдүү, композициялык түзүлүшү да түрдүүчө болот [15: 402].

Илимий коммуникациядагы текст формаларынын көп түрдүүлүгүндө прототиптендирүү түшүнүгүн колдонууга болот, муну биз Е.А. Гончарованын төмөнкү пикиринен айкын көрө алабыз: «илимий карым-катыштын коммуникативдик-прагматикалык практикасында когнитивдик-тилдик жактардын экөө тең (илимий текстин автору менен анын окурманы/окурмандары) лингвистиканы гана жетекчиликке албайт, алар көбүнесе тилдик пикир алышуунун жеке адамга багыныкы болбогон орток эрежелер аныктаган когнитивдик-прагматикалык жана операциялык шарттарына таянуу менен жеке адам тилинин өзгөчөлүктөрүнө карай катнаш жасайт. Башкача айтканда, илимий карым–катыш тексти дискурс деңгелинде гана толук изилдениши мүмкүн, б.а. тексттин когнитивдик, прагматикалык, социалдык–тарыхый, социалдык–маданий, психологиялык ж.б. алгы шарттары аркылуу гана ага ар тараптан илимий талдоо жасоого болот» [3: 62].

Келтирилген үзүндүдө Е.А. Гончарова тарабынан азыркы илимий парадигмадагы «модага» айланган дискурс түшүнүгүн колдонгону байкалат.

Курчап турган чөйрө тууралуу билим алуу илимдин теориялык маалыматы менен практикалык аракети аркылуу мүмкүн болот. Бул жагынан Е.С.Кубрякованын айтканы маанилүү: «...Ар бир окумуштуу белгилүү бир коомдук жана маданий чөйрөдө жашайт, ал өз заманынын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, өзү өмүр сүрүп жаткан «мейкиндигинин» шарттарына көз каранды». П.Серианын айтуусунча, «лингвистикада калыпташкан эрежелерин кай жерде пайда болгону маңыздуу, ал эрежени чыгарган эл же маданий салтка байланыштуулугу көңүл чордонунда кармалат» [7].

Публицистикалык дискурс кеңири колдонуштагы кыймылдуу коммуникативдик форма болуп табылат. Ал көпчүлүк окурманга багытталган, өз боюндагы билим, идея, образ, баа берүүнү өзөктүү маселе катары суна билүү жөндөмү менен өзгөчөлөнөт. Публицистикалык дискурс «белгилүү бир тарыхый мезгилге тиешелүү тилдин» «өзгөчө эстелиги», ары «маданият менен тилдин өз ара алака-байланышынын күбөсү» болуп табылат [12: 67], мында тилдин вербалдык жана бейвербалдык бирдиктери камтылат. Публицистикалык дискурстун ушундай бирдиктеринин бири - турактуу сөз айкаштары.

Тил коомго кызмат этет да, коомдун өнүгүшү менен жетилишинин көрсөткүчү болот. Адамдын тили анын тарыхы сыяктуу адамзаттын материалдык жана руханий өнүгүшү менен бирдикте өзгөрөт, өнүгөт. Ошентип, тилде элдин таанымдык тажрыйбасы менен адам турмушундагы каталыктар, жашоо эрежелери, адамгерчилик нормалары, курчап турган чөйрөнү кабылдоо менен ага баа берүү мүмкүндүктөрү жыйнакталат. Эл өз тарыхында тилди калыпташтырды, тилге өзүнүн ички жана тышкы баалуулуктарын киргизди, руханий жана материалдык маданиятын өркүндөтүүдөгү тарыхый жана географиялык жагдайларды эскерүү менен дүйнөнү аңдап билүүгө умтулду, ошонун баарын тил аркылуу мурас кылып калтырды.

Жеке инсандын калыптанышына түздөн түз таасир этүүгө негиз болгон тике карым–катыш жасоо мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү болушунун натыйжасында жазма коммуникациянын зарылдыгы арган. Жазма коммуникациянын мазмуну - башкы маалымат булагы, белгилүү бир көз караш менен пикирди калыпташтыруунун каражаты катары бул аракеттер көбүнесе масс-медия аркылуу ишке ашырылат. Ошентип, публицистикалык дискурс деп эсептелген масс-медия көпчүлүк коом үчүн эң олуттуу, ыңгайлуу жана таасирдүү маалымат булагынын кызматын аткарат.

Публицистикалык дискурс бир жагынан мамлекеттеги саясы, экономикалык, адеп-ахлактык, эстетикалык ж.б. маселелерди объективдүү чагылдырса, экинчи жагынан карым–катышка катышуучулардын менталитетин чагылдыруу менен төмөнкүлөрдү камтыйт: кеп актысын жаратуу жана түшүнүүдөгү этнографиялык, психологиялык жана социалдык–маданий эрежелерди, ошондой эле жалпы менен жекени, белгилүү менен белгисиздин катышын, коюлган максатка жетүүнүн амалыкмаларын тандоодогу субъективдүүлүк менен жалпыга орток эрежелерди мүнөздөйт. Изилдөөчүлөр публицистикалык дискурстун эң башкы белгилери катары *расмиликти* (коммуниканттар ортосундагы расми карым–катыш, пикир алышуудагы эркиндик жана өз алдынчалык, кеп өнөктүгүндө ишкердик этикеттин салттуу нормага шайкештиги), *тактыкты* (бардык тексттердин максаты нагыз бир ойго багытталган, берилүүчү суректарды туура кое билүү, ан үчүн тилдеги сөздөрдү, формаларды, конструкцияларды максатка шайкеш тандай билүү, керектүү маанини кыска жана нуска бере турган башка да грамматикалык, синтаксистик каражаттарды ылгап алуу), *ыкчамдыкты* (публицистикалык дискурстун эң башкы белгилери болуп табылат. Маалыматты тез жана так жеткирүүгө жиберүүчү аракет кылат, ага шайкеш турмушта көп колдонулган аббревиатуралар менен кыскарган сөздөрдү жыш пайдаланат. Алар оңой эске сакталат, жазма тексте түшүнүктүү, ошондуктан автордун маалыматты кыска, нуска беришине өтө ыңгайлуу.), *калыптуулукту* (шаблондор менен стандарттар – гезит тилинин башкы өзгөчөлүгү. Анда берилген маалыматтын темаликалык алкагы айкындалган, чектелүү, түрдүү жагдайлар менен алардын колдонушу чектелген ары бир типтүү. Шаблондор ойду так жана логикалык жактан ыраттуу жеткизүүгө көмөктөшөт, алар маалыматты шөкөттөө үчүн, текти куроо үчүн кажет. Даяр сөз үлгүлөрү табиятынан бир өңчөй мааниге ээ, убакыт менен орунду үнөмдөөгө мүмкүндүк берет, ойдун эки анжылыгына жол бербейт. Публицистикалык дискурстагы шаблондор, даяр сөз үлгүлөрү кальпчыл болуп эсептелет, анын бөлүнбөс бир бөлүгү болуп табылат. Басма сөз кабарларын бир калыпка салуу аркылуу кальпчыл жагдайларды мүнөздөгөн аныктамаларды издөө үчүн артык убакыт чыгымдалбайт.), *стереотиптүүлүктү* (бир типтеги жагдай белгилүү бир типтеги тил менен берилет, натыйжада курулган текст «катуу тураталган сөз тизмеги, кеп компоненттеринин колдонушу менен сызыктуу, бир өңчөй ыратт уулугу катуу сакталган» кеп тибине шайкеш курулган болуп чыгат), *объективдүүлүк, айкындыкты* (публицистикалык дискурстун башкы кубулма белгиси болуп табылат. Публицистикалык дискурстагы айкындык бир гана мааниси бар сөздөрдү колдонуу менен мүнөздөлөт. Ал маанинин бурмаланышына жол берилбейт, текстти башкача талдоо-кабылдоо мүмкүндүктөрү чектелүү, ары белгилүү бир максатка жана жагдайга байланыштуу гана багытталат. Айкындык – бул дискурсту кабылдоо менен түшүнүү жеңилдиги эмес, мүнөздөп сыпаттоонун, бейнелеп сүрөттөөнүн нагыздыгы, ишкерчил тактыгы, буга дискурсту бир нече абзацка бөлүү аркылуу кол жеткизүүгө болот), *логикалык бүтүндүктү* (ишкерчил маселелерди ырааттуу коюга, нагыз маалымат берүүгө мүмкүндүк берет, маселен, окуя болгон күн, баарлашуунун алгышарттары ж.б. Маалыматты так жана тез берүү логикалык жактан текстти бир нече абзацка, үзүндүгө, композициялык бөлүктөргө бөлүүгө мүмкүндүк берет) келтиришет. Публицистикалык дискурстун жогоруда аталган белгилери анын социолингвистика, психолингвистика, лингвомаданияттануу, асыресе лингвистика менен байланышт уулугун көрсөтөт. Дискурс лингвистикасы, дискурс – белги, дискурс грамматикасы – дал ушул үч түшүнүк дискурстун лингвистика менен байланышынын айгагы. Дагы бир маселе, публицистикалык дискурстун оң жана терс баалоо тилдик каражаттары, айрым лингвистердин айтуусунча, гезит тилинин оң-терс каражатары болуп табылат. Публицистикалык дискурстун дискурстун башка түрлөрүнөн айырмасы – ал гуманитардык-социалдык билимдердин чегинде туруп, массалык коммуникация каражаттарынын өнүгүшүнө түздөн түз таасир этет.

Публицистикалык дискурс белгилүү бир тарыхый мезгилдин концептуалдык алкагын да көрсөтөт. Д.С.Лихачевдин пикиринче, концептуалдык алкак «жеке адамдын сөздүк кору менен бир тилдин бүтүндөй сөздүк корунун» негизинде айкындалган тилдин бүтүндөй мүмкүнчүлүгү [8]. Улуттук тилдин концептуалдык алкагы ошол улуттун маданияты менен тыгыз байланыштуу, ага улуттун тарыхы менен дини да кирет. Жеке концептуалдык алкак ар бир үй-бүлөнүн, социалдык уюмдун (мисалы, кесип жактан бириккен) концептуалдык алкагы менен байланыштуу калыпташат. Д.С.Лихачевдин пикиринче, жеке маданий тажрыйба, билим менен көндүм ж.б. адамдын когнитивдик тажрыйбасы концептуалдык алкакка кирет. Адамдын маданий тажрыйбасы канчалык аз болсо, анын тил байлыгы ошончолук төмөн, сөздүк корунун концептуалдык алкагы ошончолук тар болот. Д.С.Лихачев «концептуалдык алкакты» руханий байлык менен маданияттын белгиси катары карайт. Белгилүү бир концептуалдык алкакта өмүр сүргөн ар кандай улуттук тил үзгүлтүксүз өнүгө берет. Ал маданий эстеликтер жоголгондо гана өнүгүшүн токтотот.

Ошондой эле гезит тилинин өрүшү жалпы адабий нормадан кеңири жана адабий нормадан тышкары лексикага жакын экенин эскерүү кажет. Себеби адабий тил нормасын түпкүлүктүү өздөштүргөн адиштер гезит тилине адабияттан тышкары жаңы лексикалык бирдиктерди киргизет да, ал көпчүлүктүн колдонушуна айланат. Бул гезит тилин демократиялык багытта өнүктүрүүнүн кадимки көрүнүшү, жана мындай өзгөрүш гезит тили аркылуу акырындап адабий тил нормаларына да өз таасирин тийгизет. Лексикон кеңейет да, жаңы атоолор менен түшүнүктөр пайда болот, ошол аркылуу гезит тили тез өнүгөт. Көптөгөн публицистер менен коммуниканттардын айтуусунча, азыркы гезит тили көбүнесе жаргонизмдер менен толукталып келет. Көпчүлүк окурмандарга арналган тексттин чектен тышкары карапайым тил каражаттары менен толукталышы гезит тилин күндөлүк тилдин деңгелине чейин түшүрөт, китеп стили менен оозеки кептин ортосундагы айырманы жокко чыгарып, көтөрүлүп отурган маселенин кунун төмөндөтөт. Анткени оозеки кеп нормасы талкуунун ар кандай түрүндө колдонууга жарамсыз болуп табылат.

Публицистикалык дискурстун дагы бир жанры – гезит бетинде жарыяланган жарнама тексти. Басма сөз бетиндеги жарнама наркта сыналгыдан кийинки экинчи орунду ээлейт. Жарнама – бүгүнкү замандын көп жактуу кубулуштарынын бири. Анын көптөгөн аспектилери бар. Жарнама тексти чыныгы аракетке курулат, анын башкы максаты – аракет этүүгө түртүү (жарнамаланган өнүмдү сатып алууга мажбурлоо). Жарнамалык текст императивдик дискурстун бир түрү, өзүнчө тилдик каражаттары бар. Жарнамалык текст аркылуу биз адамзаттын ички дүйнөсү жана менталитети тууралуу да маалымат ала алабыз. Адатта жарнама текстинде керектөөчүлөрдүн муктаждыгы менен кызыгуусу эске алынат да, алар сунушталган тавар менен байланыштырылат. Соңку кезде көптөгөн жарнамалык тексттер бирөңчөй тактык менен курулат. Мындай жарнама берүүчүлөрдүн максаты керектөөчүлөр жарнама кейипкеринин ордуна өзүн коюп көрүп, дал ошол кейипкердей болгусу келгидей кылып жасалып жүрөт. Маселен, аялдарга арналган жарнама үч багытта курулат, алар: сулуу аял, аял - эне, аял – үй ээси, кээде ишкер аял. Ал эр адамдарга арналган жарнама текстинен *жеңиш, күч, эр жигитке ыылайык күч-жигер, ийгилик* ж.б. түшүнүктөр жыш байкалат [6].

Жыйынтыгында, публицистикалык дискурстун башкы өзгөчөлүгү катары анын көркөмдөөчү каражаттарды утумдуу колдоно алгандыгын көрсөтүүгө болот. Ал эми аталган каражаттар көркөм текстерде троп менен фигуранын гана кызматын аткарары маалым.

Адабияттар

1. Адмони, В. К. Система форм речевого высказывания [Текст] / В.К.Адмони. – Спб.: Наука, 1994.
2. Ахатова, Б.А. Политическая коммуникация и политический дискурс [Текст] / Б.А.Ахатова // Вестник КазНУ, Серия филологическая. – 2005. – №5(67). – с.62
3. Гончарова, Е.А. Научная коммуникация – Дискурс – Интердискурсивность [Текст] / Е.А.Гончарова // Текст и дискурс. Проблемы экономического дискурса. – СПб.: Изд.СПб гос. унив-та экономики и финансов, 2001. – С.59-68
4. Гончарова, Е.А. Категория «автор» и «прескриптор» и их лингвостилистическое выражение в структуре художественного текста на материале немецкой прозе [Текст]: Дис. докт. филол. наук: 10.02.19 / Е.А.Гончарова. – Л.: Ленингр. Гос. пед. инст-т им. А.И. Герцена, 1989. – 502с.
5. Дейк, Т.А. ван. Эпизодические модели в обработке дискурса / Язык. Познание. Коммуникация [Текст] / Ван Т.А.Дейк. – М.: Наука, 1989. – 215с.
6. Колесов, В.В. Язык и ментальность [Текст] / В.В.Колесов. – СПб.: Петербургское востоковедение, 2004. – 240с.
7. Кубрякова, Е.С., Александрова, О.В. Драматургические произведения как особый объект дискурсивного анализа (к постановке проблемы) [Текст] / Е.С.Кубрякова, О.В.Александрова // Известия РАН. Серия литературы и языка, – 2008. – Т.67. – №4. – С.3-10.
8. Лихачев, Д.С. Концептосфера русского языка [Текст] / Д.С.Лихачев // Русская словесность. От теории словесности к структуре текста: Антология. – М.: Academia, 1997. – С.280-287.
9. Москальская, О.И. Грамматика текста. Пособие по грамматике немецкого языка [Текст] / О.И.Москальская. – М.: Высшая школа, 1981. – 183с.
10. Словгородская, Л.В. Научный диалог (лингвистические проблемы) [Текст] / Л.В.Словгородская. – Л.: Наука, 1986. – 383с.
11. Степанов, Ю.С. Альтернативный мир, Дискурс, Факт и принцип Причинности [Текст] / Ю.С.-Степанов // Язык и наука конца 20 века: Сборник статей. Рос.гос.гуманит.ун-т, – М.: 1995. – С. 35-73.
12. Степанов, Ю.С. Константы. Словарь русской культуры. Опыт исследования [Текст] / Ю.С.Степанов. – М.: Школа «Языки русской культуры», 1997. – 824с.
13. Чернявская, В.Е. Интертекстуальность как текстообразующая категория в научной коммуникации [Текст]: Автореф...докт.филол.наук: 10.02.19./ В.Е.Чернявская. – СПб., 2000. – 47с.
14. Шейгал, Е.И. Семиотика политического дискурса [Текст] / Е.И.Шейгал. – Волгоград, 2000. – 183с.

15. Шендельс, Е.И. Deutsche Grammatik. Morphologie, Syntax, Text. – М.: Verlag Hochschule, 1988

16. Fleischer W., Michel G., Starke G. Stilistik der deutschen Gegenwartssprache. Frankfurt am Main u.a.: Lang, 1993.

17. Hoffmann J. Die Welt der Begriffe. Psychologische Untersuchungen zur Organisation des menschlichen Wissens. – Berlin: Deutscher Verlag der Wissenschaften, 1986.

Т. Садыков,
К.Карасаев атындагы БГУ,
А.С. Шахарман,
Торайгыров атындагы ПМУ

ДИСКУРСТУН ТҮРЛӨРҮ: II

Расми–ишкердик дискурс – дискурстун бир түрү, белгилүү бир коммуникативдик бизнес кырдаалында колдонулат да, аны бизнеске тиешелүү адамдар тобу курат. Аталган топ иш–аракетинин натыйжасы ишкердик дискурс жанрында курулган тексттердин топтому болот [3].

Казакстанда ишкердик дискурсту изилдөө иши 10-15 жыл мурда нарктык экономиканын жана эл аралык, улуттук бизнестин каркындуу өнүгүшү менен байланыштуу колго алынды. Бирок Кыргызстанда бул багыт жаңыдан гана жандануюда.

Ишкердик дискурстун башкы белгиси – ишкердик чөйрө. Ишкердик чөйрө – англис тилиндеги «discourse - community» тиркешинин синоними катары колдонулат, анын түзүлүшү төмөнкүдөй:

1) орток максатка негизделет;

2) өз мүчөлөрүнүн арасында калыпташкан коммуникация механизми бар;

3) аталган механизмди маалымат алмашууда жана ага жооп берүүдө колдонот;

4) өз максаттарына жетүү үчүн карым–катыштын бир нече жанрын колдонот;

5) «өзүнчө» жанрлары менен бирге атайын лексикасы калыпташкан;

6) өз мүчөлөрүнөн белгилүү бир дискурстун мазмуну менен колдонуу ыкмасын өздөштүрүүнү талап этет.

Ишкердик дискурстун жанры – расми–ишкердик стилде курулган текст, анын ишкердик дискурс–чөйрө мүчөлөрүнө орток максаты бар, белгилүү бир ишкердик контекст аркылуу ишке ашат.

Мыйзам дискурсу - белгилүү бир институттун тегерегинде куралган институциалдык дискурстун бир түрү. Мындай институттардын өзүнчө белгилери, тартиби, эрежеси болот.

Мыйзам дискурсунун башкы баал уулугу – мыйзам. Маселен, укук коргоо, милдет аткаруу, сот чечими. Мыйзам дискурсунун максаты мыйзам менен камсыз кылуу, б.а. жарандардын укуктук нормаларды катуу сакташы. Мыйзам дискурсунун негизги концепти - укук.

Мыйзам дискурсуна катышуучулар саны өтө көп. Эң негизги үч тобу булар: мамлекет, мыйзамдуу тараптар жана жеке исандар. Аталган категориялардын өз-өзүнчө катышуучулары болот. Мамлекет укуктук системаны сактоочу башкы расми орган, анын нотариус, сот, адвокат, прокурор, тергөөчү ж.б. укук коргоочу органдар менен ички аскер сыяктуу кызматкерлери болот. Мыйзамдуу тараптар да бир өңчөй эмес. Маселен: келишим жасоочу жактар, арызчы, жооптуу, күбө, эксперт, адис, туткун, шектүү, айыпталуучу, соттолуучу, зардап чегүүчү ж.б. Катышуучулардын мындай көптүгү институциалдык дискурстардын эч биринде кездешпейт.

Мыйзам дискурсунун башкы өзгөчөлүгү - иштин фактылык жагы менен чындыгы. Бул аракетти кылмыштык жана жарандык кодекстер ишке ашырат [1].

Сот дискурсу. Сот тилинин башкы белгиси - ишендирүү. Сот ишинин мазмунун эркин, так жана толук жеткирүү - укук адамдарына коюлган башкы талап. XIX кылымдагы сот тилинин сюжети имманенттик түзүлүшкө негизделген, ал кээде романтикалык новелла, кээде психологиялык драма, кээде демейки көчөдөгү детектив түрүндө курулат. Аталган формалардын бардыгы сот залында отургандага эмоциялык жактан таасир этүүгө кызмат этет.

В азербайджанском языкознании, начиная с грамматики Казембека многие ученые (М.Ш.Ширалиев, М.Гусейнзаде, А.Демирчиразаде, Н.Г.Агазаде, Г.К.Багиров, Р.Рустамов, З.И.Будагова, А.Азер, А.А.Ахундов и другие) занимались проблемой глагольной семантики в целом, либо в отдельном ракурсе. Как и в общей тюркологии бытовало мнение присутствия вида в данном языке. Например, З.Г.Алиев под видом рассматривает способ протекания действия. Такая же ситуация наблюдается у А.А.Юлдашева и у И.К.Уюкбаевой.

Позже в работе Ф.А.Ганиева высказывается мысль, что «в татарском языке, как показывают факты, грамматической категории, аналогичной русской системе совершенного и несовершенного вида нет, все глаголы, в том числе и составные, употребляются в настоящем времени в его собственных значениях, что является невозможным для глаголов совершенного вида» [Ганиев, 1963: 117]. Принципиально отличая категорию вида от категории характера протекания действия, Ф.А.Ганиев отмечает, что «грамматической категории, аналогичной русской системе совершенного и несовершенного вида, нет. В глагольной системе татарского языка, ..., невозможно обнаружить корреляцию глаголы на совершенный и несовершенный виды типа русского прочитать – прочитывать. Значение такого типа глаголов в татарском языке передается одним и тем же глаголом» [Ганиев, 1963: 117].

Морфологическая акциональность узбекского языка была представлена Д.М.Насиловым в книге «Проблемы тюркской аспектологии. Акциональность». Само название труда указывает на позицию автора в проблеме размежевания вида и способа глагольного вида, «... изменение фазовой структуры может вызываться введением специальных смысловых компонентов, присоединяющих новые дополнительные фазовые смыслы или актуализирующих, акцентирующих определенные фазы в сложном фазовом процессе; эти смыслы репрезентируются тогда морфологическими показателями. По-другому такой процесс мы называем образованием способа действия» [Насилов, 1989: 140]. Акциональные классы глаголов считаются, по мнению автора, «грамматически значимыми».

В узбекском языке способы глагольного действия представлены как модификаторы лексического значения непредельных глаголов. Эти глаголы были исследованы Д.М.Насиловым, А.А.Юлдашевым, Хожиевым, Нурмухамедовым и др. Д.М.Насилов, применяя термины, предложенные Недялковым, проводит классификацию, по которой способы действия, обозначающие начало, возникновение процесса делятся на три группы:

а) инхоатив – класс мутативных глаголов, то есть глаголы изменения состояния-признака, постепенное нарастание признака вплоть до его становления;

б) ингрессив – обозначает наступление не состояния, но какого-нибудь действия, связанного чаще всего с активностью субъекта или проявление психофизиологических;

в) инцептив – глобальное обозначение начинательности [Насилов, 1989: 127-173].

В казахском языкознании к проблеме аспектуальности издавна наблюдается пристальное внимание. Такие языковеды, как Н.Т.Сауранбаев, И.Е.Маманов, И.К.Уюкбаев стоят на позиции признания категории вида в тюркских языках. Н.Т.Сауранбаев выделяет три вида, И.Е.Маманов, И.К.Уюкбаев – два вида. И.К.Уюкбаев определяет категорию вида через характеристику различных оттенков способов действия, т.е. главным образом, акцентирует внимание на семантике глагола в контексте. Он выделяет два вида: законченный и незаконченный.

В работе И.К.Уюкбаева даётся достаточно подробная семантическая дифференциация глагольных образований. Однако при этом видовыми он называет разнообразные значения неграмматического свойства. Наблюдается смешение видовых значений и значений способов глагольного действия. Кроме того, к разряду видовых автором относятся значения, не имеющие отношения к способу протекания действия, то есть значения, выражающие притворство при осуществлении действия, безразличное отношение к действию.

Н.Т.Сауранбаев выделяет законченный, продолжительный, неопределенный виды. Н.Т.Сауранбаев делает попытку подвести формальную базу под выделенные им виды казахского языка. Но не трудно заметить, что нет грамматической унифицированности аналитических сочетаний, выражающих "видовые" различия "законченного" и "продолженного" вида. Н.Т.Сауранбаев считает, что казахские, а также тюркские глаголы самостоятельно не могут выражать вид, а только в составе сложных глаголов, в частности, если есть деепричастие. Потому что "деепричастия в тюркских языках первично выражали виды. Но они (виды) осмысливались в связи со временем: вид законченный (конец действия). И то и другое осмысливается применительно к моменту речи. Об этом ясно говорят деепричастные формы глагола, которые сами по себе без личных окончаний не указывают времени совершения действия. Таким образом, в связи с "умением" говорящего точнее локализовать время совершения действия определённым субъектом возникает временное значение изъявительного наклонения (настоящее, прошедшее, будущее), а сами формы деепричастия стали выражать виды глагола. Они (виды) глагола становятся уже оформившимися категориями с точки зрения морфологии". Как и у многих авторов на начальных этапах становления аспектологии, во взглядах Н.Т. Сауранбаева имеет место недифференцированное восприятие темпоральных (временных), аспектуальных, модальных значений. Считая виды казахского языка морфологически оформленными категориями, автор не приводит достаточно убедительных аргументов в отношении их обобщенной грамматической семантики, регулярных грамматических средств выражения этой семантики, оппозитивных отношений между членами видовой корреляции. При этом план содержания категории времени "искусственно" выдается за план содержания категории вида.

Категория аспектуальности в функциональном ракурсе было глубоко исследована в трудах З.К.Ахметжановой, А.Т. Шарапиденовой, Н.О.Оралбаевой и др. Разработки по семантике процессности действия и по способам ее выражения принадлежат С.М.Маралбаевой, которая разграничивает способы глагольного действия на: обычный, интенсивный, повторяемости, многократности, а также продолжения действия. Ею были выявлены средства выражения каждого способа глагольного действия, установлено наличие актуализаторов, выполняющих функцию конкретизатора. Дальнейшие исследования были проделаны А.Т.Шарапиденовой, которая опираясь на труды русских лингвистов, в частности работы Ю.С.Маслова, А.В.Бондарко, М.А.Шелякина, рассматривает один из характеризованных способов действия – начинательность.

Исследователь выделяет две аспектуальные функции, связанные с началом действия. Это: начало фазы и способ действия. Проводится дифференциация общих явлений сопоставляемых языков: чисто начальная фаза действия и начинательность как способ действия в сопоставляемых языках функционально одинаковы. План выражения неодинаков, что объясняется объективной структурной особенностью этих языков, относящихся к различным языковым группам.

Начинательность в сопоставляемых языках представляет собой характеризованный способ действия лексико-грамматического уровня. Она служит для выражения появления начала действия, процесса, явления. Уровень экспрессивности начинательности в этих языках одинаков. В начинательных глаголах речь идет не просто о начале, а о состоявшемся, достигшем определенного предела результативном действии. Действие, состоявшись моментально, тем самым исчерпывается. В этом заключается суть, функциональная цена начинательных глаголов. У начинательных глаголов нет временного потенциала, у них есть только акция начала.

Начинательность как интенсивный способ действия может образовываться не от всех глагольных основ, не всякая глагольная основа способна к моментальному развертыванию, т.е. образование начинательного способа отличается лексико-семантической мотивированностью [Шарапиденова, 1993: 18].

"Выражение начинательности обусловлено целым высказыванием. В контексте создается определенная аспектуальная ситуация, т.е. проявляется "совокупность элементов", обеспечивающих экспрессивное выражение начинательности. Результаты сопоставительной работы выражения начинательности в русском и казахском языках показали одинаково характерную для этих языков "совокупность элементов", функцию которых можно определить как "аспектуально-таксисная ситуация" [Шарапиденова, 1993:18]. Автор интерпретирует мысль о том, что в бивербальных конструкциях смысл основного действия содержится в деепричастиях, а вспомогательные глаголы помогают при выражении результата начала действия.

Отправной точкой начинательности считается осмысление понятия "начало действия". "Начало действия" определено, как критическая точка, где кончается "небытие" и начинается "бытие" действия/явления/состояния. Далее идет характеристика этого шага. Шаг может быть резким, когда действие сразу же достигает своего апогея и постепенно переходящим из состояния "небытия" в состояние "бытия". Приставочные начинательные формы выражают не просто начало действия, а его интенсивное и результативное проявление во время старта. В начинательных приставочных глаголах совмещаются как бы два аспектуальных признака: начальная фаза действия и способ начала этого действия, а именно, интенсивность. Аналитические же формы выражения начинательности в русском языке отражают постепенный переход из "небытия" в "бытие", фиксирующий нулевую точку, начало проявления действия и направленность его на дальнейшее развертывание [Шарапиденова, 1993: 19].

Теоретическая значимость данного труда, по нашему мнению – это выявление роли аспектуально-таксисных ситуаций при выражении начинательности.

Таким образом, при анализе теоретического материала исследователей выявляются проблемы, как: статус категории вида и ее места в ряду других грамматических категорий глагола, способы глагольного действия, характер категории аспектуальности.

Литература

1. Закамулина М.Н. Сопоставительный анализ средств выражения способов действия во французском и татарском языках: Автореф. дис. ... к.филол.наук. - М., 1982. - С. 20.

2. Кононов Н.А. Грамматика современного узбекского литературного языка. -М.,-Л., 1960. - С. 263-264.

3. Кононов Н.А. Грамматика узбекского языка. - Ташкент, 1948. -260 с.

4. Казембек А.К. Грамматика турецко-татарского языка. – Казань, 1839. – 480 с.

5. Шарапиденова А.Т. Начинательность в системе категории аспектуальности казахского и русского языков: Автореф. дис... к.филол.н. - Алматы, 1993. – 21 с.

6. Ганиев Ф.А. Видовая характеристика глаголов татарского языка. -Казань, 1963. - С. 116-175.

7. Насилов Д.М. Проблемы тюркской аспектологии. Акциональность. - Л., 1989. - С. 127-173.

Садырова Г.К.,
КНАУ им.К.И.Скрябина

ИНХОАТИВНЫЕ СПОСОБЫ ГЛАГОЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ СУФФИКСАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ. ПУТИ ОБРАЗОВАНИЯ

В данной статье рассматриваются пути образования инхоативов суффиксального образования.
Ключевые слова: инхоатив, суффиксальное образование, вид.

Сигалов выделяет две группы инхоативных глаголов суффиксального образования.

Это: а) инхоативы с суффиксом -н- в формах настоящего времени (вя-н-у);

б) инхоативы с суффиксом -ej- в формах настоящего времени (красн- ej-у).

Автор обращает внимание на непродуктивность первой группы. Вторая группы с постфиксом – ej- является основным средством образования новых инхоативных глаголов.

Существенными различиями между двумя группами инхоативов являются:

1. Инхоативные глаголы с постфиксом –н- в большинстве случаев обозначают «процесс утраты какого-либо качества, признака (чаще всего положительного): ср. вянуть, дрябнуть, дряхнуть; процесс замедления, затухания какого-либо действия: ср.молкнуть, тихнуть, гаснуть; процесс исчезновения, гибели какого-либо предмета: ср. гибнуть, вязнуть, тонуть» [Сигалов, 1962: 55]. Тогда как инхоативные с постфиксом –ej- могут обозначать как процесс утраты, так и процесс приобретения нового качества;

2. Инхоативые глаголы с постфиксом –н- образованы от именных корней, не осложненных суффиксами, а инхоативы «на – ej- могут образовываться от суффиксальных именных основ: кислеть (кис-л-ый)»[1]. Исключением являются слова: вяднуть, диал. холоднуть;

3. Инхоативные глаголы на –н- образуются от корней, оканчивающихся на заднеязычные согласные *г, к, х;* на губные согласные *п, б*; на *з*.

Инхоативные глаголы на – ej- образуются от основ, оканчивающихся на сонорные согласные *н, л, р*; на зубные согласные: *т, д*; на губно-зубной *в*. Исключением являются слова: голубеть, грубеть, слабеть, глупеть, тупеть, свирепеть, сизеть, лысеть, ветшать, дичать.

Основная причина изучения истории происхождения суффиксальных инхоативных глаголов – найти связь между двумя типами инхоативных глаголов (на -н- и на -ej-).

Формальный элемент -н- объединяет два класса глаголов:

а) глаголы несовершенного вида, обозначающие постепенный переход в какое-либо состояние;

б) глаголы совершенного вида, обозначающие одноактность действия.

Эти два класса различны по своей семантике, по грамматическому значению (виду), по основному типу ударения, по образованию (глаголы совершенного вида образованы от глагольных основ, глаголы несовершенного вида от именных основ), по наличию постфикса, в формах прошедшего времени, по их продуктивности в современном языке (глаголы совершенного вида – продуктивный тип современного глагольного образования, глаголы несовершенного вида – непродуктивный тип).

Лингвисты, объясняя происхождение славянских глаголов с суффиксом -н-, часто возводят его к индоевропейскому состоянию, например, Г.К.Ульянов считал суффикс -н- индоевропейским наследием, а Х.Петерсон - все славянские глаголы на -noti- продолжением 5 индийского класса. Ф.Ф.Фортунатов отрицал общность этих классов и отстаивал не тождественность глаголов на -ne-.

Теория американского лингвиста П.Тедеско объясняет различия двух глагольных групп с постфиксом -н- с точки зрения их происхождения. По его мнению, постфикс -н- первоначально относился к тем глаголам, которые образовались как перфектные глаголы. Глаголы несовершенного вида в общеславянском языке первоначально не имели постфикса –n- (-ne-), а имели постфикс -j- (-je-). Опираясь на данную точку зрения, понимаем строгое разграничение двух классов глагола с -н-, а также связь между инхоативами с суффиксами –ej-. П.Тедеско пришел к выводу, что формы на -je- являются более древними, а на -ne- более поздними, что формы на -je- были вытеснены формами на -ne-. Близость по составу -je- и -eje- представляет предположение, по Сигалову, «что суффикс -eje- представляет собой вариант, усложнение суффикса -je-» [2].

Ученым отмечается смысловая общность между формами сравнительной степени прилагательных и инхоативными глаголами: и те и другие обозначают накопление какого-либо признака, усиление какого-либо качества, образуются от именных основ, но формы сравнительной степени передают это статистически, а инхоативы – в виде процесса.

Н., желтеть → становиться желтым
→ Становиться более желтым; желтее, чем обычно

«Изучение путей образования инхоативных глаголов показывает, что принципы их распределения между типом с суффиксом -je- (впоследствии изменившимся в тип с суффиксом -н-) и типом с суффиксом -eje- аналогичны принципом распределения именных основ при образовании форм сравнительной степени» [Сигалов, 1963: 3].

Случаи образования инхоативных глаголов с суффиксом -н?- (из -je-):

1. Когда образующая именная основа была односложной и имела нисходящую, циркумфлексную интонацию;

2. Когда в состав основы имени прилагательного входили суффиксы –ък-, -ьк-.

Случаи образования инхоативных глаголов с суффиксом -eje-:

1. Односложная именная основа имела восходящую, акутовую интонацию;

2. Именная основа имела суффикс.

Таким образом, опираясь на труды ученых-лингвистов, приходим к выводу, что очевидно соответствие между образованием форм сравнительной степени и инхоативов.

Инхоативные глаголы в тюркских языках с точки зрения их семантики, по мнению М.Оразова, отчётливо указывают на постепенность изменения или стабильность признака, которые, как правило, обозначают состояние по отношению к существительным или прилагательным. Он обосновывает это определение тем, что глаголы данной группы выражают значение не самого действия, а состояния действия или предмета, указывают на определённый момент в динамике действия: *жантаю, шынтықтау, отыру, алу, семіру, алу.*

Многие исследователи подобные образования определяют как глаголы состояния. М.Оразов сопоставил семы соотношений данных глаголов и на основе своих наблюдений выделил следующие группы:

1. Глаголы состояния.

Они имеют значение, связанное с постепенным переходом признака или его постоянством, имеющегося в основах в существительных или прилагательных. Например: *ұзаю, азаю, көгеру, көбею, ағару, қалыңдау, сөну, жану, шіру.*

2. Глаголы, обозначающие состояние человека и одушевлённых объектов, подверженных физиологическим изменениям.

Например: азу, толу, семіру, жантаю, қисаю, ұйықтау, өлу, ауру, өсу, жүдеу, шаршау, арықтау.

3. Глаголы со значением состояния "в чистом виде" (таза қалыптық мәнді білдіретін етістіктер). Их всего четыре: *отыр, жатыр, жур, тұр.*

Определение М.Оразова соответствует характеристике П.С.Сигалова, который считает, что инхоативы обозначают накопление какого-либо признака, усиление какого-либо качества в виде процесса.

Таким образом, считается целесообразным использование термина инхоатив для описания плавного, постепенного перехода, который ведёт к изменению состояния в процессе и при раскрытии понятия инхоатива придерживаемся точки зрения Ю.С.Маслова, П.С.Сигалова, которые сущность инхоатива видят не в самом действии, а в переходности качества из одного состояния в другое независимо от его интенсивности.

Литература:

1. Сигалов П.С. Две группы русских инхоативных глаголов//Филологические науки. №4. - М., 1962. - С. 55-64.

2. Сигалов П.С. Русские инхоативные глаголы: Автореф. дис.... к.филол.наук. - Л., 1963. – 19 с.

АДАБИЯТ

Ч.Сасыкулова,
К.Карасаев атындагы БГУ

М.Ш.ЭСЕНДАЛДЫН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕ КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Көркөм адабий чыгарманын тили жазуучунун көркөм образ жаратууда эң негизги каражаты болуп саналат. Жазуучу автордук кеби үчүн, каармандарынын диалогу, монологу үчүн кылдаттык менен сөз жана сөз айкаштарын тандап алат. Каармандарынын образын так ачып, чыгармасынын көркөм тилин дагы да таасирдүү бериш үчүн жазуучу троптун түрлөрүн, эпитет, салыштыруу, фразеологизм, макал-ылакап, орду менен вульгаризм, архаизм жана историзм сөздөрүн колдонот.

Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринин тили көптөгөн стадиялардан өтүп, өзгөрүүлөргө учураган. Жазуучунун биринчи этаптагы аңгемелеринде арабча, фарсча сөздөр экинчи этаптагы аңгемелерине караганда көбүрөөк орун алат. Мисалы, "Вейсел Чавуш" (Вейсел сержант) аңгемесинде төмөнкүдөй арабча жана фарсча сөз айкаштары кездешет. "eda-yı istifhamkarane, eda-yı mahsusane, eser-i hayat, fecayi-i ihtiyacciyye, harekat-ı iğtişaşiyye, hedaya-yı şitaiye, hey'et-i memurın, itibar-ı umumi, itmam-ı hayat, itmam-ı vazife, mana-yı dindarane, mecbur-i meracaat, mevaki-i askeriye, mevkii mumtaz" (Veysel Cavuş. 11-17-бб.). Бул сөз айкаштарындагы колдонулган сөздөр гана арабча болбостон, сөз айкашынын синтаксиси да арабча. Жогоруда мисал келтирилген арабча сөз айкаштары бүгүнкү күндөгү түрк тилинде колдонулбайт. Төмөнкүдөй сөздөр кездешет: adalat, amil, beşuş, endişe-nak, faş, gayş-aver, hazf, ifham, iltizam, inkisar, inşirah, isticvab, istiğna, kadıt, ma'yub, mağmum, mebhut, memlu, merbudiyyet ж.б.(21-83-бб.). Булар бүгүнкү түрк тилинде төмөнкүдөй колднонулат: "eda-yı istifhamkarane: soru sorana yakışır eda (суроо сураган кишиге жарашыктуу усул), eda-yı mahsusane: başkasında bulunmayan, kendine ozgu eda / hissolunmuş eda (башкасында табылбай турган, бир гана кишиге таандык усул), eser-i hayat: hayat alameti, hayat eseri, hayat belirtisi (жашоодогу эмгеги), fecayi-i ihtiyaciyye: zaruri belalar, musibetler, facialar (кырсык, трагедия), harekat-ı iğtişaşiyye: karışıklık, kargaşa hareketleri (башаламандык), hedaya-yı şitaiyye: kışa ait, kışlık hediyeler (кышка тиешелүү, кышкы белек), hey'et-i memurin: devlet hizmetinde bulunan kimseler heyeti, topluluğu; me'murlar heyeti (өкмөт кызматкери, чиновник), itibar-ı umumi: herkese dair, herkesle alakalı, genel itibar (бардыгына тиешелүү), itmam-ı hayat: hayatı, omru tamamlamak (жашоосун, өмүрүн толтуруу), itmam-ı vazife: vazifeyi, gorevi tamamlamak (тапшырманы аткаруу), mana-yı dindarane: dindar bir kimseye yakışacak tarzda bir sozden veya birşeyden anlaşılan anlam, mana (дин жолундагы кишиге жарашыктуу усулда), mecbur-ı meracaat: bir yere mecbur olan (бир жерге, орунга муктаж болгон), mevaki-i askeriye: askeri mevkiler, yerler (аскердик кызмат, орун), mevki-i mumtaz: seckin mevki, yer (тандоодон өткөн кызмат, орун), mubadelat-ı ticariye: ticari değişmeler, değiştirmeler (соода-сатык), muhimmat-ı askeriye: askeri muhimmat, harp malzemesi (аскердик, согуш каражаттары), sabr-ı tahammul: sabır ve tahammul etmek, sabretmek (сабыр кылуу), saffet-i masumane: gunahsızcasına, sucsuz olarak temizlik, paklık, halislik (күнөөсүз), tenbihat-ı resmiye: devlet adına veya devlet tarafından koyulan kurallar (өкмөттүн койгон эрежелери), te'sir-i amik: derin tesir, etki (терең таасир), te'sir-i meş'um: kotu tesir, etki (жаман таасир), ukde-i iştibah: şuphelenme (күмөн саноо), ummid-i istilakarane: istila edene yakışır umut, umit (үмүт кылуу), za'f-ı hissiyat: hislerin zayıflığı (сезимдеринин күчсүздүгү), adalat: adaleler (адилет), amil: yapan, işleyen (жасаган, аткарган), beşuş: acık yuzlu, guler yuzlu (жылдыздуу, маңдайы ачык), bihuş: akılsız, sersem, bunak (акылсыз), endişe-nak: endişeli, korkulu (тынчсызданган), faş: meydana cıkmış, yayılmış, anlaşılmış olan (белгилүү болгон, жайылган), hazf:1. aradan cıkarma, cıkarılma (арадан чыгаруу). 2. yok etme, silme, ortadan kaldırma, giderme, duşurme (жок кылуу), ifham: bildirmek, anlatmak, maksadı bildirmek (билдирүү, түшүндүрүү, максатын ачык кылуу), iltizam: kendine lazım kılma, gerekli bulma (керек кылуу), inkisar:1. kırılma, gucenme (таарынуу). 2. beddua ve lanet okuma (каргыш кылуу), inşirah: ferahlanmak, mesrur olmak (жеңилдөө), isticvab:1.cevab istemek (жооп күтүү). 2. Sorguya cekmek (сурakka алуу). 3. Mahkemede şahidlerin ifadelerini almak (сотто күбөлөрдү сурakka алуу), istiğna:1. aza kanaat etme, tokgozluluk (канаат кылуу). 2. ihtiyacsızlık (эч нерсеге муктаж болбоо), 3. nazlanma; ağır davranma (наздануу). 4. Cekinme (тартынуу), ma'yub: ayıplanmış, ayıplanan, bir kusuru ve eksiği olan (уяткарылган), mağmum: gamlı, kederli, tasalı, sıkıntılı(кайгылуу, капалуу, армандуу), mebhut: şaşkın (таң калган), memlu: doldurulmuş, dolu (толтурулган), mesel-engiz: ornek veren (мисал келтирген), muaheze:1. azarlama, cıkışma (бирөөнү урушуу). 2. Darılma (таарынуу). 3. alay eder tarzda karşısındakini kucumseme (кемсинтүү). 4. Tenkid (сындоо), muazzeb: eziyet ceken, azap icinde bulunan (азап чеккен), mudafaat: mudafaalar, savunmalar (коргонуу), mudevver: dondurulmuş, tedvir olunmuş (жолунан кайтаруу), muellim: acı ve elem veren (азап чектирген, кайгы алып келген), muhlik: helak eden, olduren (өлтүргөн, жок кылган), muteallik: alakalı (байланыштуу), muteheyyic: (muteheyyic): heyecanlı (толкундаган), muvazenet: olcmek, denk olup olmadığını bilmek icin tartmak (өлчөө, тартуу), sukuti: sessizlikte olan, cok ses cıkarmayan, az konuşan (сөз сүйлөбөгөн, аз сүйлөгөн), surur: sevinc (сүйүнүч), taaccub: şaşma, hayret etme (таң калуу), ukde: duğum, bağ (түйүн, түймөк)." (котормо Эмрах Билгин).

Аңгемелеринде бул сыяктуу арабча жана фарсча сөздөр менен сөз айкаштарын колдонуу сөзсүз түрдө сүйлөмдүн синтаксисине да таасирин тийгизет. Аңгеменин тили оор жана жасалма болот. Мисалы, "O gun muhtarlara daha ***tenbihat-ı resmiye*** yok iken, bir gizli ses, bir ***zefir-i girizan***, ordu emrini butun kulaklara dokmuştu." (Veysel Cavuş. s. 53.). (Ал күнү жергиликтүү бийлик дагы ***закондуу*** күчүнө кирелек эле, бир сырдуу үн ***күчүнүн бардыгынча*** аскердин буйругун бардыгына угузат) (котормо меники–Ч.С.).

Жазуучунун аңгемелеринин тилинин башаты Жаңы адабият доорунун тилинен алынганына күбө болобуз. Жаңы адабияттын таасиринин жазуучунун аңгемелеринде орун алышы колдонулган сөздөрдөн жана сөз айкаштарынан ачык көрүнүп турат. Т.а. адабий чыгарманын тили күнүмдүк колдонулган тилден айырмаланып турушу керек, ал тил жогорку деңгээлде болуш керек деген девиз менен жазылат. Аңгемелердеги арапча жана фарсча сөздөрдүн башка колдолнулган түркчө сөздөр да көчөдө колдонулган жаргон сөздөр колдонулбайт. Аңгемелеринде колдонгон түркчө сөздөр да адабий тилде колдонулган "китеп" сөздөрү колдонулат (Cetişli İ. Memduh Şevket Esendal).

Мемдух Шевкет Эсендал 1913-1919-жылдары жазган аңгемелеринде арапча, фарсча жана түркчөнүн адабий тили байкалат. 1912-жылы жарык көргөн аңгемелеринин тили жөнөкөй. Мисалы, "Азаттык келе жатканда" аңгемесин карап көрөлү. "Bu sabah kalın bastonuna dayanarak hukumet dairesine giden mudur beyi gorenler, her vakitki bir jandarma cavuşuyla ortak beslediği kazlarını saymaya gidiyor sanacaklardı. Fakat iş boyle değil!" (Hurriyet Gelirken, s.33). (Бүгүн эртең менен калың таягына таянып өкмөт үйүнө барган мүдүрдү көргөндөр жандарма сержанты менен чогуу баккан каздарын санаганы кетип баратат деп ойлор эле) (котормо–Ч.С.). Мисалдан көрүп турганыбыздай, текстте бир да арабча, фарсча сөз же сөз айкашы кездешпейт. Түркчө сөздөр да күнүмдүк колдонулган, бүгүнкү күндө да окурмандын так түшүнө турган сөздөрдөн турат.

Аман Саспаев жана Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринде пейзаждык сүрөттөөлөр орун алат. Ал пейзаждык сүрөттөөлөр эки жазуучуда эки башка берилет.

Аман Саспаев аңгемелеринде пейзажды, кандайдыр бир мейкиндикти сүрөттөөдө каармандарынын ички дүйнөсү менен байланышта ачып берет. Мисалы, "Мүрзөгө чейинки жолдо" аңгемесинде жайлоону сүрөттөө менен жазуучу окурманын жаңы бир окуяга даярдайт. "Арчалуу-Айрык жайлоосуна чыгуучулар кулжа айынын орто ченинде келип конуштанышты. Чөбү белге оролгон булак башы сайын боз үйлөр чочоюп, түтүндөр тике асманга чубалжып, желелер көгөндөр тартылып, тулаңдар жапырылды. Мындай түндөрдө кээде, адамдын бүт өмүрүнө багыт берген сезимдер жаралат. Түндө төрөлүп, түн жамынган ошол жөнөкөй, нары ыйык сезимдер адам өмүрүнүн жайнап ачылган кайталангыс байчечегин элестетет." (325-б.). Бул сүйлөмдөрдө жазуучу салыштырууларды мол колдонот. Автор адам баласынын башына келе турган сүйүү сезимин "жайнап ачылган кайталангыс байчечек" түрмөгү менен экспрессивдүүлүктү күчөтүү менен берет.

Мемдух Шевкет Эсендал пейзаждык сүрөттөөлөрдү жана кандайдыр бир мейкиндикти дагы да жөнөкөй сүрөттөйт. Мисалы, "Бомба" аңгемеси мындайча башталат: "Gun kavuştu, ortalığa gecenin karanlığı dokulmeye başladı. Ağacların taze yaprakları akşamın serinliğini emiyormuş gibi duruyor, yerleri bir sessizlik, akşamlara mahsus bir durgunluk kaplıyordu." (25-á.). (Күн батып, айлана түндүн караңгылыгын жамына баштады. Бактардын жаңы ачкан жалбыактары кечки жуктун сериндигин эмип жаткансыды. Айлананы кечке тийешелүү бир ой баскандык бар сыяктуу.). "Bu aziz şairin hakikaten guzel odası varmış. Buyuk bir pencereyle aydınlanan bu oda bir guzellik, bir incelik sergisi gibiydi ve ufak tefek şeylerle oyle sevimli bir dağınıklık gorunuyordu ki, bu hali gordukten sonra, arkadaşımın değerli bir sanatkar olduğunu anlamamak mumkun değildi." (Бул куттуу акындын чындыгында эле жакшынакай бөлмөсү бар экен. Чоң терезеден түшкөн жарык менен нурданган бул бөлмө сулуук, саркечтик көргөзмөсү сыяктуу эле жана майда-чүйдө нерселер менен ушунчалык көңүлгө жагарлык башаламандык көрүнүп турду эле, бул көрүнүштөн досумдун барктуу искусство адамы экенин түшүнбөө мүмкүн эмес эле. котормо–Ч.С.). (32-б.). Мисалдан көрүнүп тургандай Мемдух Шевкет Эсендал бөлмөнү сүрөттөөдө ашыры салыштырууга жол бербейт.

Мемдух Шевкет Эсендал Аман Саспаевге салыштырмалуу каармандарын жөнөкөй сүрөттөйт. Мисалы, "Сыдыка" аңгемесинде баш каарманды төмөнкүдөй сүрөттөйт: "Tutekoğlu Sarac İbrahim Efendi oğlu Halil, Harbiye İkulu ikinci sınıfından bir genc; ince, uzunca boylu, geniş omuzlu, buday benizli, kara kaşlı gozlu bir delikanlı. Ağırbaşlı, doğru bir cocuk. Yalnız ustunde gencliğin toyluğu, dikliği var." (Түтекоглу Сарач Ибрахим Эфендинин уулу Халил Аскер окуусунда экинчи курста окуган бир жаш жигит. Арык, узун бойлу, кең далылуу, буудай өңдүү, кара каш, кара көз болгон жаш жигит. Оор басырыктуу, туура жүргөн жигит. Болгону жаштыгынын берген балалыгы жана баш ийбестиги бар. Котормо Ч.С.) (148-б.). "İsmail Salih Bey'in Gazetesi" (Исмаил Салих мырзанын газетасы) аңгемесинде Исмаил Салих мырзаны да жогорудагы каарманга окшош сүрөттөйт. "İsmail Salih Bey yirmi uc-yirmi dort yaşlarında, guzel yuzlu, uzunca boylu, goğsu biraz cokuk, guzel saclı ve guzel gozlu bir genc." (Исмаил Салих мырза жыйырма үч – жыйырма төрт жаштарында, сулуу жүздүү, бир аз узун бойлуу, көкүрөгү ичине кирип турган, жакшынакай чачы жана сулуу көздөрү бар жаш жигит. Котормо–Ч.С.) (78-б.). Башка бир "Evdeki Hesaplar" (Үйдөгү эсептер) аңгемесинин каарманы сулуу жаш кыздын сулуулугун Мемдух Шевкет Эсендал эч нерсеге окшоштурбастан, эч бир эпитет колдонбостон жөн гана төмөнкүдөй сүрөттөйт: "Kızın babası da kızın cok guzel olduğunu goruyor, bu guzelliğin yarın bir hergelenin elinde hicbir işe yaramadan solup gideceğini duşunuyor, bu guzelliği tanıtmak istiyordu." (Кыздын атасы да кызынын сулуу экенин көрүп турат, бул сулуулуктун эртең келген бирөөнүн колунда бекер соолуп каларын ойлоп, кызынын бул сулуулугун тааныткысы келди) (45-б.).

Мемдух Шевкет Эсендалдын биринчи этаптагы аңгемелеринин көркөм тилинин дагы бир белгилей кете турган жери, кээ бир аңгемелеринде көчөнүн, кахвенин (эркектердин чогулуп чай ичип, домино ойногон жайы) тилинин акырындык менен кире башташы. Мисалы, "El Malının Tasası" (чоочун кишинин мүлкүнүн кайгысы) аңгемесинин окуясы кахведе өтөт. Кахведеги карапайым кишилердин арасындагы диалогдорду жазуучу реалдуу чагылдырыш үчүн говор, жаргон жана жалпак тилди колдонот. "Hakkı! diye seslendi Oteki: ***Ne var***?" "***Ulan***, adam mısın sen?" (s.32). (Хаккы,-деп кыйкырды. Берки да: - эмне, - деп жооп берди. Эй сен адамсынбы?). (котормо–Ч.С.). Бул жерде ulan ne var сөздөрү түрк тилинде жаргон сөздөр катарына кирет. "Otlakcı" (Жатып ичер) аңгемесинде "Bu herif oylesi depil", (Бул эркек андайлардан эмес) бул сүйлөмдө herif (хериф) сөзү турк тилинде жаргон, "Butun sucum nedir; bir cigara sarmışım!" (Болгон күнөөм бир тамеки орогонум) бул сүйлөмдө cigara sarmışım (жыгара сармышым) түрк тилинде жаргон сөздөр. "Bir Karı Koca" (Эрди-катын) "Gitmezsin de halt edersin?" (Барбай эмне кылат экенсин?) (орой варианты) (34-б.). "Evdeki Hesap" аңгемесинде "Uyuzun biri gelecek, beni isteyecek." сүйлөмүндө "uyuz" (уйуз) (котур) сөзү кездешет. Жогорудагы мисалдар М.Ш.Эсендалдын көркөм каражаттарды колдонуу чеберчилигин айгинелеп турат.

Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелериндеги сүйлөмдөр да лексикалык бирдиктери сыяктуу бир канча этаптан өтөт. 1920–1925-жылдары жазылган аңгемелериндеги сүйлөмдөрү түрк тилинин синтаксисине туура эмес курулган. Мунун бирден бир себеби арабча жана фарсча сөздөр жана сөз айкаштарынын көп колдонулушу. Дагы бир себеби Жаңы адабиятчылардын девизи болгон "искусство искуствоо үчүн" урааны болот. Т.а. көркөм адабий чыгарманын тили күнүмдүк сүйлөшүү тилинен айырмаланып туруш керек деген принципти карманат. Мемдух Шевкет Эсендал да алгачкы аңгемелеринде бул принципти карманып жазат. Жазуучунун татаал сүйлөм куруу аракети да сүйлөм түзүлүшүнүн бузук болушун шарттаган. Сүйлөмдөрү жасалма, ашыры кооздолгон болуп, окурманды чыгармаларынан алыстатат. (Исмаил Четишли 177-б.). Мисалы, "Kalfa, derhal pek guzel bulduğunu, pek temiz bulduğunu pek hanım kadın gorduğunu soylemeye başladı; Talat, pek sessiz bir taze olduğunu ilave etti; Dilber sozlerini, saclarının uzunluğunu methetti ve ta vapura kadar, sonra Kopru'yu gecinciye kadar, sonra tramvayda muttasıl, uzun uzadıya, hatta soze karışan bir iki hanıma da tarif ederek bu lakırdıyı konuştular." (Camlıca'daki Konak. s.43.). Бул сүйлөмдө көрүп турганыбыздай жазуучу үтүрлүү чекитти колдонот. Сүйлөм керексиз узартылган.

Мемдух Шевкет Эсендал 1925-жылдан кийинки аңгемелеринде керексиз татаал сүйлөмдөрдөн кутулуп, жөнөкөй жана түрк тилинин синтаксисине жооп бере турган татаал сүйлөмдөрдү курат. Аңгемелеринде портреттик, пейзаждык сүрөттөөлөрдө деталдуу, майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөлөр ордуна так сүрөттөөгө өтөт. Жогоруда сөз кылган 1946-жылы кайрадан карап чыккан аңгемелеринде бул мүчүлүштүктөрдү да оңдойт. Мисалы "Жаштык" аңгемесинде 1925-жылы жарык көргөн текст менен 1946 жылы оңдолгон варианттарын салыштырып көрөлү. "Yirmi dort, yirmi beş yaşlarında bir genc, arkasında, arkası acık, bir sadakor gomlek, ayağında acık renk bir pantolon, başını kanepenin kenarına koymuş, sağ yanına yatmış uyuyor, bir kolu da kanepeden sarkıyor." (Genclik, Meslek gazetesi, s.27, s.13). "Kumral bir delikanlı, tenis kılığına benzer bir kılıkta kanepenin ustune uzanmış, derin derin uyuyordu." (Genclik, Otlakcı, s.33. Ankara,2009.).

Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринде аз болсо да түрк тилинин адабий тилинде колдонулбаган сөздөр орун алат. Мисалы, "Sıdıka" аңгемесинде "Sen" dedi benim olen oğluma nasıl da okşuyorsun. Eşini ağlatan onmamış." (158-б.) (Сен менин өлгөн уулума абдан окшош экенсиң. Аялын ыйлаткан оңбойт.) "okıouyorsun" жана "onmamэю" сөздөрү түрк тилинин адабий тилинин нормасында колдонулбайт. Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринде дагы бир тилдик өзгөчөлүк, түрк тилинде "сурады" этиши барыш жөндөмөсүн талап кылат, бирок Мемдух Шевкет Эсендалдын кээ бир аңгемелеринде табыш жөндөмөсүн талап кылат. Мисалы, "Arabacıya yardım eden bir adam var, ondan sordum." (43-б.) (Арабакечке жардам берген бир киши бар, ошондон сурадым), "Başımı yerden kaldırmayarak arabacıdan sordum." (Башымды жерден албай арабакечтен сурадым), "Evden sordu, kasabaya gitti, dediler." (Үйдөгүлөрдөн сурапты, айылга кетти дешиптир) (149-б.), "Telgrafcı kazadan sorar, oradan bize anlatırlar, onlar ne yaptılarsa biz de yaparız, dedi." (Почточу кыздан сурайт, андан соң бизге айтып берет, алар да биз алардын кылганын кылабыз дейт) (38-б.)

Адабияттар

1. Alangu, Tahir, "M.Ş. Esendal'ın Edebiyatımızdaki Yeri", Dost, C.VIII, S.32, Mayıs, 1960.

2. Andac, F., Oykucunun kitabı, İstanbul, 1999.

3. Arısoy, M. Sunullah, "M.Ş. Esendal'la bir konuşma." Varlık, S.383, 1 Haziran 1952.

4. Buyrukcu, Muzaffer, "Bizim Cehov'umuz", Yazko Somut, S. 36, 8 Nisan, 1983.

5. Cetişli, İsmail, Memduh Şevket Esendal – İnsan ve Eser, Kardelen Kitabevi, Isparta, 1999.

6. Nazif, Umran, "M.Ş.E.", Secilmiş Hikayeler, C.VI, S. 5, Haziran 1952.

7. Sıtkı, Şahap, "Hikayeci Esendal", Secilmiş Hikayeler, C.VI, S. 5, Haz. 1952

Ч. Сасыкулова,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК АҢГЕМЕЛЕРИНИН ӨНҮГҮШҮНҮН ЖАҢЫ БИЙИКТИГИ: ПОСТМОДЕРНИЗМ, НОВАТОРЛУК КӨРҮНҮШТӨР

Түрк аңгемесинде постмодернизм агымында биринчилерден болуп Юсуф Атылган чыгарма жазат. Алгачкы басылган аңгемелер жыйнагы "Bodur Minareden Ote"("Жайык мунаранын ары жагы") аңгемеси 1960-жылы жарык көрөт. "Бул жыйнакка кирген аңгемелериндеги консервативдүү коом менен прогрессивдүү коомдун арасындагы конфликттин инсандарга таасир этиши, бир гана тартиптин болушунан тажагандык, жеке инсандык жана коомдук себептерден улам тегерегине, жашоого төп келбестик сыяктуу темаларды жазуу менен кандайдыр бир деңгээлде бук болгон адабиятка кирет[1]".

Огуз Атай түрк прозасында романдары менен белгилүү жазуучулардан. Ангеме жанрында "Korkuyu beklerken"("Коркучтун босогосунда") 1975-жылы жарыкка чыгып, аталган жыйнагы менен белгилүү болот. Аңгемелеринде негизинен руханий дүйнөсү, психологиясы бузулган кишилердин проблемаларын козгойт.

Чыгармачылгына аңгеме жазуу менен баштаган Назлы Эрай, фантастикалык тематикадагы аңгемелерди жазат. "Мен фантастикалык чындыкка багыт алган жокмун. Тагыраак айтсам менин багыт алышыма таасир эткен нерсе болгон жок. Менин окуяларды, кубулуштарды кабылдоом, чечмелөөм, аларды аңгеме кылып кагазга түшүрүүм ушундайча, бул да законченемдүү көрүнүш. Башка призмадан дүйнөгө болгон көз караш. Жазгандарымды фантастикалык деп айта албайм, кадимки окуялар, чындык жана логика дайыма бар аларда[2]."

Аңгемелериндеги тема карапайым кишилердин сүйүүсү, бактылуу жана бактысыз болушу, изденүүлөрү. Аңгеме жыйнактары "Ah Вауэт Ah" ("Ах, байым ах") (1975), "Geceyi tanэdэт" ("Түндү таанымым"), "Кэz orme kuyrupu" ("Кыз өбүү кезеги"), "Hazэr dunya" ("Даяр дүйнө"), "Eski gece parcalarэ" ("Эски түнкү ирмемдер"), "Yoldan gecen oykuler" ("Жолдон өткөн аңгемелер"), "Аюk artэk burada oturmuyor" ("Сүйүү эми бул жерде жашабайт").

Бул жазуучулардан тышкары постмодернизм агымында аңгеме жазган жазуучулар Муратхан Мунган, Назан Бекироглу.

1960-жылдардан кийин түрк аңгемесинде окуяларды сүрөттөө мүмкүн болушунча аз, сүрөтөөдө көбүнчө каармандардын ички ой толгоолоруна орун берген жазуучулар тобу түзүлөт. Мындай көрүнүш аңгеменин психологиялуу чыгышына шарт түздү. Бул топтогу жазуучулар аңгемелерин сюрреализм агымында жазат. Аңгеме каармандары коомдон алыс, өзү менен өзү, эч кимге жана эч нерсеге ишенбеген кишилер. Аңгемени сүрөттөөдө абстрактуу аталыштар, метафора, гипербола көп колдонулат.

Мындай топтогу жазуучулардын катарына Лейла Эрбил, Ферит Эдгү, Томрис Уйар ж.б. атоого болот.

1960-жылдардан кийин модернизмге каршы чыккан да жазуучулар тобу пайда болот. Ушул топтогу жазуучулар постмодернизмге жакын, бирок, улуттук колоритти сактоо жагынан айырмаланат. Традициялуулуктун башатында Ахмет Хамди Танпынар жана Пейами Сафа сыяктуу жазуучулар болгон. Аталган жазуучулардын аңгемелеринде негизги иштелген тема улуттук баалуулуктардан алыс калып, маргелан типтеги кишилердин тагдыры болгон. Алардын чыгармаларында адамдардын ички ой-толгоолору, психологиясы, социалдык проблемалары сүрөттөлөт. Аңгемелерин сюжети көпчүлүк учурда мифологиялык, легендалык б.а. фольклордук мотивдерден жана сюжеттерден азыктанат[3].

Ушул топтогу негизги портреттер катары Расим Өзденөрен, Дурали Йылмаз, Шевкет Булут, Мустафа Кутлу, Хүсейин Су ж.б. айта кетсек болот.

Түрк прозасында кыз – келиндер же аялдар прозасы деген түшүнүк бар. Бул аңгеме жазган кыз-келиндер жана кыз–келиндерди б.а аялдар темасын козгогон аңгемелерди жазгандар. Аялзатын калемге алуу менен бирге жазуучулар, мезгилдеги аялзатынын проблемаларын ачып берүүгө аракет жасайт. Бул аңгемелердин кайрымдары ийгиликтүү болсо айрымдары саясий өңүттөгү чакан жазуу деңгээлинен көтөрүлө алган эмес[4].

Мисалы, Севги Сойсал коммунисттик көз караштагы жазуучулардын катарына кошууга болот. Мындай көз карашын ал өз ангемелеринде чагылдырат. Түркия тарыхында "12 – март" деп аталган аскердик төнкөрүш окуяларыны баяндаган аңгемелери басымдуулук кылат. Таежесин каарман катары жазган "Танте Роса" аңгемелер жыйнагындагы аңгемелер жазуучунун чыгармачылыгында өзгөчөлөнүп турат. Анын ушул китеби саясий көз караштардан алыс, чыныгы жазуучулук дараметин көрсөтө турган чыгарма[5].

Севинч Чокум аңгемелерин жазууда "...кичинекей окуя, эскерүүлөр же болбосо бир нерседен таасирленүү менин аңгемемди жаратат. Ичимдеги конфликти, бактымды, изденүүлөрдү жазам"[6]-дейт.

Севинч Чокум аңгемелериндекишилердин кичинекей бир окуясын, эскерүүлөрүн аңгемелерине тема кылып алат да, каармандарынын ички ой-толгоолорун, кыймыл-аракеттерин, кабыл алган чечимдерин баяндайт. Аңгемелери жөнөкөй, кооз сөздөрдөн алыс турган өзүнчө бир жагымдуу тили бар.

Пынар Күрдүн аңгемелеринде сүйүү жана өлүм темалары басымдуулук кылат.Коомдогу жалгыз кишинин ички дүйнөсүн баяндаган аңгемелериндеги каармандарынын көбүн аялдар түзөт.

Булардан башка Айла Кутлу, Нурсел Дуруел, Фейза Херчилингирлер сыяктуу аял жазуучулар да бар.

1980-жылдардан кийинки түрк аңгемесинин төбөсү көрүнгөн жазуучулары - Нежати Жумалы, Зеййат Селимоглу, Юсуф Атылган, Тахсин Йүжел, Орхан Дуру, Феййаз Кайажан, Фаик Байсал ж.б. тарабынан сан жагынан абдан көп аңгемелер жазылат. Бирок сапатын эске алсак, санына караганда төмөн болгонун түрк адабиятчылары белгилешет[7].

Тарыхый жактан алганда 1980-жылы Түркия саясий революцияны башынан өткөрөт. Өлкөдө оңчулдар жана солчулдардын конфликти өкүм сүрөт. Бул табигый түрдө көркөм сөз өнөрүндө да чагылдырат. Нурсел Дуруел, Тарык Гүнерсел, Өзжан Карабулут, Жале Санжак сыяктуу аңгеме жазуучулары солчул көз караштагы жазуучулардан болуп, бул көз караштарын чыгармаларында да чагылдырат.

Бирок, Советтер Союзунун кулашы менен бирге солчулдук бул жазуучулардын чыгармачылыгын да өзгөрүүгө алып келет. Мисалы, аңгемелеринде окуяга салыштырмалуу ички монолог көп, каармандын ой – толгоолору орун алат. Мисалы, Мурат Гүлсой калемдештери менен бирге "Хайалет Геми" журналын басып чыгарып, ага өзүнүн аңгемелерини жарыялап турат. Журнал 1992 – 2002-жылдардын аралыгында чыгып турган.

Бул топко карама-каршы Исламчыл бир топ чыгат. Бул топтогу жазуучулардын аңгемелеринде "Коом, дүйнө маселелеринен, маданий бир утопиядан жана бул жашоодогу талаптардан, каалоо – тилектерден толугу менен арылган бир тенденция[8]" иштелет. Бул Исламчыл топко кирген жазуучулар Советтер Союзунун кулашы менен алсыраган солчул жазуучулардын кемтигин толтурган.

Исламчыл жазуучулардын аңгемелеринин негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүчө: традициялуу баяндоо ыкмасы аркылуу, символикалык баяндоо ыкмасын колдонушат, динчил бир каарман аркылуу жаңы турмуш формасын сунуштайт, ошол эле мезгилде эски формасын сактайт, б.а. традициялуулуктун рамкасында жаңылануу жасашат. Батыштагы керемет күчкө ээ каармандардын ордуна исламчыл жазуучулар тасаввуф - ички терендикти метафизикалык тилдик абстракция аркылуу чыгарма жазышат. Солчул көз-караштагы жазуучуларга караганда алар аңгемелеринин тематикасын, каармандарынын мүнөздөрүн дагы да кененирээк ача алышкан. Таң каларлык көрүнүш катары бул топтогу жазуучулардын феминизм, эркиндик темасында чыгарма жазганын белгилеп кеткибиз келет. Бул топтогу жазуучулардын катарына Жемал Шакар, Рамазан Дикмен, Кемал Сайар, Назан Бекироглу, Мелек Пашалы сыяктуу калемгерлерди көрсөтсөк болот.

Соңку мезгилде түрк адабиятында "күчүрек өйкү" (кичи аңгеме) түрү өнүгүп жатат. Бул аңгемелер 100 сөздөн ашпаган аңгемелер. Түрк адабиятында кичирээк аңгеменин көрүнүктүү өкүлү катары Ферит Эдгүну айтсак болот. Кичир аңгемеге Рамазан Коркмаз төмөндөгүчө аныктама берет: "Чакан аңгемелер мазмуну боюнча дээрлик коомдун көп убакыттан бери байкабай келген абсолюттук түгөнүү жөнүндөгү аңгемеси эле. Бирок, бул аңгеме убакыттын тардыгына көз каранды адамдар үчүн көлөмү кыска болушу керек эле. Абдан кыска, ошону менен катар, таасирдүү бир өзгөчөлүккө да ээ болушу зарыл болчу[9]." Кичи аңгеме жазуучусу Ферит Эдгү төмөндөгүдөй аныктама берет: "узун сүрөттөлгөн символдор, сыпаттоолордун эмес, күнүмдүк колдонулган сөздөрдүн, кооздолуп байытылган эмес жакырдалган сөздөрдүн репертуары" (Deveci M. (2012), Ferit Edgu: anlatэlarэnda uarэ ve izlek, Ankara: Akcap s.503).

Мисалы, Ферит Эдгүнүн 24 сөздөн турган "Өч" аттуу аңгемесин карап көрөлү. "Айылдын эң көп баскан кызы болчу. Аны айылдын эң макоо баласына күйөөгө бериште. Балалуу болушкан жок. Тагыраак айтсак, көп баласынын бирөө да ал макоо жигиттен эмес эле[10]." Же болбосо ушул эле жазуучунун бир гана сүйлөмдөн турган аңгемеси бар. "Акырында бир күчүктү асырап алды."

Ферит Эдгүнун 200дөн ашуун кичи аңгемеси бар. Бул аңгемелир жазуучу "эмнени жазганым эмес, кантип жазганым маанилүү" деген девиздин алдында жаратат.

Батыш адабиятында мындай түргө "абдан кыска аңгеме" термини колдонулат. Кыргыз адабиятында С. Эралиев, Ш.Дүйшеев, С. Акматбекованын чыгармачылыгында бул аңгеме түрүнүн үлгүлөрүн көрө алабыз. Бирок, С.Эралиевдин кыска аңгемелери жазуучунун ички ой-толгоолорун камтыйт.

Түрк адабиятында аңгеме жанры Танзимат доорунан бери карай Европадан өсүп–өнүккөн адабияттарындагы аңгеменин моделинде өнүгө баштаган. Албетте, алгачкы аңгемелер классикалык түрк адабиятынын таасиринен суурулуп чыга алган эмес. Ошондуктан алар көбүнчө дидактикалык маанайда жазылган. Себеби, ал мезгилдин жазуучулары өз элинин аң–сезимин жаңы идеялар, жаңы таасирлер, жаңы элестер менен байытуу маселесин алдыңкы планга чыгарган. Экинчиден, алгачкы аңгемелерде учурда актуалдуу болгон агартуучулук, исламчылык, османчылык сыяктуу темалар козголуп, окуялар, турмуштук деталдар, адам психологиясынын белгилери пейзаж менен ширелиштирилип сүрөттөлбөй, жөн гана супсак баяндалган.

Кийинчерээк түрк аңгемелеринин тематикалык курамы улам кеңейе берип, алардын арасында шаардык кишилердин, асыресе интеллигенттердин жашоосуна тиешелүү фактылар, айыл-кыштак калкынын социалдык катмарлары башынан өткөргөн турмуштун ар кыл көрүнүштөрү, салт-санаалары, үрп-адаттары, оң-терс жактары, ар кыл катмардан орун алган түрк кишилеринин жүргөн-турганы, ойлоо жана сүйлөө өзгөчөлүктөрү чагылдырылган. Аңгеме жазуучуларынын дүйнөнү кабыл алуу, түшүнүү, сүрөттөө жөндөмү, окуяларды маанилүү жана кызыктуу кылып аңгемелөө чеберчилиги барган сайын өркүндөп отурган. Бул процесс, айрыкча, республика доорунда интенсивдүү жүрүп, натыйжада түрк адабиятындагы аңгеме жанры дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келген түрдө калыптанууга үлгүргөн. Буга далил катары түрк жазуучуларынын калеминен чыккан эң мыкты аңгемелердин дүйнөдөгү өнүп-өскөн калктардын адабий традицияларга өтө бай тилдерине которулуп, рухий өнүгүш даражасы ар кандай окурмандардын кызыгуусуна, адабият билермандарынын жогорку баасына татыктуу болушун айта алабыз.

Согуш мезгилинен кийин кыргыз прозасы дээрлик жанданат. Прозанын башка түрлөрү менен бирге аңгеме да жемиштүү жылдарын баштайт. 1947-жылы "Эмгек азаматтары" аттуу аңгемелер жыйнагы жарык көрөт. Согуштан кийинки мезгилде жазылган аңгемелердин идеялык-тематикалык чабыты да өтө кеңири боло баштаган.

Жазуучулардын катарын бир топ таланттуу жаштар толуктады. Мисалы, Ш. Бейшеналиев, К. Каимов, Ч. Айтматов, А. Жакыпбеков, Ө. Даникеев, К. Жапаров, А. Саспаев ж.б.

Сатира жанры да согуштан кийин сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн кеңейте алды. Коомдогу терс көрүнүштөрдү ашкерелөөдө сатиранын ролу зор. Сатиралык аңгемелердин көбү ошол мезгилдеги совет системасынын нормаларына жат болгон көрүнүштөрдү ашкерелеген. Өз учурунда жарык көргөн "Чалкан" сатиралык журналына сатиралык аңгемер үзгүлтүксүз жарыяланып турган.

К. Каимовдун сатиралык планда жазылган "Теке сүзгөндө", "Начальниктин кабагы", "Бөтөлкөдөгү адам", "Токол", "Шляпа", "Соңку жолугушуу" сыяктуу аңгемелери жарык көрөт. К. Каимовдун сатиралык аңгемелери кыргыз элинин фольклордук традициясы, професионалдык прозанын өсүш тарыхы менен тыгыз байланышта өнүгөт[11].

"Токол" аңгемесинде картайганына карабастан Токобай жаш токолуна жетем деп талаада калганын сүрөттөлөт. "Соңку жолугушуу" аңгемесинде да эскинин калдыгы болгон кудалашып балдарды үйлөнтүү салты сынга алынат.

"Начальниктин кабагы", "Шляпа" аңгемелеринде коомдогу жат көрүнүш болгон кошоматчылык ашкереленет. Бул тема аңгеме жазылган доорго гана мүнөздүү болбостон, бүгүнкү күнү да актуалдуулугун жоготкон жок.

К. Каимовдун аңгемелеринде конфликт ошол күндүн термини менен айтканда терс каармандардын ортосунда өтөт. Мына ушул кагышуулардын негизинде терс каармандардын образдары ачылат.

Мисалга, "Теке сүзгөндө" аңгемесин алып көрөлү. Аңгеменин баш каарманы мекеменин башчысы Жолой Жолдошевич – кошоматчылардын жалган мактоолоруна башы айланган адам. Каармандын образын ачып берүүдө автор сарказмды ыктуу пайдаланган. Бир күнү Жолой Жолдошевичтин мекемесине Теке аттуу жаш жигит келип ишке кирет. Бул эки каармандын жолугушуусун автор төмөнкүчө берет: "- саламат деп Жолой Жолдошевич тура калганда жаш жигит эки колун кабаты менен сунуп, учурашууга дилгирдигин билгизди. Ыкластарынын бири-бириникине каалагандай чыгышы экөөнү бир паста таттуулук сезимге алып келди. Колумду мурун тартып албайын деген ой менен экөө тең көпкө чейин манжаларын кыса кармашып, ажырай албай турушту". (Каимов К. Теке сүзгөндө.//Соңку жолугушуу. Ф.,1955. 27-б.). Мына ушинтип Жолой Жолдошевичтин ишенимине кирип алган Теке бир күнү "начальнигин" сызга отургузуп кетет. Албетте, буга чейин экөөнүн ортосунда бир топ кагылышуулар болуп өтөт.

К.Каимовдун аңгемериндеги каармандар бири-бирин ашкерелейт, кыймыл – аракеттери менен чыныгы ички дүйнөсүн ачып беришет. Мисалы, "Соңку жолугушуу" аңгемесинде кудалашкан эки тараптын ою ишке ашпай калганда эмне кыларын билбей эки "дос" күнөөнү бир-бирине оодарып, бирин экинчиси күнөөлөй баштайт. Б.а. жогоруда айтылгандай "терс каармандардын" өз ара конфликтиси аркылуу образдары ачылат.

"Ашыктык" аңгемеси А.Чеховдун "Кутудагы адам" аңгемеси менен үндөш. Аңгемедеги Керкибай өмүрүндө ашык кадам баскандан корккон адам. Бул проблеманын негизи эмнеде экендигин автор ачууга аракет кылат. Мунун биринчи себеби катары Керкибайдын энесин көрсөтөт. Бул апа эски көз караштарынан арыла албай, ал көз караштарын баласына да таңуулайт. Экинчи бир себеби - бала чагында алган эскичил тарбиядан кутула албаган баласына байланышат. Он жетиге чыкканда жесир калган агасынын аялы, жеңеси Шайыргүлгө үйлөнөт. Мурун энесинин таасири алдында болуп келген болсо, эми, Шайыркүлдүн таасири алдында калат. Он үч жыл чогуу жашагандан кийин Шайыркүл кайтыш болот. Мына ушул окуя Керкибайды сыноонун дагы бир мүмкүнчүлүгү эле. Аңгемедеги сатиралык, юмордук окуялар мына ушунда башталат. Энеси менен болгон диалогдор траги-комедиялуу. Болуп өткөн окуялар Керкибайдын трагедиясы. Бирок, Керкибайдын булардын бардыгы трагедия экендигинден кабары да жок. Керкибай өзүнө аял издөөдө аялдын алган айлыгын, тууган–туушкандарын териштирип тандап, акыл–эстүү кыздардын бардыгын качырат. Мындай акылды да энеси берген болот. Ошентип, энесине ишенип отуруп Керкибай жалгыз калат.

"Шляпа" аңгемесинде кошоматчы Чыйбыт Чынарбаев - "таланттуу кошоматчылардан". Ал бардыгына кошомат кылат: мекеме башчысына, секретарга, орун басарга б.а., бардыгына кошомат кылат. Чынарбаевдин өз начальнигине зарыгып жүрүп жеткен шляпасын тартуу кылышы аңгемедеги күлкү келтире турган көрүнүштөрдөн. Бул да кошоматчылыгынын апогейи десек болот. (К.Каимов. "Шляпа."//Советтик Кыргызстан.1956. - №1.). Чыгармадагы образдарды ачууда автор куйкум сөз, сарказм, мыскылдоо ыкмаларын колдонот.

Дүйнөгө атагы таанымал Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын башталышы да Улуу Ата мекендик согуштан кийинки мезгилге туш келет. Жазуучунун биринчи аңгемеси "Газетачы Дзюйо" 1952 – жылдын 6 – апрелде "Комсомолец Киргизии" газетасында жарык көрөт. Кийинки аңгемеси "Ашым" ошол эле жылы "Кыргызстан" альманахынын экинчи санында жарык көрөт. Ушул эле 1952-жылы орус тилинде "Мы идем дальше" аттуу аңгемеси "Комсомолец Киргизии" газетасында жарык көрөт.

"Газетачы Дзюйо" аңгемесинде алыскы Япониядагы Дзюйо деген кичинекей газетачы баланын бир күнү сүрөттөлөт. "Ак жаан", "Асма көпүрө" аңгемелеринде жазуучу адамдардын мүнөздөрүндөгү татаал кагылыштардын диалектикасын ачууга далалат кыла баштагандыгы байкалат.[12]

"Ак жаан" аңгемеси 50-жылдары комсомол жаштарынын жашоосун сүрөттөйт. Автор бул аңгемеси аркылуу жаңы заманда жаңы мүнөздөгү жана көз караштагы жаңы муун калыптанып, жаңыча мамилелер орун ала баштагандыгын Саадат, Касымжан, Зейнеп апа, Төкөй карыялардын образы аркылуу көргөзүүгө аракет кылган.

Саадат – Зейнеп апанын жалгыз кызы. Колхоздун трактордук бригадасында прицепщик болуп иштегендиктен, көбүнчө талаада жүрөт. Саадаттын үйгө келгени Зейнеп апа үчүн кадимкидей майрам. Кызынын жанынан чыккысы келбейт. Зейнеп МТСтин комсомолдук бригадасына катышууну чечет. Бирок Зейнеп апа жалгыз кызын жөнөткүсү келбейт. Апасы менен кызынын ортосунда конфликт болот. Зейнеп өзү менен кошо иштеген Касымжанга турмушка чыкканда Зейнеп апа катуу кайгырат. Бирок, аягында көптөгөн психологиялык

олку-солкулуктан жаңыча мамилени Зейнеп апа да кабылдайт. "Мейли, күлгөндөр күлө берсин, мен барам. Азыр барам! Иш жаңычабы? Мен да жаңыча мамилеге өтөм!" (Айтматов Ч. Ак жаан: чыгармалар жыйнагы.- Б.,2009. 1-том. 34-б.).

"Асма көпүрө" аңгемесинин баш каарманы Нурбек жаш активист комсомол жаштык максимализми менен өзүнө окшогон жаштарга "боюнан ашкан" ишти аткара аларын далилдегиси келип, бирок жаңылышкандагы тууралуу баяндалат. Нурбектин образын ачуу аркылуу автор ошол мезгилде актуалдуу болгон оң каарман толугу менен жакшы сапаттарга ээ болот, ал эми терс каарман жаман болот деген түшүнүктөн алыс экендигин билдирген. Мисалы, Нурбек жаман киши эмес, болгону, кыйынсынган, башкалардан өзүн жогору койгон мүнөзү бар. Трактору жардан кулатып жибергенде да, ал жолдошторунан уялганынан качып кетет. Бирок, аягында Асиянын жана Асылбай карыянын бийик адамгерчилиги Нурбекти туура жолго салат. Аңгемедеги негизги конфликт Нурбектин ички конфликтиси, ба.а өзү менен өзүнүн күрөшүүсү.

К. Асаналиев: "Ч. Айтматовдун аңгемелери сюжет куруу боюнча, образдарды шөкөттөө боюнча кыргыз жазуучуларынын ичинен айрыкча айырмаланып турат. ... автор сюжетти курууда жана өнүктүрүүдө көбүнчө каармандын мүнөзү кай жакка жетелесе, ошол тарапты көздөй өнүктүрөт. Айрым авторлор каарманды сүрөттөөдө ал кылбай турган ишти иштетип, ал ойлобой турган ойду ойлотот. Айтматов андан алыс, ал кудум калеми" төшөлгөн жазуучу сыңары каармандын ичи-койнуна кирип, ал кандай жол менен басат, кай багытка баратат, изинен калбай артынан ээрчип отурат да, окуяны ошол багытка бет алдырат,[13]" – дейт.

1960 – 1980-жылдары адабият жаатында эмгектенген көптөгөн жазуучулар пайда болду. Жаңы ысымдар кошулду, эски ысымдардын жаңы чыгармалары жаралды.

Мисалы, өзүнүн сатиралык аңгемелери менен кыргыз көркөм сөз өнөрүндө белгилүү болгон К. Каимовдун "Анарбайдын көпүрөсү" аттуу аңгемесинде ошол мезгилдеги коомдук – социалдык маселени козгойт. Анарбай айылдын башкармасы болуп иштеп турганында кошуна айылды бөлүп турган айыл ортосуна көпүрө курдурат. Бул көпүрөгө эл "Анарбайдын көпүрөсү" деп ат коёт. Бул көпүрө эки айылдын жолун гана кыскартып жакындатпастан, эскиден уруучулуктун айынан бир-бири менен жат эки айылды жакындатат. Ал көпүрө аңгемеде түз жана өтмө маанисинде көпүрө болду.

К. Бектеновдун "Кыз жана кенчи" аттуу аңгемеси сүйүү темасына арналган. Ангеменин каармандары Алиаскар менен Саламаттын сүйүүсү баяндалат. Бирок, автор бул эки жаштын бир-бирине болгон сезимдерин толук ачып бере алган эмес. Үстүртөдөн берилген автордун сүрөттөөлөрү аркылуу гана эки жаштын сүйүүсү окурманга баяндалат.

70 – жылдардын прозасы жөнүндө акын жана сынчы С. Тургунбаев: "Ал негизинен изденүү процессинде түйшүктөнүп, ошол татаал, чиелеш абалдан даана суурулуп чыга бербей, горизонту да анча айкындалбай келаткан сыяктуу сезилерин айтуу керек. Бирок, бул процесстин кандайдыр келечекке дем, жышаан туюлуп тургандыгын, бул учур алардын чыгармачылыгынын жетилүүсүндөгү негизги нерселерден, этаптардан болуп калышынын да мүмкүн экендигин белгилеп кетүү зарыл. Аты белгилүү болуп калган К. Жусупов, М. Гапаров, А. Стамов, Э. Отунчиев, М. Мураталиев, К. Акматов, Д. Казакбаев, Ш. Эсенкулов, К. Сактанов сыяктуу жаш прозаиктердин чыгармаларында түзүлгөн каармандардын көпчүлүгү кээде турмуштун өмбүл – дөмбүлдөрүнө урунушуп, өйдө-ылдый, түшүнүксүз кыймылдарды жасап жүргөн жаштык делебедеги кейипкерлерге да окшоп кетет. Бирок, алардын ар бири табияты, турпаты, көз караштары, турмушка мамилелери, көздөгөн мүдөөлөрү боюнча даана айырмаланып, өзүнчө кебетеде көрүнүүсү менен окуучулардын көңүлүн буруп, кызыгууларын арттырып, чыныгылык, реалдуулук деген негизги күчкө ээ болуп турганы бышык. Мына ушул жаштык тикелик, ачыктык жана чыныгылык – алардын кебете-кешпириндеги негизги бөтөнчөлүк[14]" – деп жазса, 70 – 80 – жылдардагы аңгемелер жөнүндө С. Байгазиев: "Ойлой келсек бүз бозоргон чыгарма сымактардын топторун мезгил мезгили менен баса калып, тытмалап сындап, алардын авторлорун уртокмокко алып, уят-сыйытты талап кылып жатып калуудан опо деле аз сыяктуу. Мындан көрө ошол начар, таасирсиз, сырты жалтырак түзүмдөрдүн, адабий суррогаттардын, иллюзордуу жалган чыгармалардын жаралып жарыкка келүү шарттары, алардын дүйнөгө төрөлүшүн стимулдаган түпкү себептер, булактар ушундай чыгармалардын кейиштүү тагдырына күнөкөр болгон жагдайлар жөнүндө кеп кылуу пайдалуу өндүү. Айдоодогу буудайдын сабагын өспөйсүң деп жулмалагандан көрө, анын түбүндөгү топуракка үңүлүп көргөн оңураак го. Мындай түпкү себептерди тактоого аракет кылган макалалар сындалган авторлордун да, сындалбагандардын да чыгармачылыктары тууралуу, көбүрөөк түрткү болобу деген ой[15]" – деп жазат. Мындай сөз А. Көлбаев, Т. Үтүров, А. Кадырова сыяктуу авторлордун аңгемелеринен улам айтылган. Мында негизинен бир жактуу ой айтылып, начар аңгемелерди жараткан авторлордун чыгармалары талданган болсо, адабиятчы М. Жумаевдин "80 – жылдардыгы аңгеме жанрындагы изденүүлөр[16]" деген макаласында аталган мезгилдеги чыгармаларга кеңирээк талдоо берилип, негизги басым Меңди Мамазаированын чыгармаларына коюлган.

90 – жылдарга чейинки аңгемелер туурасында сөз кылгандардын тизмеси бир топ. Биздин кайсыл гана адабиятчы, сынчынын эмгектерин карабайлы, бул маселеге аздыр – көптүр өз пикирилерин билдиришкен. Адабиятчы К. Артыкбаевдин "Кыргыз совет адабиятынын тарыхына" көз чаптырсак, мисалы, ар бир прозаиктин портретин түзүүдө анын чыгармачылык өнүгүшүн сөзгө алат. К.Артыкбаев жазуучунун аңгемелерин аттап кете албайт эле. Демек, адабиятчы аңгемелер туурасында да кеп козгоп, өзүнүн баалуу пикирин айткан.

Ал эми 90 – жылдардагы көркөм табылгаларга келгенде, бул мезгилдеги калемгерлердин бактысыздыгы катары айтсак болот – алардын чыгармаларын жалпы карапайым эл окумак турсун, атуу-баштуу адабиятчылар деле анча таназар алышкан жок. Бул мезгилдеги адабий процесске талдоо жасаган адабиятчы Мамасалы Апышев бир гезитке жарыяланган макаласында ушундай деп жазат "Асыресе, соңку беш – алты жылдагы чыгармаларды профессионалдык адабий сын талкуусунан өткөргөнгө далалат кылган эч ким болбоду. Адабият менен жан багып жүргөн адабий сынчыларыбыз, адабиятчыларыбыз болсо дал ушундай бурулуштуу учурда өз ишин жасап, милдетин аткаргандын, жасалма классиктердин чүмбөтүн ачып, кезинде таасын баасын албай калган сүрөткерди өз ордуна "адабият бийликке – системага гана коюнуп, өткөндү кайра баалап, сын көз караштан өткөрүүнүн ордуна керек" деп үстүртөн мамиле кылып жүрүшөт. Муну адабият менен эч иши жок дилетант айтса жарашмак, бирок, өмүр бою адабияттан нан таап жеп жүргөн адамдардын оозунан чыкса ойлонбой ойноп сүйлөгөндөй сезилет экен[17]". Ырас бул пикирде айтылгандай, 90 – жылдардын адабиятынын изилдебегендиги, сөзгө алынбагандыгы чын. Бирок, бул жерде бир беткей эле адабиятчылар менен сынчыларды күнөөлөй бергенге болбойт. Мезгилдин шартын эске алуу керек.

Кийинки 70 – 80 – 90 – жылдарда кыргыз адабиятында аңгеме жанры жаңы көркөм – эстетикалык бийиктикке жетишти. Аңгеме жазууда өздөрүн чебер жазуучу катары көрсөткөн Б. Усубалиев, А. Саспаев, М. Мамазаирова, К. Акматов, М. Гапаров, А. Жакыпбеков, Д. Казакбаев, М. Байджиев, К. Жусупов, О. Караев ж.б. ысымдар, алар жараткан чыгармалар окурмандардын терең катмарларына сиңди. Бүгүнкү күндө аларды ар тараптан атайын изилдөөгө мезгил жетти десек жаңылышпайбыз. Аталган жазуучулардын аңгемелерине кеңири токтолуп анализ жасоо биздин ишибиздин максатына кирбегендиктен алардын айрымдарын гана, т.а. аталган мезгилдеги негизги көрүнүш болгондорун белгилөөнү туура көрдүк. Айталы, К. Акматовдун "Мунабиясы", А. Жакыпбековдун "Айкашкасы", Б. Усубалиевдин "Түтүн" чыгармалар жыйнагына кирген аңгемелери, М. Гапаровдун дээрлик бардык аңгемелери ж.б. өздөрүнүн көркөм чебер жемиштери менен айырмаланат. Ал эми аларды түрк жазуучулардын аңгемелери менен салыштырып карасак, анда төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот. Биринчиден, кыргыз аңгемелеринин масштабы кенен, философиясы терең, психологизм күчтүү. Жазуучулар эмне жөнүндө жазышпасын, кийинки мезгилде аны адабияттын биринчи предмети болгон адам маселесине байланыштырып, курч драмалуу сүрөттөөгө өтүшкөндүгү байкалат. Адам тагдыры, анын ички–тышкы турмушу, жашоодогу жолуккан карама–каршылыктар жана аларды жеңүүгө карата аракеттери, үй–бүлөлүк маселелери да кыргыз жазуучуларында кеңири масштабда каралгандыгын байкадык. Түрк адабиятында кырдаалдык окуяларды сүрөттөө, ага карата образ түзүү мүнөздүү болсо, кыргыз жазуучуларында кырдаалдын чыгуу себептери, андан чыккан натыйжалар кеңири сүрөттөлгөн. Түрк аңгемелеринде майда темалар дале болсо негизги орунда турат, ошондой эле турмуштун окуялуу жагына көп басым жасалат, сентименталдык сүрөттөөлөр арбын.

Ошондой болсо да, тектеш эл катары адам психологиясы, адеп – ахлак маселелерин сүрөттөөдө эки элдин жазуучуларынын дүйнө таанымында жакындыктар, окшоштуктар бар экени талашсыз.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Тандалмалар: Фольклористика. Адабият таануу. Лирика. – Б., 2002. – 624 б.

2. Апышев М. Абалың кандай аңгеме.//Ала-Тоо.- 1985. - №2.

3. Байгазиев С. Жаңы мүнөздөр. Жаңы конфликтер: Адабий сын макалалар. – Ф.: Кыргызстан. – 1980. – 131 б.

4. Жумаев М. Адабият дүйнөсү. – Б., 2006. – 118 б.

5. Yeni Turk Edebiyatэ El Kitabэ, s.336, Ankara 2004

6. Onertoy O. Cumhuriyet Donemi Turk Romanэ ve Oykusu, Ankara 1984

7. Andac F.Oykucunun kitabэ, s. 116, Эstanbul 1999.

8. Асаналиев К. Доор менен бирге: Адабий сын макалалар.- Ф.,1981.

9. Тургунбаев С. Замандаштын дүйнөсү. – Ф.: Кыргызстан,1978.

Н. Казакова,
Азат Жапарбек уулу,
ЭААУ

"КАЛИЛА ЖАНА ДИМНАНЫН" ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТАГЫ ОРДУ

Дүйнөлүк адабият аренасында "Калила жана Димна" эбактан бери кызыгуу жаратып, тегерегинде далай ой калчаткан өзгөчө, уникалдуу чыгарма. "Калила жана Димна" – жалпыны жакшылыкка үндөгөн окуялардын жыйнагы катары таанылып, бийлик башында олтурган инсандарга кол китеп болуп берүүгө мүмкүнчүлүгү бар эмгек. Аталган чыгарма перс жазуучусу Ибн-аль-Мукаффанын курч калеминен бүтүндөй Ыраакы Чыгыш адабиятына, ошондой эле Европага да таралган. Аталышы каармандары эки чөөнүн атынан улам келип чыккан. Архетиби катары түп нускасы ушул күнгө келип жетпеген, убакыт өткөн сайын кээ бир өзгөртүүлөргө дуушар болгон Индия тамсил жыйнагы "Панчатантра" атуу чыгарма.

"Панчатантра" (Беш бөлүм, Беш китеп) алгач Иран падышасы Анушырвандын сарай дарыгери Барзавайх(Бурзое) тарабынан пехлеви (эски иран тили) тилине жашыруун которулган. VIII кылымдын орто ченинде ошол жазмадан арап тилине которулуп, эл арасына абдан кеңири таралган. Жана да бир топ Чыгыш тилдерине, X кылымдан баштап бир катар Европа тилдерине которулат. Бир гана ушуну менен чектелбестен андагы кээ бир окуялар, мисалдар диний китептерге камтылып, Европа фольклоруна, Бокаччо, Ариосто сыяктуу Батыштын улуу инсандарына таасирин тийгизген. Бул чыгарма башкача аталыштарга ээ болуп, айрым учурларда бир катар өзгөртүүлөр менен да тараган. Мындан сырткары түрк тилине (фарс тилинен) XVI кылымда, орусчага XVII кылымда, өзбек жана татар тилине XIX кылымда которулган. Дүйнөлүк адабиятта ушунчалык белгилүү болуп, жалпыга маалым болгон чыгарма тилекке каршы азыркыга чейин кыргыз тилине которула элек.

"Калила жана Димна" тарыхта эң көп окулган, которулган жана башка адабияттарда булак катары кызмат аткарып, көп колдонулган алдыңкы чыгармалардын арасында турат. Негизги темасы адеп-ахлак жана саясат. Өзгөчө падышалар менен ак сөөк катмардын ортосундагы мамилелер, маектер, көпчүлүктүн алдындагы кадыр-барк, ага татыктуу болуунун негизги тепкичтери жана негиздери, ошондой эле калктын бийлик менен болгон байланышы, саясаттагы ар кандай көрүнүштөр, ишбилгилик, кыянат, тузак жана азгырыктар сыяктуу маселелер камтылган.

Бул китеп тууралуу Сильвестр де Саси, Генри Зотенберг, Иоганн Хертель, Теодор Бенфи, Теодор Нёльдеке, Карл Броккельман, Кэйт Фальконер, Уиллиам Райт, Мардини, Людвиг Косгартен сыяктуу Чыгыш таануучулар изилдөөлөрдү жүргүзүшсө, чыгыш дүйнөсүнөн Махмуд Таймур, Абдулла Махмуд Исмаил, Мухаммед Сабри, Таха Хусаин, Абдулвахаб Аззам, Мухаммед Күрд Али сыяктуулар да алардан кем калышкан эмес.[1]

Чыгарма б.з.ч. III—IV кылымдарда эле пайда болуп, фольклордук жактан андан да мурунку булактарга таянат. "Панчатантранын" сакталып калган санскрит тилиндеги жазмасы болсо XI кылымга таандык. Эмгектин түзүүчүсү, жаралыш тарыхы азыркыга чейин толук чечиле элек табышмак бойдон калууда. Ошондуктан, салттуу түрдө чыгарманын жаралышын Байдаба[2] аттуу акылманга таяп жүрүшөт. Буга ылайык Индия падышасы Дабшалимдин өтүнүчү менен Байдаба тарабынан ушул үлгү-насаат баяндары топтолгон китеп түзүлгөн.

"Панчатантра" кыска ырлар, ошондой эле ич ара кыска баяндамаларды камтыган беш негизги бөлүмдөн турат. Каармандар адам баласынын табиятын, коомун символикалуу түрдө чагылдырган жаныбарлардан тандалып алынган.

Беш бөлүм ушундайча аталыштарга ээ:

- **«Достуктун жоголушу»** (22 окуя)
- **«Достошуу»** (7 окуя)
- **«Карга менен Үкулөрдүн салгылашы жөнүндө баян»** (17 окуя)
- **«Жетишкендиктерден кол жуу»** (12 окуя)
- **«Кайдыгерлик мамиле»** (15 окуя)

«Панчатантра» элди башкарган кыйын чыкмаларга багытталып, насаат, жакшылыкка чакыруу талкууларынан турат.[3] Кээ бир маалыматтарга таянсак, Македондук Искендер өз жерине кеткенден кийин бийликке келген Дабшалим элди аёсуз эзип, көрбөгөн көргүлүктү көрсөткөн. Буга бери жакта бели кайышып, ары жакта жүрөгү кайышкан акылман Байдаба кылдай болсо да падышанын кетирген кемчиликтерин жеткирейин деп китеп жазат. Падышага катуу тийбесин, каары келип кыжыры кайнап кол алдындагы калкты дагы да эзбесин деп каармандарын жалаң жаныбарлардан тандады.[4]

"Калила жана Димна" боюнча алгачкы кеңири изилдөө изилдөөчү Гертел тарабынан жасалган. Чыгарманын эң эски топтому киришүү бөлүгүнөн туруп, андан кийин беш бөлүмдөн түзүлгөн. Санскрит тилинен жашыруун жазып алган Барзавайх чыгарманы толук которуп, ага кээ бир Индия жомокторун да кошумчалаган. Кошумчалардын алгачкы үч бөлүмү кийинчерээк "Махабхаратадан" алынганы аныкталган. Андан кийинки эки бөлүмү Түркия изилдөөчүлөрүнүн маалыматына караганда, Хитопадеса аттуу чыгармада да болгон.[5] Жогорудагы жагдайлар "Калила жана Димнанын" бир канча электен өтүп, кошумча өзгөрүүлөргө дуушар болгондугун көрсөтүп турат.

"Калила жана Димнанын" котормолору тууралуу кеп кыла турган болсок, окуялардын фольклордук табияты, жөнөкөй жана кызыктуу мазмуну бул чыгарманын дүйнө жүзүнө бат таралышына өбөлгө түзгөн. Эң биринчи котормо пехлеви тилине 570-жылдардын тегерегинде Ирандагы Сасаниддердин падышасынын буйругу менен ишке ашкан деп белгиленет. Бирок бул котормонун түп нускасы азыркы күнгө жеткен эмес. VIII кылымдын орто ченинде перс жазуучусу Ибн аль -Мукаффа[6] тарабынан "Калила жана Димна" деген аталыш менен арапчага которулуп, чыгарма бүткүл Ыраакы Чыгышка жайылган.

Ал эми Византия жана славян жергелеринде Симеон Сифтин (1081) котормосу менен белгилүү болгон. Чыгарманын баш каармандары – чөөлөр Стефанит жана Ихнилат деген ат менен эскерилген. XIII кылымда кимге таандык экени белгисиз испанча котормо, андан соң Иоэль аттуу кечилге гаандык иврит тилиндеги котормосу, Иоанн Капунскийдин кийинчерээк немец, испан жана италян котормолоруна негиз болгон латын котрмосу жарык көргөн. Баардыгы болуп бул чыгарманын 60 ашык тилде котормосу бар. Ошондой эле, XIX кылымдан баштап оозеки түрдө Кытай, Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнө жеткен. Анда котормолордогу өзгөчөлүктөргө кыскача токтоло кетели.

- Пехлеви (эски Иран) тилиндеги котормосу.

Иран падышасы Анушырвандын (531-579) буйругу менен Барзавайх аттуу ордо дарыгеринин которгон эмгеги. Барзавайх чыгармага кошумча кээ бир окуяларды киргизген. "Калила жана Димнанын" дүйнө жүзүнө таралышына эң биринчи орунда ушул эмгек өбөлгө түзгөн.

- Арамей тилиндеги котормосу.

Бул котормонун түп нускасы биздин күнгө жеткен эмес. Бирок котормонун 570-жылдары Буд аттуу киши тарабынан жазылгандыгы жөнүндө маалыматтар табылган. Маалыматтар боюнча китеп "Калилаг жана Дамнаг" деген атка ээ болчу.

- Арапча котормосу.

Арамей котормосунан болжолдуу түрдө 3 кылымдан кийин пехлеви тилинен арапчага Абдулла Ибн аль-Мукаффа тарабынан которулган. Бул котормо арап дүйнөсүнө тез убакыттын ичинде таралып, ага таасирин тийгизген. Ибн аль-Мукаффа негизги сюжеттен четтеп кетпестен, кээ бир жерин кыскартып, кээ бир жерине кошумчалаган. Китеп эл арасында, ошондой эле ак сөөк катмарларында да оозго алынган.

- Арамей тилине экинчи жолу которулушу.

Белгисиз чиркөө кызматкери тарабынан болжол менен X-XI кылымдарда Ибн аль-Мукаффанын эмгегинин негизинде которулат. Христиан дининин негиздери боюнча жазылып, негизги нускадан кененирээк. Бул эмгекти биринчилерден болуп Уиллиам Райт чечмелеген. Англис тилине Кэйт Фальконер которгон.

- Фарси тилине бир канча жолу которулган.

Фирдоусинин "Шахнамесиндеги" маалыматтарга таянсак, Ибн аль-Мукаффанын "Калила жана Димнасы" Саманид өкүмдары Наср бин Ахмеддин (914-943-ж.) заманында увазири Баламинин буйругу менен фарсчага которулган. Бирок котормо толук бүтпөй калган. Ошол эле Наср бин Ахмеддин буйругу боюнча белгилүү акын Рудаки (916-ж.) тарабынан кайра жазылып чыкты. Кийинчерээк болжол менен 1140-жылы Низамиддин Абул-Маали Насрулла бин Мухаммед тарабынан Ибн аль-Мукаффанын котормосунун негизинде которулуп, Газневи султаны Бахрамшахка тартууланды. Мындан кийинки жылдарда да эмгектин фарсчага котормолору тыным алган эмес.

- Грек тилине которулушу.

XI кылымдын аяк ченинде Симеон Сифтин грек тилиндеги котормосу "Стефанит жана Ихнилат" деген аталышта жарык көрөт. Бул эмгек кийинчерээк латын, герман жана славян тилдерине которулушуна башат болуп берген.

- Иврит тилине которулушу, андан Европа тилдерине оодарылган эски котормолор бар.

- Тибетче котормосу да кездешет. XII кылымдын баш ченинде Ибн аль-Мукаффанын котормосу негизинде жөөт дин кызматкери Рабби Юилл тарабынан иврит тилине которулган.

Иоганн дэ Капуа бул чыгарманы 1263-1278-жылдар аралыгында латын тилине (Directorium vitae Humanae) которот. Батыш Европа тилдерине оодарылган котормолордун көпчүлүгү ушул котормонун негизинде жарык көргөн. Бул китеп 1480-жылы немис, 1493-жылы испан, 1552-жылы италян тилине которулган. Немис тилиндеги котормосунун негизинде 1618-жылы дат тилине, 1623-жылы голланд тилине оодарылган. 1552-жылы жарык көргөн италян котормосунун негизинде 1623-жылы Томас Норт тарабынан англис тилине, андан кийин 1556-жылы француз тилине которулган.

- Англис жана орус тилиндеги кийинки котормолор.

1819-жылы Оксфорддо англис тилиндеги котормо арап тилиндеги эмгектин негизинде басылып чыккан. 1889-жылы Москвада арапчадан орусчага Михаил Атая тарабынан которулуп, жарык көргөн.[7]

Кээ бир тилдерде ыр түрүндөгү котормолору да кездешет. Ошондой эле бул чыгарма түрк, өзбек, татар, монгол тилдерине да которулган. Дүйнөнү дүңгүрөткөн "Калила жана Димна" азыркы күндө түрк тилинен кыргыз тилине которулуп жатат.

Адабияттар

1. Kelile ve Dimne. Юule yayэnlarэ.-Dopu Klasikleri Dizisi.-Эstanbul, s. 5-6

2. https://ru.wikipedia.org/wiki/Панчатантра

3. Китабу Калила ва Димна (Аль-Масрафи тарабынан изилденген нуска).- Бейрут.- 1994.- 5-бет

Абдыраманова А.Ш.,
БГУ им. К.Карасаева

ОБ ИСТОКАХ ЖАНРА РОМАНА В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

Развитие жанра романа в кыргызской литературе начинается с середины 30-х годов XX века. Истоки жанра романа в кыргызкой литературе в советское время связывают с фольклорными традициями, влиянием русской и советской литературы, что неоспоримо, но требует уточнения.

Истоки и специфика развития жанра романа в кыргызской литературе являются предметом нашего интереса. В «Литературном энциклопедическом словаре» относительно истоков кыргызского романа говорится следующее: «Развивался жанр романа, первоначально опиравшийся на сказовую форму фольклора»[1]. Сказ в данном случае включает «жанры устной прозы, повествующий о современности или недавнем прошлом».[2] Сейчас этот термин заменен термином устный народный рассказ. Свое мнение по этому вопросу высказал М. Өмүрбай: «Кыргыз элдик адабияты түр жагынан кара сөз түрүндөгү мифтер (аңыздар), уламыштар, жөө жомоктор, санжыралар, ыр түрүндөгү дастан, эпостор болуп, эки чоң топко бөлүнөт"[3]. Называя истоки кыргызской литературы, исследователь выделяет жанры фольклора, написанные прозой, а затем стихотворные. Становление прозаических жанров в кыргызской профессиональной литературе следует связывать с особым культурно-историческим феноменом: «живой» фольклор (героический эпос «Манас», целый ряд «малых» эпосов). Здесь же можно упомянуть богатую жанровую палитру устного народного творчества, внесшую свой вклад в становление прозы. Литература развивается «стремительно», под напором конкретно-исторических событий и идеологического диктата. Важным моментом является тот факт, что страна приобрела статус советской социалистической республики лишь в 1936 году, т.е. стала раздельной и самостоятельной.

Для конкретизации вопроса обратимся к мнению ученых, рассматривающих истоки становления жанра романа в зарубежной литературе. Оценка и воспроизведение действительности с точки зрения отдельного человека является предпосылкой появления романного мышления в отличие от эпоса, где человек выступал как выразитель интересов, целей и настроений рода. Это происходит в эпоху развитой и зрелой государственности. Отметим, что кыргызский героический эпос, его большая и малая формы, другие фольклорные формы были живы и активны во время формирования профессиональной прозы, жанра романа, и тем самым их воздействие на развитие литературы было непосредственным, сильным, специфическим.

В.В. Кожинов подчеркивает: «Роман возникает первоначально в устном творчестве народных масс, чутко и непосредственно отражающие сдвиги в соотношении личности и общества. По неизменному закону фольклора, даже этот новый жанр создается во многом из старых, порой древнейших элементов – характерологических, фабульных, образных, языковых»[4].

В отличие от эпоса, где носителем родовых черт является главный герой, в романе главное – судьба отдельной личности во времени и пространстве, в процессе развития. Индивидуальная и общественная жизнь разграничена, иногда противопоставлена. Это эпос современности, «эпос нашего времени», который не завершен. Таким образом, эти явления противопоставлены. Как и на основе чего возникает жанр романа? Исследователи отмечают, что в античности существовала специфическая область словесного творчества, на грани литературы и повседневного языкового общения людей или на грани литературы и философии. Именно на их основе формируется западный античный роман.

В средние века возникают жанры фаблио (франц.), фацеции (итал.), шванки (нем.), - короткие произведения, изначально стихотворные, затем прозаические, похожие на современные анекдоты (с динамичным сюжетом и непредвиденным, неожиданным концом), которые о и следует рассматривать как источник жанра романа. Со временем эти новеллы (рассказы) объединяются вокруг одного персонажа. Примерами могут служить книга «Забавное чтение о Тиле Уленшпигеле, уроженце Брауншвейга» (1515 г.), «Жизнь Ласарильо с Термеса», в которых представлен целостный образ, о жизни и приключениях которого идет речь. Каждый из этих персонажей ведет бродячий образ жизни, у них нет семьи, привязанностей, т.е. обязательств, перед семьей, обществом. Основное занятие их – высмеивание общественных и человеческих недостатков. Они верят в свой ум, ловкость, никого не боятся и живут вне сословных ограничений. «Тиль – это обыкновенный смертный, полагающийся только на самого себя», «Новаторское содержание книги о Тиле, родившееся в повседневном опыте народа, естественно творит новую, еще не известную повествовательную форму»[5] (романную).

В национальном литературоведении обсуждался вопрос о генезисе кыргызской письменной прозы в целом.[6] В учебнике по истории кыргызской литературы подчеркивается, что «в начальной стадии творчества кыргызских писателей единственным источником словесной культуры была устная поэзия»[7]. Здесь же указаны были также другие возможные источники, такие как сказка, предания, импровизации (жорго сөз). Но предпочтение оказывается все же стихотворным формам. Против такого мнения выступил литературовед С. Джигитов, который предлагает искать истоки письменной кыргызской прозы в «устной народной прозе», конкретнее в «устном бытовом рассказе», куда включается широкий круг разговорной речи, «проявляющейся в условиях непосредственного общения между говорящими. Таким образом, «главной предпосылкой появления прозы служит речевая сфера вообще, а не какая-либо отдельная конкретная художественная форма»[8]. Т.е. фактором возникновения письменной прозы была сама жизнь. У. К. Касыбеков в свою очередь полагает, что основой кыргызской прозы являются жанры изустных фольклорных жанров в совокупности: «Элементы структур народного повествования, участвующие в формировании поэтики письменной прозы, необходимо анализировать в системном единстве»[9], с чем мы соглашаемся полностью. Одним из первых исследователей, обратившихся к истокам кыргызской письменности, был Т. Аскаров, который рассматривал соотношении прозаического фольклора и письменной прозы в свете преемственных связей.[10]

На наш взгляд, следует обратить особое внимание, и на такой фольклорный жанр как санжыра (родословные предания) – один из видов исторических устных источников, повествующих об историческом прошлом кыргызов. В советское время санжыра были под запретом. Они содержали исторические сведения о происхождении кыргызских родов. А также на жанр импровизации (жорго сөз) рассказ-импровизация на заданную тему. В кыргызско-русском словаре 1965 года жорго сөз (плавная речь), не передает полный смысл термина. Это был полноценный жанр кыргызского фольклора, главной особенностью которой было устное изложение, количество слогов может быть согласовано, а может и нет написано ритмизированной прозой, т.е. включает элементы поэзии. Приведем пример: "Жигитти кыркка толтуруп, туш туштагы душманына кол сунуп, баатырларын, балбандарын дагы сайып, бала баатыр атанып, кырк жигитине кырк кара ат камдап, чарайна, соот, туулга, чопкут, калкан, айбалта, найза, кылыч, мылтык, шашылышта чабыша турган шалк этме сыяктуу бардык жоо шайманын камдап, жигиттеринин көңүлүн жамдап, өзү он алты жашка чыкты. Курманбек кор болгон кыргыз, кыпчактын калмактардан өткөн өчүн, кеткен кегин аламын, калмакка барамын деп кырк жигитине айткан сөзү... ("Курманбек" эпосу).[11] Здесь можно встретить примеры согласования, аллитерации, ассонанса.

Если рассматривать эти два жанра фольклора, то в них есть сюжет, композиция, портреты персонажей, изображение пейзажных зарисовок, изображение интерьера, а самое главное, движение событий и взаимоотношения людей, и этого достаточно для выделения их как истоков жанра романа. И санжыра и жорго сөз (импровизация) специфическое словесное творчество, в котором сливаются зачатки литературы и повседневное языковое общение людей, в них отражается философия народа. Таким образом, и жорго сөз и санжыра оказали влияние на возникновение прозы, в частности романа.

В культуре кыргызского, казахского и узбекского народов существовал целый пласт новеллических историй о ловких затейниках, острословах Апенди, Алдар Көсө, ходже Насреддине, в средние века на Востоке жанр подобных историй определялся как «латифа араб.– шутка, острота), жанр фольклора и литератур Ближнего и Среднего Востока, Средней Азии, небольшой остроумный рассказ или анекдот».[12] Например, истории о Ходже Насреддине, первые письменные варианты которых появляются в X веке. (сборник Мохамеда Ауфи «Радость после кручины» (X в.), «Занимательные истории о разных людях» (XVI в.).

Сходный жанр «макама (араб. – сходка, собрание), жанр плутовской новеллы в средневековой литературах на арабском, персидском и древне-еврейском (иврит) языках».[13] Макамы объединялись в циклы с единым рассказчиком и единым героем. Этот жанр возник от устного рассказа. «Собрание макам» (X в.), Бади аз-Замана аль-Хамадани и «Ты умудряешь меня» (13 в.) Иегуды Алхарили.

Что же касается историй об Алдар Көсө и Апенди в кыргызском фольклоре, то они просуществовали в устном виде вплоть до советского времени, когда были опубликованы в форме сказок. Например: «Пригласил как-то бай людей на той и принимал их в двух юртах, один для богатых, другой для бедных. Пришел Апенди в старой одежде, бай сделал вид, что не узнал его, отправил его в юрту для бедняков, где угощали объедками. Отправился Апенди домой, надел лучший свой халат и снова пришел в гости к баю, который сразу «узнал» его и отправил в другую юрту. Сидит Апенди и макает рукав халата в плов, приговаривает: - «Угощайся дорогой, угощайся!» - «Что ты делаешь, глупец» - говорит бай. – «В первый раз пришел в простой одежде и попал в юрту для бедных, второй раз пришел в богатой одежде – сразу признал – значит, ценишь не меня, а одежду. – Кушай дорогой халат, кушай!». Эти истории в совокупности представляют образ шутника, балагура, своего рода философа, иногда незадачливого человека, который живет по своим правилам.

Таким образом, источников формирования и развития жанра романа в кыргызской литературе несколько, как и во многих других литературах: легенды и мифы, сказки, устный народный рассказ (сказ), в кыргызской литературе это также особые формы - импровизация (жорго сөз), санжыра (истории о родовом древе кыргызов) .

Таким образом, подводим итоги исследования: 1. Особенности жанра романа в кыргызской литературе связаны с непосредственным и более глубоким воздействием «живого» фольклора и, даже недолгое время, параллельном развитии литературы и фольклора. В западной литературе влияние фольклора более опосредованное. 2. Развитие жанра романа в Европе связывают со временем развитой государственности, т.е. появляется развитое государство, а затем жанр романа, процесс последовательный. Не умаляя исторического значения кыргызской государственности в истории (Кыргызского Великодержавия), все же подчеркнем, что обретение государственности в рамках СССР произошло в 1936году. Таким образом, становление жанра романа и современной государственности шло одновременно. 3. Развитие жанра романа в мировой практике имело долгую историю, от приключенческо-авантюрного романа античности, рыцарского и плутовского средневекового романа и романа Возрождения и до романов XX века. Кыргызские романисты обратились сразу к реалистическому роману, причем под пристальным идеологическим контролем, что привело к большим сложностям при создании произведений. До времени создания лучших образцов прошло 30-40 лет, поэтому зачастую в них можно проследить различные тенденции (романтическую, сентиментальную).

4. Если в западной литературе истоки романа ищут и находят в жанре фаблио, фацеций, шванках и их персонажах и связывают их с XV-XVI вв., то в восточной литературе жанры латифа и макама, сходные по жанровым характеристикам с вышеуказанными западными жанрами, и их персонажи появились и были зафиксированы еще раньше, в X-XI вв. В кыргызском фольклоре, который является частью восточного фольклора, существовали свои персонажи и их истории, ставшие истоками кыргызской романистики. 5. Существование в античности специфических словесных форм на стыке литературы и простого повседневного общения, литературы и философии, ставшие основой для жанра романа на Западе, привело к мысли о существовании кыргызского национального специфического словесного творчества на стыке литературы и фольклора - жорго сөз, санжыра, которые также стали источниками романного жанра. 6. Следует подчеркнуть огромную роль русской, советской литературы и мировой классики в развитии жанра кыргызского романа, а также отметить роль восточной литературы, частью которой является наша литература в становлении и развитии кыргызского романа

Кыргызский народ умел ценить меткое слово, красноречие, он сумел сохранить историю и культуру своего народа в фольклорных памятниках на протяжении тысячелетий, не имея письменности. Это ли не доказательство значения слова для нашего народа? Благодаря этому кыргызская романистика за короткий исторический срок освоила законы жанра, достигла необыкновеного успеха, в частности романы Ч. Айтматова.

Литература

1. Литературный энциклопедический словарь / Под ред. В.М. Кожевникова и П.А. Николаева. - М., 1987, 382 с.

2. Кожинов В. В. Роман – эпос нового времени // Теория литературы. -М., 1964, 486 с.

3. Касыбеков У. Народные эпические традиции и генезис киргизкой письменной прозы.- Б., 1992. 126 с.;

4. Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас. Өнөр. –Б., 1996, 639 б.

5. История киргизской советской литературы. - М., 1970, 394 с.

6. Джигитов С. Мысль, разбуженная спором // Ала-Тоо, 1974, № 1, 178 с.

7. Аскаров Т. У истоков киргизской прозы // Литературный Кыргызстан, 1959, № 4, 143 с.

Абдыраманова А.Ш.,
БГУ

О НОВЫХ ПОДХОДАХ К АНАЛИЗУ РОМАНА XX ВЕКА

В этой статье рассматриваются обновленные походы к анализу романов XX века. Возвращение к авторитетным мнениям литераторов и литературоведов прошлого относительно романа. Исходя из основной задачи литературы, а значит, и современного романа - показать взаимоотношения человека и общества, и следует анализировать романы.
Задачей исследователя романа XX века (самого предпочитаемого жанра в современной литературе) является избавление от тенденциозного прочтения текстов художественной литературы в свете современного мировосприятия, без противопоставления реализма и модернизма (постмодернизма), работа с живым текстом.

Жанр романа в современной литературе занимает ведущее место. Роман – (фр. Roman.; нем. Roman.; англ. novel) первоначально в античной, позднее в средневековье, всякое произведение, написанное на романском, а не на латинском языке, эпическое произведение, в котором повествование сосредоточено на судьбе отдельной личности в процессе ее становления и развития, развернутое в художественном пространстве и времени, достаточном для передачи «организации» личности, являясь эпосом частной жизни». (1. с. 329-333)

В своем историческом развитии жанр романа прошел путь от самых истоков становления литературы, от авантюрно-приключенческих романов античности, средневекового рыцарского и плутовского романа. В них человек проходит ряд жизненных испытаний, преодолевает препятствия, крушение надежд, утрату иллюзий. В романе того времени есть место чудесному, загадочному, фантастическому. Он далек от действительности, носит приключенческий характер.

В Новое время (эпоха Возрождения) человек освобождается от мифологических сил, засилья религии. «Формирование романа в его классическом виде начинается в период разрушения феодальных отношений и в преддверии образования буржуазного общества. Крупнейшими основоположниками этого жанра выступают гуманисты Возрождения Рабле и Сервантес». (3. с. 251) Гуманисты показывают, что человек благодаря своему уму, воле, преодолевая препятствия, обретает свое место в мире. Изображается часть жизни человека во всей ее полноте, все стадии конфликта человека с обществом. Здесь много прозаических моментов жизни, бытовых деталей и исторических подробностей. Персонажи романов динамичны, они связаны со средой, историческими обстоятельствами, они борются за утверждение гуманистических идеалов, страдают.

В эпоху Просвещения получил развитие воспитательный роман, содержанием которого являлось жизненное воспитание, в котором, освободившись от недостатков, персонаж становится добродетельным человеком. Большую популярность обретает жанр жизнеописания, рождается социальный реалистический роман. Это век географических и научных открытий, поэтому большое значение имеют романы «робинзонады», прославляющие людей сильных духом и любознательных,

Своего пика жанр романа достигает в X1X веке и связан с развитием романтизма и критического реализма, творчеством В. Скотта, О. Бальзака, Г. Флобера, Стендаля, Ч. Диккенса, У. Теккерея и др. Классики романтизма и критического реализма изображают глубокие противоречия и конфликты личности и общества. Борьба личности за свое право на жизнь конфликты индивидуального сознания и личной судьбы предстают как выражение глубоких социально-бытовых, классовых конфликтов. Писатели показали противоречия жизни героев как противоречия живых социальных сил, показали свое отвращение к буржуазному миру. Во второй пол. X1X в. роман окончательно утвердил свое господство как типичная форма выражения буржуазного сознания.

Огромное значение приобретают романы русских реалистов И. Тургенева, Ф. Достоевского, Л. Толстого и др., главным достижением романов стало представление антигуманной сущности феодально-крепостнического и буржуазного строя, подавляющей человеческую личность, рождающей драматизм и психологизм. Важный критерий оценки – критика тех обстоятельств, которые влияют на жизнь человека, приносят страдания, поиски истоков социального зла.

В литературе XX века жанр романа становится ведущим и в социалистическом и буржуазном мире. Если предметом изображения романа критического реализма X1X века были, в целом, сходные для всех литератур явления, то в XX веке задачи социалистического и буржуазного романа резко отличаются. Представители социалистического реализма показывают гуманизм социалистических общественных отношений. Одна из главных задач социалистической литературы – воспитательная. Т.о. художники были обязаны отражать, определенную идеологическую и эстетическую позицию строителей социализма. В большинстве своем романы тенденциозны и находятся под идеологическим контролем коммунистической партии. Но, как не бывает правил без исключения, время от времени появляются романы, которые подвергаются сильнейшей критике, гонениям и т.п. из-за идеологического несоответствия, которые критичны по отношению к социализму и ее идеям. Примером служат романы Б. Пастернака «Доктор Живаго», К. Федина «Города и годы», Е. Замятина «Мы». В кыргызской литературе также были такого рода примеры, когда К. Касымбеков был вынужден «переработать» текст романа «Сломанный меч», живейшую дискуссию и шквал критики литературоведов вызвал роман Ш. Абдыраманова «Дехкане», а автор лишился работы и средств к существованию на долгое время. Из-за идеологического несоответствия роман К. Жусубалиева «Холодные стены», написанный в 60-е гг. был опубликован лишь в 90-е гг.

Западная романистика XX века развивается по двум направлениям. Часть ее соотносится с социалистическими идеями, или искусственно «притянута» к социалистической идеологии советскими исследователями. Другая часть подвергается критике или замалчивается. «Широкое распространение в странах Европы и США получила продукция литературной школы, которая претендует на научность и в основу своего метода кладет теорию австрийского врача З. Фрейда. Эта *мнимонаучная* теория до сих пор привлекает писателей широкими *якобы возможностями* раскрытия психики человека в изображении человека» - констатируется в одном из учебников по зарубежной литературе. (2. с. 6) Эта новая модернистская (постмодернистская) литература.

Каким образом соотносить эти две противоположности в художественной практике? Продолжать отрицать значение литературы модернизма и постмодернизма? Нет. Эта литература заняла прочные позиции в мировом литературном процессе. Хотя в начале, на Западе долгое время модернистские романы и их авторы подвергались гонениям, общественному порицанию, даже тюремному заключению, т.к. показывали современную буржуазную действительность как крах европейской цивилизации. Отрицать значение советской литературы? Конечно, нет. Но попытаться пересмотреть романы советского времени без идеологической ретуши, и тенденциозного прочтения следует уже сегодня. Хотя бы начать эту работу. Основания для этого есть. Например, в советской идеологии заложено большинство общечеловеческих ценностей под «коммунистическим соусом» - гуманность, духовность, правда, борьба за независимость, справедливость, дружба, любовь и мн. др., что являлось предметом изображения во всей предшествующей литературе. Возможно это исходный материал для анализа?

XX1 век требует переосмысления и нового прочтения литературы уже знакомой, а также ознакомления и оценки произведений литературы с точки зрения нового осмысления таких явлений как модернизм, постмодернизм и др. Эта большая часть литературы пользуется новыми средствами поэтики, иногда средствами, которые имеют обновленную смысловую нагрузку (субъективизм как центральная категория творчества). Свое мировоззрение и отношение к своим героям модернисты не проявляют, предоставляя читателю самому разобраться в происходящем, вводится термин «смерть автора». Есть необходимость корректировки идеологем: социалистический реализм, модернизм и постмодернизм, объяснения терминологии «поток сознания», «гибель богов» и «смерть автора», «полистилистика», «мультикультурализм», «вестернизация», «девестернизация», использования атрибутов массовой культуры и информационных технологий, относительно всей литературы.

И все же это изображение жизни личности в его отношениях с обществом, представленное новыми средствами.

Просветители Дидро, Лессинг направили внимание писателей на отрицательные явления общества, заявили о праве писателя на критику современности, что касается в большей мере жанра романа. Так, самой важной задачей реалистов X1X века стала критика существующих порядков, эту задачу продолжают писатели-реалисты XX века. О модернистах: «В прозе для модернистов сохранял свое значение самый новый, наименее каноничный из литературных жанров – роман... Модернистский роман протоколирует «историю болезни» современного человека – историю последствий отчуждения в его многообразных формах, историю становления самосознания, извращенного давлением общественных условностей, историю крушения гуманистических иллюзий» (4. с. 37) Т.о. это изображение жизни личности в его отношениях с обществом, представленное новыми средствами.

Возникает вопрос, каким образом анализировать эти тексты, каковы приоритеты? На наш взгляд, это возвращение к авторитетным мнениям литераторов и литературоведов прошлого. Лессинг писал: «Оно (искусство) подражает теперь всей видимой природе; не красота, а правда и выразительность являются его главным законом» (5,с. 14). Обратимся к точке зрения Гегеля: «Каждое художественное произведение принадлежит своему времени, своему народу, своей среде и зависит от особенных исторических и других представлений и целей» (6, с. 15-16). Гегель выступает за правдивость воспроизведения действительности.

Исходя из основной задачи литературы, а значит, и современного романа - показать взаимоотношения человека и общества, и следует анализировать романы: «Стрежневой проблемой, обеспечивающей внутреннее единство в изучении самых разных произведений, является проблема релятивизации действительности, т.е. исчезновение в культуре XX века веры в универсальную истину, сомнение в доступности человеческому познанию «объективной реальности» и даже в ее наличии» (4. с. 7) Это высказывание в полной мере касается литературы модернизма и постмодернизма, и в меньшей степени и реалистической литературы.

По-мнению исследователя Лайлиевой И.Дж. в кыргызской литературе XX века, в творчестве К. Джусубалиева и К. Акматова, прослеживаются модернистские тенденции. «К. Джусубалиев как представитель модернизма в киргизской литературе в своем творчестве воспроизводит ментальную жизнь сознания» (6. с. 9); «Один из фундаментальных для реалистической эстетики позитивистский принцип социально-исторического детерменизма перестает быть единственно определяющим в романе К. Акматова» (6. с. 43) Появление подобных романов в нашей национальной литературе именно в 80-90-е гг. XX в. связано с резкими изменениями в общественной жизни, разрушении старой идеологии и отсутствие новой. Возникновение модернизма в западной литературе ведь произошло также на стыке веков, времени разрушения режних представлений о литературе, морали, нравственности и т.п.

Важным представляется учет того, насколько сильно это понимание отражено в той или иной литературе, в том числе советской, имеющей свою специфику?

В свое время Теодор Адорно подчеркнул, что новые технологии делают искусство более доступным для всех членов общества, что было мечтой просветителей. Но: «Он видит в массовой культуре вид предпринимательства, способ извлечения дохода. Она организована по корпоративному принципу и даже не притворяется искусством, а прямо исполняет идеологические функции, задачи контроля и нивелировки индивидуального сознания» (4. с. 30). Речь, конечно, идет о буржуазном искусстве, но литература социалистического реализма в свою очередь также исполняла такие же идеологические функции, и задачи контроля, и нивелировку сознания. Основополагающим моментом в общественной организации становится коллектив и подчиненность ему личных интересов.

Т.о. задачей исследователя романа XX века (самого предпочитаемого жанра в современной литературе) является избавление от тенденциозного прочтения текстов художественной литературы в свете современного мировосприятия, без противопоставления реализма и модернизма (постмодернизма), работа с живым текстом. Тем более, что роман XX века, как и прежде, изображает жизнь человека в его отношениях с обществом, только разными средствами поэтики. В одном случае это общество социалистическое, в другом капиталистическое. Социалистический реализм обязывал показывать положительные моменты развития общества, замалчивая, обходя отрицательные. В противовес этому идеологическое противостояние рождало романы, в которых разоблачался социалистический строй, такие как роман Дж. Оруэлла «Скотный двор», «1984».

Восстановить имена «забытых, не соответствующих» авторов XX века и дать оценку их творчества с позиций сегодняшнего дня, для чего нужно их переводить и достойно. Деидеологизация, уточнение смыслов литературоведческих терминов, новый подход к анализу художественных текстов – одна из сложнейших задач современности.

В такой ситуации исследование и анализ романов социалистического реализма, в частности, кыргызского романа, требует огромных усилий и глубоких знаний теоретического и историко-культурного материала. Еще одна существенная трудность - романа не устоявшийся до конца жанр, живой, продолжающий наполняться новыми смыслами.

Литература

1. Литературный энциклопедический словарь. /Под ред. В.М. Кожевникова и П.А. Николаева. – М., 1987, 382 с.

2. Курс зарубежной литературы /Под ред. Проф. М.Е. Елизаровой и доц. Н.П. Михальской) – М., 1965, 801 с.

3. Щепилова Л.В. Введение в литературу. – М., 1968, 375 с.

4. Зарубежная литература XX века. Практические занятия. – М.: «Флинта», 2007, 471 с.

5. Лессинг Г.Э. Лаакон, или о границах живописи и поэзии // Избранное. – М., 1980, 574с.

6. Гегель Г.В. Ф. Эстетика, в 4-х т. М., 1968. Т.1, 622 с.

7. Лайлиева И. Дж. Киргизский роман на рубеже XX – XXI веков. Бишкек, 2009 с. 88

Н. Турдубаева,
Ж. Баласагын атындагы КУУ

КЫТАЙДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН МАКАЛ, ЛАКАПТАРЫ

Кыргызстанда макал, лакаптарды жыйноо жана изилдөө өткөн кылымдын 20-жылдары башталган. Буга Кайым Мифтаковдун 1922-жылдары Кыргызстандын бардык бурчтарында саякаттап жүргөн мезгилде жазылып алынган макал, лакаптар далил. Ошол убакыттан бери макал, лакаптарды жыйноо, изилдөө орус жана кыргыз окумуштуулары тарабынан изилденип келди. Маселен, 1944-жылы К.К. Юдахиндин «Русско-киргизский словарь» аттуу эмгегинде 700гө жакын киргизилген макал, лакаптары, 1948-жылы Бүбү Керимжанова түзгөн "Кыргыздын макалдары жана лакаптары" аттуу жыйнак алгач жыйноо жана жарыялоо багытында жасалган аракеттер эле. Ушул жыйнактардын негизинде ырдын ритмикалык түзүлүштөрүн изилдеген Кулан Рысалиев макал, лакаптардын ритмикалык түзүлүшүн анализдеп, 1959-жылы "Ала-Тоо" журналынын №7 санына көлөмдүү теориялык макала жарыялап, макал-лакаптар жети, он бир муундан түзүлөрүн мисалдарды келтирүү менен далилдүү жазып берсе, 1962-жылы фольклорист Сапарбек Закиров "Кыргыз элинин макал, лакаптары" аттуу фундаменталдуу илимий эмгегин жарыялайт. Аталган эмгектин баалуулугу, макал, лакаптардын пайда болгон булактарынан баштап, бири-биринен айырмаланган өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү менен алардын жыйынтыктуу теориялык белгилерин далилдүү мисалдар менен ачып берет. Ушул эле багытта Самар Мусаев жана Жаки Таштемировдор "Кыргыз адабияты" аттуу 8-класстар үчүн 1954-жылы жазган окуу китебинде да макал-лакаптардын теориялык белгилерин ажыратып жазып беришет. Аталган илимий эмгектерден кийин эл арасында айтылып жүргөн макал-лакаптардын негизинде түзүлгөн жыйнактар жарыяланган. Маселен, 1979-жылы "Киргизские пословицы, поговорки и изреченья" (Түз. К.Исамбаев), 1982-жылы "Кыргыз макал-лакаптар" (Түз. Ш.Усупбеков), 1988-жылы "Кыргыз макал-лакаптары" (Түз. К.Төлөев), 1999-жылы "Сөз – сөөлөт: накыл сөздөр" (Түз. К.Асаналиев), 2000-жылы "Даанышман ойлор: афоризмдер, макал-лакаптар" (Түз. Т.Самудинов), 2004-жылы "Кыргыз макал, лакап жана учкул сөздөр" (Түз. Гүлия Тажиева), 2004-жылы "Акылмандар айткан сөз: афоризмдер, макал-лакаптар" (Түз. Т.Самудинов), 2005-жылы "Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү" (Түз. Мухамед Ибрагимов), "Макал-лакаптар" (Түз. Эльмира Ташболотова, В.Мусаева), 2008-жылы "Кыргызча-орусча, англисче макал-лакаптар" (Түз. Б.С.Исамбаева, А.С.Иптарова), 2010-жылы "Макал-лакаптар" (Түз. А.А.Садыкулова), 2011-жылы "Кыргыз элинин макал-лакаптары" (Түз. А.А. Джапанов), 2012-жылы "Орундуу ойлор, макалдар, учкул сөздөр" (Түз. Касым Сулайманов), "Макал, лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор" (Түз. Ж.Ы.Койчуманов, Ы.Кадыров) аттуу жыйнактар окурмандарга таанылган. Аталган жыйнактарга салыштырмалуу Сапарбек Закировдун алгач илимий теориялык изилдөөсү кийинки изилдөөлөргө методикалык колдонмо болуп келди. Өзгөчө, макал-лакаптарга берген теориялык аныктамасы: "Макал – деп, коомдук тур-

муштун бардык жагын кучагына алуучу, адамдардын турмуштук тажрыйбаларынан алынган жана алардын дүйнөгө карата көз караштарын билдирип турган, тарбиялык мааниси терең курч сөздүү, рифма жана ритмге ээ болгон, ойду бүтүрө айткан кыска, поэтикалык сүйлөмдөрдү айтабыз, - десе, лакап – деп, кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунун, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап так элестүү кылып берилген, өзүнчө чечилүүчү тарыхы бар, көбүнчө каймана мааниде айтылып, контекстке карата мааниси чечилүүчү образдуу сүйлөмдөрдү айтабыз", - деп жазган (1. 40-б.). С.Закировдун мындай макал-лакаптарга берген теориялык аныктамасы мазмунуна жоон берет. Бүгүнкү күндө да фольклорист Сапарбек Закировдун илимий-теориялык изилдөөсү макал, лакаптарды идеялык-тематикалык багыттарга ажыратып кароого жардам берет. Көрсө, макал-лакаптар коомдогу саясий өнүгүштөргө карата жаралып, ошол нукта идеялык багыттарын коомчулукка таанытуу менен тарбиялоого багыт койгондугу байкалат. Өзгөчө, совет доорундагы фольклористикада макал, лакаптардын камтыган мазмундарына жараша төмөнкүдөй тематикаларга ажыратуу менен басма сөздөрдө ар дайым учкай жарыяланып турган.

1. Ден соолук жөнүндөгү элдик макалдардан.
2. Ичимдиктин зыяндуулугу жөнүндөгү макалдардан.
3. Согуш жылдарындагы макал-лакаптар.
4. Илгерки макалдар – бүгүнкү турмушта.
5. Достук жөнүндөгү макалдардан.
6. Махабат жөнүндөгү макал-лакаптар.
7. Атеисттик макал-лакаптар.
8. Партия, Ленин, коммунизм, Родина жөнүндөгү макал-лакаптар.
9. Эмгек жөнүндөгү макал-лакаптар (2).

Аталган багыттар макал-лакаптардын идеялык-тематикалык багыттарын аныктоого жардам берет. Ушул багытта Кытайдагы кыргыздар да карашкан. 2001-жылы "Адабият" толуксуз орто мектеп окуу китебинин биринчи бөлүмүн түзгөн Токтонур Аамат сегизинчи машыкта "Макал-лакаптар" деген үйрөнүүдө: "Макал-ылакаптарды окуу, үйрөнүү барышында, макал-лакаптардын турмушту тааныту, тил жактагы чеберчилигибизди жетилдирип туюндуруу курбатыбызды арттыруудагы маңызы менен өтүмдүүлүгүнө көңүл бөлө отуруп, буларды күндөлүк турмушта сөз сүйлөгөндө, макала же чыгарма жазганда жайында колдоно ала турган болуубуз" – деп жазат (3. 205-б.). 1996-жылы "Сөз берметтери" деген Кыргыз эл ооз адабиятынын бешинчи жыйнагын түзгөн Амантур Байзак: "Макал баш-аягы бирдей келген бир эле бир нече толук сүйлөмдөн түзүлүп, билдирмекчи болгон ой толук мааниси боюнча түшүнүктүү келет... ал эми плакаттар болсо, толук сүйлөм болбостон, баш-аягы окшош болбогон кара сөз катары келип, мааниси толук чыкпайт, ылакаптардын өзүнө тиешелүү окуйасы болот", - деп макал-лакаптарга аныктама берет (4. 2-3-бб.). Демек, кыгайлык кыргыздардын да изилдөөлөрүндө макал-лакаптардын тарбиялык мааниси туура түшүндүрүлгөн. Ошону менен катар кытайлык кыргыздардын изилдөөлөрүндө макал, лакаптардын жазылышында "лакаптар" деген аталышка **"ы"** үндүү тыбышын кошуп жазуу менен "ылакаптар" деп жазылган. Албетте, Кыргызстандагы айрым изилдөөлөрдө да "ылакаптар" деп "ы" үндүү тыбышын кошуп жазып жүрүшкөндөрү бар. Негизи "лакаптар" деп айтылып, "ылакаптар" деп жазылса керек. Кытайлык кыргыздардын изилдөөлөрүндө макал, лакаптардын идеялык-тематикалык бөлүштүрүүсү төмөндөгүдөй.

1. Эли-журт, Ата Мекен жөнүндө

Тууган жер – алтын бешик.
Эр тууган жеринде, ит тойгон жеринде.
Тууган жердей эл болбойт, өз элиндей эл болбойт.
Эл сыйлаган эшикте жатпайт.
Элин жамандаган эр оңбойт.
Эр ойлонуп элин табат, ат айланып мамысын табат.
Элдүү түлкү ачка болбойт.
Элдин жеринде шер болгуча, өзүң элиңде кара жер бол.

2. Эрдик жана чабалдык жөнүндө

Атанын уулу ачтан өлбөй,
Ар-намыстан өлөт.
Алтын отто сыналат.
Жоо кеткен соң кылычыңды бокко чап.
Баатыр сайышта жетилет,
Кыраан уча жетилет.
Баатыр, баатыр эмес, ачууну жеңген баатыр.

3. Ынтымак – бирлик жөнүндө

Ынтымак менен конот бак.
Алтооң ала болсоң, алдыңдагы кетет,
Төртөөң төп болсоң, төбөңдөгү келет.
Айыл ити ала болсо, бөрүнүн ырысы.
Акмак өзүнө тартат,
Акылман көпкө тартат.
Жалгыз аттын чаңы чыкпайт,
Чаңы чыкса да даңы чыкпайт.

4. Илим – өнөр жана наадандык жөнүндө

Адамга илим, кушка канат керек.
Билим бере берсең, түгөнүп калбайт,
Иш кылсаң жоголуп калбайт.
Билим – нур, наадандык зулум.
Дүйнө берген сайын азайып барат,
Билим берген сайын ашып барат.
Көзү сокур сокур эмес, көөдөнү сокур сокур.

5. Акыл-айлалуулук жана акмактык жөнүндө

Акылсыз башка адырайган көз бүтөт.
Күйөө жолдош экинчи акмак,
Балага киришкен үчүнчү акмак.
Көсөө карыганын билбейт,
Тантык жеңилгенин билбейт.
Терең суу менен бойлошпо,
Билимдүү менен ойношпо.
Билген билгенин иштээр,
Билбеген бармагын тиштээр.
Ачуу акыл таптырбайт.
Ачуу алдында, акыл артында жүрөт.

6. Иш-эмгек жана жалкоолук жөнүндө

Асыл аздап жыйылат,
Ачылган этек жабылат.
Иш кылсаң бүйрө кыл,
Сый кылсаң сыйра кыл.
Жалкоону ашка чакырсаң да, ишке чакырба.
Мээнетиң катуу болсо, татыганың таттуу болот.
Кийимди адам жыртпайт, оокат жыртат.

7. Убакыт-мезгил, кубулуш жана жер-суу жөнүндө

Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө артык,
Айдын башынан коркпой, бешинен корк.
Тогуз кыздын толгоосу бир күндө келет.
Эрте мененки суукка калсаң кал,
Кечки суукка калба.

8. Айбанаттар жөнүндө

Аты камчы менен айдабай, жем менен айда.
Жакшы ат камчы салдырбайт.
Бир малың адал өлсө, бир казан эт,
Арам өлсө, ит-кушка жем.
Суу башынан тунат,
Балык башынан сасыйт.
Бөрүнүн тиши калбаса да,
Жаман ниети калбайт.
Ит үнүн кууган айыл табат.

9. Жакшылык менен жамандык жөнүндө

Ат жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.
Жаман атка жал бүтсө,
Жанына торсок байлатпайт,
Жаман эркек мал күтсө,
Жанына коңшу кондурбайт.
Жакшы көргөнүн айтат,
Жаман жегенин айтат.

10. Тууралык, адилдик жана карамүртөс – арамзалык жөнүндө

Ала жылкы жоголбойт,
Арамза да оңолбойт.
Калпычынын калпы да калп, чыны да калп.
Калп ырыска каршы, өмүргө жоо.
Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач.

11. Үй-бүлө, тууган-урук жөнүндө

Атаңды сыйласаң, баладан сый көрөсүң.
Агайындын кадырын жалалуу болсоң билесиң,
Ата-эненин кадырын балалуу болсоң билесиң.
Келиндин жакшы чыгышы кайнененин ырысы,
Кыздын сулуу чыгышы бүткүл элдин ырысы.
Катын калса эр табат.
Бала калса мал табат.

12. Дос-душмандык жөнүндө

Досуңду тозокто сына, кашыктап суу береби,
Душманыңды жыргалда сына, кыстап уу береби.
Досуңан төө сура, уялганынан бээ берет.
Досу көп менен сыйлаш,
Досу жок менен сырдаш.

13. Байлык-кедейлик жана теңдик-теңсиздик жөнүндө

Байлык мурас эмес,
Жокчулук уят эмес.
Жоктун жону катуу,
Өгүздүн мойну катуу.
Эр жигит кедей болсо болсун, оору болбосун.
Мал байдыкы, жан кудайдыкы.

14. Көйрөңдүк менен кичи пейилдик жөнүндө

Аттан түшсө да, үзөңгүдөн түшпөйт.
Бар мактанса табылат.
Дасторкону чоң бир наны жок.
Арадай жерге чарадай жыйын кылба.
Башы катуу болсо, аягы таттуу болот.
Төшөгүңө карай бут сун.
Уккан кулакта жазык жок.

15. Ынкыбоздук, махабат жана өң-чырай жөнүндө

Адам карыса да, көңүл карыбайт.
Көңүлдөн көңүлгө жол бар.
Сүйдүргөн да тил, бездирген да тил.
Жаштыктан ашар сулуулук жок.
Эркенин жашы кургабайт.
Жоолук тонго жарабайт, жолго жарайт.
Тазды таз десе күлкүсү келет.(4.78-б.).

Мына ушундай тематикалык багыттарга бөлүштүрүп кароо кытайлык кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгына мүнөздүү. Албетте, келтирилген макал, лакаптар белгилүү өлчөмдө гана алынган.

Бирок Кытайдагы кыргыздардын макал, лакаптары Кыргызстандагы өнүккөн идеологиялык жана саясий-тарыхый өзгөрүүлөргө туш болгон эмес. Маселен, Кыргызстанда социализм идеологиясы гүлдөп турган учурда элдик педагогиканын бүткүл идеологиясын ошол нукта өнүктүрүүгө багыт койгон. Ошол доордун идеологиясын чагылдырган макал, лакаптар коюлган талаптарга ылайык өнүгүп келген. Маселен, Кыргызстандын басма сөздөрүндө жарыяланган макал, лакаптардын тематикалык багыттары ошол доордун идеологиясына ылайык "Достук жөнүндөгү макал-лакаптар", "Ичимдиктин зыяндуулугу жөнүндөгү макал, лакаптар", "Атеисттик макал, лакаптар", "Партия, Ленин, коммунизм, Родина жөнүндөгү макал-лакаптар", "Эмгек жөнүндөгү макал, лакаптар" деп белгилүү ойчулдардын айтылган ойлорунун мисалында жарыяланган учурлар көбүрөөк кездешет. Мындай ойчулдардын ойлорун макал, лакап катары колдонуу айрым ишенимсиз пикирди жаратат, анткени ойчулдардын сөздөрү көбүрөөк учкул сөздөргө жакын келет. Ушул алкактан алып караганда кытайлык кыргыздар учкул сөздөрдү макал, лакап катары колдонгон учурлары көбүн эсе байкалбайт. Көбүнчө нукура элдик педагогикадан жаралган макал, лакаптар кездешет. Мисалы: "Атанын уулу ачтан өлбөйт, арнамыстан өлөт", - деген макалдын мааниси кайсы доордун учурунда жаралбасын өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, эр азаматтардын намысын, патриоттуулугун көтөргөн идеологиялык тарбия экендигин далилдесе, кээ бир макал лакаптар таптык доордун учурундагы бир ирет эске салган макал, лакаптар кездешет. Мисалы:

Эр жигит кедей болсо болсун,
Оорулуу болбосун. же *Мал байдыкы, жан кудайдыкы.*

Ошондой эле, Кытайдагы кыргыздарда Кыргызстанда белгилүү болуп, эл арасына кеңири сиңип кеткен макал, лакаптардын жаңырып иштелген түрлөрүн да байкадык. Мисалы: "Элдин жеринде шер болгуча, өз элинде кара жер бол", - деп Кытайдагы кыргыздарда берилсе, Кыргызстанда: "Бирөөнүн элинде султан болгуча, өзүңдүн жериңде култан бол", - деген макал кеңири айтылган. Демек, эки башка мамлекетте жашаган бир элдин арасында кылымдан-кылымга жашап келген макал-лакаптардын тарбиялык багыты бирдей болсо да, айрым учурларда ритмикалык ырааттуулугуна карата өздөрүнө таандык варианттардын жаралгандыгын байкадык.

Адабияттар

1. Закиров С. Кыргыз элинин макал-лакаптары. – Ф., 1962, 40-бет.

2. Махабат жөнүндө сөз (Сүйүү темасында макал-лакаптар, учкул сөздөр) – Б.: Учкун, 2003, 69-бет, Асаналиев Т. Эски макалдын жаңыланышы// Кыргызстан маданияты, 1988, 3-ноябрь, 16-бет; Согуш жылдарындагы макал-лакаптар// Чалкан, 1985, №1, 3-б.; Атеисттик макал-лакаптар //Жеңиш Туусу, 1983, 18-июнь, 4-бет; Макал-лакаптар (Партия, Ленин, Коммунизм, Родина жөнүндөгү – Пропагандисттик жана агитатордук блокноту, 1971, №18, 43-бет; Достук жөнүндө //Ленинчил Жаш, 19685-октябрь, 2-бет; Ичимдиктин зыяндуулугу жөнүндөгү макал-лакаптардан //Ден соолук, 1964, №11, 21-б.)

3. Адабият. 2-бөлүм. Толуксуз орто мектеп окуу китеби. / Түз. Токтонур Ааамат. – Үрүмчү: Шиңжаң агартуу басмасы, 2001, 205-бет.

4. Сөз берметтери. – Үрүмчү: Шиңжаң эл басмасы, 1996, 2-3-бет.

Б.А. Чыйбылова,
К. Карасаев атындагы БГУ

КАКЕН АЛМАЗБЕКОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АРМАН ЫРЛАРЫНЫН БЕРИЛИШИ

Кыргыз поэзиясында өзгөчө, өз алдынча бөлүнүп турган акындардын бири Какен Алмазбеков. Анын адабий мурастарынын ичинде эпикалык пландагы чыгармалары басымдуу орунду ээлеп турат. Анын калеминен жаралаган көлөмдүү дастандары, термелери, поэмалары анын атын көпчүлүккө таанытты десек аша чапкандык болбос. К. Алмазбековдун өткөн кылымдын 70–80-жылдары эле чоң резонанс пайда кылган "Баланын каты", "Эненин арманы" ж.б. чыгармалар элдин эң сүйүктүү чыгармалары катары дүңгүрөгөн учурлар көп болгон.

Ар кандай акындын, же жазуучунун өмүр жолу анын чыгармачылыгынан бөлүнүп каралбайт. Ал эми жеке тагдыр менен чыгарамчылык тагдырдын ортосунда да чоң айырмачылык бар. Чыгармачылык тагдыр-бул таланттын бийик деңгээлге көтөрүлүшүнө чейинки баскан жолу, калыптанышы, чеберчилигинин эволюциясы катары каралып жүрөт.

Ал эми Какен Алмазбековдун акындык жана адамдык тагдыры өзүнчө бир таң калыштуу, кызыктуу болгондуктан, ал көптүн бири сыяктуу мезгилдин, замандын эрежесине ылайык Жазуучулар союзуна мүчө болуп өтүүгө аракет кылган эмес экен. Эгер андай болгондо ал арасына фольклор катары тарап кеткен ырлары тирүү кезинде китеп болуп чыкмак, мүмкүн тагдыры да башкача курулмак. Ошондой болсо да, көркөм чыгармачылыкка карата ал адамдын өз түйшүгү, өз позициясы болгон:

Алиги жармач жазма акын
Айлансын төкмө акындан.
Жетелей сүйөп таанышы
Жем жешкен бирге акырдан[1] - деп айтылгандай ал "жармач жазма акынга" караганда төкмөчүлүктү, импровизацияны бийик койгондугу ачык көрүнүп турат. К. Алмазбековдун көзү өткөн соң жарык көргөн "Эненин арманы" деген китебин көңүл коюп бир окуп чыккан кишиге бул ыр жыйнагы профессионал жазма поэзияга тиешелүү чыгарма эмес эле, көбүнчөсү төкмө түрдө пайда болгон поэтикалык көрүнүш экени ачык байкалат. Биз укkан, билген маалыматтарга караганда, Какен Алмазбеков өзүнүн ырларын басымдуу көп учурларда байыркы кельттердин барддарына окшоп эл чогулган жерлерде төкмөчүлүк менен жараткан. Акын өз ырларын оозеки чыгармачылык менен жаратканбы, же адегенде кагазга импровизация түрүндө түшүргөнбү, бул негизги маселе эмес, акындын поэзиясы өзүнүн жаратылыш табияты боюнча оозеки төкмө акындардын чыгармаларына өтө жакын экендиги, мына ушул жагдай башкы, өтө маанилүү маселе. Демек, К. Алмазбековдун поэзиясындагы эң негизги мотив-арман мотиви, өзүнүн жаралышы боюнча түздөн-түз элдик ырлар менен тамырлаш, киндиктеш экендиги талашсыз чындык.

Эмне үчүн Какен Алмазбеков ушундай күчтүү поэтикалык таланты менен Жазуучулар союзуна барып, акындык "карьера" жасоого аракет кылган эмес, эмне үчүн ал өмүрү өткөнчө эл арасында ырын ырдап жана эмнеликтен улам анын поэзиясынын чордонун арман мотиви түзөт деген сыяктуу суроолорго жооп берүү, албетте кыргыз адабият таануу илиминин жана фольклористиканын кезектеги милдеттеринин бири деп ойлойбуз.

Ал эми биз болсо, өзүбүздүн проблемабызга тикеден-тике байланыштуу арман жанрынын К. Алмазбековдун поэзиясындагы жаңыланышын, трансформациясын карап көргөнүбүздө, акындын ыр китеби "Эненин арманы" деп аталаган сыяктуу эле андагы программалык ырлардын бири "Эненин дастаны" деп аталат. Бул ырда Улуу Ата Мекендик согушта алты бирдей уулунан ажыраган эненин тагдыры баяндалат:

Ай-аалам уксун үнүмдү,
Айтайын арман күнүмдү.
Ажыдаар чачкан өрт алып,
Ачылган алты гүлүмдү.
Күн өтпөй жашым төкпөгөн
Күйүткө белим бүгүлдү.
Уйкудан безип, зар какшап,
Узатып далай түнүмд,
Көп болду боздоп келатам
Көтөрүп муңдуу жүгүмдү[1]

Бул арман ыр бекеринен "дастан" деп аталбайт, анткени мындай эненин арманы баштан-аяк дастан түрүндө баяндалат. Омор, Жапар, Кемел, Капар, Сапар, жана Актан–бардыгы алтоо, алтоо тең фронтто каза табат:

Көнүмүш болуп кайгырган,
Көдөнүм күйүт жай кылган.
Так эми жетти дегенде,
Таалайы колдон тайгылган.
Карайлап айла таба албай,
Кан күйгөн күчтүү кайгымдан.
Каруусуз мен бир куштаймын
Канаты кабат кайрылган.
Ааламда мендей бар бекен
Алтоонон бирдей айрылган?..[1]

"Эненин дастаны" баштан-аяк так ушул ыр саптарынын ыргагындай ыргакта жаралган, мында балдарынан ажыраган шордуу эненин муң-зары төкпөй-чачпай толук берилген. Дастанда согуш талаасында каза болгон балдарынын жоокердик милдет өтөөсүн, же болбосо патриоттук духун көрсөткөн жалган пафос менен шөкөтөлгөн бир дагы ыр сабы кездешпейт. Тескерисинче, "бүчүрү калбай кагылган", "ботодой боздогон" бир карап эненин элеси таасын көзгө элестейт. Ушундай тагдырга туш келген эне өзүнүн дастан-арманын мындайча жыйынтыктайт:

Адашып алты уларым,
Армандын жибин чубадым.
Кааларым эми бир өлүм,
Калган жок башка сурарым.
Кантейин, ажал жетпесе,
Канчага билбейм турарым.[2]

Албетте, Улуу Ата Мекендик согуш улуттуу совет элине эсеп жеткис кайгы-зар алып келди, ар бир үй-бөүлөө кимдир бирөөсүн жоготту, ошого карабастан жеңиш эчтекесин аябай, акыр аягына чейин темирдей бекем чыдамкайлыкты көрсөттү. Социалисттик реализм адабияты улуу трагедиянын ушул оптимисттик жагын бөлүп алып, бийик пафос менен чагылтып берди. Ал эми К. Алмазбековдун дастаны арман жанрынын "мыйзамы" негизинде жаралаган себептүү, ал ошол гана жанрдын мүнөздүү касиет-сапаттарына ээ болмок. Балдарынын аман-эсендигинен биротоло түңүлгөндөн соң, эненин бир каалары, бир сурары-бир гана өлүм, ал качан келет, дагы канча турат, билбейт. Улуу Ата Мекендик согуш алып келген кайгылуу трагедияны ушул жагын сүрөттөө–бул дагы чындык, реалдуулук. Ал чындыкты, ал реалдуулукту эл аралап жүргөн азыркы замандын төкмө акыны гана айта алмак.

Ошондой эле акындын калемине таандык дагы бир "Баланын каты" (элге эфир аркылуу "Он үч жашар баланын арманы" деген ат менен белгилүү).– бул чыгарма боюнча акындын айылдашы, жакын замандашы, республиканын эл артисти, белгилүү төкмө акын Орозбек Кутманалиевдин аткаруусунда "Он үч жашар баланын арманы" деген ат менен кеңири белгилүү болуп , өз учурунда өзгөчө хитке айланган чыгармалардын бири. Автор бул чыгармасы аркылуу өткөн гүлдөгөн социализм мезгилиндеги айрым өксүктүү турмуш жагдайларын өзүндөй кылып ачып бергени менен бааланды. Коомдогу эң бир зыяндуу көйгөй –аракечтик, анын кыргыз турмушуна алып келген орду толгус оор трагедиялары эмне менен өлчөнөт?! Бул чыгармада ичкиликтин айынан бузулган үй-бүлө турмуш, балдардын атасыз тирүүлөй жетим калышы кимдин да болсо кабыргасын кайыштырып, каңырыгын түтөтөт. Бул ырда он үч жаштагы бала атасына кат менен кайрылгандыгы баяндалат:

Ата, каныңан бүткөн балаңын,
Кабыл ал айткан саламын.
Көңүлүм канча калса да,
Көзүмдөн учуп карааның.
Көрүнүп жарк дей түшсө деп,
Көп зарлап жолуң карадым.
Деги, көргөн бир күнү курсунчу,
Тирүүлөй жетим баланын.[1]

Өз атасына кат менен кайрылган он үч жаштагы өспөрүм баланын ички абал, турмуш-тагдырга карата сергек мамилеси кимди болсо да кайдыгер калтырбайт, ошол эле учурда терең ойго салат. Өзүнүн шамдай жанаган бактысына, балдарынын эртеңки көрөр күнүнө кабагым-кашым дебестен таштап кете берген ата сөөйгө ичиңен жини келсе, бир туруп ушундай ара жолдо калган үй-бүлөлөрдүн бүгүнкү күндө да саны улам күн сайын артып баратканына зээниң кейийт.

Ата, азыр мен он үч жаштамын,
Акактай тунук жаш чагым.
Бирин да билбес кезимде,
Бир оюндан башканын
Күлкүнү сүйбөй эмитен,
Күйүттүү боло баштадым.
Айбым бар беле болбосо,
Айтчы, эмне, минтип таштадың?[2]-

деп чыгармада адамдарды ушундай күнгө алып келген, советтик үй-бүлөнүн ички ынтымагын ыдыраткан жалгыз эле арактабы күнөө же башка да мунун себеби барбы?-деген суроо туулат. Аталган чыгармадан дайын болгондой автор мында күнөөнү бир эле аракка койбойт. Мында негизи күнөө адамдын өзүндө., б.а. ошол үйдүн тасынын ички адамдык парзында болуп жатат. Автор өзү да буга күнөөлүү биринчи көпкөндүк экенин белгилейт да, ал эми араккечтик ага кошумча, жандооч экенин баса белгилейт.

Түтөгөн жүрөк арманын
Түгөлдөп айта албадым.
Бармагын басып бул катка
Бактысыз сенин балдарың
Атадан тирүү айрылып,
Армандуу күндө калганын
Кат менен кошо жиберет
Кайгысын, муңун, зарларын...[3]

Эл арасында ар түрдүү көз караштарды пайда кылган бул чыгарма жөнүндө адабиятчы, А. Обозканов өзүнүн жазган макаласында: "Анан калса, энелерди азапка салган" "Он үч жашар баланын арманындай" күйүттүү окуялар Какендин туулуп өскөн айылында көп болуптур. Ошентип акындын айтылуу армандары, термелеринин негизин тарыхый баян, турмуштук көйгөйлүү окуялар түзүп турат"[4]-деп жыйынтык чыгарат.

Жыйынтыктап айтканда, акындын поэзиясында арман ырларынын өзүнөн-өзү көкүрөктө «жатталып» калышы акындык жеке чыгармачылык масштабына гана эмес, ошондой эле анын жеке адамдык тагдырына бекем түрдө шартталган.

Адабияттар

1. Алмазбеков К. Эненин арманы. – Б.: Учкун. 1992.

2. Обозканов А. Какен Алмазбеков. (Адабий портрет), // Тил адабият жана искусство маселелери. – Б., 2002. №2 (7) 20-бет.

Б.М.Акматов,
БГУ, доцент

М.АУЭЗОВДУН АЛГАЧКЫ АДАБИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШЫ ЖАНА ОРТО АЗИЯ ЧӨЛКӨМҮНДӨГҮ АДАБИЙ ПРОЦЕССТЕГИ КЫРДААЛ

М. О. Ауэзовдун чыгармачылыгы толук изилденип бүткөндөй көрүнөт. Анткени анын өмүрү жана чыгармачылыгына карата кызыкчылык бир гана казак адабият таануу илиминде эле эмес, жалпы Орто Азия, ал тургай бир мезгилдеги СССРдин курамында турган мамлекеттердин баарында, ал тургай азыркы Европа менен АКШда өз ордун тапкандай көрүнөт. Бул боюнча М.Маданова «Бальзактын өлкөсүнө Ауэзовдун жолу» китебинде [1] аттуу эмгегинде бул боюнча жеткиликтүү баяндап кеткендиктен, биз мында аны эскерүү менен гана чектелип, бирок көркөм сөз чеберлеринин арасында М.Ауэзов жөнүндө сөз муну менен бүтпөй тургандыгын айта кетели деп турабыз. Буга себеп - көркөм адабиятка болуп көрбөгөндөй из калтырган анын чыгармачылыгы деги эле кандай жолдор менен жаралып жана ал өз доору менен кантип байланышып тургандыгын аныктоо маселеси алып барып такалгандыгында болуп саналат.

М.Ауэзовдун адабиятка келиши, анын художник катары калыптануусу, көркөм-эстетикалык таанып билүүнүн эволюциялык жолу өз алдынча эч кимге байланышы жок өнүккөндөй көрүнгөнү менен залкар сүрөткер катары басып өткөн жолу XX кылымдын алгачкы он жылдыгында башталып, чыныгы профессионалдык деңгээлге өсүп жеткен майда элдердин адабий баалуулуктары кантип калыптанганын аныктоочу эталон катары көрүнөп турат. Мындай ойдун жаралуусуна себеп болгон жагдай, көптөгөн маселелер менен түшүндүрүлөт. *Биринчиден,* анын басып өткөн чыгармачыл жолу, б. а. жетишкен ийгилиги, кетирген катачылыгы, деги эле адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосунда калыптанган көз карашы, андагы оош-кыйыштар толугу менен көп улуттуу совет адабиятындагы адабий турмушта кездешкени, ал тургай дал келгендиги менен түшүндүрүлөт. Маселен, анын чыгармачылыгына кайрылып көргөн адабиятчылардын дээрлик бардыгы анын адабий-эстетикалык көз карашы үч баскычтан туруп, алар бир караганда бири-бири менен тыкыс байланышта жашаганын далилдөөгө аракет кылган болсо, адабий-философиялык жактан алганда бул көз караштар бири-бири менен таптакыр карама-каршы келген дүйнө таанымдын алкагында орун алып келгендигин да көрүүгө болот. Эгер ошол көз караштарды жеке М.Ауэзовдун мисалында эмес, жалпы адабий-эстетикалык ойлордун өнүгүүсү катары караганда андай этаптык баскычтарды биз кыргыз адабиятынан да толугу менен кездештире алабыз.

Экинчиден, биз мында жеке чыгармачыл адамдын өз алдынча калыптанган адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу катары карап жатканыбыз менен ал дүйнө тааным М.Ауэзовдо кадимки турмуштук көрүнүштөр жана реалдуу кырдаалдар аркылуу калыптанганын эске алсак, ошол мезгилде жашап өткөн бир дагы чыгармачыл адам андан сыртта калбаганын далилдөөсүз эле байкоого болот. Ар бир чыгармачыл адам өз чыгармаларына жеке көз карашы, эч кимге окшошпогон дүйнө кабылдоо менен мамиле кылат дегенибиз менен алардын чыгармачылыгына ошол доордун кандайдыр бир таасири боло тургандыгын жокко чыгара албайбыз. Балким башка дооордо чыгармачыл адамдын жеке дүйнө кабылдоосу биринчи орунда турушу мүмкүн, бирок эч кимге толук чыгармачыл эркиндик бербеген совет доорунда сүрөткердин өз алдынча эркин болуусу мүмкүн болбогондугун эске алсак, анда М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосунан өз доорундагы адабий-эстетикалык ойлордун эволюциясын "издөө" мыйзамченемдүү көрүнүш болуп саналат. Мына ушул жерден дагы бир нерсени эске алып коюуга тийишпиз, ал бардык совет адамына мүнөздүү болгон болгон көрүнүш, б. а. кандай адабий-эстетикалык туунду болбосун ал ошол доордун кызыкчылыктарынан чыга албагандыгы, өзгөчө конкреттүү бир мезгил менен тыкыс байланышта туруп жаралгандыгы менен түшүндүрүлөт. Мындай болуп калышына биринчи кезекте ошол мезгилдин жеке чыгармачыл адам менен болгон коомдук-социалдык катыш, ошол мезгилдеги абалга жараша жеке чыгармачыл адамдын ыңгайлашуусу мүнөздүү болгонун айтпай кетүүгө болбойт. Ырас мындай көрүнүш бир гана М.Ауэзовдун чыгармачылыгына же адабий-эстетикалык көз карашына гана таандык болбстон, ошол мезгилдин өзү үчүн да мүнөздүү болгондуктан, биз анын адабий-эстетикалык ойлолрунда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн эволюциясын табууда жана аныктоодо сөзсүз өзү жашаган ар коомдук-саясий өзгөрүүлөр менен байланыштырууга аргасыз болсок, ошондой эле аны ошол мезгилде калем кармаган акын-жазуучулар чыгармачылыгы, өзгөчө алардын жеке дүйнө кабылдоосунда пайда болгон кырдаалдар менен айкалыштырууга милдеттүү болуп отурабыз.

Үчүнчүдөн, М.Ауэзовдун калеминен жаралган ар бир чыгармасы кокусунан пайда боло калган эмес, анын ар биринде кайсы мезгилде жаралган болсо, ошол учурда болуп жаткан түрдүү коомдук-саясий жана социалдык-нравалык кубулуштардын изи сакталып турат. Мындай көрүнүштү биз ошол мезгилде жашаган ар бир акын-жазуучунун жеке чыгармаларынан гана эмес, жалпы улуттук адабияттан да ачык байкай алабыз. Ошондуктан, ар бир адабий-эстетикалык табылганын жаралуусуна жеке чыгармачыл адамдын дүйнө кабылдоосу кандай маанилүү орунда турса, коомдук-саясий көз карашын, анын таасиринде жашаган социалдык турмуштун да ошончолук орду бар экендигин эсепке алуу милдети ачык байкалат. Ырас, жеке чыгармачыл адамдын таланты, эч кимге окшобогон шыгы ушунда турат, ал өзү жашаган реалдуу турмуштук

көрүнүштөрдөн, коомчулук талап кылган идеялык мазмундан эч ким таба албаган кырдаалды таап, аны өзүнүн дүйнө кабылдоосу аркылуу иштеп чыгып, көркөмдөп, ага өзүнүн идеялык жана эстетикалык табылгаларын сиңирип, көркөм-эстетикалык дөөлөт алгандыгы менен айырмаланат. Бул жагынан алып караганда таланттын ролу зор экендиги талашсыз, бирок ар бир жаратылган адабий эмгектин баалуулугу алган темасын, алдына койгон философиясын канчалык деңгээлде чагылдыра алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Мындай шартта чыгарма жаралган мезгилдин изи чыгарма чагылбай кала берет деп жазуучунун талант-шыгын башкы орунга чыгаруу да туура болбойт, анткени адабият таануу илими эбактан бери аныктагандай, ар бир чыгарманын жаралуусу менен анын адабий процессте өзүнүн туруктуу ордун таап калуусу үчүн коомдук да, социалдык да аң сезимдин ролу да жогору турат. Демек, М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашы калыптанып, анын көркөм чыгармаларында тараптуу чагылдырылышы жана ар кыл мазмунда орун алышы үчүн өзү жашаган мезгилдеги коомдук-социалдык аң-сезим кандай таасирин тийгизген болсо, анын калеминен жаралган чыгармаларда, ар түрдүү учурда жазылган мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланган пикирлериндеги ойлор адабий коомчулук үчүн ошондой таасирин тийгизгенин жокко чыгара албайбыз. Ошондуктан буларды өз ара диалектикалык байланышта кароо зарылдыгы турат. М.Ауэзовдун чыгармачылыгына, өзгөчө адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусундагы эволюциялык өсүшкө мына ушундай мамиле этүү бир гана казак адабияты эле эмес, аны менен дайыма чыгармачылык байланышта болгон жана андан таасир алган кыргыз адабияты үчүн да маанилүү орунда турат.

Тагыраак айтканда, М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык ой жоруму бир күндө калыптанып калбагандай эле жаш кезинен башталган көз караштын белгилүү бир калыптануусунда эске ала турган нерсе анын эволюциялык өсүшү болсо, анын кыргыз адабияты менен өтмө катар байланышы өзүнчө сөзгө алуу зарылдыгы турат. Бирок бул жерде бир гана жазуучунун жеке көз карашынын алкагында кароо кепке алына турган маселеге бир жактуу мамиле кылгандык болуп калуусу мүмкүн, ошондуктан биз анын чыгармачылыгын, адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосун изилдеген буга чейинки пикирлерге токтолуу жана аны өзү жашаган доор, анда жеке чыгармачылык менен шугулданган замандаштары, андан соң ошол мезгилдеги коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалдар менен байланыштыруу аракети да тургандыгын мында айтпай коюуга болбойт. Эгер бул мезгилге чейин анын чыгармачылыгына кайрылган казак окумуштуулары анын адабий-эстетикалык көз карашын, үч этапка бөлүп карап келе жатышкан болсо, биз да мына ошол пикирди ошол турушунда кабыл алуу менен мамиле кылууну туура көрүп отурабыз. Анын башкы себеби, мурда изилдеген окумуштуулардын ушундай көз карашка келишине байланыштуу болбостон, андай жолду Орто Азия жана Казакстандагы адабий процесс толугу менен басып өткөндүгүндө жана ал бир гана М.Ауэзовдун чыгармачылыгына мүнөздүү болбостон, ошол мезгилде колуна калем кармаган бардык интеллегенцияга таандык болгондугу менен түшүндүрүлөт. Мындан тышкары ал этаптар элдин ошол мезгилде басып өткөн социалдык турмушу менен түздөн-түз байланыштуу болуп, андан тышкары ошол социалдык турмуш аркылуу калыптанган коомдук аң-сезимге тиешелүү көптөгөн түшүнүктөрдү ичине алганы менен да айырмаланып турат. Ошондой эле бул этаптар бир гана М.Ауэзовдун чыгармачылыгында калыптанбастан, ошол мезгилде адабий чыгармачылык менен алектенген бардык акын-жазуучуларга мүнөздүү болгону талашсыз чындык катары кабылдаганыбыз менен алар бир гана М.Ауэзовдун баскан өмүр жолунда, ал жазган чыгармалар аркылуу толук системага салынган үчүн биз Орто Азия жана Казакстан адабий коомчулугу жашап өткөн адабий процесстин эволюциясын, анда жаралган көркөм-эстетикалык туундулардын нарк-насилин ага байланыштырууга, өз ара катышта карооого аргасыз болуп отурабыз.

М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусу, анын адабий чыгармачылы боюнча түшүнүк алуусу өз дооруна, замандаштарына салыштырганда эрте эле башталганын байкоого болот. Ошондуктан анын чыгармаларын изилдеген окумуштуулардын көпчүлүгү анын адабий-эстетикалык көз карашына мүнөздүү биринчи этапты 1915 – 1922-жылдарга ыйгарып жүрүшөт. Аны казак окумуштуулары казак элинин атактуу агартуучусу Абай Кунанбай уулунун чыгармачылыгы менен байланыштырып келишип, М.Ауэзов бала кезинде мына ошол көз караштын таасиринде, Абайдын чыгармаларын өз оозунан угуп тарбияланганы тууралуу айтып келишет [2]. Ырас, тар маанисинде жана мурдатан калыптанып калган илимий-теориялык түшүнүктөрдүн алкагынан алып караганда мындай пикир талаш-тартышты деле туудурбайт. Анткени, биз советтик адабият таануу илиминен бери карай ким чыгарма жазса сөзсүз түрдү конкреттүү бир кишиден таасир алуусу мүмкүн деген мыйзамченемдүү түшүнүктөр менен жашап калганбыз. Бирок биз кандай да болбосун жеке адамдын аракети белгилүү бир коомдук талаптардан, аны коомчулук кабыл алууга зарыл болгон кызыкчылыктардан, эң негизгиси аны социалдык чөйрө кабылдоого муктаж болгон керектөөлөрдөн жаралганын, б. а. кандай кубулуш болбосун сөзсүз белгилүү бир зарылдыктар тургандыгын дайыма эске албай келгендигибизди бул жерде айтпай кетүүгө болбойт. Кайрадан артка кетип бул маселе кең мааниде токтолууга аргасыз болуп жаткан жагдай ошол мезгилдеги оруста шуу саясатына баш ийүү, андагы болуп жаткан түрдүү кубулуштарды чындык катары кабылдоо, ал кубулуштардын мазмуну менен келишүү жана келишпөө сыяктуу коомдук-социалдык маселелер бир гана Абайдын чыгармаларын гана жаратпагандыгын эске алсак, анда дал ошол жылдарда пайда болгон кыргыз элиндеги Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Тоголок Молдо жана башка ушул сыяктуу инсандардын чыгармалары актай жерден жаралбаганы көрүүгө болот. Экинчиден, Орто Азия жана Казакстанда өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, кол жазма түрүндө элге тараткан ошол муундан таалим-тарбия алган, эл турмушуна сергек кароо менен анда болуп жаткан социалдык жашоого баа берүү менен өз алдынча ой жүгүртө алган жаңы муун да М.Ауэзов менен катарлаш келгенин эске алсак, анда ушул тапта аталган чөлкөмдө өзүнүн адабий-көркөм чыгармалары, адабий-эстетикалык, философиялык, ал тургай гуманитардык жана табигый илимий таанууда жана

илимий-техникалык жаңылыктарды өз элине алып келген чөйрөдө өз изин калтырган Ишеналы Арабаев, Ахмет Байтурсынов, Белек Солтоноев, Алихан Букейханов, Осмоналы Сыдыков, Базаркул Данияров, Миржакип Дулатов, Мухамеджан Тынышпаев, Халел Досмухамедов, Турар Рыскулов, Санжар Асфендияров, ж. б. чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн калыптануусуна да жеке адамдын чыгармачылыг эмес, биринчи кезекте ошол мезгилдеги коомдук-социалдык абал зор таасирин тийгизгенин эске алууга тийишпиз. Үчүнчүдөн, бир тарабын араб диний медресселеринен билим алса, экинчилери ошол мезгилде жаңыдан социалдык турмушка аралаша баштаган орус-түзем мектептеринен билим алышканы менен ошол мезгилде адабий коомчулукту толугу менен кучагына алып гурган улуттун өзүн-өзү таануу, өзүнүн улуттук эркиндигин эңсөө аракеттери башталганын да бул жерде айтпай коюуга болбойт. Ырас, биз мында зарылдыгына жараша айрымдарын гана санап өткөнүбүз менен анын мазмунун түзүп жана аныктап гурган мындан да башка көптөгөн факторлор болгондугун да белгилебей коюуга болбойт.

М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашында өзүнүн толук изин калтырган ошол мезгилдеги коомдук-адабий турмуштун өзү сыдыргыга салгандай бир тараптуу өнүкпөгөндүгүн, алар дайыма ички карама-каршылыкта бирин-бири тануу, жокко чыгаруу, ошол эле мезгилде карама-каршылыктын ички биримдигинде өнүгүп келгендигин да айта кетели. Сыртынан эле даана көрүнүп тургандай, мындай келишпестик Орто Азия жана Казакстан чөлкөмүндө ошол жылдарда орун алган эски менен жаңынын ортосунда болгондугун, б. а. бир нече кылымдан бери калыптанып, аталган чөлкөмдө туруктуу ордун таап калган ислам философиясына сугарылган улуттук маданият менен өзүнүн коомдогу артыкчылыгы аркылуу акырындап үстөмдүк кыла баштаган орус маданиятынын таасиринде түптөлө баштаган жаңы башталмалардын ортосунда жүргөндүгүн дагы бир жолу белгилесек, ал анын "кичи көчүрмөсү" катары М.Ауэзовдун алгачкы өмүр жолунан жана чыгармаларында орун алып келет. Анын башкы мисалы катары Мухтар Ауэзовдун Семипалатинский уездине каралтуу Чыңгыс болушунда көчмөндөрдүн үй-бүлөсүндө төрөлүшүн, 12 жашында атасынан, 15 жашында энесинен ажырашын, чоң атасы Ауэздин колунда тарбияланышын, 6 жашынан тартып молдо Мурсеиттен кат-сабатын жоюшун алсак болот, анткени мына бул фактылар анын өмүр жолу өзүнүн замандаштарынын эч кимисинен айырмаланбай тургандыгын ачык көрсөтүп турат [3]. Эне сүтү ооузунан келе элек мезгилде чоң атасынын аны Абайдын кол жазма түрүндө тараган ырлары менен тааныштыруусу, жаңыдан калыптанып келе жаткан балалык дүйнө таанымга өз изин калтырбай койбостугун эч ким тана албайт. Бул тагдыр жеке М.Ауэзовдун өзүнө гана таандык болуп көрүнгөнү менен ал ошол доордо жашаган көптөгөн чыгармачыл адамдарга мүнөздүү экендигин алардын өмүр таржымалын өз ара салыштырып көргөндө ачыкка чыгат. Ырас, айрым бир өзгөчөлүктөр болгону менен дал ушундай билим алуу, диний молдодон, андан соң эл ичине кеңири тараган көркөм чыгармалардан адабий-эстетикалык дүйнө таанымын калыптандыруу XIX кылым менен XX кылымдын тогошкон жеринде өмүр кечирип, билим алган кыргыз "молдолорунун" баарына мүнөздүү экендиги анык.

Кыргыз жана башка Орто Азия адабиятында XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башында чыгармачылыгын баштаган акын-жазуучулардын адабий-эстетикалык дүйнө таанымы өзүнчө бир этап, ал эми ошол мезгилдерде жаралган чыгармалар өзүнчө бир көркөм-эстетикалык туунду катары көрүнгөн болсо, аларга мүнөздүү көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоо М.Ауэзовдун алгачкы чыгармаларында идеялык-эстетикалык мазмун толук сакталгандыгын көрүүгө болот. Советтик адабият таануу илими М.Ауэзовдун дал ушул мезгил менен байланышкан чыгармаларын идеялык жаңылыштык катары түшүндүрүүгө аракет кылганы менен анын баалуулугу ушунда турат, өзүнө чейин адабий коомчулукта калыптанган бардык эстетикалык дөөлөттөрдү боюна сиңирип, ошол доордун ири жетишкендигин, адабий процесс эмнени жана кантип ойлонгондугун, көркөм ойду берүү ыкмаларын, чыгарма жаратуу чеберчилигин, ошол жылдарда акын-жазуучулар кандай темаларды жазууга аракет кылганын жана аны кандай жолдор менен окурманга жеткире алгандыгын өз чыгармалары аркылуу туюндура алгандыгы болуп саналат. Анын Октябрь революциясына чейин жаралган «Енлик-Кебек» пьесасы, «Коргоосуздун күнү», «Ким күнөөлүү», «Жетим», «Сыбондун мүрзөсүндө», «Өткөндүн көлөкөсүндө», «Барымта», «Кайгыдагы сулуу» сыяктуу аңгеме, повесттери бул ойго толук мисал болуп бере алат.

Ырас, анын калеминен ушул жылдарда жарык көргөн чыгармалардын бардыгы тең классикалык эмес экендиги белгилүү болсо да, Орто Азия чөлкөмүндө акын-жазуучулар, деле чыгармачыл адамдар эмне себептен мына ушул сыяктуу темаларга кайрылганын ачып түшүнүүгө, алардын актуалдуу кандай шарттар менен байланыштуу жаралып, кантип адабий коомчулук мына ошол тематикаларга артыкчылык бергенин билүүгө болот. Тагыраак айтканда, ошол мезгилде жашаган чыгармачыл адамдардын социалдык коомчулук менен болгон байланышы түздөн-түз эл арасында болуп жаткан түрдүү проблемаларга жооп берүү, аларды жоюу аракетин карата ойлорун ортого салуу менен коштолсо да, негизинен А.Байтурсынов белгилегендей, аны ишке ашырууда башкы артыкчылык адабиятка, адабий ой жүгүртүү аркылуу элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аракетине бурулуп, ар бир патриот өзүнүн коомчулукка тиешелүү көз карашын дал ушул багытта берүүгө умтулганы менен туюндурулат. Ал эми М.Ауэзовдун алгачкы чыгармалары анын бирден-бир үлгүсү болуп кала бермекчи.

Адабияттар

1. Маданова М. Путь Ауэзова в страну Бальзака. – Алматы, Ника, 1997. – 160 с.

2. Анастасьев Н. Мухтар Ауэзов: ностальгия обелисков // Простор. - 2005. - № 7. - С. 135-157.

3. Ауэзов М. в Семипалатинске: (Документы рассказывают). - Семипалатинск, 1997. - 37 с.

К. Ибраимов,
БГУ

"МАНАС" ЭПОСУНУН ИЗИЛДЕНИШИ

(жалпы мүнөздөмө)

"Манас"таануу илими салыштырмалуу алганда өзүнчө илим тармагы катары кийинчерээк пайда болгону менен ал жөнүндө маалымат алда канча эрте бергилүү болгон. Ошондон улам "Манасты" изилдөө тарыхын шарттуу түрдө эки мезгилге бөлсө болот: биринчиси - совет мезгилине чейин, экинчиси – совет мезгилинен азыркы учурга чейин. Биринчи мезгилди орто кылымдан баштаса болчудай. Анткени, 12-кылымдын башында жазылган араб тилиндеги эмгектердин биринде кыргыз башчыларында көңүл көтөрүү үчүн ыр ырдап, дастан айткан ырчылары, айтуучулары болорун маалымдаган. "Манас" эпосу байыртан оозеки айтылып келатканын эске алсак, балким алар "Манас" жомогун деле айтышса керек деп болжоого болот. Ал эми 16-кылымдын жазуу эстелиги катары бизге жеткен "Тарыхтар жыйнагынын" ("Маджму ат-таварих") "Манас" эпосуна түздөн-түз тиешеси бар. Анткени Манас баатыр жөнүндө биринчи жолу баяндалып, Манаска байланыштуу берилген сюжеттик окуялар, каармандар менен жер-суу аттары эпостун азыр айтылып жүргөн варианттарына окшошуп кетет. Албетте бул маалыматтардын эпосту изилдөөгө тикелей тиешеси болбогону менен "Манасты" үйрөнүп-билүүнүн, маалымат алуунун алгачкы башаты катары тааныса болот.

"Манас" эпосу кыргыз элинде айтылып келаткан улуу чыгарма экендигин баамдап, аны дүйнө калкына, илим чөйрөсүнө тааныштыруу аракети 19-кылымдын экинчи жарымына туура келет. Бул ишке адеп чыйыр салып, жол баштаган казак элинин көрүнүктүү уулу Ч.Валиханов менен дүйнөлүк атагы бар түрколог, академик В.В.Радлов болгон. Чокан Валиханов (1835-1865) 1856-жылы орустардын аскер-илимий экспедициясы менен биринчи жолу Ысык-Көл өрөөнүнө келип, эки ай чамасы эл арасында болот. Ушул келишинде "Манас" эпосунун кеңири тараган окуяларынын бири "Көкөтөйдүн ашын" ("Көкетай ханның ертегиси") жазып алган. Бул улуу эпостун кагаз бетине түшүрүлгөн биринчи үлгүсү, жазма түрүндөгү өмүрүнүн башталышы болчу. Муну Ч.Валиханов өзү орусчага которгон. Бул котормо менен 1902-жылы 21-мартта атактуу чыгыш таануучу Н.И.Веселовский тааныштырган. Ал эми тексттин кыргызча түп нускасы узак убакыттар бою илимде белгисиз болуп жүрүп, дээрлик бир кылым өткөндөн кийин, 1965-жылы академик А.Х.Маргулан тарабынан табылды жана факсимилеси менен "Чокан жане "Манас" аттуу эмгеги (1971) жарык көрдү. А.Маргуландын божомолуна караганда Ч.Валиханов кыргыз жерине келгенге чейин эле "Манас" эпосу жөнүндө көп угуп, кулагы каныгып калган. (3.10.). Эми кыргыздардын арасына келип, улуу эпосту өз кулагы менен угуп, жазып алып жана эпосту эл канчалык даражада кастарлап сүйө тургандыгын өз көзү менен көргөн соң: "Манас" бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин – Манас баатырдын тегерегине топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул кандайдыр бир талаа "Илиадасы". Кыргыздардын жашоо шарты, үрп-адаты, кулкмүнөзү, географиялык, диний, медициналык түшүнүктөрү, алардын эл аралык байланышы бул өтө зор эпопеяда орун алган... "Манас" бирдиктүү мүнөздө болгондой көрүнгөн айрым көп окуялардан турат. Экинчи эпос "Семетей" "Манастын" уландысы болуп саналат, бул буруттардын "Одиссеясы" – деп эпоско өтө жогору баа берген. (2.30.). Бул "Манас" эпосу жөнүндө айтылган өтө терең, олуттуу ойлордун катарында турат, окумуштуу С.Мусаевдин сөзү менен айтканда "Манас" эпосуна берилген мүнөздөмөлөрдүн классикалык үлгүлөрүнүн бири. (1.504.). Чокан Валихановго чейин майор Г.Франел (1849) "Манас" эпосу болбосо да, Манас менен анын уулу Семетей жөнүндө эл оозунда айтылган маалыматтарды жазып калтырганын эскерте кеткен оң.

Ч.Валихановдон кийин эле, беш-алты жыл өткөн соң, "Манас" эпосуна кайрылган, ага карата илимий пикир айткан академик Василий Васильевич Радлов (1837–1918) болгон. Ал "Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү" деген көп томдуу эмгегинин бешинчи томуна жазган баш сөзүндө кыргыз элинин сөз өнөрүнө, ырга, куюлушкан чечен сөзгө өтө шыктуу экендигин, бул элде айрыкча баатырдык эпос мыкты өнүккөндүгүн, "чыныгы эпикалык доор" деп атаса боло тургандыгын баса белгилеген. В.В.Радлов "Манас" эпосунун сюжеттик мазмуну, көркөмдүк касиеттери, манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, угуучу чөйрөнүн таасири өңдүү бир катар маселелерди козгоп, адилеттүү ой-пикирлерди айткан, "Манасты" эпикалык поэзиянын классикалык үлгүсү катары жогору баалаган. Ал "Манас" айткан жомокчуларды байыркы гректердин аэддерине, ал эми өзүлөрү чыгарбай башкалардан үйрөнгөн ырчыларды рапсоддорго теңештирет. Алардын бири В.Радловго: "Мен кайсы гана ыр болбосун ырдай алам, анткени, кудайым мага ырдаганга шык берген, айтайын дегенимди оозума сала берет, мен аны издеп отурбаймын. Мен бир дагы ырды жаттап алган эмесмин, анын баары менден агылып чыгат" деген экен. (4.17). В.Радлов "Манастын каармандары фантастикалуу жомокко караганда, реалдуу турмушка жакын экендигин, жомокчулар эпосту угуучулардын талаамына жараша аткарарын, өзгөртүп турарын баамдаган. Ошондой эле эпосту кыргыз элинин тарыхый жашоо турмушу менен тыгыз байланышта карап, тарыхый себептерден улам "... кара кыргыздар ушул убакка чейин аларга таандык болгон эр жүрөктүүлүк духун сактаган" (4.6.), "аларда элдик аң-сезим башка түрк урууларына караганда өтө өскөн. Өткөн кылымдарга узакка созулган согуштар, саясы жагынан бирдиктүү болбосо дагы (бир көчмөн калкта болушу да мүмкүн эмес), эң болбогондо алардын жалпы умтулушу жана идеалы жагынан аларды бекем бир бирдиктүүлүккө бириктирген" (4.6.) – дейт В.В.Радлов. Албетте, академик В.В.Радловдун: "Казак-кыргыздар-

да негизинен лирикалык поэзия өнүксө..., кара-кыргыздарда тескерисинче эпикалык поэзия гүлдөп өнүгүп, элдик чыгармалардын башка түрлөрүн дээрлик басып, лирикалык чыгармаларды эле жок кылбастан, кара сөз түрүндөгү бардык уламаларды, жөө жомоктор менен аңгемелерди бүтүндөй өзүнө сиңирип кеткен" (4.5.) – деген пикири реалдуулуктан алыс экендигин кийинки изилдөөчүлөр бир ооздон ырастап келет. В.В.Радлов өзүнүн масштабдуу, терең мазмундуу ой жүгүртүүлөрү менен "Манас" таануу илимининтүптөлүшүнө зор салым кошкон.

Совет мезгилине чейин «Манас» эпосу жөнүндө илимий пикир айткан окумуштуулардын дагы бири – Георг фон Алмаши (1867-1933). Венгр окумуштуусу Г. Алмаши Нарынкөл тарабында жашаган бугу элинен "Манастын" чакан үзүндүсүн (72 сап) жазып алып, аны "Манастын уулу Семетей менен коштошкону" деген ат менен 1911-жылы Будапеште бастырып чыгарган эле. Бир эле учурда немецче котормосу да берилген. Текстке түшүндүрмөлөр да бар. Ушул үзүндүгө карата жазган баш сөзүнө караганда Г.Алмаши "Манас" эпосу менен жакшы тааныш болгон. Анын болжолу боюнча "Манас" 20 миң, уландысы "Семетей" менен "Сейтек" ар бири 30 миң сап ырдан турат. Кайталоолор арбын. Окумуштуунун пикири боюнча "Манас" узак убакыттардан бери оозеки айтылып келаткан чыныгы баатырдык эпос, бирок исламдын таасири күчтүү, анахронизм, модернизм сыяктуу нерселер жыш, байыртан келаткан текстке 20-кылымга тиешелүү жаңы түшүнүктөр да аралашып кеткен. Бул эң сонун эпостун тарыхый маңызын түшүрүүдөн башка, эч бир көрк бербейт деп түшүнөт.

Ошентип, шарттуу алынган биринчи мезгилде "Манас" жомогу коомчулукка белгилүү болду, илим алкагына кирди. Аталган окумуштуулар "Манас" эпосун изилдөөнү атайылап максат кылбаганы менен ал ишти баштап койду жана мындай илимдин пайда болуп, андан ары өнүгүп кетишине жол ачты.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле көркөм маданий мураска карата мамиле түп тамырынан өзгөрдү, "Манас" эпосун изилдөөнүн жаңы доору башталды. Бул тарыхый чындык. Жыйырманчы жылдардын башынан тартып (1922) кыргыз фольклорун, ири алдыда «Манас» эпосун жазып алуу колго алынган эле. Бул коомдук, мамлекеттик мааниси бар маселеге айлангандыгын танууга болбойт. Совет мезгилинен берки «Манас» таануу илими үч этапты басып өттү: биринчи этап жыйырманчы жылдардын башынан тартып, элүүнчү жылдардын башына чейинки учурду камтыса. Экинчи этап элүүнчү жылдардын ортосунан баштап өлкө эгемендүүлүктү алганга чейинки аралыкты кучагына алат, андан берки эгемендүүлүк жылдары үчүнчү этапка таандык. «Манас» жөнүндөгү илимдин тарыхый өнүгүү жолун ушундайча мүнөздөсө болот.

Кыргыз окумуштууларынын алгачкыларынын бири тарыхчы-этнограф, адабиятчы жана акын Белек Солтоноевдин (1878-1938) узак жылдар бою (1895-1934) жазган «Кызыл кыргыз тарыхы» аттуу эмгегинде «Манас» эпосу жөнүндө чакан иликтөө бар. Бул кыргыз элинде, кыргыз тилинде жазылган биринчи эмгек десе болот. Автор жазма булактарга, көргөнүккан маалыматтарына таянып, «Манас» эпосунун ар кыл маселелери («Манастын» илгертеден бери унутулбай оозеки айтылып келаткандыгы, көрүнүктүү манасчылар, Манастын ата-бабалары, ошол замандагы элдер, жер-суу аттары, «Манас» термини, Манастан калган белгилер, «Манастын» тарых менен байланышы, Манастын эли-жери, кыргызга тиешелүү экендиги, эпостогу негизги сюжеттик окуялар) тууралуу сөз козгоп, өзүнүн билим деңгээлине, мүмкүнчүлүгүнө жараша ой-пикирин ортого салат. Манас изилдөөчүлөр үчүн бул материялдын мааниси өтө зор.

Совет мезгилинде кыргыз фольклорун изилдөө иши «Манас» эпосунан башталды. 1922-жылы Ташкенттеги Күн чыгыш университетинин профессору П.А. Фалевдин «Кара кыргыз эпосу кандайча курулат» деген эмгеги «Илим жана агартуу» журналынын биринчи санына басылып чыгат. Бул Советтик түзүлүштүн учурунда эпосту атайын илимий-изилдөө ишинин башталышы болчу. Автор эпостун ыр түзүлүшүн талдоого алып, аны түрк элдеринин байыркы жазуу эстеликтерине салыштырып, мазмун жана форма жактан окшоштуктарды табууга аракеттенген. 1928-жылы казак элинин белгилүү жазуучусу, көрүнүктүү илимпоз, академик Мухтар Ауэзов «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаковдон жазылып алынган варианты менен тааныштып чыгып, Саякбай, Молдобасан өндүү айрым манасчыларды өзү айттырып уккандан кийин, бул эпосту изилдөөгө белсене киришет жана өмүрүнүн акырына чейин «Манас» эпосунан кол үзгөн эмес. 1952-жылы өткөрүлгөн бүткүл Союздук илимий конференцияда (6-10-июнь) кыргыздын улуу мурасы «Манастыи» элдик эпос катары далилдеп, «Манастыи» сактап калууда М. Ауэзовдун салымы эбегейсиз зор. М. Ауэзовдун «Манас» эпосу жөнүндөгү алгачкы илимий макалалары 1935-жылдан жарыялана баштайт да, бул багыттагы көп жылдык изилдөө иштеринин натыйжасында «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» аттуу фундаменталдуу эмгек жаралып, автордун «Ар жылдар ойлору» (1959) деп аталган макалалар жыйнагында толук басылып чыккан. Анын изилдөөлөрүндө манасчылардын чыгармачылыгы, эпостун мазмуну менен формасы, негизги темалары менен сюжеттик окуялары, эпостун жаралуу мезгили, каармандардын образы, эпостогу поэтикалык ыкмалар, элдик вариантын жаратуу өндүү «Манас» эпосуна тиешелүү олуттуу, негизги маселелер каралган. 1930-жылдардын орто ченинен тартып В. Винников, Ө. Жакишев, М. Кырбашев, Е. Мозольков, Ф. Ощакевичтин макалалары жарык көрүп, «Манас» эпосун ар тараптуу изилдеген илимий макалалардын саны жыл санап арбый берген.

Ал эми согуш жылдарында жана андан кийин. В. М. Жирмунский, А.Н. Бернштам, С.М.Абрамзон П.Н.Берков, К. Рахматуллин сыяктуу белгилүү окумуштуулар «Манас» изилдөөгө аралашып, изилдөө чөйрөсү кыйла кеңейген. Алар эпоско жалпы мүнөздөмө беришкен, эпостун жаралуу доору,-тарых менен байланышы, башка түрк элдеринин баатырдык эпостору менен болгон карым-катышы, этногрэфиялык жагы каралган, манасчылардын өмүр баяны жана чыгармачылык өзгөчөлүгү изилденген, Сагымбай, Саякбайдын варианттарындагы бөтөнчөлүктөр аныкталган. «Улуу патриот окумуштуу «Манас» (К. Рахматуллин, 1943), «Манасты изилдөөгө киришүү» (В. М. Жирмунский, 1948) деген илимий эмгектер жарык көргөн. «Манас» эпосун изилдөөдө В. М. Жирмунскийдин эмгеги өзгөчө орунда турат. Ал аталган эмгегинде эпостун көптөгөн проблемаларына кайрылып, аны терең изилдеген, дүйнө элдеринин эпосторуна салыштыра келип, ага жогору баа берген жана эпостун мазмунунан үч тарыхый катмарды баамдап, жаралуу доору боюнча да баалуу пикирин айткан.

Ошентип «Манас» эпосун изилдөөнүн биринчи этабында, тагыраак айтканда 50- жылдардын башына чейин «Манас» таануу өзүнчө илим катары калыптанып, кыска аралыктын ичинде эле «Манас» изилдөөчүлөрдүн бүтүндөй бир тобу өсүп чыккан жана бул багытта келечектүү, зор ийгиликтер жарала баштаган. 1952- жылы өткөрүлгөн илимий конференцияга байланыштуу макалалар басма сөздө кеңири орун алды. Манас эпосунун элдүүлүгү жөнүндөгү маселеге көрүнүктүү окумуштуулар, айрыкча кыргыз интеллигенциясы активдүү катышты. Конференция «Манас » эпосун элдик эпос деп тапкандан кийин, аны ар тараптуу изилдөөгө кеңири жол ачылды. Мына ушундан тарта эпосту изилдөөнүн экинчи, маанилүү этабы башталды. 1957-жылы Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда «Манас» сектору уюшулуп, эпосту кеңири иликтөөгө ыңгайлуу шарттар түзүлдү. «Манас» эпосун изилдөөдө, бастырып чыгарууда академик Б. М. Юнусалиевдин эмгеги эбегейсиз зор.

60-жылдардын ичинде «Манас» эпосун илимий изилдөө проблемалары (С. Мусаев), жарыялоо маселелери (А. Петросян), эпостогу традициялуулук жана индивидуалдуулук (А.З. Кыдырбаева), идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү (М. Мамыров), эпосту жазып алуу изилдөө тарыхы (З. Мамытбеков), поэтикасы (С.Бегалиев) өндүү бир катар проблемалар каралды. «Манас» эпосун изилдөө боюнча орчундуу эмгектерди топтогон эки жыйнак басылып чыкты: 1961-жылы М. Ауэзов, В. М. Жирмунский, Б. М. Юнусалиев, М. И. Багданова, П.Н. Берков, А.Токомбаев, Т. Сыдыкбековдун илимий материалдарынан турган биринчи жыйнак «Кыргыздардын баатырдык эпосу - «Манас» деген ат менен, ал эми 1968-жылы В.В. Радлов, Ч. Валиханов, Г. Алмаши, П. Фалев, Е. Поливанов, К. Рахматуллин, А. Бернштам, П. Берков, С. Абрамзон, Б. Юнусалиевдин макалаларынан куралган экинчи жыйнак «Манас» - кыргыз элинин баатырдык эпосу» деген наамда басылып чыккан. Биринчи жыйнакта «Манаска» байланыштуу буга чейин жарык көргөн адабияттардын библиографиялык көрсөткүчү да берилген. Бул жыйнактар учурунда «Манас» таануу илиминдеги чоң саамалык болгон.

Кийинки учурларда (1970-1980-жылдары) окумуштуулар жалпы мүнөздөгү маселелерден эпостун олуттуу проблемаларын чече турган конкреттүү проблемаларга өтө баштаган. Бул багытта Б.М.Юнусалиев, Р.З. Кыдырбаева, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, К. Кырбашев, М. Мамыров, Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова, С. Бегалиев, О. Сооронов, А. Сыдыков өндүү окумуштуулардын кошкон салымы зор. Алсак, эпостун келип чыгышы жана тарыхый өнүгүшү (Р.З. Кыдырбаева, Э. Абдылдаев), манасчылардын айтуу чеберчилиги (Р.З. Кыдырбаева), эпикалык окуялардын сүрөттөлүшү (О.Сооронов), баатырдык мотивдер (А. Сыдыков), эпостун стили (К. Кырбашев), образ системасы (Р. Сарыпбеков), эпостун вариантгары (Р.З. Кыдырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнакова), «Семетей» жана «Сейтек» эпостору атайын изилдөөнүн объектисине айланды. «Манас» эпосун дүйнө элдерине кеңири тааныштыруу максатында С. Мусаевдин «Манас» эпосу аттуу илимий-популярдуу эмгеги бир нече тилде басылып чыкты. Бир катар монографиялык эмгектерде (Е.И. Мелетинский, С. М. Абрамзон ж.б) «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркинде» «Манас» эпосуна арналган атайын бөлүмдөр бар.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып эле «Манас» эпосун изилдөөнүн жаңы этабы башталды десе болот. Анткени, эпосту эч тартынбай, тайсалдабай изилдөө үчүн мурда болуп көрбөгөндөй шарттар түзүлгөн эле. Ал гана эмес БУУнун генералдык Ассамблеясы 1995-жылды «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүүнүн жылы деп чечим кабыл алып,ушул мааракеге байланышкан иш-чаралардын алкагында «Манас» таануу илими жаңы баскычка көтөрүлдү. Башкасын айтпаганда да, эпостун академиялык басылмалары менен бир нече варианттары, монографиялык эмгектер, илимий жыйнактар, жүздөгөн илимий макалалар жарык көрүп, эл аралык илимий конференциялар өткөрүлдү. «Манас» эпосунун кыргыз элинин өткөн тарыхы, үрп-адат, каада-салты менен болгон байланышын А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон өндүү белгилүү окумуштуулар изилдеп келген эле. Кийинчерээк бул маселеге кыргыз тарыхчылары Ө. Караев менен И. Молдобаев да аралашып, мыкты эмгектерди жаратты.

Манасты башка тилдерге которуу ишин алгачкы ирет Е.Д. Поливанов баштап, бул иш андан ары С. Кылычков, Ф. Ощакевич, Э. Беккер, М. Тарловский,С. Липкин, Л. Пенковский тарабынан улантылган, көптөгөн үзүндүлөрү жарык көргөн. Ал эми 1946-жылы «Манас» киргизский эпос» («Великий поход») деген китептин орус тилинде жарыкка чыгышы кыргыз элинин маданий турмушунда чоң окуя болгон. Кийинчэрээк, 1960-жылдардан тарта «Манас» эпосу казак, өзбек, тажик, орус тилдеринде жарык көрдү. 1970-жылдардын аяк ченинен тарта англис (А.Т. Хотто), монгол (В. Энэбиш), венгр (Иштван Коңур Мандоки), уйгур (Сыдык Аблимат) тилдерине которулду.

«Манас» эпосу кагаз бетине түшкөн күндөн тарта дүйнө аалымдарын кызыктырып, эпикалык поэзиянын классикалык үлгүсү катары эле эмес, ар түркүн илим тармактары үчүн баа жеткис руханий казына булак катары да кызмат кылып келет. Азыркы күндө «Манасты» изилдөөнүн маани-маңызы артып, масштабы кеңейип, кыргыз элинин коомдук-маданий турмушунда «чоң сөзгө айланып» (С. Байгазиев) турган чагы. Айрыкча, кайыптар дүйнөсү менен байланышкан көп томдук китептин жарык көрүшү коомчулукта, илимпоздор арасында талаш-тартыш, кайчы пикирлерди жаратты. Бул маселени атайын тиешеси бар илим тармактары иликтеп жыйынтык чыгарууга тийиш.

Жыйытыктай айтканда, бир жарым кылым убакыттан бери «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн бир нече мууну алмашып эпостун далай проблемалары изилденди. Кыргызстандын өзүндө эле эмес, мурдагы Союздук республикаларда, Кытай, Америка, Англия, Түркия, Франция, Германия, Венгрия сыяктуу алыскы чет өлкөлөрдө да «Манас» эпосун изилдеп жүргөн окумуштуулар бар. Бирок канткен менен да буга чейинки изилдөөлөрдө «Манас» эпосунун орчундуу проблемалары изилденип, такталып, жакшы ийгиликтер жаралганы менен али да болсо кеңири, терең изилдөөнү талап эткен божомолдуу маселелер арбын. Ал бүгүнкү күндүн, келечектин иши.

Адабияттар

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. -Б., 2002.

2. Мамытбеков З. Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы // Манас эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. –Ф., 1966.

3. Маргулан А. Ш. Шоқан жане «Манас». - Алматы, «Жазушы». 1971.

4. Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. ч.V. –Санкпетербург, 1885.

Уркалый кызы Айзада,
БГУ

СҮЙҮҮНҮН СИМВОЛУ АСТРА ГҮЛҮБҮ?

(З. Сооронбаеванын Астра гүлү повести боюнча)

Зуура Сооронбаева Кыргыз Совет адабиятында андан кийинки эгемендүүлүк жылдарындагы адабиятыбыздын тарыхына карай урган болсок, башка дөө-шаа акын-жазуучулардай эле поэзияга болгон кызыгуусунун аркасында келип кирген. Буга «Менин айылым" (1960-ж.) деген ат менен жарык көргөн. Кийин «Достук" (1966-ж.) аттуу китептери таасын мисал боло алат. Бирок эң танкалычтуу да кызыктуу да кырдаал катары адабияттын бир канча жанрында чыгармаларын жазып, алар коомчулук тарабынан өтө жылуу кабыл алынгандыгын айтса болот, тактап айтканда ар бир чыгармасы өз жанры боюнча ийгилик жарата алган. Бул ой пикиримди; Эл акыны Асан Жакшылыков, калемдешин кыргыз аялдарынын арасынан алгачкылардан суурулуп чыккан чебер калемгер катары эсептейт: Ал З. Сооронбаева каза болгондогу Азаттык радиосуна берген маегинде:

- Зуура эже Кыргызстанда жазуучулардын экинчи мууну калыптанып жатканда адабият өйрөсүнө келди. Биздин акын-жазуучу кыздарыбыздын төл башыларынын бири. Акын Нинакан Жүндүбаева эже менен замандаш. Бул эже адегенде чыгармачылыгын ырдан баштаган. Ыр жыйнактарын чыгарган. Адабиятта беллетристика дейбизби, мына ушул жанрда бир топ ийгиликтерге жетишти. "Астра гүлү", "Чоочун киши" романы элдин сүймөнчүлүгүнө арзыды. Ал поэзияда, прозада, драматургияда дагы бир топ үзүрлүү иштеди деп эскерет. Ушул пикирлерден кийин З. Сооронбаеванын чыгармачылык жолу адабияттагы өз орду бар сыяктуу эле илимде дагы изилденип анализ жүргүзүлүүсү күндүн талабы деген тыянакка келдик . Себеби анын чыгармалары үч доордо жазылган, үч тарыхый кырдаалды чагылдырган улуу чыгармалар. Дегеним, Кеңеш элинин Улуу жеңишти колго алып турса да каржалган учурду чагылдырган ырлары, андан кийинки Совет доорунун гүлдөп өнүккөн учуру, андан кийинки эгемендүүлүктүн шарданасы менен жашаган турмуш. Тилекке каршы бүгүнкү күндө З. Сооронбаеванын чыгармачылыгынын илимий багыты ачылбай келет. Чыгармаларын изилдеп, иликтеп андагы өзгөчөлүктү көрсөтүп берүү бүгүнкү күндүн талабы. Мисалы, биз сөз кыла турган «Астра гүлү» повестинде Совет өкмөтүнүн гүлдөп, илим менен техника өнүгүп турган(ошол мезгилге салыштырмалуу берилди) учурду сүрөттөө менен улуу сүйүүнү даңазалаган чыгырма. Бир дем менен окуп, бир канча жыйынтык чыгарууга мүмкүн болгон чыгарма. Ал турсун улуттук каада - салттын эң сонун мисалдарын да көрүүгө болот, жана жагдайга жараша көр пенделик да эң сонун формада жазылып берилген. Сүйүүнүн түбөлүктүүлүгү ата-энеси зордоп күйөөгө берип экөө эки тарапта калган Сулайман менен Гүлкандын образында берилген. Гүлкан өз сүйүүсүндө жана өз жашоосунда эки гана нерсени пир тутуп жашады мунун бирөө Сулайман болсо, экинчиси Астра гүлдөрү. Ал эми Сапаш дагы эки нерсеге сыйынып жашады алар Гүлкан жана сүйүү. Тилекке каршы бактысыз сүйүү. Эмнеге бактысыз сүйүү деп жатсаныз Сулайман Гүлкан экөөнүн бир канча жыл өткөндөн кийинки алгачкы жолугуушусунда,Сулаймандын: «*Сапаш бактылуу адам экен»* деген оюна ал бактысыз деп жооп берип жатканын айта алабыз.

Эмнеси болсо да бактылуу жигит экен.

- Жок , Сукен бактысыз.

- Эмне үчүн ?- ал жай карады.

- Алган жары ардактап сүйбөгөндөн кийин, жалгыз бир кишинин сүйгөнү жел учурган камгактай деп ойлойм. ...бирок сенчелик сүйбөйм.(89-бет) Анда Сулайман эмнеге таянды деген суроо өзүнөн өзү жаралат ал сүйүүгө жана ал сүйүүнү тартуу кылган Гүлканга. Бул портреттер повесттин эң акыркы бөлүгүндө Сапаштын Аманбек тарабынан атылып, ооруканага түшкөн учурунан улам билинип, ачыкка чыгып отурат. Гүлкан күйөөсүн көргөнү келип бир кезде ата-энеси тарабынан каршылык көрүп, күч менен Сапашка күйөөгө берилгенден кийин өмүрлүк арманына айланган Сулайманды көрүп эстен танган эпизоддо даана берилип окурмандын көздөрүнө эркисизден жаш алдырып, андан кийинки экөөнүн сейил бакта жолугуп, астра гүлдөрүн бирге үзүп жатканынан көрүүгө болот. Ошондо эки сүйүшкөн адамдын түбөлүктүү, сыр болуп келген сырлары төмөнкү саптар аркылуу билинет: *«Эмне үчүн сүйлөбөйсүң?- көзүбүз көзүбүзгө кадалды.*

- Көп өзгөрүп кетиптирсиң Сулайман.-ал мага мурдагыдан келбеттүү да,сүрдүү да, сулуу да болуп көрүндү.

- Сырт кебетем өзгөргөнү менен, жүрөгүм дагы эле сен деп согот.

Ал эми астра гүлдөрү эмне үчүн сүйүүнүн символуна айланды? Себеби, Гүлкандын сүйүктүүсү Сулайман кыздын жаш баео сезимин дал ушул астра гүлдөрү аркылуу багынткан ошондуктан ал гүлдөр анын кубанычы да арманы да болуп калды. Кийин кайгырып турганда да кубанып турганда да азага салынган астра гүлдөр анын жарпын жазуучу каражатка айланды. Сулайман болсо сүйбөгөн адам менен баш кошуп жашоого аргасыз болду. Бирок анын да жүрөк түпкүрүндө дал ушул астра гүлдөрү жашаарын жогоруда мисал аркылуу берүүгө аркеттендик. Ал турсун арадан убакыт өтүп жолугушкан учурда дагы экөөнүн кош колдоп астра гүлүн үзүп жаткандыгын айтууга болот. Повестеги дагы бир таң калычтуу учур же жазуучунун чеберчилигин көрбөй кетүү мүмкүн эмес. Тагдыр сүйүшкөн эки жашты оорукананын дары жыттанган бөлмөлөрүндө жолуктуруп, сүйүү отун жандырып, кайрадан оорунун себеп кылып (Гүлкандын атасы ооруду деп жалган телеграмма

менен) ажыратып түбөлүктүү арманга салган болсо арадан убакытты өткөрүп дал кайра ушул оорукана бөлмөлөрүндө жолуктуруп убактылуу бакытка балкытты. Ушул процести карап сүйүүнүн символу жалгыз гана роза гүлү эмес, ар бир адам өз критерийлерине жараша өз сүйүүсүнүн символун жасап алаарына ынанасың. Бирок эң эле өкүнүчтүүсү бул чыгармада сүйүү үч бурчтугу, бир эмес үч адамды бактысыз кылгандыгын, буга негизги себеп түркөй түшүнүк (Гүлкандын образында) жана канчалык илим-билимдүү болсо дагы адамдын чечкинсиз кадамы өзүн да өзгөнү да бактылуу кылы албастыгын, болгону жаратылыштын мыйзамдарына баш ийип жашоо керек экендигин (Сапаштын образында) көрсөтө алган. Ушул эң жөнөкөй, бирок эң маанилүү маселелер маселелрдин жашоодо ролунун чоң экендигин дагы көзгө сайып көрсөтүп берген. Бул жагынан алып карагнда ушул кичинекей повесть өз ичине романда болуусу керек болгон өзгөчөлүктөрдү катып тургансыйт. Алтургай чыгарманын окурмандар тарабынан өтө ылайктуу кабыл алынып, жазуучуга болуп көрбөгөндөй ийгилик алып келип, колдонколго өтүп окулуусунун себеби да ушунда болуп тургандай. Первый поэтический сборник издается в 1960 году. Огромную известность ей по всему Ала-Тоо принесла повесть «Астра гулу» в 1971 году. Бул кичинекей гана турмуштук кырдаал бир үй-бүлөнүн тагдыры үчүн чечилген маселе өндүү көрүнгөнү менен бүтүндөй үч өмүрдү жанчып салган кырдаал. Бул чыгарманы окугандан кийин сүйүүнүн символун ар ким ар түрдүүчө өз акылтуюмуна жараша берет окшобойбу деген ой эрксизден кылт этти. Андыктан адам баласы жазылган сызылган мыйзамдын негизинде эмес көз мыйзамына жараша жашоого укутуубу?

Адабияттар

1. Астра гүлү, повесть , -Б., 2011.
2. http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_literature_writer_zuura_sooronbaeva/24550307.html
3. http://www.ex.ua/81148305

К. Ибраимов,
БГУ

БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ОЮНДАН ТЫШКАРКЫ АЙТЫМДАР

Балдар айтымдары жалаң эле оюн процессинде эмес, оюндан сыртқаркы учурда деле айтылып келген. Буга чейин топтолгон материалдардын негизинде аларды төмөнкүдөй жанрдык түрлөргө (топторго) ажыратууга болот: мазактама, суроо-жооп, чубама, кайрылуу (өтүнүч) айрымдары жана калптар.

М а з а к т а м а (дразнилки). Балдар арасы дайыма күлкү-шаңга толо. Адам баласынын кемчил жактарын келекелеп, орунсуз кылы-жоруктарын мыскыл-тамашага айландыруу эл турмушунда эбактан келаткан нерсе. Мындай көрүнүшкө албетте балдар да кызыккан. Жеринен эле күлкү – тамашага жакын бала табияты ар нерсени тамашага айландырып, күлкү жаратууга даяр турат. Ошондон улам балдар арасында бири-бирин ызаланта турган шылдың сөздөр кеңири айтылган. Алар бири-бирине ат коюп, ыгы келген жерде сөз аркылуу мазактап, чычалатууга аракет кылган. Мындай тамаша-шылдың сөздөрдүн кайсы бири улуулардан кабыл алынса, көпчүлүгү балдар арасында эбактан бери айтылып келаткан туруктуу айтым сөздөргө айланган. Албетте алардын арасында кырдаалга жараша жаңыдан жаралгандары да жок эмес, бирок алардын бардыгы эле ооздон-оозго өтүп узакка жашап кала бербейт. Кыргыз фольклористикасындагы мындай ырларды «чымчыкей ырлары» (Т. Орозова), «маскаралоо ырлары» деп атап жүрүшөт.

Балдар арасындагы мазактоо айтымдары көпчүлүк учурда баланын атына уйкаштырылып, болбосо анын жүрүм-турум, мүнөзүндөгү кемчиликтерге байланыштуу айтылат. Бирок алардын ортосундагы талаш-тартыш, чыр –чатакка анча деле тиешеси жок. Бардыгы тамаша иретинде болот. Мындай такмаза сөздөрдү тематикалык мазмунуна карай эки топко бөлсө болот. Биринчи топко: бала атына уйкаштырылган мазактамалар, экинчи топко баланын кемчил жактарын күлкүгө алган мазактамалар кирет. (1.18).

Баланын атына уйкаштырып кошумча ат берүү (просвища), же болбосо ага уйкаштырып курбусун чычалата турган чыгарма жаратып айтуу биринчи топтогу мазактамалардын негизин түзөт.

Чотбай , Чотур мойну котур!
Мышык берем ойноп отур!
Чайнап отур! (2.26)

* * *

Эсел, эсел бай,
Эки өтүгүн чече албай.
Эжесине жете албай
Эси кеткен эселбай,
Агын суудан өтө албай
Агып өлгөн эселбай. (3.429.).

Бул айтымдарга башка баланын уйкашпаган атын коюп алмаштыруу мүмкүн эмес. Айтылган кемчиликтер ал балада болбосо деле, аты уйкашса болду, балдар бири-бирин ыза кылып чычалатуу максатында айта берет. Бирок кээде каалаган ат менен алмаштырып айта бере турган мазактамалар да бар.

Экинчи топтогу мазактамалар бала ысымына байланыштуу эмес, ал баланын дене-боюнда, кулк мүнөзүндө, кыял жоругунда байкалган кемчиликтерди күлкүгө айландырат, чычалатат. Мисалы, тили чулдур, тиши кетик, башы таз балдар, же өз курбуларына караганда алсыз, ыйлаак, адепсиз, жалкоо, соргок, ууру балдар ушул топтогу мазактамалардын негизги объектиси.

Уурулук кылса:
ууру, ууру,
Уйдун богун жууру,
Казанбакка салуучу
Кайра келип алуучу.
Таарынчаак болсо:
Тарынчаак, таарынчаак,
Тайдын жүгүн артынчаак. (4.11).
Ыйлаак блдарга:
Ыйлаак, ыйлаак,
Иттин жонун тырмаак. (4.11).
Соргок балага:
Кардың ачса кака же
Кабыргалуу бака же.
Тоодон алып суур же,
Суурдун богун кууруп же. (5.42.).
Оюндан качкан балага:
Ойнобосоң оюнбак,
Думананын коюн бак.
Чийдин башын чийип кет,
Думанага тийип кет.

Мазактоо айтымдарын негизинен балдар өздөрү чыгарат, бирок улуулардан үйрөнүп алуу мүмкүнчүлүгүн да жокко чыгарууга болбойт. Балдар мындай чыгармаларды көпчүлүк учурларда дароо ойдон чыгарып айткандыктан текстгин логикалык жагына маани берилбей, уйкаштыкка басым жасалат да, көркөм-эстетикалык касиети төмөндөйт. Ошондой эле адамга акарат келтире турган, айтууга ыңгайсыз, одоно уят сөздөр кездешет. Балдар өздөрү деле мазактама айткандарды көп жактыра беришпейт.

Мындай айтымдар балдардын түшүнүгүнө, жаш өзгөчөлүктөрүнө, психологиясына ылайыкташкан, күнүмдүк жашоодогу бала кыялынан жаралган. Балдар мазактамаларынын өзөгүндө жеңил-желпи азил-тамаша жатат, айкын-ачык терең логикалык ой болбогону менен тили жеңил, тамашалуу, көлөмү чакан. Аларды жыйнап, изилдөөнүн прктикалык – тарбиясы зор. Этнографиялык жактан кызыктуу, анан да балдардын сөз өнөрүнө, айрыкча сатиралык юмордук жанрга болгон кызыккуусу ушул жупуну, карапайым көрүнгөн фольклордук жанрдан башталат десе болот.

Суроо-жооп айтымдары. Бул суроо-жооп түрүндөгү чакан диалог-аңгеме. Мындай айтымдарды эки бала суроо-жооп менен кезектешип айтат, болбосо аны диалогго окшоштуруп үнүн өзгөртүп жеке бир бала деле айтышы мүмкүн.

- Ой, эмне алдың?
- Өгүз алдым Чородон.
- Онуң кайда?
- Качып кетти коровдон.
- Кандай эде?
- Бир мүйүзү канаган. Ыштык менен орогон
- Таап берсемчи?
- Батман эгин сүйүнчү, ачылбаган ородон. (2.26).

Табият кубулуштары, түркүн жан-жаныбарлар менен адам катары сүйлөшүү-суроо-жооп айтымдарынын дагы бир өзгөчөлүгү. Бул жагынан алып караганда байыркы анимисттик түшүнүктөр менен байланышып, жаралуу теги тереңге кетет.

Суроо-жооп айтымдарды тектеш түрк калктарында эле эмес, дүйнө фольклоруна бирдей тиешелүү жанр экендигин айтышат айрым изилдөөчүлөр. Ал гана эмес айрым бир чыгармалар бири-бирин кайталайт, өтө окшош. Кыргыз-казак балдар фольклорунан бир эки мисал келтирели.

Кыргыз балдар фольклорунда:
- Бака, бака балчак,
Башың неге жалпак?!
Бутуң неге ийри?
Көзүң неге тосток?
- Казанды көп көтөрүп ,
Башым жалпак болуптур.
Жайдак атка көп минип,
Бутум ийри болуптур.
Кароолду коп карап,
Көзүм тосток болуптур. (6.31).

Казак балдар фольклорунда:
- Бақа, бақа балпак,
Басың неге жалпақ
Көзүң неге тостак,
Бутуң неге талтақ?
- Темір телпек көп киіп,
Басым содан жалпак,
Қырдан қарауы көп карап,
Көзім содан тостақ.
Жайдақ атқа көп мініп
Бутым содан талтак. (7.91).

Мына, бала түрмөктөтө суроо таштап, кызыккан суроосуна баканын өзүнөн метафора түрүндөгү тамашалуу жооп алды.

Чубама айтымдар негизинен чубама бир сюжетте курулуп, ыргактуу баян түрүндө болот. Алегориялык мүнөзгө ээ, жумшак юмор, тамаша сезилип турат. Жогорудагы шылдың, суроо-жооп айтымдарына караганда көлөмдүүрөөк келип, чакан чубама (кумулятивдик) жөө жомокторго окшошуп кетет. Орус фольклористикасында мындай чыгармаларды бириктирип «прибаутка» термини менен атаса, казактарда «кызыктама», өзбектерде «кизикмачок», татарларда «такмазалар» деп айтылат. Кыргыз фольклористикасында мындай айтым сөздөр атайын термин менен аталбаганы менен «тестиер балдардын ыры», же тагыраак айтканда «балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган ырлар» (Г. Орозова) деп айтылса, башка бир учурда «дүйнө таануу ырлары», «беймарал ырлар» (М. Түлөгабылов) катары каралып жүрөт.

Чубама айтымдардын эң башкы өзгөчөлүгү, негизги өзөгү - чубама сюжет, шыдыр айтылган ыргактуу баян. Анын сюжети реалдуу турмуш чындыгынан алыс, кыялдан жаралат. Кейипкерлери - адам, же адамча аракеттенген ар түркүн жандуу-жансыз нерселер. Алардын иш-аракети, ойдон чыгарылган кызыктуу окуялар аркылуу юмор жаралып, балдардын жан-дүйнөсүнө жакын. Андан да ар бир сапта алмашып тездик менен өнүккөн окуя-көрүнүштөр айтымдын эмоционалдуулугун арттырса, биринчи саптын акырында айтылган нерсенин экинчи саптын башталышында кайталанышы айтымдын уккулуктуу, ыргактуу болушун шарттайт.

Жүгүрүп, жүгүрүп жүн таптым,
Жүн астынан тарак таптым.

Тарагымды Таттыга бердим,
Таттым боз козусун берди,
Козуну конокко сойдум,
Конок камчысын берди.
Камчы менен каз урдум,
Каз канатын берди.
Каз канатын көлгө салдым,
Көл көбүгүн берди.
Ак уюма бердим,
Аяк ,аяк сүтүн берди.
Көк уюма бердим,
Көнөк –көнөк сүтүн берди. (6.45).

Ошентип, үзгүлтүксүз уланган чубама окуялар чиеленишип отуруп акыркы чегине жетет да, жыйынтык чыгарылат.

Чубама айтымдардын көпчүлүгү суроо-жооп түрүндө айтылат. Кыргыз казак балдар фольклорун салыштыра отуруп мындай бир мисал келтирели:

Кыргыз балдар фольклорунда:

Каак, каак каргалар,
Камыш түбү жорголор.
- Жорголор деп, ким айтат?
Жортуп жүргөн киши айтат.
- Киши айтат деп ким айтат?
Кишенделүү тай айтат.
- Тай айтат деп ким айтат?
Таекеси кулпу айтат.
- Кулпу айтат деп ким айтат?
Кудуктагы бака айтат.
- Бака айтат деп ким айтат?
Бешикеги бала айтат. (6.45-46).

Казак балдар фольклорунда:

Қарк-қарк каргалар,
Қар үстүнде жоргалар.
- Жоргалар деп кім айтар?
- Аң аулаған аңшы айтар.
- Аңшы айтар деп кім айтар?
- Мал ?айырған малшы айтар.
- Малшы айтар деп кім айтар?
- Сортаңдағы түйе айтар. (7.91).

Айтым бири-бирин улап кеткен, чубама суроо-жооптон турат. Ар бир саптын акыркы сөзү кийинки сапта кайталанат да айтууга жеңил өзгөчө бир асоссация жаратат. Аллитерациянын бекем сакталышы, поэтикалык кайталоо чыгарманын көркөмдүк деңгэлин жогорулатат. Диалог түрүндө болсо да ыргактуулук, бирдей муун өлчөмдөрү, уйкаштык сакталат. Кээде сөз болуп жаткан нерсенин үнүн, кыймыл-аракетин туурап, окшоштурушу мүмкүн.

Ал «Эмнеликтен күчтүү?» - деген айтым:

Кыргоол кызыл болгон,
Куйругу узун болгон.
Эмгек кылбай музга тайган,
Буту сынган.
- Муз, муз сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң? - деп, эмгектенбей жүрүп буту сынган кыргоолдон башталып, акыр аягында бардыгынан күчтүү болуп чыккан кумурсканын жообу менен аяктайт.

... - Кумурска сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
- Мен кумурска бышкамын жумушка.
Алты баштык тарууну
актап берем,
Жети баштык тарууну
желпип берем,
Мен күчтүү болгонум
Ак эмгектен! (6.29).

Демек, кумурска тынымсыз иштеген ак эмгеги менен күчтүү. Айтымдын идеялык-тарбиялык маңызы ушунда. Окумуштуу М. Түлөгабылов бул чыгарманы «макулуктар жөнүндөгү ырларга» кошкону менен «муну ыр-аңгеме же кумулятивдик жомок-ыр деп атаса да боло турган. Кала берсе, мунун ыр поруму да өздөштүрүлүп турганы сезилбейт» (6.29) - деп жазат. Бирок ошондой болсо да, автордун пикирине караганда «бул чыгарманын өзгөчө көркөмдүк ажары бар» (6.29), анткени анын мазмуну өтө кызыктуу, аллитерация, ички уйкаштык мүнөздүү.

Мындай чыгармаларды негизинен чоңдор жаратып, балдар арасында көңүл ачуу, тамаша куруу максатында айтылыт. Айтымдагы тыбыштык окшоштуктар, кайталоолор, мазмунунун кыска жана кызыктуу болушу балдардын балалык сезимине күчтүү таасир этип, жеңил кабыл алынат. Чубама айтымдар балдардын сырткы дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүн кеңейтет, кыялдан жаралган жалган нерсе менен чындыктын арасын ажырата тааныйт, ошол эле учурда фантазиялык ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, эстетикалык табити калыптана баштайт.

Кайрылуу айтымдары. Балдар фольклорундагы Айга, Күнгө, асмандагы жылдыздарга, табият кубулуштарына, жан-жаныбрларга, канаттуларга, майда-чүйдө курт кумурскаларга карата кайрылуу, өтүнүч, арноо-тилек мүнөзүндө айтылган айтым сөздөр бар. Ошондон улам мындай чыгармаларды өзүнчө жан катары таанып, кайрылуу (чакырык) айтымдары десе болот. Орус фольклористикасында буларды «заклички»жана «приговорки » деп экиге бөлөт. Айга, Күнгө, жаратылыш кубулуштарына карата айтылса, «заклички», ал эми жан-жаныбарларга багышталса «приговорки». Бирок бул боюнча бирдей көз караш жок, айрымдары экөөнү бириктирип «заклички» деп атоону туура көрсө (В.А. Василенко), башкалары экөөнү эки башка кароону туура табат, башкача айтканда, алар кайрылуу объектиси эле эмес, аткаруу формасы боюнча да айырмаланат: биринчисин («заклички») балдар чогуу хор менен айтышса, экинчисин («приговорки») ар ким өзүнчө, жалгыз айтат. Мындай көрүнүш кыргыз балдар фольклоруна да мүнөздүү десе болот. Мисалы, нөшөрлөп жааган жазгы жамгырга карата:

Жаа, жаа жамгырым,
Жумшарт эгин тамырын...
Жаан, жаан жаай бер,
Менин чачым суулай бер - деп кайрылса, сууга түшүп чыккан балдар:
Күн чык, күн чык,
Мен түшкөн жокмун

Сууга балдар түштү – деп, булутка жашынган Күндөн өтүнөт. Ушундай эле эл оозунда айтылып келген космогониялык мифтердин айрымдары балдар айтымдарына айланган. «Үркөр» жөнүндөгү мифтин негизинде жаралган айтымдын бир вариантын мисал келтирели:

- Үркөр- Үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасын?
- Тоо желимге барамын.
- Тоо желимде эмнең бар?
- Аштык айдаар уулум бар,
Жибек созоор кызым бар.

Аштык алып нан кылам,
Жибек алып тон кылам.
Аштык алып уулумдан,
Азык-түлүк камдаймын.
Ашка кардым тойгон соң,
Анан Айды жандаймын,
Жибек алып кызымдан,
Кийим-кечек камдаймын.
Анан Айды жандаймын. (8.37).

Диалог түрүндөгү айтым сөз айгинелеп турганда адамдардын аң-сезиминдеги байыркы баео, түркөй түшүнүктөр менен ишенимдерден кабар алабыз. Үркөрдүн кадимки адамдар сыяктуу эле уул-кызы, жашоо тиричилиги бар. Ушундан улуам да бул чыгарма балдар үчүн жеңил, уккулуктуу жана кызыктуу.

Балдар арасында айлана чөйрөдөгү жандуу жаратылышка карата айтылган кайрылуу, арноо-тилек айтымдары бар. Байкоого караганда мындай чыгармалар чоң кишилерден балдар репертуарына өтүп, алардын эстетикалык талабын канаатандыра турган поэтикалык чыгармаларга айланган сыяктуу. Балдар өздөрү дагы бара-бара сыргкы дүйнөнү жакшыраак таанып-билип аралаша баштайт, ар түркүн жан-жаныбарларды көрүп-билет, байкоо жүргүзөт таанышат. Натыйжада балдардын жан-жаныбарларга карата мамилесин чагылдырган чыгармалар пайда болот.

Айталык балдар мышык көрсө оюнкараак, балалык сезим менен:

Элгек-элгек,
Такта-нургуч.
Чыгырык, чыгырык,
Мыё-мыё! (2.26) - деп тийиштик кылса, суур ийинден чыкканда:
Суур жеңе салам айт,
Салам айтсан туруп айт (5.47) дешет.

Эл оозунда жан жаныбар, канаттулардын пайда болушу жөнүндө түркүн миф, легендалар жашап келген. (86.42-45). Ошондой легендалардын биринде суур бир учурда байдын келини болгон экен. Балдар ошол себептен суурга «жеңе» деп кайрылып отурат.

Ал эми балдар сук канаттуу сагызганды көргөндө минтип айтышкан:

Ак сүйлө,
Ак сүйлөсөн да,
Так сүйлө.
Ак сүйлөбөсөң,
Үч сүйлө.
Үч сүйлөбөсөң,
Кара жаак
Мылтыкка жолук! (9.62.).

Кайрылуу айтымынын дагы биринде бала эл кайда көчөт коңузун колуна кондуруп алып, «эл кайда көчөт?, эл кайда көчөт?» - деп колунан учуп кеткенче кайталай берет. Эл түшүнүгү боюнча эл кайда көчөт коңузу кайсы тарапка учуп кетсе, конуш жаңырткан эл да ошол тарапка көчөт экен. Буга бала кыялы абдан ынанган. Кайрылуу айтымдарынын көпчүлүгү, бала өмүрү, анын күнүмдүк жашоо-тиричилиги менен тыкыс байланыштуу болгондуктан, кээде башкача бир турмуштук жагдайларда айтыла калган балдар айтымдары учурайт. Мисалы көзгө чөп-чар, кыпын түшсө төмөнкү айтым сөз бир нече ирээт кайталанат. «Арс! арс! Көзүмө чөп түштү. Алып берээр киши жок. Туфуу!, туфуу! Туфуу!». Баланын алгачкы тиши түшкөндө аны нанга ороп итке таштайт да:

Жаман тишимди сен ал,
Жакшы тишиңди мага бер! - деп күбүрөйт.

Ошентип мындай айтымдардын пайда болушу, аткарган функциясы байыркы мезгилдерге барып такалат. Балдар жаратылышты, жаныбарлар дүйнөсүн сөзгө тартып, алар менен сүйлөшөт, мамиле түзөт. Алардын айрымдарында байыркы ырым-жырымдын белгилери да сакталып калган.

Адабияттар

1. Матыжанов К.С. Казахская детская фольклорная поэзия.- -Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата филологических наук. - Алма-Ата, 1990. – 26 б.
2. Мукамбаев Ж. Эл ичи - өнөр кенчи. –Ф.: «Адабият»,1990. – 224 б.
3. Макелек Өмүрбай. Кыргыз балдарынын оозеки чыгармалары // Кыргыздар.VI том. –Б.: «Бийиктик», 2011. - 349-371-бет.
4. Балдар фольклору. «Эл адабияты» сериясы. 20-том. – Б.: «Шам», 1998. - 480 б.
5. Орозова Г. Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык составы жана поэтикасы. – Б.: «Бийиктик», 2003. -140 б.
6. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.- Б.: «Мектеп» , 1991. – 272 б.
7. Матыжанов К.С. Казактың фольклорлы? балалар поэзиясы: Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук. – Алматы, 1990.
8. Кебекова Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы. –Ф. : «Илим», 1982. - 259 б.
9. Мукамбаев Ж. Эл ичи-өнөр кенчи. – Ф. Кыргызстан; 1982. -240 б.

Зулуев Б.Б.,
Келдибай кызы М,
ОГПИ

«МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА ТАРЫХ

Кыргыз элинин үчилтиктен турган эпопеясы - «Манас» сансыз кылымдарды кыйгап өтүп, көп жолу кайра иштелип, толукталып, жаңыланып, кардиналдык өзгөрүүлөргө учурап отурду. Анын эң алгачкы башаты ошондой болгондон кийин андан ары архаикалык түшүнүктөрдүн, образдык ой жүгүртүүлөрдүн элементтерин көрүү мыйзамченемдүү көрүнүш.

Каны бир кара, бети көк,
Боору чаар, сырты көк,
О, мына жалы көгала сарыгер эле.
Баатыр бир Манас сурасаң,
Көк жал бир дөбөт бөрү эле [2, 63-б]

Ч.Валиханов уюштуруп жаздырган вариантта Манаска ушундай мүнөздөмө берилет.

Бул саптарды окуган кишинин көзүнө эки нерсе урунат: биринчиден, бир түстүн (атап айтканда көк түстүн) басымдуулугу; экинчиден, суроо жарата турган сөз айкаштары: эмне үчүн Манастын бети, эти (сырты) көк? Боору чаар экенин кантип көрүүгө болот?

Илимде бир кезде Түндүк Чыгыш Азияны жерденген хунндар түрк тилинде сүйлөгөн эл болгон деген болжол бар. Бирок кайсы тилде сүйлөгөнүнө карабастан алар Көк асманга - Көк Теңирге сыйынышкан, аны башкы кудай деп эсептешкен. Ал эми түрктөр, анын ичинде кыргыздар, хунндардын мурасчылары жана тукумдары болуп эсептелет. Мына ошол себептен кыргыздар көк түстү ыйык көрүп, ага сыйынган. Айрым учурда Теңирге баш ийген, экинчи даражадагы кудайларга да анын айрым белгилери берилген. Мисалы, төмөнкү дүйнөнүн кудайы, падышасы – Көкдөө. «Эр Төштүк» эпосунда эң алгачкы жолу ал мындай сүрөттөлөт:

Көк эренчи жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Көк болот чокмор колго алып,
Көк тулпар санга бир салып.

Бул жерде да көк түс үстөмдүк кылганын көрөбүз. Айрым түрк уруулары өздөрүн «көк түрктөр» деп аташкан, муну менен алар өздөрүнүн кудайга жакындыгын, анын сүйүктүү балдары экендигин көрсөтмөк болушканы байкалат.

В.М. Жирмунский «Манастын» нукура баатырдык эпос экенин белгилөө менен катар анын курамынын татаалдыгын айтып, андагы үч катмарды ажыратат [3, 166-б]. Эпостун тарыхый катмарын кыргыздын Теңир-Тоодо жашап турган кезиндеги, тагыраак айтканда, XV-XVIII кылымдардын аралыгындагы көчмөн ойрот (калмак) мамлекетинин баскынчылыгына каршы күрөшүү түзөт деп эсептеп, кыргыз мамлекетине каршы бул баскынчылыктын башында турган калмак-кытай мамлекетинин башкаруучулары жана аскер башчылары Эсенкан (тарыхта Эсен тайчы), Коңурбай (калмак эпосунда Хонгор), Алооке (тарыхта - Аляку) ж.б. инсандар жөнүндө кеңири маалымат берет.

«Манас» жөнүндө жазуу жүзүндөгү эң алгачкы маалымат болуп эсептелген Сайф-ад-Диндин «Мажму ат-Таварих» (XVI к.) деген эмгегинде кыргыз эпосунун мазмуну монгол, түрк өкүмдарларын (Токтомуш) жана мусулман ыйыктарын (Айкожо, Каракожо ж.б.) даңазалоо, арбагын көтөрүү, тарбиялоо багытында чечмеленген жана иштелип чыккан. Сайф-ад-Диндин Манасты Токтомуш хандын нөкөрү, Айкожо, Каракожо «абдан асыл зат» Сейид Желал ад-Динге ийилип таазим кылган» дин үчүн күрөшүүчү кылып көрсөткөнү аны тарыхый инсан деп жарыялоого жетиштүү негиз болуп бериши күмөн туудурат [4].

«Манастын» кейипкерлеринин тарыхка катышы жөнүндөгү көз караштан мына мындай фактыны көрсөтө кетүү ашык болбойт. Эпосто Манастын аялынын аты – Каныкей. Персиянын тарыхый булактары жана татар-казак эпосунун жөрөлгөсү Токтомуш хандын Каныкей деген кыздары болгонун тастыктайт. Турмуш өзү манасчылардын колуна даяр сюжетти салып бергенсип турат. Манас менен Токтомуштун кызы Каныкейди кошуп койгондо ишенчиликтүү да, чындыкка жакыныраак да көрүнмөк. Бирок манасчылар ал жол менен барган эмес. С. Орозбаковдун варианты боюнча Манас Ша-Темирдин (эпос боюнча анын тарыхый Темир менен байланышы жок), ал эми Сакбайдын варианты боюнча жомоктогу Каракандын кызы Каныкейге үйлөнөт. Бул факт Темир да, Токтомуш да реалдуу инсандар катары кыргыз эпосуна кирбегенин көрсөтөт [1, 154-б].

Бул сөздүн аягына чыгуу үчүн Каныкей Манаска гийгенден кийин гана ушул атын ала тургандыгын, анын чыныгы аты Санирабийга экенин айтуу керек. Анын бул аты аңыз болуп келе жаткан Вавилондун падышасы Навуходоносордун аялы болгон имиш (тарыхтагы фактыга бул туура келбейт) деп айтылган Семирамиданын атына үндөшөт. Бул байыркы заманда Борбордук Азияга батыштан же Орто Чыгыштан кирген мифологиянын таасириби же дал келүүбү – бул анык эмес. Сириянын кудайынын кызы Семирамида жөнүндөгү гректердин мифи кеңири жайылган миф болгон.

«Манас» эпосу бир мезгилде жашап, бир душман менен күрөшкөн инсандардын эмес, түрдүү кылымдардагы, түрдүү инсандардын образдарынын бүтүндөй бир галареясын түзөт. Манастан башка Бакай, Каныкей, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Кыргыл, Серек ж.б. образдар бар. Алардын образы VII-VIII кылымдагы эр жүрөк баатыр каган аты ташка чегилген Барсбек, IX кылымда күч-кубаттуу Уйгур мамлекетине каршы жеңиштүү жүрүштү уюштуруп жана анын башында турган кыргыздын акылман ажосу, Чынгызханга баш ийбей Жуучунун жана башка монгол колбашчыларынын аскерине каршылык көрсөткөн эрлер, айрыкча жүздөгөн, миңдеген жылдар бою кытай баскынчыларына, калмактарга каршы кармашкан, бирде өздөрү кырылып, бирде жеңишке жетип келишкен эр азаматтар – ушулардын бардыгынын сапаттарын жана иштерин чогултуп жана жалпылаштырып көрсөтөт. Кыргыз эпосундагы историзм жөнүндө айтканда, эпостун негизинде кыргыз элинин тарыхы жатат, «Манас» элибиздин турмушунун энциклопедиясы деп бекеринен айтылбайт. Эпостун каармандары жалпылаштырылган типтүү образдар болгон сыяктуу эле окуяны да жалпылаштырып сүрөттөйт. Ошондой эле Манастын согушка киришинин өзү да адатта бардык жерде бирдей берилет.

Ажыдаар жыланы
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук көк бөрү –
Көкжал эрдин жөкөрү
Артынан эргип алыптыр.
Алп кара куш арбайып,
Асмандан бутун салыптыр.
Кара чаар жолборсу
Жолду баштап калыптыр.
Алды жагын карасаң,
Кырк карышкыр кабышат.
Арка жагын карасаң,
Кырк миң киши сайышат.

Бул – Манастын майданга кириши. Манастан сокку алган душмандын көрүнүшү бардык жерде бирдей: «Үзөнгүдөн бут тайып, ээрден түштү кылтайып» атган кулайт.

Мына ушинтип, кандайдыр бир убактылуу, өтүп кете турган өзгөчөлүк, айырмачылыктардан баш тартып, кайталанып тура турган маанилүү, мүнөздүү окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөөнүн натыйжасында эпос турмуштун жалпыланган элесин түзүү мүмкүндүгүнө ээ болот. Алар эпикалык мезгилдин мыйзамына ылайык бир мезгилге келтирилет, б.а. топтоштурулат.

Дүйнө элдеринин эпосторуна кайрыла турган болсок, айрым эпостордо алардын идеялык-тематикалык мазмуну ал же бул элдин калыптануу, өсүп-өнүгүү жолундагы айрым учурлары же темалары алдыңкы планга чыкса да, (мисалы, карелофинндердин «Калеваласында» табият менен болгон күрөш, немистердин «Нибелунгдар жөнүндө ыр» дегенинде жат уруулар менен болгон кагылышуу) эреже катарында элдин калыптануу стадиясындагы бүткүл тажрыйбасы, так ошондой элибиздин эл болуу, журт болуу баскычтары жана этаптары көркөм түрдө көрүнөт. «Илиада», «Одиссея», «Махабхарата», «Рамаяна» сыяктуу классикалык эпостор аларды жараткан элдердин өсүп-өнүгүшүнүн белгилүү бир этабында жазылып, алар жазма түрүндө кандай болсо ошодой өзгөрбөй жашап келе жатат. «Манастын» алардан айырмасы бүгүнкү күнгө чейин «тирүү» түрүндө эл арасында жашап келгендиги болуп эсептелет. Ошондуктан ал убакыт өткөн сайын турмуштун, элдин аң-сезиминин эстетикалык талабынын өзгөрүшү менен кошо өзгөрүп жаңыланып отурду. Бирок, өзүнүн белгилүү бир мыйзамченемдүүлүгүнүн чегинде кылымдар бою өнүгүүсүнүн натыйжасында эпос өзүнүн сюжеттик курулмасын, стилин, каармандарынын курамын жана тибин, алардын ордун жана жайгаштырылышын, окуялардын чөйрөсүн аныктаган. Ошентип, эпостун туруктуу традициясы иштелип чыккан. «Маната» мындай традиция да, негизги варианттары да бар. С.Орозбаков менен С.Каралаевден жазылып калган варианттар өздөрүнүн мазмуну жана толуктугу жагынан ошондой варианттар болуп эсептелет.

Эпос жаралуу жана калыптануу этабында сюжеттик-композициялык курулмасы жагынан да, өтүп жаткан саясий жана тарыхый окуяларды өз кучагына камтуу жагынан да көп катмардуу. «Манас» - бир доорго эле эмес, көп доорго таандык чыгарма, ал – бирин-бири алмаштырып турган көп муундун чыгармачылыгынын жемиши.

Дүйнөлүк эпикалык чыгармалар, негизинен оозеки түрдө пайда болгон жана жазылып калганга чейин ушул жол менен өнүккөн. «Манастын» көбүнөн айырмасы – дүйнөлүк масштабда алганда, - ок, дары, китеп басмасы ойлоп чыгарылып, «баатырдык доор» деп аталган мезгил өткөндөн кийин да оозеки жашоосун уланткандыгы болгон. Бул, албетте, эпоско таасирин тийгизген, бирок кыргыздын коомдук-тарыхый жолунун, коомдук эстетикалык аң-сезиминин өнүгүшүнүн шартынан улам эпостун тибин жана идеалдуу каармандын табиятын өзгөртүп жиберген эмес.

Эпосто жеңилүүнү билбеген Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу баатырлардын, акылман, кыраакы аял Каныкейдин, калктын кылымдык тажрыйбасынын сактоочулары Бакай, Кошой сыяктуу копту көргөн көсөмдөрүн төгөрөгү төп келген, монументалдуу образдарынын түзүлүшү, бир жагынан, элибиздин көп миңдеген жылдарды камтыган баатырдык, татаал жолун тастыктаса, экинчи жагынан, анын дүйнөтаануусу терең, масштабдуу болгонун, рухунун байлыгын, даанышмандыгын көрсөтөт. Анткени, ушундай эл гана «Манасты» жаратышы мүмкүн.

Адабияттар

1. Борбугулов М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы. – Б.: 2004.

2. Ботояров К. Көөнөрбөс мурас. – Б.: 1996. 63-б

3. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». – М.: Издательство АН СССР, 1961. 166-б.

4. Караев Ө. Манас – тарыхый инсан. //Заман Кыргызстан, 1994, 48-51-сандары.

Б.М.Акматов
БГУ

М. АУЭЗОВДУН АЛГАЧКЫ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДАГЫ КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАР ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАНА ОРТО АЗИЯ АДАБИЯТЫНДАГЫ АБАЛ

М.Ауэзовдун балалык чагы жана өспүрүмдүк курагы жана анын алгачкы чыгармачылыгы менен таанышкан адам бир нерсени байкайт. Ал жаш Мухтардын дүйнө таанымындагы карама-каршылыктар болуп саналат. Анын өзү бирде орто кылымдан бери Орто Азия чөлкөмүн кучагына алып, анда болуп жаткан саясий жана маданий турмушка өзүнүн идеологиялык да, философиялык да үстөмдүгүн жүргүзүп келген ислам дини менен маданиятына артыкчылык берсе, бирде XIX кылымдын экинчи жарымынан тарта Орто Азия чөлкөмүндө жашаган элдер өздөрүнүн баштапкы жашоо-турмушунун негизи болгон көчмөн турмушту чанып, басып алган орустар аркылуу өзүнүн артыкчылыгын көрсөткөн отурукташкан турмушка ык алгандыгы менен кошголот. Тактап айтканда, жаш Мухтар эс тарткандан тарта көчмөн турмуштун ийлигиктери менен кемчилдиктерин бирдей байкап, анын баалуулуктары эмнеде тураарын так айырмалап чоңойсо, экинчи жагынан орустардын баскынчылык саясаты менен кошо келген отурукташкан турмуштун оң жана терс жактарын эрте түшүнө баштайт.

Мындай көрүнүш бир гана М.Ауэзовго тиешелүү болбостон, прогрессивдүү ой жүгүрткөн ошол мезгилдин алдыңкы муунуна ошондой мүнөздүү болуп, алардын баары акыр-аягында бары бир жазуу-сызууга таянган оторчулук жеңе тургандыгын түшүнө баштаган десек болот. Мындай түшүнүк улам кийинки жаштардын орус маданиятына жакындоосун гана шарттабастан, эл арасында бири-бирине карама-каршы турган, ошол эле учурда бири-бири менен биримдикте өнүккөн жазуу-сызуу өнөрүнүн эки маданиятын калыптандырганын көрүүгө болот. Ал маданияттын эл үчүн баалуулугу бирдей болгону менен таянган философиясы, турмуш чындыгын кабылдаган дүйнө кабылдоосу эки башка болгону талашсыз. Ырас, эки башка дүйнө таанымдан түптөлгөндүктөн, ар бир турмуш чындыгына эки башка мамиле кылып, биринбири танууга аракет кылганы менен экөөнүн максаты окшош болгону байкалат. Тагыраак айтканда, ар биринин алдында элди эркиндикке чыгаруу, кор болгон жана басынып жашаган калкты ошол турмуштан куткаруу сыяктуу миссия жашап тургандыктан, мындай максатка ар бири өзү тарабынан мамиле кылып, ошол эле бирин-бири танууга аракет кылганын белгилей кетүүгө тийишпиз.

Жаш Мухтардын дүйнө тааным толугу менен кучагына алган мындай көрүнүш анын жеке өзүнө гана таандык болбостон, Орто Азия элдеринин адабий, эстетикалык жана философиялык ой жорумун камтыганы менен айырмаланат. Ырас, мындай дүйнө кабылдоо Орто Азия элдеринде бир кылка жүрбөгөнү менен болуп келгендиги талашсыз чындык. Казак эли орустар менен бир топ жыл эртерээк аралашып калгандыктан, орус эли тутунган жашоо образынын артыкчылыгын мурдараак баамдаса, кыргыз, өзбек, тажик сыяктуу элдер ошол жылдарда деле бул чөлкөмдө боло турган бардык жаңылыктын негизин ислам дини менен байланыштырып, өздөрүнүн коомду жаңырга турган билимин толугу менен ошол диний окуунун негизинде карап келгендиги байкалат. Маселен, кыргыз жергесинде совет бийлигин, аны менен кошо келген кыргыз маданиятын жана агартуу системасын түзгөн сабаттуу чөйрө "молдолордон" тургандыгын да ушул аркылуу түшүндүрүүгө болот. Ушул көрүнүш бир гана кыргыз элине мүнөздүү болбостон, өзбек жана тажик элдерине да таандык болгонун бул жерде айтпай кетүүгө болбойт.

Кыргыз эли совет бийлиги орногондон тарта ислам дини менен байланышкан маданиятынан баш тартып, тез эле оруста шып кеткен болсо, өзбек жана тажик элдери бул багыттагы маданий-адабий булактарын советтик диктатура кыйраганга чейин белгилүү өлчөмдө сактап келгенин жокко чыгара албайбыз. Ал эми казак эли орус маданиятын жогору баалап, бардык жаңылануу ну тикелей ушул маданият, андагы адабий баалуулуктар менен байланыштырып келгендиктен, ошол мезгилде улуттук маданий жана адабий дөөлөттөрдү түптөгөн казак интеллигенциясы дээрлик "бир бутун" орус маданиятына коюп, андан "таканчык алып" турган. Орто Азия чөлкөмүндө XIX кылымдын экинчи жарымынан тарта өтө тездик менен түптөлө баштаган бул эки башталмага токтолуп, алардын аз болсо да бул жерде элесин түзүп жатканыбызга себеп мына ушул эки өзөктүү булак бир эле Орто Азияга эмес, социалисттик көркөм ойлоонун зор үлгүсүн дүйнө жүзүнө көрсөтө алган М.Ауэзовдун дүйнө таанымын, адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосун түптөп жана калыптандырып отурат. Анын өмүр таржымалын изилдеп, чыгармачылыгынын калыптануусуна токтолгон кимиси болбосун Мухтар Ауэзов балалык кезинде Абай Кунанбаевдин ырларын окуп чоңойгонуна басып коюшат. Ошол эле мезгилде алардын баары жаш Мухтар айылдык молдо Мурсеиттен окуганын, агасы Касымбек качан хазрети Камаллединден окуп, диний дүйнө таанымга ооп баштаганда Семипалатинскидеги орус мектебине алып кеткенин учкай баяндашат. Анын чыгармачылыгына кайрылып, терең маани берген адам байкабай койбойт, маркум атасы Омархандын керээзин аткарыш үчүн Касымбек Мухтарды мусулман эмес, орус мектебине берет. Атасы Мухтарды өзү тирүү кезинде мусулман мектебинед окуткусу келбеди беле, эмне үчүн Касымбек аны орус мектебине тапшырып салды деген объективдүү суроо коюлбай койбойт. Бир караганда бул атасынын иниси Касымбектин жеке каалоосу катары көрүнгөнү менен ал жерде ошол мезгил үчүн маанилүү роль ойногон коомдук-социалдык кырдаал жатканын ким болбосун байкайт. Анткени мындай көрүнүш бир гана ошол мезгилде казак элине гана мүнөздүү болбостон, кыргыз элине да тиешелүү экендигин ошол мезгилдеги коомдук социалдык турмуш, андан өсүп чыккан Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, ж. б. ушул сыяктуу "молдолор" башында турган кыргыз кол жазма адабиятынын өкүлдөрү далилдеп турат. Ал алар менен аларга кыргыз адабиятына удаалаш келип кирген К.Тыныстанов, С.Карачев башында турган муундун адабий чыгармачыл ишмердүүлүгү оруста ша баштаган маданияттын "үлгүсүн" ачыктап берет.

Эгер кыргыз адабиятында орун алган эки адабий доордун ушул тогошкон жери таптакыр бирикпей тургандай, катарлаш келген ушул эки муун адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу боюнча бири-бири менен таптакыр келишпегендей таасир калтырса, М.Ауэзовдун чыгармачылыгында бул эки дүйнө кабылдоо карама-каршылыктуу, бирок бирин-бири толуктап турганы менен айырмаланат. Маселен, Мухтардын атасы Омархан өз доорундагы алдыңкы көз караш менен карап баласын мусулман медресесине бергиси келсе, ал эми анын иниси Касымбек агасынын көзү өткөндөн кийинки коомдук-социалдык абалга таянып, жаш Мухтарды орус мектебине тапшырып отурат. Бул көрүнүш бизге көп нерсени туюндурат, б. а. Семипалатинскидеги орус мектебине берип жаткан маалда Касымбек Мухтарды чыгаан жазуучу болот деп ойлобосо керек, болгону өз заманынан артта калбай, ошол доордун прогрессивдүү дүйнө таанымында чоңоюп, билим алуусуна кам көргөн десек болот. Ушул мезгилге чейинки илимий-теориялык адабиятта берилип келе жаткандай ошол мезгилде Орто Азияда орун алган диний мектептер исламга таандык диний түшүнүктөрдү жаттатуу менен чектелбестен, өз дооруна тиешелүү маданий-эстетикалык баалуулуктарды калыптандырганын биз ошол мезгилдеги "молдолор" - алардын дүйнө кабылдоо түшүнүктөрү, өздөрү жашаган доордун көркөм элесин тарта алган чыгармаларынын көп түрдүүлүгү жана ошол чыгармаларда орун алган адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоонун эл арасына кеңири тараган кол жазма адабиятынын үлгүлөрү аркылуу билебиз.

Дагы бир маанилүү жагдай мына ушул "молдолордун" чыгармачылыгына мүнөздүү көрүнүш диний ишенимдеринин бирдей эместигине карабастан, алардын баары ошол мезгилде орун алган эл турмушун өз чыгармаларын чагылдырып, калк башына түшкөн мүшкүл кайдан келип жатканын далилдөөгө аракеттенишип, негизинен коомдук-социалдык турмушта орун алган оорчулукту жоюу, элди мындай кыйынчылыктан арылтуу маселелерине байланыштуу өз ойлорун көркөм чыгармалары аркылуу, өзгөчө образдуулук менен берүүгө аракеттенсе, андан кийинки орус маданиятынын таасиринде чоңойгон К.Тыныстанов башында турган муунда өз чыгармаларында мына ушул миссияны аткарууга аракеттенген. Ырас, бул эки муундун көркөм адабиятта көтөргөн проблемалары бир болгону менен реалдуу турмуш чындыгына, ал чындыкты көркөм кабылдоо жагынан кескин айырмачылык бар экендигин да бул жерде айтпай коюуга болбойт. Мисалы, "молдолор" дал ушундай турмуш болуп калуусуна Россиянын колониялык-баскынчылык саясаты күнөөлүү десе, ал эми орус маданий жана адабий баалуулуктары менен азыктаган А.Байтурсынов, К.Тыныстанов сыяктуулар андагы кыйынчылык турмуштун себептерин көчмөн цивилизациядан, өзгөчө дүйнө кабылдоо жагынан ага болуп турган диний-дидактикалык эрежелерден издешкен. Реалдуу турмушту көркөм-образдуу кабылдоо, андай дүйнө таанымды өз чыгармаларында чагылдыруу боюнча бул эки муундун өкүлдөрү бири-биринен кескин айырмаланып турса, М.Ауэзовдун чыгармаларында эки дүйнө кабылдоо жуурулушуп, бири-бири менен өтмө катар байланышта туруп, андагы ийгиликтер менен кемчилдиктер кадим турмуштун өзүндөй реалдуу чагылып турат.

Табиятынан зор сүрөткер М.Ауэзов бала кезинен тарта өзү көргөн ошол турмушту реалдуу чагылдыруурга аракеттенет, тигил же бул идеяга артыкчылык бербестен, болгонун болгондой сүрөттөөгө, эмне көрсө, ошону эл, окурман чөйрө өзү таанып билгидей даражада берүүгө умтулат. Ошондуктан болсо керек анын алгачкы чыгармаларында Орто Азия элдеринде кол жазма адабият аркылуу тараган идеялык-эстетикалык түшүнүктөр, б. а. жергиликтүү элдин жакшы жашоосун камсыз кылуурга мүмкүн болгон кырдаалдар, элдин тиричилигине оорчулук алып келген социалдык шарттар, анда тиричилик өткөргөн карапайым элдин ой жорумдары, элеттик көз карашка мүнөздүү болгон адам психологиясы, алдыны карай умтулган жаштардын дүйнө кабылдоосу, аларды мындай ой жорумга алып келген күнүмдүк пендечилик, андан соң башкысы эмне экенин таппай башаламан турмуш кечирген калктын жашоо образы, ошондой эле элдин бактылуу жашоо-турмушка карата эңсөөлөрү, кыялдары, эркин жана бакубат жашоого болгон түрдүү кызыкчылыктар кеңири масштабда көркөм сүрөттөлөт. Элестүү алганда тоо башынан салаалап агып келген булактар бир өзөнгө бириккендей Орто Азия чөлкөмүн кучагына алган түрдүү философиялык көз караштар, реалдуу чындыкты таануурга аракет кылган дүйнө кабылдоо М.Ауэзовдун адабий чыгармачыл өнөрканасына топтоло баштагандыгы ачык байкалат. Колуна калем кармаган жаш Мухтар өзүнүн алгачкы чыгармаларында эле мындай көркөм-эстетикалык, рухий-маданий сапатка ээ болду деш чынында туура болбойт. Ал чыгармачылыгын баштап, алгачкы чыгармаларын окурман журтка тартуулап жаткан маалда Орто Азияда түрдүү чыгармалары менен таанылган зор таланттар жашагандыгын, алар өздөрүнүн уникалдуу чыгармалары менен адабий аренада башкаларга "көлөкө түшүрүп" тургандыгын эстен чыгарууга болбойт. Андай залкарлардын арасына колуна эми гана калем кармап, "тырмак алды" чыгармаларын адабий коомчулукка сунуштап жаткан М.Ауэзовду катар коюуга болбостугу да анык.

Элибиз улам жаңы муунун накыл сөздөр менен окутуп, накыл сөздөр менен тарбиялап келген. Элдин мектеби да, университети да, академиясы да, китеби да накыл сөздөр болгон. Накыл сөздөрдө улутубуздун улуу педагогикасы жатат. Ошон үчүн элибиз андай сөздөргө айрыкча маани беришкен.

Элдик накыл кептерди бүгүн да мектеп балдарынтурмушка үйрөтүүнүн педагогикалык зор мааниси бар.

Жалпысынан алганда, накыл кептердин табиятына карасак, алар үйдөгү жаш балага, тамакашка, мал-жанга, үй тиричилигине, кийим-кечеге, жүрүм-турумга, идиш-аякка, убакыт, маал-мезгилге, жакшылык-жамандыкка, табиятка жана ден соолукка байланыштуу айтылгандары эң эле көп, тематикасы ар кыл.

Алардын баары төмөндө аталган тематикадагы түшүнүктөргө карата мамиле адебин калыптандырууга багытталган. Ошондуктан накыл кептердин мына ушул ырым сөздөрү деп аталган түрүн өз ара бир нече тармакка классификацияласак болот:

1. Жаш балдарга байланыштуу айтылган накыл кептер;
2. Тамак-ашка байланыштуу айтылгандар;
3. Мал-жанга, үй айбандарына байланыштуу айтылгандар;
4. Үй тиричилигине байланыштуу айтылгандар;
5. Кийим-кечеге байланыштуу айтылгандар;
6. Жүрүм-турум жана мамиле адебине байланыштуу айтылгандар;
7. Идиш-аякка байланыштуу айтылгандар;
8. Убакытка байланыштуу айтылгандар;
9. Жакшылык-жамандыкка байланыштуу айтылгандар;
10. Табиятка байланыштуу айтылгандар;
11. Ден соолукка байланыштуу айтылгандар.

Булардын ар биринин урпакка адеп-ахлактык тарбия берүүдөгү маани-мазмунун чечмелесек тереңге кетет. Аларда «инсанга коомдогу адамдардын жашоо образындагы жакшы нерселерди өрнөк катары туюмдап, терс көрүнүштөрдөн оолак болуу талабы осуятталат».

Алардын ар бири – элдик педагогикалык салтка айланып, элдин менчиги болуп калган, мазмунунда нагыз элдик идеялар чөгөрүлгөн ыйык сөздөр. Эл мына ошондой педагогикалык маанимаңызы терең накыл сөздөр менен урпактарды адеп-ахлакка чакырган.

Жогорудагылардын ичинен жаш балага карата айтылган төмөндөгүдөй ырым сөздөрү: бешикти куру терметпе, бешикти бутуң менен терметпе, бешикти тээп отурба, наристе баланы көп карабайт, баланын бешигин жабуусуз калтырбайт, уктап жаткан баланы которуп жаткырбайт, жаш баланы кош алаканга салып көтөрбөйт, тили чыга элек баланы күзгүгө каратпайт, тили чыга элек баланын кийимин жылдыздуу түнгө калтырбайт, наристе баланы кол менен салмактап ченебейт, балага сук-суктап тамак бербейт ... ж.б. сөздөрдүн мааниси тереңде.

Бул сыяктуу сөздөрдүн элдик насыят катары айтылып калуу себеби элдик мистикалык ой жоруулларга да байланыштуу. Элдин ишениминде бала бөлөнүп, термелген бешик, ал бала бешиктен чыкканча (басып, тушоосу кесилип, бешикке бөлөнбөй калганча) куру термелсе, жамандык катары көрүнгөн. Тактап айтканда, аман-эсен бала бешиктен жөн эле чыгарылбайт, ырым менен бөлөнүп, ырым менен чыгарылат, андыктан ал куру да терметилбеши керек. Бала аман-эсен болсо, бешик да ата-эненин көзүнө сүйкүмдүү көрүнүп, үйдөгү эң ыйык буюм катары кастарлана үйдүн төрүндө турат. Эгер, кокус, наристе бала чарчап калса, бешик куру калып, көзгө эң эле аныычтуу, ал тургай, суук көрүнүп, аны көргөндө эненин көш эмчектери сыздап, кайгысы эки эселенген. Бешик да терметилбей, үстүнө жабуусу жабылбай, көңүлдөн четте калган. Ошондуктан наристе бала жаткан арча бешикти бут менен теппе, бут менен терметпе, бешикке өбөктөп жатпагын – деп буюруу иретинде ырым кептерин насаат кылган.

Анан да, медицинанын адамдын сырткы тулкусун каптап, аны ар кандай дарттардан коргоп турган биоэнергия, биоталаа тууралуу элибиздин мурда эле маалыматы болгонун «киринелөө» сыяктуу ырымдан улам билебиз. Сыркоолоп калган баланы туз, арча менен киренелеп, бүткүл денесин сылап, «чык, кирене, чык, сени наристе балам көтөрө албайт, чык кирене, чык, түндө жойлогон түлкүгө бар, абалап үргөн итке бар, асманда учкан кушка бар, чык, кирене, чык» деп ырым сөздөрүн айтышкан. Ошондо, арчанын жытын чыгарып, түнү менен ысырыктап, илешкен микробдор болсо кууп, денени бир нече ирет сылап, бузулган биоэнергияны калыбына келтиришкен. Ошондо гана наристе бала сыркоолобой, баш көтөрүп, ден соолугу оңолот.

Бул наристе баланы чоң киши (биоэнергиясы күчтүү) көңүл коюп, назар салып карап койгонунун себеби экенин элдик медицина жакшы түшүндүрөт. Анткени биоэнергиясы чабал, жаш наристени чоң адамдын назарынан «чыккан» «бузук» биоток аны жабырланткан. Ошондуктан эл «жаш баланы көп назар салып карабайт, көзүң тиет» деп, аны коргоп сактаган, ден соолугу жөнүндө кам көргөн.

Тамак-ашка байланыштуу ырым жана буйрук маанисиндеги накыл сөздөрдүн маани-мазмуну жогорудагыдан кем эмес. Элде тасмалга, нанга өзгөчө маани берилип бааланган. Бир ууртам суу да, бир сындырым нан да адам ырыскысы катары эсептелинген. Үйгө келген адам «куттуу үйдөн кур чыкпайт» делинип, ак ооз тийгизилген, нан сунулган. Үйдүн жанынан өтүп бараткан адамды да, «ырыскылуу» үйдүн жанынан куру ооз өгпөйт делинип ырым катары даам ооз тийгизилген. Үйүнө жакын коңшу болуп көчүп келгендерди өрүлүктөп, аздектешкен. Алдына келген ашты күттүрүп, башка ишке алаксыганды да элибиз жактырбаган. «Алдыга келген ырыскыны күттүрбөйт» деп эскерткен. Ал гана эмес, күткөн адамы убагында келбей калса, ага койгон тамакты ошол кишиге гана берүүгө аракет кылган, ошол үчүн «бирөөгө койгон ырыскыны башкага бербейт» деп накыл калтырган. Тасмалды тетири салууну да туура көргөн эмес. Ал тасмал үстүндөгү ырыскыны төгүп таштайт делинген. Тасмалды тепсеп өтүү жүрүм-турумдагы эң эле барып турган осолдук, чекилик катары бааланган. Таанышпы, бейтаанышпы, киши келатса, «тамакты катпайт» деп, тоолук эл эч кимден тамак-ашын аябаган, меймандос болгон.

Тамактанган соң үйдүн эң кичүүсүнө үй ээси бата тилеген. Аксакал адам ага алакан жайып бата берген. Элибиз эч качан куру тасмалга бата тилеген эмес. Ошол үчүн «куру тасмалга бата тилебейт» деп накыл калтырган. Үйдө кимдер болсо, түгөл тасмалга чогуу отурган. Карды ачып турса да, аксакалдан озунуп тамакка кол салуу наркысыздык катары эсептелген. Ошол үчүн «тамакка озунуп кол салгандан курсак тоюп кетпейт» деп айтылган.

Ак төгүлсө, т.а. айран, сүт, кымыз төгүлсө, жакага сүртүп ырымдачу. Нан элибизде тамак-аштын ичинде өзгөчө бааланып, бар ырыскынын башаты деп эсептелген. Буга элибизде күн сайын кенже балдарга элдик бузулбас эреже катары айтылып, нанды тепсебейт, нанды аттап өтпөйт, нанды үзүп жебейт, тамак жээрден мурда нандан ооз тиет, нанды көмкөрөсүнөн таштабайт, кир кол менен нанды кармабайт деп эскертилген. Нандын күкүмүн жерге тепсендиге таштаба, нанды тең бөлүп сындырса, ырыскы үйгө тең болот, нанды ыргытып бербейт деп, тетирисинче кылгандарды катуу тыйышкан.

Төрт түлүк малдын ичинен жылкы өзгөчө баалынган. «Ат, аттан кийин жат», «Ат сыйлаган жөө калбас» – деп накыл кылып, аны жакшылап асырап күтүүгө чакырган. Атты «адамдын канаты» деп баалап, аны менен каалаган жерине жеткен, качса кутулган, кууса жеткен. Жигиттин бир мактанычы жакшы ат болгон. Жакшы ат жигитти жолго калтырбаган, жакшы ат намыс алып берген. Ошондуктан жылкы малы тууралуу урпакка көптөгөн насаат кептерди калтырган.

«Минген атыңды башка чаппа, чапсаң жолуңдан адашасың» – деп элдик саяпкерлер атты күтө билүүгө, аздектеп мине билүүгө үндөгөн. Мунун негизинде, атты күтө билүүнүн маданияты да, ырым-жырым салты да жаткандыгын байкабай коюуга болбойт. Ээрге тетири минүүгө да балдарга тыюу салышкан. Мында ээрдин кашы туура түз жолго багытталып турганын, а эгер тетири карап отурса, баланын жолу тетири болорун алдыртан эскертип турганын туюуга болот. Ал тургай, минген аттын жалына бут чыгаруу да кесирленүүнүн, аттын ыйык жалын булгоо, тебелеп-тепселөөнүн белгиси катары көрүп, ага тыюу кылынган.

Үй тиричилигине байланыштуу айтылган ырым-жырым сөздөрү да өтө көп. Алар балдарды күндөлүк турмуш-тиричиликтин маданиятына чакырган элдик эреже-жоболордун өзү экени жалган эмес. Ал эреже-жоболор жаш чагынан тарта балдарга да, кыздарга да күн сайын милдетүү аткарылууга тийиш болгон элдик педагогикалык кодекстер катары кабыл алынган. Анда элдик ырым-жырым салты да, аны сөзсүз аткарууга үндөгөн буюруу да, насыят да, тыюу мүнөзүндөгү сөздөр көп. Тоолук кыргыз элинин бүткүл турмушу боз үйдө өтүп, бардык турмуш-тиричилиги аны менен байланыштуу болгон. Боз үй, анын босого-таягы, уук-түндүгү, улагасы менен очогу, деги койчу, бардыгы элдин ыйык ой-сезимдери менен ажырагыс байланышкан предметтер болгон. Босого үйдүн кире бериш жери гана эмес, ал үйдүн беделі, жакшылык, ырыскы кире турган астанасы катары эсептелинген. Ошондуктан босогону бышык жыгачтан бекем кылып жасап, оймолоп кооздоп, каалга коюшкан. Үйгө келген адам ал үйдүн босогосу менен түндүгүн сыйлоого тийиш болгон. Келген адам үйдүн ээсин сыйласа, жакшы пейил, ак ниети менен келсе, босогону тебелебей оң буту менен аттап кирүүгө тийиш болгон. Үйдөн жакшы ниети менен дос-тууган адам катары чыгып кетип жатса, үйдүн босогосун тепсебей чыгууга милдеттүү деп эсептелинген. Ошол үчүн босогону тепсеп же, кулачтап туруу элде өөн учураган. Алар үйдүн беделин кемсинтүү жана үйгө келаткан ырыскыны тосуу катары туюнулган. Ыйык саналган коломтонун күлүн чачуу да тоолуктарга жосунсуз жорук деп кабылданган.

Мунун баары «босогону басып турба, босогону кулачтабайт, коломтонун күлүн чачпайт, коломтого суу куйбайт, босогону басып кирбейт же, босогону нагыра басып үйдөн чыкпайт» – деп катуу эскертүү иретинде урпакка накыл кеп калган.

Элибиз ынтымакты, достукту, адамга ак ниет, ак пейил менен мамиле жасоону, ичи таза изги карымкатышты жактаган. Меймандос болгон, келген бейтаанышпы, таанышпы кабагын жазып тосуп алган, адамга толеранттуу мамиле жасап, чыр-чатакты алдын алып, эгер чыр-чатак чыга турган болсо, аны ынтымак менен, келишим мамиле кылууну урпактарга мурас кылган. Мындай мамиленин эреже-жоболору да элдик педагогикалык салтка айланган, кагазга жазылбаса да, күндөлүк турмуш-тиричиликке эреженорма катары бекем сиңген. Алар: «шыпыргы менен адамга тап бербейт, балта, бычак жана мылтыктын анты бар, алар менен адамга курулай ойноп каратпайт, кишини шыпыргы менен тап бербейт, кишиге суздак суу чачпайт, үйгө конок келатканда үй шыпырылбайт, итти «кет» дебейт, кир жууганга даярдалган суудан адамга (ичүүгө) берилбейт» ж.б. деген накыл кептердин айтылуусуна негиз болгон.

Кийим-кечеге байланыштуу айтылып, муундан-муунга өтүп унутулбай келаткан ырым сөздөрү да эске алардык. Атап айтканда, баш кийимди тетири каратып кийбейт, баш кийимин сатпайт, белекке бербейт, тегеретип ойнобойт, баш кийимди тепсебейт – деген насаат кептер адамдын ыйык нерсеси – анын алтын башы деп эсептелинип, баш кийим мына ошол алтын баш менен тең баалангандыктан айтылып калгандыгы бекер эмес. Мындай элдик педагогикалык мааниси терең накыл кептердин жүрүм-турумга жана мамиле адебине байланыштуу айтылгандары да эң көп. Алар өзгөчө эле жүрүм-турум адебинин бүтүндөй бир системасын түзүп тургансыйт.

Мисалга тарталык: биринчиден, адамдын өзүн-өзү алып жүрүүсүнө байланышкан сөздөр: курубекер бөйрөк таянып турбайт; жети атасын унуткан – жетесиз; бар буюмду кор кармабайт; бирөөнү кордосоң, өзүң башка бирөөгө кор болосуң; жаткан адамдын башын аттабайт; алынган чачты тепсендиге таштабайт; эл отурганда бөлүнүп тикелей турбайт; мүрзөнү сөөмөй менен көргөзбөйт; мүрзөнүн жанында күлбөйт карыптын каргышына калба; тамак жеп жатканда жер таянып отурбайт; ооз-кесир сүйлөбө, ичер сууга түкүрбө;

Экинчиден, бирөөгө мамиле жасоодо эскертилип айтылган сөздөр: адамды ийнинен баспа (өзүңдөн төмөн санаба дегени), адамдын башынан жаздыкты сууруп алба (өлгөн адамдын гана башынан жаздыкты сууруп алат), жакын адамга муздак суу чачпайт (суудай муздак болуп сууп каласың дегени), жаткан адамдын башынан аттап өтпөйт, адамдарды малча санабайт, босогодон өйүз-бүйүз туруп учурашпайт ж.б.

Идиш-аяктар да тоолук элдин ишениминде адамдын ырыскысына жараша жаралган ыйык буюм катары бааланган. Андай болгон соң аларга байланыштуу да накыл кептердин айтылуусу мыйзамченемдүү көрүнүш. Атап айтканда, идиш-аякка түкүрбө, бутуң менен теппе деп айтып, ырыскыңа түкүрбө, ырыскыңды теппе – деп эскерткен. Жаңы сатып алган идиш да өз ырыскысы менен келет деген ишенимде, «жаңы сатып келген идишке жуубай аш куят» деп накыл калтырган.

Тоодо көчмөндүү турмушта жашаган элибиздин бүткүл турмушу табият менен ажырагыс өткөн. Жылдын ар кыл мезгили, айдын тогоолдору, күн менен түндүн теңелген учурлары, жуманын күндөрү, күндүн убактылары элибиздин турмушу, эмгеги үчүн өз-өз үлүшү, кызматы, орду болгон. Алардын ар бири адам турмушу үчүн маанилүү, берер берекеси бар. Дүйнөнүн бүткөн күнү – дүйшөмбү деп, дүйшөмбү күндү өзгөчө баалашкан. Шаршемби – жеңил күн деп, ар кандай иштерди бүтсүн деп, ошол күнү жасашкан. Жума күн – оор күн катары эсептелинген да, бул күнү көп ишти жасашкан эмес. Иштин башы ишемби деп, маанилүү ишти ушул күнү башташкан.

Жаз менен күз, жай менен кыш тоолуктардын турмушунда өзгөчө орчундуу мезгил экени маалым. Ошол үчүн тоолуктар «Жаз – жарыш, жай – береке, күз – киреше, кыш – чыгаша» деп мүнөздөп, «Жазда чекеси тердебегендин кыштa чекеси жылыбайт» деп накыл кылышкан.

Ал эми күндүн убакыттарына байланышкан сөздөрдүн ырым-жырым мүнөздөгүлөрү көп, т.а. таң азанда бала жөнсүз ыйлабайт деп, балдарды тыйган. Кечинде оорулуунун акыбалын сурабайт деп, түш оогон соң оорулуу адамды көрүп барууну ылайык көргөн эмес. Түштү да эртең менен жорутушкан, караңгыда түш айтпайт да, жорубайт да деп эсептешкен. Демек, кечинде, караңгыда, күн батып баратканда же «түндө шайтан жойлоп жүргөндө» андай жакшы ниет иштерге жолтоо болот дешип ырымдашкан. Кеч күүгүмдө (беймаал убакта, күн батып баратканда) жатпайт деп, балдарды жаткырган эмес. Ал эми таңды (эртең менен) өтө жакшы үмүт-тилектер менен байланыштырышкан да таңкы наарды (ырыскыны) таштаба, күн чыкканча уктаба, ырыскыңдан кур каласың деп накыл калтырышкан. Табияттагы түркүн көрүнүш адамдын турмушу менен ажырагыс экенин түшүнгөн элибиз, ага гуманисттик мамиле жасоого чакырган. Бул биринчиден. Экинчиден, мында гуманисттик мамиле гана эмес, табиятка туура эмес мамиленин арты жакшылыкка алып барбайт деп ишенишкен да, ага астейдил карым-катыш жасоо идеясы ошондон улам калыптанган.

Мисалы, көк чөптү үзбө, боюң өспөй калат, кумурсканын уюгун бузба, сенин да үйүң бузулат; чымчыктын уясын бузба, каргайт, ондоп койсоң батасын берет – деп үйрөткөн. Мындай сөздөр ушул калыбында бузулбай айтылгандыгын да айта кетүүбүз абзел. Анан да, учурда адамга зыян келтирүүчү, же болбосо, адам турмушу менен анчейин байланышы жок макулуктарга да астейдил мамиле жасоого үндөгөн сөздөр ойлонтпой койбойт. Мисалы, чакпаган жылан өлбөсүн деп тоолук эл үчүн канчалык коркунучтуу уулуу макулук болуп турса да, зыян келтирбеген соң өлтүрбөй, алдынан чыкса, ак чачып (ун, айран, сүт) узатышкан. «Баканы өлтүрбө, бети-колуң бакадай чаар болуп калат» деп эсептешкен.

Ден соолукка байланыштуу айтылган ырым сөздөрү балдардын дени сак болушун тилөө жана аны сактоого, соо кезде ден соолук үчүн кам көрүүгө, соо жанды оору дебөөгө, кесирлик кылбоого үндөгөн. Ошол үчүн соо жанынды оору дебе (ооруп каласың), бутуңду жөнү жок тушаба (тушалып каласың), колуңду байлаба (байланып калат) деп ырымдашкан. Бала «бир жерим ооруп жатат» десе, «бала деген оорубайт» деп, алардын ден соолугун психологиялык жактан коргоого кам көрүшкөн.

Демек, элдик сөздөрүбүздү үйдө да, мектепте да, бала бакчаларында да окутуп-үйрөтүп, кайда жүрсөк жаштарга айта жүрүп, маанисин чечмелеп берип, турмушубузда колдонуп, түшүнбөгөндөргө түшүндүрүп отуруу- ал сөздөрдүн өмүрүн узартып отуруу-биздин, улуулардын улуулук парзы.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Ата салты, эне адеби. – Б., 1992-ж.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы, – Б., 1993.
3. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. – Б., 2010.
4. Иманалиев К. Кыргыздар. – Б., 2013.
5. Рабаят, класстан тышкаркы окуу китеби. – Б., 1999.

Ramazan Bayar,
Teacher of Mathematics in
"Nurorda" International School

A NEW FACE OF EDUCATION: BRINGING TECHNOLOGY INTO THE CLASSROOM IN THE DEVELOPING WORLD

INTRODUCTION



In the small village of Hafizibad in Pakistan's Punjab province, a young girl is using her mobile phone to send an SMS message in Urdu to her teacher. After sending, she receives messages from her teacher in response, which she diligently copies by hand in her notebook to practice her writing skills. She does this from the safety of her home, and with her parents' permission, during the school break, which is significant due to the insecurity of the rural region in which she lives. The girl is part of a Mobilink-UNESCO program to increase literacy skills among girls in Pakistan. Initial outcomes look positive; after four months, the percentage of girls who achieved an A level on literacy examinations increased from 27 percent to 54 percent. Likewise, the percentage of girls who achieved a C level on examinations decreased from 52 percent to 15 percent. The power of mobile phone technology, which is fairly widespread in Pakistan, appears in this case to help hurdle several education barriers by finding new ways to support learning for rural girls in insecure areas—girls who usually have limited opportunities to attend school and who frequently do not receive individual attention when they do. Often they live in households with very few books or other materials to help them retain over summer vacation what they learned during the school year.

On the other side of the world, in South America, the deployment of technology for education has not been so promising. In Peru, a number of colorful laptops sit in a corner of a classroom covered with dust. Given to the school through a One Laptop Per Child program arranged by the Ministry of Education, the laptops were intended to improve students' information communication technology (ICT) skills, as well as their content-related skills. Without the proper support for teacher training in how the laptops are used, with no follow-up or repair and maintenance contingencies, and with outdated and bug-infested software, the laptops are seen as unusable and serve little purpose. In this case, technology has not helped improve the educational experience of learners.



Technology enthusiasts have long heralded the power of technology—from the printing press, to blackboards, to the laptop—to transform education. With the rapid expansion of information communication technologies around the globe, there is a high level of interest in harnessing modern technology to help advance the education status of some of the world's poorest people. However, from Pakistan to Peru and beyond, experience shows that while there are numerous examples of how technology is used to the great benefit of teachers and learners alike, there are also many cases in which it does little to impact educational processes and outcomes. A better understanding of why and under what conditions these divergent outcomes emerge is the central aim of this study.

The potential of technology to help improve education has significance beyond teaching children reading and math. Quality education plays an important role in promoting economic development, improving health and nutrition and reducing maternal and infant mortality rates. Economic growth, for example, can be directly impacted by the quality of the education systems in developing countries. Studies by Hanushek and Woessman show a positive correlation over time between cognitive development, measured by student performance on international assessments, and individual earnings, income distribution and overall economic growth. A study by the International Monetary Fund (IMF) found that Asia's increased economic performance over Africa and Latin America could be directly attributed to its higher investment in physical and human capital, such as education. Quality education has also been a factor in reducing maternal and infant mortality rates. Over half of the reduction in child mortality worldwide since 1970 is linked to "increased educational attainment in women of reproductive age." Educated women are also more likely to seek out healthcare for themselves and their families. Studies on maternal health show that 90 percent of women with a secondary education in South and West Asia seek neonatal care, compared with only 50 percent of women with no education.

Our purpose is to provide guidance to non-specialists interested in pursuing technology for educational improvement in the developing world. Outside of a very small group of experts, educators working in and with developing countries rarely have an expertise or even a basic grounding in the wide range of technological innovations and their potential uses for education.



Even the most seasoned education expert is likely to stare blankly if terms such as 'cloud computing', 'm-learning', or 'total cost of ownership' are introduced into the conversation. Questions about what technology is available to support education, what its possible benefits are, and how it can be used effectively, can be heard equally in the halls of the ministries of education in developing countries and in those of the headquarters and offices of international funders of education.



Our goal is to answer these questions by providing a broad overview of some of the common education challenges facing the developing world and the range of different technologies that are available to help address them. We look closely at the different enabling conditions that frequently shape the success or failure of technology interventions in education and derive a set of seven basic principles for effective technology use. These principles can provide guidance to decision-makers designing, implementing or investing in education initiatives. In doing so, we look both at the primary and secondary, as well as at the higher levels, of education systems. Using the World Bank classification of low-income and lower middle-income countries we focus our attention on the world's poorest countries from Sub-Saharan Africa to South and West Asia to the Caribbean.

We focus particularly on the possibilities of recent forms of technology, often known as Information Communication Technology (ICT). ICT refers to technologies that provide access to information through telecommunications. It is generally used to describe most technology uses and can cover anything from radios, to mobile phones, to laptops. Of course, education has used technology for centuries, from blackboards to textbooks, yet in recent history very little has changed in how education is delivered. Teachers in most schools stand at the front of a room, while students sit and listen, sometimes attentively. However, while for many years policymakers have been unconvinced about the usefulness of technology in education—citing multiple examples in which it adds little value—today there is a new focus on its possibilities.

We conclude ultimately that, if smartly and strategically deployed, modern information and communications technology holds great promise in helping bring quality learning to some of the world's poorest and hardest to reach communities. The strategy for doing so need not emulate the trajectory of educational technology use in wealthier developed nations. Indeed, in some of the most remote regions of the globe, mobile phones and other forms of technology are being used in ways barely envisioned in the United States or Europe. Necessity is truly the mother of invention in these contexts and often leads to creative and promising ends for teachers and learners.

REFERENCES

1. Anderson, J. 1991 Technology and adult literacy, London: Routledge

2. Andrews, J. H. M., Housego, I. E. and Thomas, D. C. 1990 "Effective in-service programmes in developing countries: a study of opinion". In V.

3. D. Rust and P. Dalin (ed.) Teachers and teaching in the developing world, New York: Garland Publishing

4. Anzalone, S. 1991 "Educational technology and the improvement of general education in developing countries', in Lockheed et al. 1991

5. Anzalone, S. 1995 (ed.) Multichannel learning: Connecting all to education, Washington DC: Education Development Center

6. Asian Development Bank 1997 Distance education for primary school teachers: Papers and proceedings of the regional seminar on distance education, Manila

7. Education and technology technical notes series 1, 1 Boukhari, S. 1998 "High stakes over virtual access", Sources no. 106 Nov 1998, UNESCO

8. Clark, R.E. 1983 "Reconsidering research on learning from media", Review of educational research 53 (4)

9. Clayson, A. 1997 Voices, values and development: Reinventing Africa, Paris: UNESCO

10. Colclough, C. with Levin, K. M. 1993 Educating all the children: Strategies for primary education in the south, Oxford: Clarendon

11. Coley, R.J., Cradler, J. and Engel, P.K. 1999 Computers and classrooms: the status of technology in US schools, Princeton: Educational Testing Service

12. Department for Education and Employment 1999 Survey of ICS in schools 1998, London

13. Washington D.C.: World Bank Human Development Network Education Group, Education and Technology Team, and USAID Advancing Basic Education and Literacy Project, Education Development Center

14. ICDE and Milton Keynes: Open University

15. Fontaine, M. and Foote, D. 1999 Ghana: Networking for local development 34-38, online:

16. Daniels, L. (1999). Introducing technology in the classroom: PowerPoint as a first step. Journal of Computing in Higher Education, 10(2), 42-56.

17. Kozma, R. B. (2003). Technology and classroom practices: An international study. Journal of Research on Technology in Education, 36(1), 1-14.

18. Sternberg, R. J., Nokes, C., Geissler, P. W., Prince, R., Okatcha, F. Bundy, D. A., & Grigorenko, E. L. (2001) The relationship between academic and practical intelligence: a case study in Kenya. Intelligence.

19. Osin, L. (1988). Computers in Education in Developing Countries: Why and How? Education and Technology Series, 3(1).

20. Dene Pene-Bandalaria, M. (2007). Impact of ICTs on open and distance learning in developing country setting: The Philippine experience. The International Review of Research in Open and Distance Learning, 8(1).Mathematical Studies in the Social Sciences, Stanford University

21. Nawaz, A., Awan, Z., & Ahmed, B. (2011). Integrating educational technologies in higher education of the developing countries. Journal of Education and Practice, 2(2). http://www.iiste.org/Journals/index.php/JEP/article/view/176/61

Кенжи Байрам,
КТЛ г.Астана

ФОРМИРОВАНИЕ ГУМАНИЗМА У ПОДРОСТКОВ

Кто-то из великих сказал: «Что там мудрить с воспитанием? Наполните душу ребенка прекрасным и он будет воспитан». Проблемы нравственности и духовности, вопросы просвещения в целом всегда волновали лучшие умы человечества.

Во все времена была велика роль просвещения, открывающего новые возможности постижения человеком явлений реальной действительности. Как говорил М. Монтень: «Подлинно разумное просвещение изменяет и наш ум, и наши нравы».Сегодня просвещение представляет собой не только сумму знаний, но и предполагает развитие духовных и нравственных качеств подростков, которые способствуют формированию у человека гуманности, совести, гражданственности и человеколюбия.

Первая леди Казахстана, Президент фонда «Бобек» Сара Алпысовна Назарбаева является автором проекта нового подхода в образовании – нравственно-духовного просвещения.

Гуманность или человечность – одно из основных жизнепроявлений человека.

Подросток – социально–демографическая группа, выделяемая на основе совокупности возрастных характеристик, особенностей социального положения и обусловленных тем и другим социально – психологическим свойством, которое определяется общественным строем, культурой, закономерностями социализации, воспитания данного общества.

У человека в подростковом возрасте существует огромная потребность, необходимость в интегрировании разных проявлений жизни своего Я – он чувствует, переживает возможность этого как направленность течения жизни, но для осуществления интеграции нужна сила, нужна энергия, позволяющая преодолеть противоречивость разных проявлений жизни.

Ценностные ориентации – объективное индивидуальное отражение в психике и сознании человека социальных ценностей общества и природы на данном историческом этапе.

В подростковом возрасте впервые выстраивается жизненная стратегия как соотнесение своих личностных способностей, статусных, возрастных и индивидуальных особенностей и притязаний с требованиями общества. Жизненный путь, намечаемый подростком, представляет собой не просто набор фиксированных желаемых жизненных позиций, а некую гибкую линию, связанную с реализацией своих ожиданий во времена, соотносимую с осознанием наличных возможностей.

В подростковом возрасте стратегии жизни могут быть разнообразными. Один подросток может сразу определить свою жизненную линию и профессиональную перспективу и упорно реализовываться в ней, другой предпочтет попробовать себя в разных качествах, намечая различные перспективы самореализации, и только после этого определит для себя основные позиции.

В подростковом возрасте развивается рефлексия как способность принимать самого себя, свои собственные действия и состояния. Рефлексия ведет к осознанию, что искусство жизни состоит не только в том, чтобы учитывать и реализовать свою индивидуальность, но и в том, чтобы индивидуальные возможности достижения жизненной цели становились основой нового развития, открытия в самом себе новых способностей и качеств.

Это новое осознание себя снижает уровень подражательности в подростковом возрасте, сравнения и идентификации себя с другими. Тем не менее для части подростков остается характерно жить по чужим образцам(рассматриваемым как некая социальная норма), что сохраняет несамостоятельность и приводит к не всегда адекватному жизненному выражению (например, молодой человек под внешним влиянием совершает необдуманные поступки, делает случайный выбор – профессии, партнера и т.д.). Обретение и принятие своей индивидуальности, наоборот, создает возможность выработки различных ценностей и превращения их в принципы собственной жизни, личностные установки.

Для подростков особое значение имеет выстраивание системы личных нравственных, культурных, духовных ценностей – он позволяет острее и полнее чувствовать себя, свое «Я». Поэтому вера, мировоззрение, идеалы приобретают в этот период устойчивую форму. И хотя большинство этих ценностей, конечно, не создается самой личностью, а усваивается как социально- культурный опыт, их понимание и принятие в качестве индивидуальных ценностей создают у молодого человека ощущение своего достоинства, « полноты жизни», чувство собственной значимости и « счастья жить».

Таким образом, что, вопреки бытующим мнениям, для подросткового возраста в целом характерно стремление к духовному, возвышенному, высокому, неординарному, но осмысляемому не сентиментально – романтически, а реалистически – как возможность достичь, изменить, стать, «сделать себя».

В подростковом возрасте оформляется способность и потребность в нравственной саморегуляции, т.е. совесть, поскольку никто другой (родители, учителя) теперь напрямую не контролируют поведение и способы удовлетворения потребностей личности – проходит передача человеку ответственности за самого себя.

С изменением жизни, с той новизной, которую несут в себе самостоятельность и ответственность, подросток меняется: он начинает глубже понимать законы человеческой жизни, более определенно видит свое место в ней, определяет жизненные цели, становится активнее в их постановке и достижении. Но эти изменения не всегда происходят как развитие, иногда это всего лишь «уступка» обстоятельствам.

Подростковый период знаменует собой переход к взрослости, и особенности его протекания накладывают отпечаток на всю последующую жизнь. Сам по себе подростковый возраст является предпосылкой для возникновения проблемного и асоциального поведения. Этот возраст не случайно называют «переходным». Становление характера, переход от опекаемого взрослыми детства к самостоятельности – все это обнажает и заостряет слабые стороны личности, делает ее особо уязвимой и податливой неблагоприятным условиям среды.

Литература

1. Абрамова Г.С.: «Возрастная психология». 4-е изд. – М.: Академический Проект, 2003. 704стр.

2. Абрамова Г.С. Психологическое консультирование: «Теория и опыт». – М.: изд.центр «Академия», 2000. 240стр.

3. Аджиева Е. М., Л. А. Байкова., Л. К. Гребенкина.: «50 сценариев классных часов». – М.: изд. центр «Педагогический поиск». 2002. 200 стр.

4. Божович Л.И., Славина Л.С. Психическое развитие школьника и его воспитание. – М., 1979.

5. Бондаренко А.Ф. Психологическая помощь: теория и практика. изд. 3-е. – М., 2001. стр 336,

6. Буянов М.И. Ребенок из неблагополучной семьи». – М.: 1988.

7. Дружинин В.Н. Экспериментальная психология. 2-е изд, – СПб.: Питер, 2003. 319 стр.

8. Гонеев А.Д., Н.И.Лифенцева., Н.В.Ялпаева. Основы коррекционной педагогики. – М.: изд.центр «Академия», 1999. 280стр.

9. Губкина Т.К. Тренинговая программа развития коммуникативных способностей подростков. // Вестник Психосоциальной и коррекционно-реабилитационной работы №2, 2004.

10. Дубровина И.В.: «Рабочая книга школьного психолога»; М:1991.

11. Захаров А.И. Как предупредить отклонения в поведении ребенка. – М., 1986.

12. Заводенко Н.Н. Как понять ребенка: дети с гиперактивностью и дефицитом внимания. 2-е изд. – М.: «Школа-Пресс», 2001. 128стр.

13. Истратова О.Н., Эксакусто Т.В. Справочник психолога средней школы. – Ростов на дону, 2003. 512стр.

14. Кон И.С. Психология ранней юности. – М.: Просвещение, 1989. 255стр.

15. Леонгард К. Акцентуированные личности. Пер. с нем. – Киев, 1988. 374стр.

16. Левашова С.А. Психолог и подросток: коммуникативно-двигательный тренинг. – Ярославль: Академия развития: Академия Холдинг, 2004. 160стр.

17. Личко А.Е. Психопатии и акцентуации характера у подростков. – Л.: Медицина, 1983. 255стр.

18. Личко А.Е. Подростковая психиатрия. – Л., 1985.

Исмаил Гесен,
Астана, Казахско-Турецкий лицей

УСТАНОВКА СИСТЕМЫ MOODLE И ТРЕБОВАНИЯ ДЛЯ УСТАНОВКИ

Слово MOODLE на самом деле является аббревиатурой, с английского языка это переводится как «Модульная Объектно-Ориентированная Динамическая Среда Обучения». В наши дни подобного рода системы, набирающие высокую популярность, становятся обычным явлением, они позволяют проводить учебную деятельность дистанционно, а также упрощают обмен информацией между пользователями. Во всем мире самым активно используемым продуктом является MOODLE, он на протяжении многих лет является лидером в данной сфере.

Система MOODLE прекрасно подходит, одновременно как и учителям, так и ученикам. С ее помощью они могут обмениваться информацией и данными любыми возможными путями, так например, существует возможность создавать всякого рода учебные материалы, задавать задания, публиковать объявления, создавать заметки. Также с легкостью могут быть созданы планы курсов и если, например, студент отсутствовал на уроке, он может посмотреть видеозапись, тем самым не отставая от других.Все записи и весь материал могут быть представлены в разных форматах, ввиду этого каждый может выбрать то, что угодно ему. Для свободного общения существует форум, где ученики и учителя могут спокойно обсудить любую тему. Все, что необходимо для правильной работы системы это подключение к сети.

Технические требования для установки MOODLE

Физические характеристики компьютера:

1 ГГц процессор, 1 гигабайт оперативной памяти, 64 мегабайта видеокарта, 40 гигабайт свободного пространства на жестком диске и если будут проводиться онлайн вещания, вебкамера и микрофон.

Установленное программное обеспечение:

Браузер GoogleChrome, Explorer(IE) или MozillaFirefox, последняя версия FlashPlayer, Acrobat Reader и Microsoft Office.

Параметры экрана:

Для более качественного и безошибочного отображения, требуется, чтобы разрешение мониторы было не меньше1280 пикселей.

Скорость соединения:

Интернет соединение должно быть как минимум 512 kbps.

Минимальные параметры сервера:

Описанные характеристики приведены для версии MOODLE 2.1

Application Server: PHP 5.3

Database: MySQL 5.0.25 orPostgres 8.3 or MSSQL 2005 or Oracle 10.2

Programming Language: PHP 5.3

Web Server:

Для использования системы E-learning по моему мнению ученику необходимо обладать следующими качествами и возможностями

1. Желание к самообучению
2. Не боятся трудностей на пути к приобретению знаний.
3. Находить время для планирования будующих действий
4. Находить хотя бы час в день для работы с системой
5. Уметь пользоваться компьютером
6. Уметь пользоваться поиском в интернете для решения проблем
7. Иметь компьютер, подключенный к интернету
8. Иметь опыт работы с электронными адресами, почтой, и т.д.
9. Обладать качеством в общении с людьми

Если вы обладаете этимим качествами и возможностями, то можете считать себя готовым.

Установка системы MOODLE

MOODLE стандартно работает на веб-сервере, но также может быть использован локально, например в школах или любых других образовательных учреждениях, для этих целей в дополнение устанавливается сервер Apache. Вся информация хранится в базе данных MySQL. MOODLE совместим с операционными системами Windows, Linux и Mac.Все программное обеспечение написано на серверном языке PHP. Благодаря популярности всех ресурсов, которые использует MOODLE, ее можно установить в любое место без особых усилий.

MOODLE является системой с открытым исходным кодом, это значит , что она абсолютно бесплатный, но иногда для использования дополнительных возможностей придется платить. Для того, чтобы установить ее на веб-сервер, в интернете, понадобится хостинг, к счастью в интернете множество бесплатных хостингов и «000webhost.com» - один из них. Чтобы установить эту систему пользователь должен обладать хоть кикими-нибудь знаниями. Сейчас мы рассмотрим установку системы MOODLE.

Прежде всего, мы должны скачать одну из версий MOODLE, для этого перейдите по ссылке http://download.moodle.org/. Этот сайт имеет множество стандартных пакетов MOODLE, поэтому вы можете выбрать любой, который подходит вам. После того как выбрали продукт, скачайте его и распакуйте.

Теперь мы должны закачать нашу систему на хостинг, для этого нам понадобится программа с поддержкой FTP, например Cute FTP(http://www.cuteftp.com) или FileZilla(https://filezilla-project.org/). После установки, перейдите в настройке FTP-соединения, введите имя хоста, имя пользователя и пароль, эти и все остальные данные вы сможете найти после регистрации на хостинге. После этого, вы должны будете загрузить файлы с компьютера на хостинг, при этом хостинг должен иметь как минимум 150 мегабайт свободного пространства.

Закачка должна проводиться в папку public_html/, в ней хранятся все файлы вашего веб-сайта, сама загрузка может занять достаточно долгое время.

Теперь начнем процесс установки, перейдите на адрес нашего сайта, и автоматическая установка с достаточно понятными инструкциями будет сопровождать вас до конца установки. На первом шаге, система попросит вас выбрать язык, затем ввести веб-адрес, после имя MOODLE. Затем системе надо будет ввести данные о вашей базе данных, ее имя, пароль пользователя и логин. На конечном этапе введите логин и пароль администратора сайта. После всех этапов установки перейдите на FTP сервер, и удалите default.php.

Система MOODLE все продолжает набирать высокую популярность в наши дни и хотя она и является бесплатной, она не уступает по функциональности многим платным. Данная система очень легко устанавливается и может использоваться во всех учебных заведениях.

Ссылки

1. tr.wikipedia.org/wiki/Moodle
2. moodle.org
3. https://moodle.org/forums/
4. http://docs.moodle.org
5. http://download.moodle.org/
6. Rıdvan YAYLA(2012), MOODLE UZAKTAN ÖĞRETİM SİSTEMİ
7. https://filezilla-project.org/
8. http://www.cuteftp.com
9. http://uzem.ankara.edu.tr/

Осконалиева М.Д.,
И.Раззаков атындагы КМТУ

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАҢЫЛОО ТУУРАСЫНДА

Тилдерге үйрөтүүнүн методикасын жаңылоо туурасындагы 1991-жылы Щвейцария конвенциясында эл аралык атайын стандарт кабыл алынгандыгы коомчулукка белгилүү. Ошол стандарттын талаптарын негизденип, учурда чет тилдерин үйрөтүүнүн сыналган методикасы катары бир катар өлкөлөрдө ийгиликтүү колдонулуп, жакшы натыйжагы жетишип жаткандыгы бизди да кызыктырбай койбойт.

Мына ошол эл аралык стандарттын талаптарына көз чаптырсак, кайсы гана тил болбосун окуу предмети катары статусуна карата төмөндөгүдөй, т.а.: TOSL, TOEFL жана LWS деген аталыштар менен мамиле кылуу калыптанган. Алардын ар биринин мүнөзүнө жараша кызматы такталган, маани-маңызы бекемделген, ошого жараша практикада такай пайдаланылып, эл аралык деңгээлде таанылган.

Анда эмесе, алардын маани-маңызы жана тил үйрөтүүдөгү кызматы эмнеде экенин билип алалы.

TOSL - түшүнүгү кыргыз тилинде экинчи тилди окутуу дегенди билдирет. Биз кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде окутууда мына ушул системаны колдонсок болот. Анткени кыргыз тилин - мамлекеттик тил катары, ал эми орус тилин экинчи тил катары эсептесек, анда кыргыз мектебинде орус тили, орус өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тили экинчи тил катары эсептелинет, ошого жараша алганда тилди ушул система боюнча үйрөтүүгө басым койсок болот.

Ал эми, TOEFL түшүнүгү тилди чет тили катары окутуунун системасын өзүнө камтыганы менен айырмаланат. Бул багыттан алганда, Кыргызстанда чет тили катары расмий түрдө англис, француз жана немец тилдери эсептелинүү менен, ал тилдерди үйрөнүү дал ушул система менен үйрөтүлүүсү натыйжа берери практикада белгилүү болууда.

Ошондой эле, тил үйрөнүүдөгү үчүнчү бир система LWS системасы – элге кеңири тараган мектешүү тили дегенди түшүндүрөт. Ал, андай болсо, Кырыгызстанда элге кеңири таанылган, улут аралык тил катары орус тили эсептелинет десек, аны үярөнүү ушул система менен жүргүзүлсө болот.

Ошондой эле, тилди максаттуу үйрөтүүдө дагы эки система бар, алар: LSP- тилди атайын кесипке багыт берип үйрөтүү максатын көздөп окутуу, мисалы: орто мектепте, гимназиялар менен лицейлерде профилдик багыт берип окутуу жана LAP- академиялык максатта үйрөнүү, мисалы: адистикке ылайык вакалаврият менен магистратурада тереңдетип үйрөтүү багыттары.

Бул аталган багыттар Кыргызстанда да кыргыз тилин, орус тили менен чет тилдерин экинчи жана чет тил катары окутуу практикабызды кайра карап чыгуунун зарылдыгын алдыга коёт. Ал милдет окуу стандарттарыбызды, концепциялар менен программабызды тилди экинчи жана чет тилдерди окутуунун дүйнөлүк сыналган методдор менен окутуп-үйрөтүү, ыңгайлуу жолдорду табу зарылдыгын белгилейт.

Коңшу Казакстанда бул багытта бир кыйла алга жылуулар болуу менен, жаңыча методология иштелип чыгып, өркүндөтүлгөн принциптерге таянуу иш-аракеттери болуп жатканы белгилүү. Атап айтканда, аларда «Казакстан Республикасында чет тилдүү билим берүүнү өнүктүрүү» концепциясынын (Алматы, 2010) иштелип чыгышы буга далил.

Аталган концепцияда негизги орунда чет тилдүү билим берүүнү өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздеринин аныкталышы, анын үзгүлтүксүз жана уланмалуулукта билим берүү системасынын иштелип чыгышы жана орто, атайын орто жана жогорку мектептерде чет тилдүү билим берүүнүн баскычтары жана анын мазмунунун сунуш кылышы экендиги талашсыз.

Бүгүнкү күндө тил үйрөнүү маселеси мектептеги педагогкиалык-методикалык проблеманын чегинен чыгып, адамдын нагыз турмуштук карымкатышынын зарыл куралы деңгээлине, тактакыр жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлүп отурат. Адам канча тил билсе, ошончо элдин өкүлү менен баарлашып, дүйнөнүн кайсы гана бурчу болбосун талаптагый жашоо кечирип кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга өтүүдө.

Мунун өзү тил үйрөнүү-адамдын өнүгүүсүнүн негизги бир факторуна айлангандыгын далилдейт да, ага антропологиялык (гуманисттик) мамиле жасоону, тактап айтканда, кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү инсанга багыттап окутуу технологиясына таянып жүзөгө ашыруу сыяктуу концептуладуу максаттуу багытты так аныктоону талап кылат.

Тактап айтканда, тил үйрөнүү төмөндөгүдөй методологиялык багыттарда жүргүзүлөт:

– тилди адамдардын өз ара карым-катышынын куралы катары үйрөтүү (коммуникациянын куралы катары);

– тилди улуттук маданиятты таануунун каражаты катары үйрөнүү; (таанытуучу лингвистика, тактап айтканда лингвоөлкө таануу багыты);

– тилди инсанды өнүктүрүүнүн куралы катары үйрөтүү;

– тилди коомду ич ара байланыштырып бириктирүүнүн каражаты катары үйрөтүү;

– тилди билим алуунун каражаты катары үйрөтүү;

– тилди инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу куралы катары үйрөтүү;

– тилди жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты катары үйрөтүү.

Тил үйрөнүү, жогорудай белгиленгендей, инсандын калыптанышына, анын коомдо эркин социалданышуусуна, ар улуттар менен этностор аралык маданий коммуникацияга тез аралашуусуна жол ачуу менен, сабакты дал ушундай максаттуу багытта үйрөтүү технологиясын, анын мазмунун иштеп чыгуу максатын коёт. Ал бир катар жаңы жана өркүндөтүлгөн методологиялык багыттарга таянууну талап кылат.

Биринчиден, тилди окутууну жана үйрөтүүнү маданиятты түзүүчүлүк системасына таянуу менен жүргүзүү. Анткени бул система тилди грамматиканын туткунунда гана үйрөтүү ситемасын бузат, аны которуп-жаттап үйрөнүү методикасын четке кагат, аны чейректерде баа алуу үчүн гана окуу максатынан кайтат, ошентсе да, тилди ал тилдин ээси болгон элди-жерди таануу (лингвоөлкөтаануу) менен гана чектелбейт, ал инсандын тил аркылуу элдик маданиятты таануусун өнүктүрүүнү көздөө менен, лингвоэтномаданияттаануу багыты окуу процессинин өзөгүн ээлөөсүн талап кылат.

Бул багыт кыргыз тилин окутуунун жалпы максаттуулугун жаңы багытты көздөй бурат. Тактап айтканда, тил аркылуу элди-жерди гана таанып тим болбостон, элдин материалдык-рухий маданиятын, анын ичинде, сүйлөө маданиятын, мамиле маданиятын, ж.б. кеңири үйрөнүү багытын көздөгөн мазмун жаңы технология менен толукталат.

Экинчиден, кыргыз тилине болгон мамиле өзгөрүү менен, мектептерде кыргыз тилин үйрөтүүгө эмес, кыргыз тилинде сүйлөөгө үйрөнүүгө басым коюлат. Албетте, мунун өзү программалык материалдарды аныктоодо жалаң гана грамматикага таянууга болбостугун, сабакта кыргызча кепке үйрөтүү багытын карманган технологиянын негизинде сабак жүрөрүн эске салат. Андай сабактарда кыргыз тилинин грамматикалык-лексикалык системасы, тактап айтканда теориялык прагматикалык билим эмес, кепке жатыгуу негизги өзөктү ээлебейт. Грамматика менен лексика сүйлөшүүнүн курулуш материалы катары кызмат кылат, сабактын өзөгүн кепке үйрөтүү, сабакта үйрөнгөн окуу материалдарын белгиленген тематикада, белгиленген кырдаалда, белгиленген максатта колдоно билүүгө машыктыруу технологиясы негизги орунду ээлейт. Грамматика формалдуу үйрөнүлүүдөн - практикалык грамматиканы үйрөнүүгө багытталат.

Үчүнчүдөн, тилди экинчи тил катары үйрөнүү инсандын тил аркылуу өнүгүүсүн шарттайт, тил инсандын өнүгүүсүнүн каражатына айланат, тил менен бирге элди, анын маданиятын үйрөнүүчү куралга айлантат.

Кыргыз тилин үйрөтүүдөгү мындай жаңыча технолдогияны киргизүүдө анын мазмунун деңгээлдерде ишке ашыруу жүрөт. Ал деңгээлдер коммуникативдик чөйрөдө сүйлөшүү тематикалар менен типтүү кырдаалдар аркылуу аныкталат. Демек, кыргыз тили окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окутуу иши маданиятты түзүүчүлүк багытта жана деңгээлдер аркылуу ишке аша турган окутуу моделин ойго салат.

Мындай учурда кыргыз тилин үйрөтүүнүн принциптери да өзгөрөт, же жаңыланат.Экинчи тилди үйрөтүүдө жалпы дидактиканын принциптериндей эле, өзүнө тиешелүү жеке методикалык принциптери бар экендигин бир катар окумуштуу-методисттер белгилеп келишет. Мисалы, дидактика илимине көп эмгегин арнаган Е.Н.Мединский окутуунун жалпы принциптери катары: окутуунун системалуулугу, окутууда теория менен практкианын тыкыс байланышы, тарбия бериүү менен окутуу, окуучунун курактык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу, окутуу методдорунун көп түрдүүлүгүн эсептесе, И.Д.Салистра болсо, тилди окутууда «маек курууга багыттто, тилдик материалдарды илимий негизде тандоо жана да окуучунун эне тилиндеги өзгөчөлүктөрүн эсепке алып окутуу» сыяктуу принциптерди сунуш кылган В.И.Шарнас болсо, тилди үйрөтүүдө функциялык-эврикалык, окуу материалдарын интеграциялоо, кырдаалдык-тематикалык, окуучунун филологиялык тажрыйбасын эсепке алуу принциптерин негиздеп көрсөткөн Ал эми, чет тилин окутуу методикасына көптөгөн салымын кошкон белгилүү методист А.Бим «окутуудагы коммуникативдик баштапыш, кеп ишмердүүлүгүнүн ар түрүн пайдалануу, аларга дифференциялык мамиле жасоо, окуу материалдарын берүүгө структуралык-функционалдык мамиле жасоо, кепти моделдөө, ж.б. принциптерин сунуштаган.

Албетте, бул айтылган принциптердин баары кыргыз тилин экинчи тил катары колдонууда маанилүү жана керектүү. Аларды функциясына жараша тандап алуу кыргыз тилин окутууга сөзсүз натыйжасын берери шексиз.

Төмөндө ошолордун айрымдары тууралуу кеп кылалы.

Атап айтканда, «Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–11-класстары үчүн кыргыз тилинин программасында» (Б.,2010) каралган принциптер төмөнкүлөр:

- баланын эне тилинин өзгөчөлүктөрүнө таянуу;
- кепке багыт берүү принциби;
- окуу материалдарын кептеги кызматына тандоо принциби;
- кырдаалдык-тематикалык принцип;
- дифференциялап окутуу принциби;
- лингвоөлкөтаанытуу принциби;
- деңгээлдерге бөлүп тил үйрөтүү принциби (баштоочу, активдештирүүчү, өз алдынча иштөөчү жана жалпылоочу баскычтары).

Бул аталган принциптер жогорудагы айтылгандардын жаңыланып, өркүндөөгө тийиш, тактап айтканда, **тил үйрөтүүнүн коммуникативдик-маданиятаралык баарлашууга үйрөтүү принцибине жана тил үйрөтүүнү баскычтарда системалуу үйрөтүү принцибине** айрыкча маани берилүүгө тийиш.

Эмесе, жогоруда айтылып өткөн принциптердин маани-маңызы тууралуу кеп кылып өтөлү.

1). **Коммуникативдик-маданиятаралык баарлашууга үйрөтүү принциби.** Бул принцип, ири алдыда, кыргыз тили предметин окутуу максаты менен байланышып турганы менен маанилүү, анткени кыргыз тили сабагы башка предметтерден айырмаланып, окуучуну улуттар аралык мамиле маданиятына үйрөтүүчү максатты көздөгөндүгү менен баалуу болуп саналат.

2. Белогуров А.Ю. Поликультурность как социальный и психолого-педагогический феномен // Поликультурное языковое образование.-№3.-Томск, 2009. - С.18-19

3. Карпушина Л.П. Этнокультурный подход к образованию: к сущности вопроса // Образование и культура №3.- М., 2010. С.64-65

4. Региональное образование: организация, управление развитием: автореф.дис.д-ра пед.наук В.М.Петровичев. - М.,1994.-С.32-34

5. Белогуров А.Ю. Формирование поликультурной образовательной среды региона как основной фактор гуманитаризации образования // Известия Российского государственного педагогического университета им. А.И.Герцена №6/том 3/, - Томск, 2003.-С.100-101

6. Бережнова Л.Н. Этнопедагогика: / Учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений. - М., 2007. С.157-210

Д. С. Суералиева,
КМЮА

ОРУС АУДИТОРИЯСЫНДА КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫН ОКУТУУНУН МААНИСИ

Дүйнөдө ааламдашуу тездик менен кызуу жүрүп жаткан учурда ар бир элдин улут болуп калыптанышына жана өнүгүшүнө зор таасирин тийгизүүдө. Мына ушул мезгилде кыргыз эли да өзүнчө эгемендүү мамлекет болуп өзүнүн ордун таап, өз эне тилин сактап калууга жана аны өнүктүрүүгө бүт салымын кошуу маселеси азыркы учурдун эң эле көйгөйлүү маселелеринин бири. Анткени, эгемендүү эркин мамлекеттин бирден бир жүзү, улуттук символу мамлекеттик тили болуп эсептелет.

«Тилди сактап калуунун, андан ары өнүктүрүүнүн бирден бир фактору болгон улуттук тил – мамлекеттик саясаттын негизги атрибуту болуу менен, ал өлкөнүн расмий турмушуна жанаша жашаш керек» деген оюн ортого салуу менен «азыркы заманда тил – коммуникациянын гана эмес, дүйнөтаанымдын башкы куралына айланды...» деген улуу жазуучубуз Ч. Айтматов. Демек, Кыргызстанда жашап жаткан ар бир улуттун өкүлдөрүнүн өзүнчө эне тили болсо да, мамлекеттин ичинде улут аралык катнаштын тили катары кыргыз тили кызмат кылуусу абзел экендиги талашсыз.

Андыктан улут наркы – улуу кыргыз тилин баалап-барктап, ыйык тутуп, кылымдар кыйырындагы келечек муундарга кенже куректан тартып элдик маданий дөөлөттөрдү таанытуу, жогорку окуу жайларда улуттук таалим-тарбия берүү, кылымдар бою калыптанган элдик мурастарды окуп-үйрөнүү – бүгүнкү күндүн талабы.

Элдик тилдеги дүйнөтаануунун жана таалим-тарбиянын казнасы болгон оозеки адабияты, анын ичинде, элдик балдар жомокторун, балдар ырларын, макал-лакаптарын, жаңылмач-табышмактарын окутууда алардын адабий-лингвистикалык табиятынан мурда дүйнөтаанытуучулук жана таалим-тарбия берүүчүлүк мазмунуна айрыкча көңүл буруу; андагы элдик педагогикалык идеяларды орундуу, максаттуу колдонуу менен, алардын ичинен, өзгөчө, жогорку окуу жайларда орус тайпаларында кыргыз тилин окутууда макал-лакаптарды пайдаланып, студенттердин сөз байлыгын, сүйлөө кебин өстүрүү максатка ылайык.

Жогоруда белгилеп өткөн проблеманын актуалдуулугу бүгүнкү күндө зор мааниге ээ. Себеби жогорку окуу жайларда студенттердин бөтөн тилди активдүү үйрөнүүсү, ошол мезгилдеги алардын тилди тез кабыл алуу жөндөмдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Алар ар нерсени бат кабыл алуусу, кызыгуусунун күчтүүлүгү менен айырмаланып, айлана-чөйрөдөгү жаңы нерселерди бат кабылдоосу аң-сезимине, эс-акылына, мүнөзүнө терең из калтырат.

Дүйнөлүк цивилизациянын туу чокусуна чыккан бүгүнкү америка, жапон, анлис, француз, латын, немис элдеринде так ушул макал-лакаптар педагогикада - мугалимдер үчүн, кызматчылар үчүн, ата-энелер үчүн да өтө зарыл илимге айланып изилденип келген жана изилденип жатат.Ал элдердин руханий дүйнөсүнүн да, жүрүш-туруш маданиятынын да өзөгүн ошол илим түзөт. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө макал-лакаптардын окшоштугу бар, анткени жашоонун нугу окшош, адамдардын ой, кыял, үмүт, тилек, максаттары, тиричиликке болгон муктаждыктары, талабы, чыгарган корутундулары, көрүп, сезе билүү мүмкүнчүлүгү бири бирине үндөш. Бирок ошону менен бирге ар бир элдин өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүктөрү да бар.

Мисалы: Одна паршивая овца все стадо испортит (русск.); Один мышонок семь карасей опоганит (армянск.); Бир карын майды бир кумалак чиритет (кырг.) же Волки бы были сыты и овцы целы (русск.); Делай так, чтобы ни шашлык, ни шампур не сгорели (армянск.); Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын (кырг.).

Ошондуктан кыргыз элинин макал-лакаптарын орус тайпаларда окутуунун мааниси зор, себеби макал-лакаптарды билүү, маңызын өздөштүрүү менен студенттер өздөрүнө кыргыз элинин ички психологиясын, сүйлөө кебиндеги өзгөчөлүктөрүн камтый алышат. Кеп өстүрүү алгач туура ойлонуудан келип чыгат эмеспи, а "Сөз- ойдун ачкычы" демекчи, ойлонуу үчүн сөздөрдүн тазалыгы талап кылынат. Макал-лакаптарды үйрөнүү менен студенттер күндөлүк турмуштагы колдонулган сөз менен макал-лакаптардын маанисин ажырата алышат.

Эгерде макал-лакаптарды кеп өстүрүүнүн бирден бир каражаты катары карасак, анда сүйлөө кебинин көркөмдүүлүгү, образдуулугу, уккулуктуулугу айтылат жана сүйлөгөн сөзүнөн адептүүлүгү, сылык-сыпаа мүнөзү, маданий деңгээли да байкалат.

Мына ушулардан улам кыргыз тилин окутууда макал-лакаптар берекелүү материал экендигин, бир эле ойду ар түрдүү сөздөр менен бидирүүнү ачып көрсөтүп, студенттердин кыргызча оозеки жана жазуу кебин өстүрүүнү зор натыйжа берет.

Макал-лакаптар – окутууда колдонулуучу эң керектүү, монолог жана диолог кебин кызыктуу, көркөмдүү кылуучу табылгыс материал. Англис тилин окуп – үйрөнүүдө алардын жардамы жок курсун табуу кыйын. Англияда макал - лакаптарды латын тилин үйрөнүүнүн бирден бир каражаты катары колдонуунун методикасы орто кылымдарда эле киргени белгилүү. Сабакта тил аспектисин гана камтыбастан, так айтуу, грамматика, лексика жана эң негизги сүйлөө, айтуу иш-аракеттеринин түрлөрүндө чоң роль ойнойт. Педагагика илимдеринин кандидаты К. Кыдыралиев "Сөз чакырат, үлгү өзүнө тартат" деген эмгегинде : ""Сөз көркү–тил","Ойдун көркү–сөз", "Акылманды жаман деп, сөздү кайдан табасын" деген сыяктуу акылмандардын адилет, таасын айтылган сөздөрдү өздөрүнүн таасирдүүлүгү менен миллион кылымдарды карытканы талашсыз. Андыктан анын тегерегиндеги али ачылбаган педагогикалык таалим-тарбиялык идеяларды ар тараптан изилдеп, анын жагымдуу үлгүлөрүн жаштарга жеткирүүнүн мааниси зор."деген сунушун айтса, кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч. Айтматов: "Уламыштар менен легендалар биздин өткөн замандар менен байланыштырып турган куш. Ал уламыштарды, дастандарды унутуп, жалаң гана технологияга берилип кетсек, анда өткөн мезгил менен байланышыбыз үзүлүп аңкоо болуп жашайбыз"- деп айткан. Демек, бүгүн биз өсүп келе жаткан жаштар ата-бабаларыбыздын рух көрөнгөсүнө көңүл буруп, ага карай изилдөө иштерин улантып, кийинки муундарга сунуш кылуу керек деген идеяларын толук колдойм жана бул багытта көптөгөн илимий иштер жараларына ишенем. Өткөн менен учурду талдап, келечекти көрө билүү- бул даанышмандык деп бекеринен айтылбаса керек.

Макал-лакаптар өзүнүн ичинде (мазмунунда, курулушунда) өздөштүрүүнүн көптөгөн элементтин камтып турат. Атап айтканда:

1 фонетикалык материалдарды;
2 лексикалык каражаттарды;
3 грамматиканын бүтүндөй сырларын;
4 пунктуациялык эрежелердин комплексин;
5 Тарбиялык маанисин;

Студенттердин макал-лакаптар үстүндө эмгектенүүсү машакаттуу, бирок кызыктуу жана пайдалуу. Макал-лакаптарды ар түрдүү тематика боюнча тарбиялак мааниси зор түшүнүктүү, мазмундуу, кызыктуу кылып тандап алгандан кийин, анын үстүндө ар түрдүү иштөө жумуштары ар кандай формада жүргүзүлөт. Макал-лакаптарды көркөм окуу, андагы түшүнүксүз сөздөр менен сөздүк ишин жүргүзүү, сөздөрдү жаттоо жана алар менен сүйлөм түзүү, макал-лакаптарды которуу же ага туура келген эквивалентин табуу менен мазмунун түшүнүп айтып берүү, аларга карата күнүмдүк турмушта кездешүүчү көрүнүштөргө көңүл буу менен суроо-жоопторду аныктоо, темага ылайык окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүүдөгү өз алдынча иш-аракеттери, өтүлүп жаткан грамматикалык, кептик материалдардын өздөштүрүлүүсү мугалимдин да, студенттин да чеберчилигин талап кылат. Мына ушундай иш-аракеттерди жүргүзгөндөн кийин студенттин тигил же бул тема боюнча билими кеңейет да, берилген тема боюнча кыргыз тилинде аңгеме куруп бере алуу мүмкүнчүлүгүндө да пайдаланылат.

Көркөм сөз каражаттарынын үлгүсү болгон макал-лакаптар стилдик максатка колдонуш чөйрөсү да кеңири. Көбүнчө оозеки сүйлөшүү жана көркөм стилде зор экспрессиалуу натыйжа берет. "Макал-лакаптар-тил маданиятын арттырып чеберчиликке үйрөтүүчү сөз өнөрүнүн асылы"-дешет. Демек, макал-лакаптар кепте экспрессивдүүлүгү жогору тилдик бирдик катары каралуу менен, алар аркылуу айтылуучу ой күчөтүлүп, кептин "боектуулугу" артат. Алар турмуштун ар кыл багытында активдүү колдонулат. Өзүнүн эмоционалдык жана стилистикалык кооздугу менен тилдин коммуникативдик функциясын өркүндөтөт.

Макал-лакаптар элдик көп жылдык тажрыйбадан, ишенимдеринен улам жаралып, бүгүнкү күнгө чейин жетип олтурат, ошону менен бирге кыргыз элинин маданиятынын өзгөчө белгиси катары эсептелгени менен баалуу. Биз алардын кээ бирин өз алдынча иликтеп, талдап көрүп алардын чыгуу, жаралуу себептерин, мазмунун, тарбия-таалимдик маанисин чечмелеп, студенттерге кыргыз тили сабагында жеткире алсак, анда алардын тарбиялык ордун тапкан болор элек да, сабактын мазмунун көтөрө алар элек. Мына ушундан улам макал-лакаптарды пайдаланып окутууга бөтөнчө көңүл буруу зарыл экендигин баса белгилегим келет. Анткени тарбиялык мааниси менен кошо макал-лакаптар кыргыз элинин салт-санаасын, үрп-адаттарын, психологиялык өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүдө чон роль ойнойт. Сабакта ар дайым эле обу жок колдоно бергиле дегенден алысмын. Бирок ылайыгы келгенде сөзсүз түрдө колдонсок, анда биз сабактын сапатын жогорулатуу менен сабакка болгон кызыгуусун, сүйлөө кебинин көркөмдүүлүгүн арттыруу аркылуу күндө пайдалануучу жаштардын кебиндеги уккулуксуз жаргондордон да арылат элек.

Жогоруда белгиленгендей, макал-лакаптар кадимки күндөлүк тиричиликтин эреже-салты катары кабыл алынып, улам кийинкилер тарабынан милдетүү аткарылуучу, балдарды калыптандыруучу элдик педагогикалык ыкмага айланган. Анын үстүндө, макал-лакаптар форма жагынан кыскалыгы, кадимки эле адамдардын күндөлүк турмушунда колдонулуп жүргөн сүйлөмдүк түзүлүштө болушу адамдардын сүйлөө кебинде пайдалануу-га негизги мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Дүйнө жүзүндө канча эл жашаса, алардын бардыгында сөзсүз учурай турган фольклордук жанрлардын негиздүүлөрдүн бири накта ушул макал – лакаптар эсептелет. Ошондуктан макал-лакаптарды – "Эл казнасынын", "адам оюнун каймагы", "сөз өнөрүнүн гүлдөрү", "турмуш чындыгынын ээси", "жүрүш – туруштун эрежеси", "элдин өткөн тарыхы" сыяктуу түшүнүктөр менен туюндурулуп келиши бекеринен эмес. Анткени, бул учу-кыйры чексиз жанрдын табиятында, жаралуу зарылчылыгында, алгачкы түпкүлүгүндө ошол элдин баарына тегиз болгон тарыхый, социалдык, этнографиялык, этнопедагогикалык, философиятык, моралдык, тилдик, саясий көз караштары түбөлүккө өз ордун тапкан.

Макал-лакаптарды эң жогору баалап, өзүлөрүнүн эмгектеринде пайдаланган белгилүү орус жазуучулары А.Н.Радищев, А.С.Грибоедов, А.С. Пушкин, Н.В.Гоголь, А.М.Горький ж.б. болсо, кыргыз элинин акын, жазуучулары А.Токомбаев, Ч.Айтматов, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, К.Баялинов, К.Жантөшев, Т.Сыдыкбеков, Т.Уметалиевдер ж.б. да өз чыгармаларында кеңири колдонушкан.

Элдик акындар насыят ырларында макал-лакаптардын дидактикалык маанисин биринчи орунга коюшуп, өздөрүнүн терме, санат – насыят ырларында алардын маанисин ачып, тереңдетип берүүгө аракет кылышса. жазуучулар алардын көбүн башкы каармандардын ички дүйнөсүн турмушка болгон көз карашын, бири – бирине болгон мамилесин ачып көрсөтүүдө колдонушат.

А биз болсо, макал-лакаптарды төмөнкү багыттарда карап көрөлү:

1. Макал-лакаптардын лингвоөлкөтаануу аспектисинде да чоң роль ойнооруна токтоло кетели. Пикир алышуунун сөзсүз түрдөгү шарты жалпы тилди гана билүү болбостон, ага байланыштуу кандайдыр бир белгилүү билимдерге ээ болуусу зарыл. Пикир алышуу үчүн коммуниканттардын социалдык тарыхты бирдей билүүсү, курчап турган дүйнө боюнча билими болушу керектигин аныктайт. Бул билимдер фон (айлана, чөйрө) деп аталып калган. Е.М.Верещагин жана В.Г.Костомаров айланачөйрөнүн үч түрүн белгилешет: жалпы адамзаттык, регионалдык, өлкөтаануучулук. Акыркы түрү–бул бардык мүчөлөрдүн белгилүү бир этникалык жана тилдик кызыгууларды, улуттук маданият билимдери менен байланышкан маалыматтар. Булар айлана-чөйрө билимдери боюнча лингвоөлкөтаануу объектисинин негизи болуп саналат, анткени улуттук маданият менен байланышат деп аныкташат.

Макал-лакаптардагы өлкөтаануу маалыматтары билим жана тарбия маанисинде гана болбостон, өлкө тууралуу билимдери интеркоммуникацияга чыгуусуна да багыттайт. Өлкөтаануу багытындагы макал-лакаптар коммуникаттар тарабынан сөзүнүн эмоционалдык жана эстетикалык позициясын түшүндүрөт. Макал-лакаптарды сүйлөө кепте туура колдонууда анын негизги жана кошумча мазмунун, стилистикалык кооздугун, контекстте же кырдаалда жөндүү пайдалануусуна көңүл буруу зарыл.

2. Адамдардын ар трдүү чөйрөсүндөгү карымкатнашындагы макал-лакаптардын кызматы жана милдети.

Адамдардын бирден бир инстинкттүү умтулуусу – өз ара мамилешүүнү жөнгө (тартипке) салууга аракет кылуу. Баарыбызга белгилүү өз ара мамилени түзүү шарты өндүрүштө, үй-бүлөдө, чөйрөдө бирге болуу жана катышуу болуп саналат. Аң-сезимдүү жашоонун чөйрөсүндө эң негизги орунду инсандын социалдык тажрыйбага ээ болуусун кааттандыруу, маданияттын баалуулуктарына үйрөтүү, көпчүлүктө жана белгилүү бир социалдык чөйрөдө тартип нормаларын жана принциптерин билүү эмеспи. Мунун баары адамдардын бири-бири менен болгон байланышына тиешелүү болот. Адамдын инсан катары өнүгүүсүн чөйрөдөн сырткары, коомчулук менен карым-катнаш байланышы жок элестетүү мүмкүн эмес. Себеби адамдардын бири-бири менен болгон мамилеси жана байланыштары кесиптик, чыгармачылык, достук ж.б. жалпы кызыкчылыктарынын негизде пайда болот.

Ошондуктан макал-лакаптардын мазмуну да, мааниси да адамга багытталган. Алардын мүнөзү, кыял-жоругу, айлана чөйрөгө ж.б. болгон мамилесин айгинелейт. Мына ушул чөйрөдөгү адамдардын баарлашуусундагы, мамилесиндеги макал-лакаптардын маанисине жана колдонулушуна токтолуп өтөлү.

Мисалы:

Үй-бүлөдө.

Үй-бүлөдөгү мамиле башка элдердин тажрыйбаларындай эле кыргыз элинде да негизги теманы түзөт. Бул үй-бүлөлүк мамиле темасы кызыктуу жана көп кырдуу.Адам жандуу аң сезимдүү жан болгондуктан илгертеден бери эле карым-катнашка умтулган, мейли ал уруу болсун, тукум болсун, топ болсун ж.б. Бирок үй-бүлөдөгүдөй тунук сүйүүнү, жылуулукту, эркеленүүнү, көңүлдү, батышкычтыкты, сыйлашүүчүлүктү, жагымдуулукту аркалаган эч нерсе жок. Андыктан алгач үй-бүлө-тууганчылык байланыш макал-лакаптарга токтололу:

Ата–аска тоо, эне–боорундагы булак, бала-экөөнө шам чырак.

Энеден улуу эч ким жок, Мекенден ыйык эч нерсе жок.

Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны.

Балаң балдан да таттуу,

Баландын баласы андан да таттуу,

Тил алчаак бала баарынан жакшы.

Атасы жок үй жетим, энеси жок ашкана жетим.

Энеден–сүт ич, акылмандан–акыл ич.

Ата–мекен, эне–нур. . ж.б.

Ынтымактуу:

Балдарынын жакшысы-ата-эненин бактысы.

Атаны сыйлаган абийир табат,энени сыйлаган элге жагат.

Ырыс алды-ынтымак.ж.б.

Үлгүлүү:

Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт.

Уул жакшысы–урмат, кыз жакшысы –кымбат.ж.б.

Улууга урмат, кичүүгө ызат.

Кары келсе–ашка, жашкелсе–ишке. . ж.б.

Эскертүү:

Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң.

Эненин урушканы да балага алкыш.

Атаң карыса, кул кылба, энең карыса күң кылба.

Катын алсаң, отун ал.

Жашыңдан жаман жолго баспагын, адамдык сапатыңды сактагын. ж.б.

Мындай макал-лакаптар ар бир окуучунун үй-бүлөлүк байланышына, карым-катнашына тартиптүүлүк, үлгүлүүлүк, тарбиялык мүнөздү тартуулайт.

Коллективде.

Адам өмүр бою кичинесинен эле тартып өзүнүн турмушун көпчүлүк менен байланыштарат: башында - бала бакча, мектеп менен андан кийин - жогорку окуу жайы жана эмгек коллективи менен. Бала кездеги адамдын өнүгүүсү кандай калыптанса, кийин өндүрштүк мамилеси ошонун негизинде түзүлөт. Кайсы гана кызматтык орунда болбосун, анын тартиби, адаты, өнөкөтү жалпы маданиятка туура келген көпчүлүктүк мамиледеги сый-урматты көздөшү керек.

Жетекчинин тартиби - ал адамдын өзүнүн психологиялык жана адеп-ахлактыгынын өнүгүшүнө байланыштуу коллективдеги мамилелердин келишкендигинде.

Жакшы жетекчи элин түзөйт.

Жакшы аким элин оңдойт, жаман аким элин кордойт.

Бастырганды билбеген жолду бузат, башкарганды билбеген элди бузат.

Эл сыйлаган эшикке жатпайт.

Баш болуу оңой, баштап кетүү кыйын. . ж.б.

Ал эми маданият, керектик кызыкчылыгы бирдей болгон, тез тил табыша алышып, бирдей багытты көздөгөн иш-аракеттери бар адамдар достук мамилени түзүшөт.

Жакшы дос рухий улуу казына.

Адам адамга дос, жолдош, бир тууган.

Жакшы менен достоштум, жаман менен коштоштум.

Дос эгиз, душман сегиз.ж.б.

Адамдар бири-бири менен кандай гана карым-катнашты түзүшпөсүн, бири-бирине болгон жылуу мамилелери гана коомчулуктун өнүгүүсүнүн жана прогрессинин кыймылдаткыч күчү болуу менен кызмат өтөөсүн эч качан эстен чыгарбашыбыз зарыл.

Бүгүн көргөн мээнетиң-эртең көрөөр дөөлөтүң.

Бүгүн курган сайраның-эртең көрөөр ойронуң.

Билим бийикке тарса, акыл алыска үндөйт, эрк максатка жеткирет. . Адам эмгеги менен данктуу.

Акыл-ойдун азыгы–илим-билим, жан дүйнөнүн казынасы–маданият.

Изденүү- ийгиликтин жолу.ж.б.

Берилгендердин бардыгын жыйынтыктасак, анда азыркы кыргыз тилинде макал-лакаптар өзүнүн семантикасында улуттук-маданият компонентин камтыйт; чындыгында эле айлана-чөйрөдөгү билимдерди топтойт жана окуп-үйрөнүп жаткан өлкөнүн тилин терең үйрөнүүгө жардам берет.

Демек, макал-лакаптардын үстүндө иштөөдөгү ар багыттагы тапшырмаларды аткарганда, төмөнкүдөй максаттар жемиштүү ишке ашырылат:

1. Макал-лакаптарды жөн эле окутуп тааныштыруу-да - студенттердин көркөм окуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, шар окууга, окуганын түшүнүп сүйлөөгө, эсте сактоого, сөздөрдү катасыз айтууга, макал-лакаптарды окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуусун артыруурга көнүктүрүү жана калыптандыруу максаттар ишке ашат.

2. Макал-лакаптарды жаттаттырып көркөм айтыруу менен эсте тутуп жаздыруу иштерин жүргүзүүдө - окуучулардын эске тутуусу, сулуу, таза жазуу менен бирге орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетирбөөгө, сабаттулугун өркүндөтүүгө, өздөрүнүн эмгегин баалоого, аткарып жаткан жумуштарына жоопкерчилик мамиле кылуу максаттарын көздөйт.

3. Макал-лакаптардын маани-маңызын талкуулап, талдоо иштерин жүргүзүүдө - окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсү, аңдап кабыл алуусу, түшүнүгүн айтып берүүгө, турмуш менен байланыштыруу, чыгармачылыгын өнүктүрүү максаттарын камтыйт.

4. Макал-лакаптарды сүйлөө кебинде пайдалануу багыттары- студенттердин сөз байлыгын өстүрүү, сүйлөө кебинин көркөмдүүлүгүн, образдуулугун, кеп маданиятын калыптандыруу, улуттук көркөм дөөлөткө эрте каныгышуу максаттары негизделет. ж.б.

Адабияттар

1. Джапанов А.А. Кыргыз элинин макал-лакаптары. I-II т. –Б., 2011.

2. Шамбаев С. Кыргызско-русские пословицы, поговорки и из речения. – Ф., 1979.

УДК: 39:398.21:371.036
ББК: 82.3 (2ки)

М. Колдошев,
Ош мамлекеттик университети

ЭСЕНКАН МЕНЕН НЕСКАРАНЫН ӨСПҮРҮМ МАНАСТЫ ИЗДЕГЕНДЕГИ ЖАГДАЙЛАРДЫН ТААЛИМ-ТАРБИЯЛЫК ӨҢҮТҮ

Эсенкан падыша Жакыптын аябай чоң байлыгы бардыгы жөнүндө кабар угуп, анын мал-мүлкү, дүнүйөсү ушунчалык мол болгон менен элүү жашка келгенге дейре бала көрбөй зарлап, байкуш болуп куругандыгы, мына бала жүзүн көргөндүгүнө алты жылдын жүзү болгондугу жана баланын атын Манас койгондугу, Манас эр жетип чоңойгондо ааламга бүлүк салып, чоң Бээжинди басып алуусу мүмкүн деп шектенишип, кандын акылмандары, аярлары азырган "бар тамырын кыркууну акылдашат. Эсенкан ойлонуп, айтылган маалыматтарга, бир чети, таңданып, элге кеп айтат: -катыны ушундай эркек бала төрөптүр деп эле жаңы туулган баладан азыртадан коркуп, алардын калкын бүлдүрүп, өзүбүздүн элди дүрбөткөнүбүз туура болбойт; же алар туу көтөрүп, кулак тундуруп чу салбаса:

Андай кылбай, а көрө
Аңдап ишти кылалык,-дейт [77].

Эсенкан өз казынасынын асылдарынан, буюм-тайымдарынан төөлөргө жүктөтүп, Алтай, Орто Азия журтунун ой-тоосун аралап саттырып, соода кылдырып, ошол эле кезде, алардын элинин көз карашын, мүдөөсүн байкаштырып көрүүнү, Манас мага маалымдалгандай эр бекен, алар бизге каяша кылып, кол салуу оюнда бардыгын билүүнү дайындайт, б.а. чалгындоону буюрат.

Б. Максүтовдун "Айкөл Манас баяны" деген аталыштагы китебинде Эсенкандын Манасты кармап келүү буйругунун мазмуну төмөндөгүдөй: "Бир жерин көгала кылбай, бир жерине тамга салбай, жанын кыйнабай, тирүү кармап алып кел. Кызыталак канкорго кыздан таңдап алып берип, тукум алып калалы",-деп айтылат [2:44]. Буга кошумча бул китепте кырк нарга алтын, күмүш, буюм-тайым, кездеме артылып жөнөтүлгөндүгү тууралуу кеп болот. Бирок мындагы берилген ойдун багыты, мазмуну жалпы жонунан Сагымбай Орозбаковдун айтымындагы ой менен ажырым бербестигин белгилөө орундуу.

Бээжинден чыгышкан соодагер-кербендер беш ай жол жүрүшүп, Алтай тоонун бир оюна келишкен учурда, ал жерде Манас жоролору менен "Ордо оюнун" ойношуп, күлүп жатышкан болот. Соодагерлердин төөлөрү, эшектери ордонун чийинининин ичине киргенде, четтегилер "Төөнөрдү тышка тарткыла!" деп кайрылышат. Бирок чүкө тийсе эмне болмок эле деген ойдо ага анчалык таназар, маани бериишпей, төөлөрүн четке алышпайт. Дагы кошумча, биз кан кишилери болгон соң, Манастын колунан эмне келмек эле дегенсишип, буларды теңине албагандай түр көрсөтүшөт. Манас томпойду черткен кезде, бир сака зуулдаган бойдон төөнүн бутуна тийип, анын бутун сындырат, ал эми бир эңке астынкы эшектин бутуна чакчып, эшек жыгылат. Ушул кезде улуктан келген кытайлар аябай ызаланышып, Манасты кармоого жулкунушуп жабылышат. Манасты жоролору коргошуп, алар (б.а. калмактар, сарттар, кытайлар) менен карсылдашып, кармаша кетишет. Алардын башчысын Манас бекем кемерден кармап, "Көтөрүп жерге бир уруп", чилдин башын жулгандай, башын жулуп алат:

Башчысы мунун өлгөн соң
Баягы турган жигиттер
Баары коркту сумсайып, – делет [78].

Ошентип, калмагын, кытайын өлтүрүшүп, кырк беш төөгө артылган казынасын олжолоп алышат. Сарттар болсо, алардын жандарын кыйбоону өтүнүшүп, аябай жалынып-жалбарышат. Манас атасы Жакып байды, Акбалтаны алынар, Бердикеге кабар бериңер, Ошпур менен Саламат баары келип калсын деп, сегиз кишиге жылкы миндирип, туш-тушка чаптырат. Эртеси күнү бешимде Жакып бай жана Акбалта менен Бердике эмне болуп кетти деп кооптонушуп, "Дагы Манас тим жатпай, ким менен кылды уруш?!"-дешип, чакырылгандардын баарысы жыйылып келип калышат. Алар кырк беш төөнү, төөлөргө артылган казына-дүнүйөнү, самсаңдап, сумсайып турушкан он сартты

көрүшкөн соң, өз ара акылдашышып, сарттардан сурап көрөлү, бул мал-мүлк, дүнүйө кайсы калктыкы, ушунча дүнүйөнүн артынан алар издеп чыкпай коёбу, алсакпы же албасакпы,мүмкүн, кайсы жерден келсе да, "Как жайыңа баргын!"-деп:

Карап турган сарттарды
Кайтарып жолго салсакпы?!-делип [80],

оболу сарттардан маалымат угууга кулак төшөшөт. Сарттар аларды Эсенкан, силер сооданын тилин жакшы билесиңер, ток-ачкага бекемсиңер, беш-алты жылга кызмат кылып берүүгө чакырып алдырганын, кан айткандан кийин "барбайбыз" деп айта албадык, төөлөрдү камдатып, казыналык малынан төөлөргө дүнүйөсүн жүктөтүп, алты кытайды башчы, он калмакты кошчу кылып, урматтап сый көрсөтүп, жол жүрөөрдө кептин башын ачты, б.а. кайсы жерлерге бараарыбызды, тоолоруна, дарыя-өзөндөрүнө чейин айтып, ошол аймактарды калмак, түрк элдери жердегенин. Түрк элинин ичинде:

Аты Жакып эр бар-дейт.
Баласы, атын-Манас-дейт,
Бабалары алаш-дейт, деп [81],

алардын ою чындап эле бузукпу, кандайлыгын бирөөлөрдүн көзү менен мында келип айтпастан, өз көзү менен көргөндөрүн гана байкап, аңдап, айтып келүү тапшырмасын берет. Сарттар андан ары болгон окуяны көргөндөрүндөй айтышат. Манаска айбатланып катылышкан он алтыбызды ал өлтүрдү, ал эми бизди эмне кыларын билбей турабыз, бирок:

Түндө бизди кондурду,
Конок кылып оңдурду,-делет [82].

Сарттардын сөзүн кунт коюу менен тыңдаган бай Жакып аябай бушайманга түшөт. Ал келишкен көпчүлүккө кайрылып, өзүнөр ойлонуп көргүлө, улгайган чагымда, минтип, балам мени азапка салат окшойт дейт.

Эсенкан болсо, алар менен беттешкен аман келбеген, Эсенкандын дүнүйө-малына тийгенибиз туура болбойт, карап турган ага-ини, силер эмне дейсиңер, кандай кылсак туура болот; чеки кадам шилтеп, тукум курут болуп калып жүрбөйлү?!-деп, бир далай муңайып тургандыгы айтылат.

Анда Акбалта кайрат айтып: -Кудай башка салганын көрөрбүз, кытай келип бизди качан кырып салар экен деп, илең-салаң болуп күтүп отурбай дүнүйө малды алып туралык, "Беш айлык жолдо Бээжин бар, Бээжин бизди не кылар?!", б.а. бир топ алыс жайланышканын эстетип, мына, алты зубун калмактын аз болгондо төрт жүзүн балаң Манас өлтүрдү, андан бери алты ай чамалуу убакыт өтүптүр, эмне, калмак келип кырып салдыбы, коп сабыркабай, сар-санааны коюп, курулай кейүүнү токтотолу дегенде, анын сөзүн олтургандардын баарысы оң көрүп кубатташат. Эр Манас атасына ачууланып "Атаганат атаке, акылыңыз канаке?!"-деп [1:83], кууганың дүнүйө, мал-мүлк болуптур, анын түбүнө кантип жетесиң, ошол мал-дүнүйөңдөн айрылуудан коркосуң; коркуп жүрүп, ушундай кор жашоого көнүпсүң:

Калмак, кытай биригип
Кастыгы менде турбайбы,
Калмактан коркуп калтырап,
Кытайдан коркуп кылтылдап
Жүрсөм Кудай урбайбы!-делет [1:83]

жана ар кандай сөздү дөөрүбөй, төөлөрдү бөлүп алыңар дейт. Кырк беш төө жүк малды, он сартын бөлүп алышып, жыйынга келгендер олжого тунуп калышат. Баягы жилиги сынган кызыл нар бай Жакыпка калат жана аны ошол жерде союшат. Ушул учурда Манас он эки жарым жашта болот. Бай Жакыптын бир учурда бир топ алыс, ыраакта жайланышып, күн кечиришип калышкан Орозду жана Бай деген эки агасы болгон. Ороздунун он баласы болуп, балдары кичүү кезде, Орозду кан катары абдан абийирдүү, кадыр-барктуу киши болот. Бирок балдары чоңойгондо алардын ортосундагы өз ара ымала, ынтымак ыдырап, ырк качып, бири-бири менен жоолашуу, катылышуу күчөйт. Байга да ыкыс, сес көрсөтүшүп, кысымга алышып, кубалоодон жана Байдын жылкыларын каректоодон кайра тартышпайт. Ал эми Байдын улуусунун аты Бакай, кичүүсүнүн аты Тайлак деген эки уулу болгон. Күндөрдүн биринде Бай чоң уулу Бакай менен кеңешет. Бай өз сөзүндө:

Өз туугандан жат болуп,
Өсөбүзбү сарт болуп?
Ороздунун балдары
Өмдүгүн койбойт ар качан,
Өзөккө түшкөн дарт болуп,-деп [1:85],

иниси Жакыпты издөөгө бел байлаганын, ойлонгонун, ал жалгыздыктан зарлап ыйлап жүрөбү, өлүүбү же тирүүбү, аны билейин; ага жолуктураар бекен, бир Кудайдан тилейин дейт. Анын кеңешин баласы Бакай тыңдап, макул көрүп: "Барыңыз, ата!"-деп, укканыма караганда эли бай, малга жакшы, жери жай деген оюн айтат. Бай жолго чыгып келатып, үчүнчү күндө түш ченде бир чөлдө арык казылып жаткан жерге келет. Арык казылып жаткан эл арыбери өткөндөрдү кармап, "өзүнө арык каздырып, атын союп салчу экен". Бай да дал ошол абалга кабылат. Арыкты каздыртып иштеткен Басаңкул аттуу сарт, ал эми арык ээси Нескара дөө болот. Нескараны колдогон алты шайтаны, элүү балбан дөөсү болуп, алардын "эртели-кечти эки убак, азгырып айткан сөзү бар, ишенет анын сөзүнө" делип, алар Нескаранын көзүнө Чабдар ат болуп көрүнүп, төмөндөгүдөй кеп баштайт: -"Алтай тоону жердеген, түмөндөгөн жылкы бар", ошол жылкыларды бери көздөй куусаң, ошондо аркаңан "Ногой!" деген чуу салып кубалайт, ошо чуунун ичинде азыр күчкө толо элек, быйыл он үч жаштагы Манас деген бала бар, ошол жылкылардын ээси Жакып аттуу чал, Жакыпты коюп, баласын куткарбай кармап ал, азыр анын "балтыр эти толо элек, балбан чагы боло элек" дейт. Нескара алты миңден ашык кишиге баш болуп, жогорудагы ойду ишке ашыруу үчүн жолго чыгат. Дал ушуга удаа Жакып атын минип, малы менен баласынан кабар алуу үчүн Кулан-Жайлоо белине жөнөйт. Жолдо Нескараны жана анын арбын колун көрүп, Жакыптын эси чыгып, кооптонуп "Бул эмине шумдук?!"-деп, аларга көрүнбөй жашырынып калат. Бирок алардын кандай максат менен жортуулга келишкенин билүүгө шашат. Бирөөлөрдөн сурагысы келет. Суроочу киши жолукпайт. Ошол аскерлердин арт жагынан бир карааңды элес-булас көрөт. Бу "Жалгыз-жарым жан экен, мээнеттүү мендей чал бекен?", анын "Ким экенин билейин, кебин угуп тилейин"-деп, ал чалдын баяны,-минген атын союшуп, өзүн арыктын чекесиндеги кумга көмүп салышат. Абдан чымырканып, аракеттенип, кумдан суурулуп чыгат. Бай Чабдар ат айткан сөзүн шашпай угат. Алар "Арбып-дарбып дүрбөшүп, аттан,

болгун, жүр!"-дешип, жөнөшкөн соң, Бай көмгөн жерден чыгып, алардан качып кутулууга камданат. Бир колотто алты качыр, төрт эшек калганын көрүп, этегине конок салып, эптеп качырлардын бирөөн кармап алат. Арык казгандардан элүү-кырк адам калып калган болчу, бирок алар Байды көрбөй калышат. Качыр кармап жүргөндө, алар Байдын карасын көрүп калышып, бул адам бу жерге кайдан келип калган, уурулук кылып жүргөн бир арам го, кууп кармап алалы!-дешип, алардын кужулдашып келаткандыктары билинет.

Чал алардан качып, бир кыраңга чыгып, аны кубалаган экөөн-үчөөн таш менен кырдан уруп жыгып, Бай аргасы жоктон ошол аскерлердин артынан наалып жолго түшөт. Ошентип бай Жакып бир тууган агасы менен жолугушуп, бири-биринин ал-жайын, аманчылыгын, ата-тегин, балдарын сурашканда, алардын айрылышканына алтымыш жылча убакыт өткөнүн, бир-бирин эстегенде кусадар болуп сагынып, ыйлап, көз жаштарын төгүп көлдөткөн учурларын, бири-биринен улам сурап, жообун угуп, маектешип, эки чалдын эзилише сүйлөшкөнү, чер жазышканы баяндалат. Агасы Жакыптан баягы жалгызыңдын аты ким деп сураганда, Жакып:

"Жалгыз көргөн бир балам,
Жардам берсин бир Алдам,
Аты Манас!"–деп айтканда [1:92], аны уккан соң Бай, Нескаранын Манас деген баланы өлтүрөм дегени эсине түшө калып, инисине ошо сен көргөн алты миңдей колу менен Нескара дал Манасты өлтүрүүгө ниеттенип чыкканын ынанымдуу айтканда, муну уккан Жакыптын эси чыгып, жүрөгү көмөкөйүнө тыгылып, не кылсам экен деп айланчыктап, ары-бери чапкылатып, айылдардан адам жыйып, коргонуу аргасын ойлоп, шаштысы кетет. Бай Жакып бардык жамааттарына ылдам кабар айттырып, Нескарадан коргонууга жегиштүү кол топтоого үлгүрөт. Ал эми Нескараны эзэрчиген алты миң аскер адашып кетишип, "Бай Жакыптын Кең-Арал, аягы менен өтүшүн", барып, Маңгулдун журтун басышат. Маңгул журтунун Жайсаңбай аттуу байынын жылкыларын тийип алып качышат. Биздин жылкыларыбызга тийгендер кимдер дешип, маңгулдуктардан беш жүз адам жыйылып, "Ат салышып акырып, айгайлашып бакырып", кимдерди жоолоп, кимди издеп жүрөсүңөр?-дешип айгай салышканда, арык башчы Басаңкул:

"Бай Жакыптын баласы,
Кайда болот айтыңар,
Байгур уулу Манасы?
Издегени шол-деди,
Шону издеген кол!"–дегенде [1:94], маңгулдар Манас, Жакыптын бу кезде турган жерин айтышат жана Жайсаңбай айгай салып, мурунтан калган кегиңер болсо айткыла, биздин жылкыларды алып, бизди азапка салбагыла деп, ушул өтүнүчтү аскер башчы бегине айтуусун өтүнөт. Басаңкул уккан кептердин жөн-жайын Нескарага айта барганда, Нескара шекшинип, ошол Жакыптын өзү болуу керек, башкада анчалык мал болбойт, андан көрө ага "Жылкыңды берем-деп, туруп, жылуу-жумшак кеп уруп, бортоңдогон бу чалдын, өзүн кармап аламын"–деген акыл сөзүн айтканда, Басаңкул макул табат. Басаңкул Жайсаңбайга келип, сенин жылкыңды айдабайлы, кайра кайтарып берели; сенин бизге кылган кызматың, Манасты таап, кармап бер!–деп суранат. Жайсаңбай башын чайкап, өңү кубарып, бала Манас баатырды "Кармап берер каруум жок, Айдап берер алым жок" [1:94], ал түгүл айылымды жыпжылас чаап кетсеңер да, аны кармап берерге табым жок!–-деп Басаңкулду жайма-жай карайт. Ошондо Басаңкул Жайсаңбайды кармоого чамынганда, ал атына камчы салып, бура тартып колун көздөй качып жөнөйт. Басаңкул анын артынан кууп келген учурда, Таноо аттуу калмак Басаңкулду колок менен атат жана ал "коркурап барып жыгылып", өлүп жатып калат. Ачууланган Нескара Жайсаңбайга жөнөп, аламан уруш салат жана Жайсаңбайдын аскерлери Нескаранын колунун мизин кайтарганда, каардanган Нескара алты миң аскерин бирдей тең чабуул койдурат. Көптөп чабуулга чыдай албаган Жайсаңбай тоого качып жөнөйт. Алар: "Кыз-келинин кармашып, дүнүйөгө жармашып, олжолорун талашып, орчунун сен алдың,–деп, ороңдошуп сабашып",–деп айылды бүлдүрүшүп, талоонго алышып жана "Олжону арбын алышты, Оңуп жыргап калышты",–деп айтылат [1:95]. Бирок, Нескаранын аскерлеринин кайтчу жолу буулуп, торолгон болот. Ошондуктан "Эми жолдон көрүп ал, Кулак тунган көп чууну",–делет [1:96]. Ошентип кытайдын Даң-даң деген балбаны менен калмактын Күнөс балбаны жекеме-жеке сайышка чыгышат жана Күнөс Даң-даңдын колунан каза табат. Буга арданып кыргыздардан Көкчө баатыр кармашууга жөнөп калат. Көкчөнүн атасы Айдаркан баласына бакырып, Даң-даңга жеткирбей тосуп, сен али кичүүсүң:

"Балтыр этиң толо элек,
Балбан күчүң боло элек,
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек,
Койгун, балам, барба-деп,
Жолобогун ага!"–деп,
Айдаркан айтып салганы,–делет [1:98] жана аны көрүп эр Көкчө: "Атамдын кеби акыл-деп, андай болсо макул-деп" атын бура тартат. Айдаркан менен Даң-даң кармашып, Даң-дан каза табат. Кытайдын Көдөң аттуу балбаны Айдарканга каршы айкырып түшкөндө анын айбатына чыдабай Айдаркан качып калат. Анда Аккуланы моюндап, Манас бакырып чыгып, жеткен жерден Көдөңдү бир заматта көмө жанчып өтөт. Жекемежеке чыккан кытайдын дагы эки балбаны эр Манастын колунан каза тапкан соң, аларды көрүп чыдабай, арданган бойдон Нескара мусулман жакка бет алып, чабуулга өтөт. Бирок Манастын айбатынан сестенип, Нескара Чабдар атын камчылап, өз аскерлерин айланта качууга мажбур болот. Ошо кезде Нескаранын жашы он тогузда экени айтылат. Качып баратып Нескара Манас менен беттешкени жаңылыштык болгонун, өкүнгөндүгүн билдирип, калкын муңайтат. Манас Аккуласын минип катуу кубалап:

"Жер түбүнө жетсе да,
Бээжин түгүл бер жагы
Кен-Тоого кирип кетсе да
Артынан Манас жетем-деп,
Же өлтүрбөй, же өлбөй
Кантип кайра кетем?!"–деп [1:101], белге жакындаганда, бай Жакып Манасты араңдан зорго токтотуп калат, б.а. Манас кызуу кандуулук менен Нескараны кубалап кете бергенде, Манас-

тын өмүрүнө коркунуч туулуп калуусу мүмкүн эле. Нескарадан калган колдун баары калтырап, "Кара көзү жылтырап, жан соогаттап буркурап; жалпы баары чуркурап", төрт жүз отуз сарты, калган кытай, калмагы: "Катылбайбыз эми!"–деп, колдорун төбөгө көтөрүшүп, эсен-аман калуу үчүн жалынып-жалбарышат. Манас жесирдин баарын бошотуп, акыл кебин айтып, баарынын өзүнө тиешелүү болгон мал-мүлкүн, дүнүйөсүн алууга буюруп, үч күн ыйладыңар, мына азаттыкка чыктыңар деп көңүлдөрүн көтөрүп, кубантып, алардын кайсы аймактарды жердөөсүнүн ылайыктуулугун айтып, эгер жоо келсе кабарлашып туралы, бирге бололу деп, Эсенкан келсе, көптүгүнө салганда, соо койбосун эскертет. Андан ары Манастан баары кеп сурайт:

"Алда, Алда!-дей бердиң,
Кудай, Кудай!-дей бердиң,
Ал эмине?"–деп сурайт [1:102]. Анда Манас Ислам динин тутунуп, кандайча "Кудай" деп калганынын таржымалын, анын Кудайга болгон бекем ишеними аны кыйын-кезеңде ар дайым колдоп жүрөөрүн сезгенин аларга айтканча, аларды да Ислам динине кирүүгө үгүттөйт. Алар Манастын бул сунушун макул табышат. Нескаранын аскерлеринин ичинен бузуктук, ырайымсыз иш кылгандарынын, катын-кыздарга катылгандарынын сексен алтысын аябай катуу жазалашат. Колго түшкөн алты миң үч жүз колунун аты-тонун, курал-жарагын, баарын алып:

"Аман-деди-жаныңар,
Алты миң үч жүз саныңар,
Качып кетти каныңар.
Баарыңарга эп болсо,
Мага кара баарыңар!"
Манас айтып салганы,–делет [1:103].

Төрт жүз сарты, эки миң үч жүз киши калмак түркү (б.а. алар өзүлөрүн "калмак түркпүз" дешкени) жана үч миң алты жүз кытайы жан соогатташып, жалдырашып, көп азап чеккендерин айтышып, кара жанын эсен-соо коюуну өтүнүшүп, Манаска кошуп алууну суранышат. Алардын арзуу-тилектерин эр Манас кабыл алат. Мында дагы бир көңүлгө алчу жагдай жүз берет. Нескарадан чабылып чыккан маңгулдардан Үйшүн, Үмөт аттуу аксакалдары, Жайсаңбай, Үр эрендери жан жабыла Жакыпка келишип, өзүбүзчө обочолонуп жүргөнүбүз болбойт; сиздин этегиңизди кармаганыбыз оң, Нескарага окшогон эр келсе бизди эсен койбосун билип калдык; андыктан, кошулуп, эл-журт болууну өтүнүшөт. Буга кошумча Күнөс балбандын агасы Күлдүр жайсаң өзүнүн он төрт жашгагы Чаганбай аттуу жалгыз баласын Манаска жолдош, алашка жоролош болсун, бул, эл болгондун белгиси,–деп суранат. Ошентип, күүгүм кирип, а күнү жатып калышып, эртеси таң атып, жарык болгондо, жашы менен карысы, баары турушуп, мынчалык чогулган соң, жыйынтыктуу бир чечимге келүүнү ойлонушуп, эл-журт аксакалдары, эл мыктылары, азаматтары, баары жыйылышып:

Атагы Бээжин жер деген,
Адам уулу жеңбеген
Аты угулат бу жерге,
Аны Алтайдын журту көрбөгөн.
Анын баары жоо болду,
Алакандай алтайлык
Алар асылса кайдан соо болду?!
Өлүп калсак кырылып,
Бир чуңкурга тололук.
Тирүү болсок жыйылып,
Бир дөбөдө тололук.
Уктуңарбы баарың?-деп,
Улуу-кичүү карың!"-деп,
Анда бата билбеген,
Ак динине кирбеген,
Мөндү, мөндү, мөндү-деп,
Эки колун төбөгө
Эл көтөрүп калганы.

Эсине эгем салганы, [1:104-105], Эр Манас шондо кеп айтып: –бул баарыбыздын жалпы антташкан, шерттешкен шартыбыз болот; кимде-ким ушул антынан, шертинен жанган болсо, Кудайдын кусуру уруп кетсин!-деп, мага угуза айткыла дегенде, укканынын баарысы "уруп кетсин Кудай!"–дешип, чуркурашып калышат. Антын, шертин кылышып, ал жерден тарашат жана "Тууган болду душманы",–делет. Арадан алты ай өткөн соң эр Манас он төрткө толот.

Жыйынтыктап алганда, жогоруда баяндалган окуялардын жүрүшү төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

• Манас чоролору менен эч нерседен бейкапар өтө берилүү менен бүт ышкысын коюп, кыргыздын улуттук "Ордо оюнун" ойноп жатышкан учурда, төөсүн ордонун чийинин ичине киргизип, соодагерлердин көзгө илбеген, теңсинбеген, тоотпогон мамилеси, өспүрүм Манасты ардантып, анын арнамысына тийген көрүнүш болот;

• Манасты кармамакка алардын алтоосу жулунуп-жабылышканда, алар менен катуу кармашып Манас баатырдыгын көрсөтөт;

• Бул окуядан соң Манас жылкычысын чаптырып, атасы Жакыпка, Акбалтага, Бердикеге, Дамбылдага, б.а. жамааттын баары келип калсын, "Манастын тапкан дүйнөсүн, байкап бөлүп алсын!"–деп, калкына кабар салдырат; Жакып бай кырк беш жүктүү төөнү, алардын алдында турган сарттарды көрүп айран-таң калат, ушунча дүнүйөнүн, малдын артынан издеп чыкпай коёбу деп, жашоо-гурмушка көзү каныккан Жакып бир топ муңайып туруп, акыл токтотуп иш кылууну айтып, мал-мүлкүнүн камын, элинин коопсуздугун, тынчтыгын ойлойт; анда Акбалта чал кайрат айтып, кеңеш салат: -кытай качан келип, бизди кырып салат экен деп коркпой, олжону алып туралык, мындан илгери да көптөгөн кармаштар, уруштар болуп келген го; алты зубун калмактын аз дегенде төрт жүзү балаң Манастын колунан каза табышты, андан бери алты айга жакын убакыт өтүптүр, кана, келип алардын кырып салганы, "Кудай салса көрөрбүз, жазганына көнөрбүз"–дегенде, олтургандардын баарысы: "Оң сөз!"–дешип калышат; бул сөздөргө удаа эле эр Манас атасына ачууланып: "Атаганат атаке акылыңыз канаке?!"–деп, малдын, дүнүйөнүн артынан кууп жүрүп, ач көз, сараң болуп калгандыгын, "Коркуп жүрүп, кор болуп, корлукка көнгөн экенсиң!" деген кеп айтып, капаланып, коркпой, эркиндикте, азаттыкта жашоого үндөйт;

• Нескара дөөнүн аскерлери менен Манастын колунун кармашында, баатырлардын жекеме-жеке сайышы көңүл буруурга арзыйт; биздин оюбузча, эр сайышка ортого чыгууда, кайсы бир тараптын баатыры сайышка чыгып, бөлөк тараптын баатырлары сайыштан баш тартканча (б.а., же калбай калганга дейре), уланып, ошондо жеңиш мөөрөйү сайышка чыккан тарапта болот жана мында кармаштын адилет чечилүү эрежеси жатат;

• Нескара дөө качып кеткен соң, анын алты миң үч жүз колунун (аскеринин) айрым сандагысын кылган кылмышына жараша жазалап, калгандарынын Манастын журтуна кошулуп эл болууга болгон чоң өтүнүчүнө макул болуп, аларды Ак Ислам динине моюн сунууга (б.а. бир ишенимди тутунууга) үгүттөп, бата берилип, антташып, шерттешип, берген Антын бузбоо талабы, бул, өспүрүм Манастын уюштуруучулук сапатын, калыстыгын, жетик акылдуулугун мүнөздөйт.

Адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]./ С. Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИ-Анын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. //Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010.-1840 б.

2. Эсенкан Манасты кармап келүүгө он миң колду жибергени [Текст]/ Айкөл Манас баяны: 1-китеп. 5-бас. / /Адаб. жаз. чык. Б. Максүтов.-Б.: "Турар", 2013. -220 б.

3. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. –Б.: "Турар", 2011. -604 б.

4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: 1-бөлүк.-Б.: 1996. -69 б.

Б.М.Акматов,
БГУ

ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА АДАБИЯТКА ТИЕШЕЛҮҮ САБАКТАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргызстан эгемендүү болуп демократия өнүгүш жолун тандап алгандан тартып, дүйнөлүк коомчулук ага кандай көңүл бура баштаса, ал бардык тармактар боюнча көптөгөн мамлекеттер менен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызматташууга өттү. Мындай шартта артыкчылыкка ээ болгон тармактардын бири билим берүү системасы болуп саналат. Кыргызстан өнүккөн өлкөлөрдөгү ири жетишкендиктерге ээ болгон ийгиликтери толугу менен биринчи кезекте билим берүү системасын туура жолго койгондугунан экендигин сезип, дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы иш-тажрыйбаларды өлкө ичине алып келүүгө аракет кыла баштады. Алардын биринчиси орто билим берүүнү 12 жылдыкка өткөрүү аракети болсо, экинчиси жогорку кесиптик билим берүүнү эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кредиттик окуу системасына алып чыгуу кызыкчылыгы болуп эсептелет.

Өнүккөн өлкөлөрдө практикаланып келе жаткан мындай билим берүү системасын Кыргызстанга "көчүрүп келүү" аракети кимдир бирөөнүн жеке субъективдүү кызыкчылыгынан жаралган жок. Ага карата кызыкчылыктардын пайда болушу XX кылымдын акыркы жылдарында Россия башында турган КМШ өлкөлөрүнүн бардыгына мүнөздүү объективдүү шарт болуп саналат. Буга себеп, биринчиден, социалисттик түзүлүшкө ээ болгон СССРдин кыйрашы, коммунисттик идеологияга негизделген билим берүүнүн ойрондолушу, анын натыйжасында билим берүү саясатын өзгөртүүгө карай кырдаалдын пайда болушу менен түшүндүрүлсө, экинчи жагы КМШ өлкөлөрүндө билим алган жаштардын дипломдору өнүккөн өлкөлөрдө таанылбашы аталган мамлекеттерде тез аранын ичинде элдин социалдык кызыкчылыгын эске алуу менен билим берүү саясатын жаңылоону күн тартибине койду. Ошондой эле коомдук түзүлүштүн рынок экономикасына өтүшү, анын натыйжасында жогорку окуу жайларынын ички жана тышкы конкуренцияга туруштук берүү кызыкчылыктары АКШ жана Батыш мамлекеттериндеги эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасын КМШ өлкөлөрүнө алып келүү зарыл экендигин көтөрүштү жана чет элдик окуу жайлар менен кызматташууга өтүштү. Окуу жайлардын мындай демилгелери мамлекет жетекчилери, өкмөт жана билим берүү министрликтер тарабынан колдоого алынды. Кыргызстанда да эки баскычтуу окуу системасына өтүү биринчи жолу XX кылымдын 90-жылдарында пайда болуп, ага медицина, эл аралык байланыштар, компьютердик технология, экономика, юридика жана лингвистика сыяктуу адистиктер кире баштаган.

Кыргызстандагы кесиптик билим берүүнү АКШ жана Батыш мамлекеттериндеги эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасы менен интеграциялоо, аларда иштелип чыккан окуу стандарттарын кабылдоо, кредиттик технологияга өтүү менен ишке ашырыла баштады. Бирок XX кылымдын 90-жылдарында Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндөгү практикалык иштер стихиялуу жүрүп, мейли мыйзамдык жактан, мейли илимий-педагогикалык жактан мезгил талап кылган деңгээлине чыга алган эмес. Бул учурдагы абалды республиканын билим берүү министрлиги жана жогорку кесиптик билим берүү стандартын иштеп чыккандар төмөнкүдөй баалашкан: "За годы становления законодательство в области образования дважды претерпела изменения. Пересмотрена сама концепция развития отечественной системы высшего образования. Если в недавнем прошлом о

высшей школе говорили, прежде всего как о "кузнице кадров", всецело подчиняя ее развитие нуждам государственного планового хозяйства, то в изменившихся условиях на первый план вышла ее гуманистическая и культурно-творческая миссия, которая ярче всего проявляет себя в удовлетворении духовных интересов граждан, потребностей человеческих сообществ" [1]. Ырас, өндүрүшкө кирип, практикалык мазмунда белгилүү иштер аткарылып, эки баскычтуу кесиптик билим берүүгө карай акырындап өтүп жатканы менен ошол жылдарда аталган эки баскычтуу билим берүүнүн миссиясы эмне экендиги, ал кандай концепцияга негизделип, кайсы парадигмаларды жетекчиликке алып иш жүргүзө тургандыгы толук такталган эмес. Тагыраак айтканда, өзгөрүлүп жаткан кырдаалга ылайык окуу жайлардын кызыкчылыгын эске алуу, зарылдыгына жараша айрым бир предметтерди алмаштыруу, окуу процессин демократиялаштыруу, жогорку окуу жайлары өзү аныктап окута турган компоненттерди киргизүүгө мүмкүнчүлүк түзгөнү менен бардык окуу жайлар милдеттүү аткаруучу жалпы нормативдер, окуу пландарын иштеп чыгууга карата көрсөтмө берүү баары бир өзгөрүүсүз калган.

Мындай стандарттарда кесипке ээ болуучу студент жогорку окуу жайын аякгагандан кандай компетенцияларга ээ болушу керек деген маселе ал жылдарда коюлбаса да, мамлекеттик билим берүү стандарттарын дүйнөлүк билим берүү системасына жакындаштыруу аракеттери боло баштагандыгы байкалат. XX кылымдын 90 жылдарында түзүлгөн КМШ өлкөлөрүндөгү мамлекеттик стандарттар АКШ жана Батыш мамлекеттери ич ара келишкен Болонья процессиндеги окуу стандарттарына ориентир кылганы даана сезилет. Бирок бул мезгилде КМШ мамлекеттеринде, анын ичинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө эки баскычтуу окутуу структурасы киргизиле баштаса да, артыкчылык баягы эле 5 жылдык адистештирүүдө калган. Окутуунун ички мазмуну өзгөрбөгөндөн кийин мындай жогорку кесиптик билим берүү талабы бир гана маселени чече алган, б. а. Кыргызстандан бүткөн адистин диплому КМШ мамлекеттеринде жарап жана колдонуу укугуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү менен чектелген. Ал эми XXI кылымдын алгачкы жылдарынан тарта Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү тармактарында чет мамлекеттер менен өз ара кызматташуу күчөп, анын натыйжасында жаңы окуу программалары, окутуу долбоорлору ишке киришип, мындай көрүнүш эки баскычтуу кесиптик билим алууга карата жаштардын кызыкчылыгын арттырды. Жаштар мурдагыдай тигил же бул окуу жайдын эл арасында калыптанган аброюна эмес, бүткөндө кайда жана кантип иштей ала тургандыгына карап кесип тандай баштагандыгына байланыштуу Кыргызстанда эл аралык байланыштар, экономикалык кызмашташтыктар, банк иштери, финансы жана кредит, чыгыш таануу, ж. б. кесиптер менен бирге бакалавриаттык деңгээлде филологиялык билим берүү алдыңкы орунга чыкты. Мына ушул жылдардан тарта Кыргызстандын жаштары диплом эмес, билим керек экендигин түшүнө баштады. Жаштардын кесиптик билим алууга болгон мындай талаптары 2000-жылдын баш чендеринен тарта жаңы муундагы мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу зарылдыгын күн тартибине койду.

Ушул жылдары эки баскычтуу кесиптик билим берүү мейли формалык жактан да, мейли мазмундук жактан болгону бир кадам алга жылды десек болот. Тагыраак айтканда, иш жүзүндө болуп жаткан практикалык иштерде да, аны жөнгө салып турган мыйзамдык аракеттерде да эки баскычтуу кесиптик билим берүү Кыргызстанда баштапкы касиетинен кескин өзгөрүп кете алган жок. Бирок, Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министирлигинде 2000-жылдын 29-декабрындагы № 752 / 1 – буйругу менен бекиген 520300 филологиялык билим берүү багытында эки баскычтуу (бакалавриат жана магистр) окуу системасы өндүрүшкө киргизилип, ал окуу системасын эки баскычта жүргүзүүгө боло тургандыгын аныктады. Аталган мамлекеттик стандарттын бир кадам алга жылганы студентке адистик боюнча бакаларв катары диплом алууга жана андан ары кесибин башка багыттарда улантып кетүүгө мүмкүнчүлүк түзгөнү болду. Ал эми экинчи баскычта бир жыл окуп кесипке ээ болууга, ошондой эле эки жыл окуп өзү тандап алган багыт боюнча магистрдик даражаны алууга жол ачып берди. Мындай өзгөрүүлөргө туш болсо да Кыргызстанда кесиптик билим берүү ошол жылдары мазмундук жактан жаңылана албады. Ал эми бул мезгилде Россия башында турган КМШ өлкөлөрү бир кыйла алга жылып кеткенин айтпай коюуга болбойт.

Окуу стандартынын ошол мезгилде окуу процессине сунушталган вариантына көз чаптырсак [2], окуу эки баскычтуу болушу, анда бириле турган билим мына ушул эки баскыч аркылуу ишке аша тургандыгы жалпысынан туура белгиленгени менен ошол эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн негизги миссиясы мурда ишке ашып келген кесиптик билим берүүдөн (беш жылдык адистик билим берүүдөн) айырмаланбаган. Эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн жалпы жонунан беш жылдык адистерди тарбиялоочу баштапкы кесиптик билим берүү парадигмасын жетекчиликке алгандыктан, окуу стандартында кесиптик билим берүүгө карата берилген мүнөздөмө, адистерге сунушталган билим жана тарбия мурда жүзөгө ашып келе жаткан мазмунунан алыстай алган эмес.

Ошол эле XXI кылымдын алгачкы жылдарынан тарта Россия өзүнүн "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизет, б. а. анын 2-беренесине ылайык адистик билим берүүдө жарандардын кесипкөй компетенттүүлүгүн калыптандыруу башкы планга коюлат да, ал XXI кылымдын баш чендеринде эле кабыл алынган "Концепция модернизации российского образования на период до 2010 года" [3] аттуу документте так белгиленет. Мында билим алууга карата дүйнөлүк мааниге ээ болгон мындай социалдык талаптар эске алынат. Ушундай эле көрүнүштү ошол мезгилдеги КМШ өлкөлөрүнүн жогорку кесиптик билим берүү стандарттарынан да байкоого болот. Мисалы, Казакстандын Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 31-июлдагы № 365-буйругу бекитилген стандартта [4] деле коомдук-социалдык талаптар компетенциялар менен аныкталат.

Ырас бул документтерде эки баскычтуу жогорку билим берүүнү компетенттүүлүк парадигмасына өткөрүү жөнүндө кеңири сөз болбосо да, аталган документтердин мазмунунда дүйнөлүк билим берүүгө багыт алуу, жогорку кесиптик билим берүүдө өнүккөн өлкөлөрдө ишке ашып жаткан алдыңкы тажрыйбаларды кабылдоого карата максат-милдеттер коюлат. Алардын концептуалдуу көз караштарын *компетенттүүлүккө негизделген окутуу парадигмасына жакындаштырып турган нерсе* – билим алып жаткан жаранга субъекти катары мамиле кылуу; анын инсандыгын сыйлоо аркылуу билим берүүгө аракеттенүү; билим жана тарбиялоону ошол жеке адамдын инсандыгына багыттоо; ал ким болбосун өзүнүн индивидуалдуу касиеттери жашаган коомдун бир мүчөсү экендигин таанытуу; кайсы тармак боюнча билим алууга умтулбасын жөндөмдүү (компетенттүү) адис болуп чыгуусуна карай билим берүүнүн нугун буруу; ж. б. критерийлерди ичине алгандыгы болуп саналат. Бирок, ушул жерден мезгилдин өтүшү менен эми гана эки баскычтуу жогорку билим берүү системасына бут коюп, анын ички табиятына мүнөздүү белгилүү бир спецификалык бөтөнчөлүктөрүн ар бир мамлекет ар түрдүү кабыл ала тургандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Маселен, Казакстан эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү боюнча эвропалык стандартты ошол турушунда кабыл алса, Россия өзүнүн федералдык бөтөнчөлүгүн эске алуу менен чыгармачылыкта өздөштүрүүгө умтулган. Ал эми Кыргызстан бул жылдарда дүйнөлүк эки баскычтуу жогорку билим берүүнү өлкөгө мурдатан мурасталган советтик жогорку кесиптик билим берүү менен айкалыштырууга аракеттерин жасап, ошол эле мезгилде кыргызстандык жаштардын Россияда иштеп жана билимин өркүндөтүп жатканын эсепке алуу менен кабыл алган стандартында россиялык макетке артыкчылык бергени байкалат.

XXI кылымдын баш чендеринде тарта жогорку кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу этаптарына өтүү, анда кесиптик багыт боюнча төмөнкү (бакалавриат) жана жогорку (магистратура) баскычтарында билим алып жаткан адистердин азыркы коомдук-турмуштук талаптарга жооп бере ала турган *компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн* практикалык иштердин аткарылышы, мыйзамдык аракеттери коомдук-социалдык илимдеринде, анын ичинде педагогика илиминде изилдөө объектиси боло баштагандыгы байкалат. КМШ өлкөлөрүндө ишке ашып жаткан тажрыйбаларга таянуу, аларда жүрүп жаткан алгылыктуу иштер Кыргызстанга өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок, натыйжада "компетенция" жана "компетенттүүлүк" деген түшүнүктөр бизде да кесиптик билим берүүдөгү негизги категориялар катары кабыл алынды.

Кесиптик билим берүүнү учур талаптарына ылайык ишке ашыруу үчүн бул түшүнүктөргө негизделүү канчалык маанилүү болсо да, Кыргызстанда жана ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө XX кылымдын аягынан тарта аталган концептуалдуу түшүнүктөрдү кабыл алууга карай каршылыктар болуп келди. Анын таасиринде ар бир мамлекет бул багыттагы концепцияны ар түрдүү кабыл алды жана ар бири ар түрдүү мезгилде билим берүү системасына киргизишкенин айтпай кетүүгө болбойт. Мындай көрүнүш өнүгүүгө багыт алган мамлекеттерде боло турган мыйзамченемдүүлүк катары кабыл алынууга тийиш. Маселен, эки баскычтуу кесиптик билим берүү системасына өтүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 496-токтому менен сунушталса да, ал ишке киргизилген эмес. Анан 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө кайрадан каралып, ушул жылдын 4-июлундагы № 472-токтому менен мыйзамдык негиздери иштелип чыгып, 2012-2013-окуу жылдарынан тарта өлкө боюнча колдонууга киргизилет. Мында негизги максат Кыргызстандагы "жогорку кесиптик билим берүүнү эл аралык билим берүү менен интеграциялоо зарылдыгынан" экендиги так көрсөтүлөт. Жогорку кесиптик билим берүүнүн эл аралык талаптарына ылайык адис ээ боло турган компетенциялар жалпысынан экиге – *универсалдык* (жалпы илимий, инструменталдык) жана *профессионалдык* болуп бөлүнөт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2012-жылы кабыл алынган даярдоо багыты 531000 филология боюнча "Жогорку кесиптик билим берүү стандартындагы" квалификациясы (даражасы) бакалавр адистигинде **компетенциялар** – *жалпы илимий компентенциялар* (ЖИК); *инструменталдык компетенциялар* (ИК); *кесиптик компентенциялар* (КК); *социалдык-личносттук жана жалпы маданий компентенциялар* (СЛМК) деп жалпысынан төрт топко бөлүнүп берилет.

Адабияттар

1. Сборник государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования. / Под ред. Ш. Дж. Джусенбаева. – Б.: 2004, Ч. 2, 4 –бет.

2. Сборник государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования. / Под ред. Ш. Дж. Джусенбаева. – Б.: 2004, Ч. 2, 198 – 276-беттер

3. Концепция модернизации российского образования на период до 2010 года. - М., 2002, 11 – 18-беттер

4. Государственный общеобязательный стандарт образования Республики Казакхстан. – Алматы, 2009

Иманкулов А.,
Профессиональный лицей №8, г.Бишкек

НЕКОТОРЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ УПРАВЛЕНИЯ КАЧЕСТВОМ ОБУЧЕНИЯ И ВОСПИТАНИЯ

Под управлением понимается функция организованных систем различной природы (технических, биологических, социальных) обеспечивающих сохранение их структуры, поддержание определенного или перевод в другое состояние в соответствие с объективными закономерностями существования данной системы, реализацией программы или сознательно поставленной целью. Управление осуществляется путем воздействия управляющей подсистемы на управляемую, на протекающие в ней процессы посредством информационных сигналов и управленческих действий (пед-.словарь). Сущность управления выражается через его функции, в которых определен круг деятельности, ее содержание, ее виды, назначение, роль.

В трудах по вопросам управления отражены его сущностные характеристики, которые в целом можно свести к следующим моментам.

Управление–функция биологических, технических, социальных, организационных систем, которая обеспечивает сохранение их структуры, поддерживает определённой режим деятельности. Существует 3 класса управления:

1) в неживой природе (техническое-управление производственно- техническими процессами)
2) в организмах (биологическая)
3) в обществе социальные системы

Управление в социальных системах-это управление людьми, это воздействие на деятельность людей, объединенных в группы, коллективы с различными интересами, в процессе производства, распределения и потребления материальных услуг людей объединенных различные организационные формы, т.е. социально-экономические системы. Управление в социально-экономических системах можно рассматривать в широком смысле - как управление в любой организации людей независимо от целей их деятельности управление государством, регионом и т.д, а также управление можно рассматривать как целенаправленную деятельность, позволяющую выполнять конкретные функции. Субъектом является человек или группа людей, а объектом - предприятия, различные организации, целью которых являются выполнение определенных функций. Поэтому многое эксперты применяют следующие определения: управление-процесс планирования, организации , мотивации и контроля для достижения цели организации. П.Друкерпред. управление- вид деятельности, превращающую неорганизационную толпу в эффективную, целенаправленную, производительную группу. Методы управления-приемы, способы воздействия на объект управления для достижения целей:

1) организационно- административные- относятся административные указания, нормы, дисциплина, поощрения, взыскания. Это методы властной мотивации, ориентированы на принуждение людей к достижению заданной результативности. В особенностях рыночной экономики следует ориентировать работников на достижение результативности и инициативу, а административные методы сковывают;

2)экономические - зависимость материальной обеспеченности от результатов его деятельности. Соц-.исследования показали, что в развитых странах – деньги не является главным стимулом работы. Людям нужны деньги, но они хотят получать удовольствие от работы и гордиться ею;

3)социальные методы - означает создание равных возможностей для всех членов коллектива вне зависимости от должности и заслуг, при получении соцблаг и улучшении условий труда и отдыха, повышение их трудовой активности;

4) психологические методы – основаны на познании психологической природы человека, структуры его потребностей. Это методы психологического пробуждения (мотивации), профессиональный отбор, ориентация, обучение. Важным является согласование методов между собой.

Задачи управления-

1) обеспечение существования предприятия на рынке (изучение рынка, реагирование);

2) обеспечение инновации – разработка новых видов товаров и услуг, все более высокого качества, принимая во внимание экологические проблемы, рациональное использование материальных ресурсов;

3) организация работы коллектива, формирование кадров, системы отношений между людьми, содействие развитию персонала, повышение эффективности труда. Уровни управления. Традиционно выделяют три уровня управления. Руководители низового звена (младшие начальники наблюдают за процессом осуществления производства работниками, которые не управляют, а имеют дело непосредственно с ресурсами). Руководители среднего звена являются буфером между руководителями низового и высшего звеньев. Руководители высшего звена отвечают за организацию в целом или за крупный сегмент данной организации. Управление(аналог термина менеджмент)-самостоятельный вид профессионально осуществляемой деятельности, направленный на достижение определенных намеченных целей путем рационального использования материальных и трудовых ресурсов с применением принципов, функций и методов экономического механизма менеджмента. Управление в условиях рынка означает-

1) ориентацию фирмы на спрос и потребности рынка, на запросы конкретных потребителей и организацию производства технических видов продукции, которые пользуются спросом и могут принести фирме намеченную прибыль;

2)постоянное стремление к повышению эффективности производства с меньшими затратами, получение оптимальных результатов;

3) хозяйственная самостоятельность, обеспечивающая свободу принятии решений тем, кто несет ответственность за конечные результаты выявляется на рынке в процессе обмена;

4) постоянную корректировку целей и программ и зависимости от состояния рынка;

5) конечный результат выявляется на рынке в процессе обмена;

6) необходимость использования современной информационной базы с компьютерной техникой для расчетов при принятии решений.

Главное в управлении – определение целей деятельности фирмы на ближайшую и дальнюю перспективы. Осуществляется с учетом оценки потенциальных возможностей фирмы и ее обеспеченности соответствующими ресурсами. Рациональное использование материальных и трудовых ресурсов предполагает достижение целей и при минимуме затрат и максимуме эффективности на основе методов мотивации сотрудников.

Принципы управления:

1) принцип централизации и децентрализации - решаются проблемы разделения полномочий по принятию решений на каждом уровне, централизованно принимаются стратегические решения, а оперативное решение осуществляется децентрализовано –полномочия делегируются низовому звену;

2) принцип единоначалия и коллегиальности– единоначалие заключается в том, что всю ответственность несет одно лицо- президент, директор, управляющий , а каждый работник отвечает за доверенную ему участок работы. Коллегиальность предполагает привлечение к выработке управленческих решений руководителей различных подразделений. Обеспечивается объективность и обоснованность решений (собрание акционеров- разновидность коллегиального принципа);

3) принцип единства команды -он требует от руководителя отдачи приказов и распоряжений только своим непосредственным подчиненным;

4)принцип научной обоснованности управления-управление должно осуществляться на основе применения науки. Важно видеть противоречия между теорией и практикой;

5) принцип плавности- любая деятельность должна планироваться;

6) принцип сочетания прав, обязанности, ответственности – работник должен нести ответственность, только за те задачи, который попадают в его полномочия (правильно принимать решения);

7) принцип демократизации управления– в современной экономике исполнители обладают высоким профессионализмом, образованностью, квалификацией, а также общей культурой и потребностью участвовать в управлении производством.

Привлечение персонала -есть реализация этого принципа; (1;2)

Литература

1. Скакун В.А. Методика производственного обучения. – М., 1992-164с.

2. Татур, Ю.Г. Высшее образование: методология и опыт проектирования [Текст]/ Ю.Г. Татур. – М.: Университетская книга, Логос.- 2006.-256с.

Б.М.Акматов,
БГУ

ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫНДА КОМПЕТЕНЦИЯЛАР ЖАНА КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ БОЮНЧА КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИССИЯСЫ

Даярдоо багыты 531000 филология болгон "Жогорку кесиптик билим берүү стандартында компетенциялар "бакалавр" академиялык даражасын алган бүтүрүүчү аталган стандарттын 3.4 жана 3.8 пунктарында көрсөтүлгөн негизги билим берүү программасынын (НББПнын) максаттарына жана кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык аныкталат да, анын негизинде дипломго ээ болгон адис **жалпы илимий** (ЖИК) **компетенциялар** боюнча *курчап турган дүйнө жөнүндө жалпы билимге ээ, жашоонун, маданияттын* (ЖИК-1) *баалуулуктарын таанып билүүгө*; кесиптик милдеттерди аткарууда *математикалык, гуманитардык (табигый), экономикалык илимдер жөнүндө базалык билимин колдоно алууга* (ЖИК-2); *заманбап маалымат технологияларын колдонууга*; аны менен *өз алдынча жаңы маалыматтарга ээ болууга; салттуу билимди түшүнүүгө жана кабыл алууга;* аларды *ишке ашырууга жолдорду табууга*; изилдөө иштеринде *базалык билимин колдонуу менен долбоорлор менен иштөөгө* (ЖИК-4); *илимдеги, техника жана технологиядагы, кесиптик чөйрөдөгү социалдык-экономикалык жана маданий жаңылыктарга анализ жүргүзүүгө* (ЖИК-5); *өз эмгегин*, ишинин жыйынтыгын *илимий-практикалык негизде өз алдынча баалоого* (ЖИК-6) жөндөмдүүлүк талап кылынса, **инструментал-колдонмо** (ИК) **компетенциялар** боюнча керектүү маалымат-билимди кабыл алууга, сунушталган *маалыматтарга анализ берүүгө*, аны жалпылаштырууга, *зарылдыгына жараша өз алдынча максат коюуга*; ага *жетүү милдеттерин аныктап, ыңгайлуу жолдорун тандоого* (ИК-1); *мамлекеттик, расмий тилдерде логикалык жактан оюн ачык* жана *аргументтүү айтууга*; *талап кылынган чеберчиликте оюн жазуу түрүндө жеткире билүүгө* (ИК-2); *иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, публика менен* (сүйлөшүүлөрдү, жыйындарды өткөрүү, иш кагаздарды жана электрондук байланыштарды уюштурууга) *иш алып барууга* (ИК-4); *маалыматтарды*

иштеп чыгууга, маалымат башкаруу системасында компьютер менен иштөөгө, анын ичинде глобалдык компьютердик торчолордо жана корпоративдик маалымат системасында ишти уюштурууга (ИК-5) ээ болгон көндүмдөр зарыл экендиги белгиленет. Филологиялык билимдин спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык **Социалдык-личностук жана жалпы маданий (СЛМК) компетенциялар** жогоруда белгиленген стандарттын бүгүнкү күндүн талабына жараша жаңы сунушталган толуктоосу экендигин байкоого болот. Бул категорияга кирген компетенциялар теориялык жактан жаңы көрүнгөнү менен практикалык мазмуну боюнча улуттук педагогикада мурдатан калыптанган "билим-көндүм-адат (ЗУН)" натыйжасын талап кылган түшүнүктөрдөн алыстап кете алган эмес. Тагыраак айтканда, бул бөлүмчөгө кирген компетенциялар *коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук нормалардын чегинде иш алып барууга; адамдар менен сый мамиле болууга; башка элдердин маданиятына толеранттуу мамиле кылууга; кесиптик иш-аракетте кызматташтык мамилелердин этикетин туура сактоого* (СЛМК-1); *өзүнүн жетишкендиктерине жана кемчиликтерине сын баа берип, кемчиликтерин жоюуга жана ийгиликтерге жетишүүнүн жолдорун издөөгө* (СЛМК-2); *жарандык жана демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог жүргүзүп, активдүү жарандык позицияны карманууга* (СЛМК-3); *жамаат арасында, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлордун үстүндө иштөөгө* (СЛМК-5); өткөндүн *гуманисттик баалуу булактарынын* маанисин айырмалап сактай билүүгө, өзгөчө салттарын *аңдаштырууга* (СЛМК-6) карата жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырууга милдеттенет. Булардан тышкары стандарт филолог адистин **кесиптик жөндөмдүүлүгүн арттыруу** үчүн *окулуп жаткан негизги тилдин (тилдердин) жана адабияттын (адабияттардын) тарыхынын жана теориясынын негизги жоболору жана концепциялары, коммуникациянын теориясы, филологиялык анализ жана тексттин интерпретациясы, тарыхы жөнүндө маалыматка ээ болушун, филологиянын диахрондук жана синхрондук абалы жана перспективалары жөнүндө билимин көрсөтүүгө* (КК-1); *заманбап маалымат технологияларын жана салттуу методдорду колдонуу менен тилдик жана адабият фактыларын чогултуу жана анализ жүргүзүүнүн базалык ыктарына ээ болууга* (КК-2); *үйрөнүп жаткан негизги тилдин адабий формасында эркин сүйлөшүүгө* (КК-3) жана ошол *тилдин оозеки жана жазуу коммуникациясынын ар кандай типтеринин негизги усулдарын жана ыкмаларын* колдоно алуусуна (КК-4); алган билимдерин өзүнүн *илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө пайдалана билүүгө* (КК-5); аныкталган же бүтүм чыгарылган *филологиялык билимдин ыкмаларынын негизинде изилдөө жүргүзүүгө* (КК-6); изилдөөнүн тематикасына жараша *библиография жана реферат түзүүнү биле*ген, *негизги библиографиялык булакты жана издөө системасын* колдоно алган (КК-7) жана *илимий дискуссияларга илимий докладдар, маалыматтар менен катышууга*, изилдөөнүн материалдарын *оозеки, жазуу жана виртуалдык* (маалымат торчолоруна жайгаштыруу) *түрүндө бере билүүгө* (КК-8) жөндөмдүү даярдоого теориялык жактан гарантия берет. Бирок белгиленген компетенциялар кайсы булактардан алынып, кандай шартта натыйжага ээ боло тургандыгы стандартта белгиленбейт [1].

Ошондой эле стандарт филолог бакалавр келечекте педагог болушун эске алуу менен *жалпы жана атайын орто билим берүү мекемелеринде тил жана адабияттан сабак берүүгө* жана *класстан тышкары иштерди жүргүзүүгө* (КК-9); өзү окуп-үйрөнгөн *усулдардын негизинде сабактарда жана класстан тышкаркы иш-чараларда окуу-методикалык материалдарды даярдоого* (КК-10); окуучуларды филологиялык билимдерге ээ кылууга жана анын негизинде тарбия иштерин уюштурууга (КК-11) кепилдик берет. Мындан тышкары стандартта филолог бакалаврдын **колдонмо, долбоорлоо жана уюштуруучулук- башкаруучулук ишмердүүлүгү** өз-өзүнчө пункттар менен тизмектелет. Ушундай эле талаптар 2003-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин № 592 / 1-буйругу менен бекиген академиялык даражасы бакалавр болгон "Филологиялык билим берүү (багыты 540300)" убактылуу мамлекеттик билим берүү стандартында деле бар экендигин эске алсак, анда кесипке карата талаптар бардык мезгилде эле бирдей болуп келгендигин көрүүгө болот.

Кыргыз адабияты сабагы мына ошол квалификациясы (даражасы) бакалавр филолог адистигине ээ кылуучу бирден бир сабактардан болгондуктан, келечекте аталган кесипке ээ болуучу студенттер "Жогорку кесиптик билим берүү стандартында" белгиленген компетенцияларга ээ болушу зарыл десек, анда даяр түрүндө өлкөгө сунушталып жаткан компетенттүүлүк парадигмасы кайдан жана кантип келе калганын билүү маселеси алдыга коюлат. Кыргыз адабияты эле эмес Кыргызстандагы жалпы педагогика илими үчүн изилдөө объекти боло баштаган компетенттүүлүк парадигмасы жок жерден эле пайда боло калбаганына, анын эл аралык билим берүү тармактарында негизги концепция болуп, коомдук-социалдык зарылдыктан келип чыккан парадигмага айланганга чейин дүйнөлүк педагогикада жарым кылымдан ашык изилдөө объектиси болгондугуна токтолуу керек болуп турат.

Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын башаты XX кылымдын 60-жылдарына барып такалат. "Компетенция" термини алгач 1960 – 1970-жылдарда Д. Хаймс тарабынан тилди үйрөтүүдө илимий аппаратты аныктоочу түшүнүк катары колдонулуп, анан аны тилди үйрөнгөндөрдүн жөндөмдүүлүгүнө баа берүүчү категория катары сунушталган. Тагыраак айтканда, адис болуу үчүн Д.Хаймс тилди теориялык жактан билүү гана маанилүү эмес экендигин аныктап, кесиптик талаптарга ылайык аны прикладдык мүнөздө үйрөнүү керектигин ачыкка чыгарат да, кайсы багыттагы адис болбосун тилди практикада колдонууга карай бир нече категориялар ээ болушу мүмкүн экендигин ачыкка чыгарат. Өз практикасында текшерип, анан аларды жалпылаштыруу менен түшүнүктү "коммуникативдүү компетенттүүлүк" деген атайт. Кийин аны билим берүү чөйрөсү колдоно баштагандыктан, терминди педагогикалык илимий коомчулукка сунуштайт. Бул түшүнүк пайдалангандар дүйнөлүк педагогика илиминде көбөйгөндүктөн, 1970–1990-жылдарда ал маанилик жактан тереңдеп, "компетенция" адистик кесипкөйлүгүн аныктоочу категория болуп, ал эми ага негизделип окутуу "компетенттүүлүктү" кесиптик билим берүүдөгү өзүнчө концепцияга айландыра баштаган.

Мына ушул жылдарда компетенция жана компетенттүүлүктү колдонуу чөйрөсү кеңейип, ал башкарууда, чарбалык жетекчиликте, менеджментте, ж. б. тармактарда адистик профессионализмди аныктоочу категорияга айланат. 1984-жылы Лондондо Дж. Равендин «Компетенттүүлүк азыркы коомчулукта» [2] аттуу эмгеги жарык көрөт да, мына ошондон кийин дүйнөлүк билим берүү, кесиптик билим берүү тармактары, адистештирүүгө катышы бар кыска жана узак мөөнөттөгү окуу курстары бул түшүнүктөрдү өздөрүнүн билим берүүдөгү парадигмасы катары кабыл алышат. Анткени, Ж.Равен өзүнүн аталган эмгегинде компетенттүүлүккө кеңири түшүнүк берип, коомдук-социалдык жөндөмдүү болуш үчүн бири-бирине көз карандысыз болгон 39 түрүн белгилейт. Ошондой эле бул эмгегинде ар бирин өзүнчө компетенция катары эсептеп, бирок аларды жалпылаштырууга аракеттенет да, айрымдарын таанып билүү (когнитивдүү) сферасына киргизсе, экинчилерин жүрүш-туруштун эмоционалдуу компоненттери сымал түшүнүк [3] берет. Ал компетенцияларды жөндөмдүүлүккө ээ болуу мотивдерине карай аныктагандыктан, мындай пикир кесиптик билим берүүнүн сапатын кантип жогорулатуу мүмкүндүгүн издеген бардык окумуштууларга жагат да, ага кайрылган илимпоздор компетенцияга ориентацияланган билим берүүнү (competence-based education – CBE) калыптандырышат. Мындай көз карашка таянган окумуштуулар «компетенция» жана «компетенттүүлүктүн ортосун айырмалашат да, компетенттүүлүктү кеңири түшүнүк же парадигма катары алуу менен бирге жогорку деңгээлдеги билимге негизделген, интеллектуалдуу, социалдык-профессионалдык тажрыйбасы жетиштүү, инсандык сапаты калыптанган жаран ээ боло турган билимди элестетүү менен тыянакка келишет. Ошондуктан, турмуш-тиричиликте мурдатан "компетенттүү" деген түшүнүк колдонулуп келе жаткан болсо, окумуштуулар аны тереңдетүү менен белгилүү бир кесиптик деңгээлди аныктоочу сапаттык белги катары колдоно башташкан деп айтууга болот. Ырас, мындай шартта коомчулук тарабынан кээ бир багыттар боюнча түшүнбөстүктөр кездешкени менен эки баскычтуу кесиптик билим берүүдө бул меселеге келгенде жогоруда өз көз караштарын иштеп чыккан окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектеринде айтылган ойлорду жетекчиликке алуусу жогорулаган. Бирок, Россия башында турган КМШ өлкөлөрү педагогикалык-дидактикалык жагдайда калыптанып келген "билим-көндүм-адат" (орусча ЗУН) – натыйжанын парадигмасынан" толук бошонуп кете албай, билим берүүнү теориялык камсыздоодо, номенклатураны аныктоодо, калыптандыруунун методикасында көндүм жана адаттын иерархиясын сактап, баалоо жана текшерүүнү ошол өнүтүндө (ЗУН формасында) кармап келет.

Жогорку кесиптик билим берүүдөгү дүйнөлүк, өзгөчө өнүккөн мамлекеттердеги ири жетишкендиктерге ориентир кылуу башка КМШ өлкөлөрүндөй эле Кыргызстанда да күч алып, б.а. жаштардын өнүккөн чет өлкөлөрдө окууга болгон кызыкчылыгын артышы кесиптик билим берүүнүн максатын жаңылоого, адистик-жарандык калыптануу кызыкчылыгын канааттандырууда жогорку кесиптик билим берүүнү интеграциялоо билимди таанып биле турган "компетенция" категориялары менен аныктоого гана мүмкүндүк түзбөстөн, "компеттенттүүлүктү" кесиптик сапатты айкындоочу инсандык-социалдык жана жүрүм-турумдук феномени катары да алдыңкы сапка алып чыкты. Мындай көрүнүш кесиптик билим берүүнүн практикалык аракетин гана айкындабастан, кесиптик баалуулукту мотивдештирүүчү парадигмага айландырууга жетишти. Ал парадигма Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасында да орун ала баштаган компетенциялар негизделген жогорку билимге ээ болгон бакалавр **БИЛҮҮгө** (знать), **КОЛДОНО АЛУУга** (уметь) жана **ЭЭЛИК КЫЛУУга** (владеть) тийиш болгон натыйжага жетүүнү окуу пландарында сунушталган бардык предметтерден талап кылмакчы. Мунун ичинде кыргыз адабияты боюнча сабактар, адабият таануу киришүү, адабият теориясына жана адабий сынга таандык дисциплиналар сыртта калбай тургандыгы талашсыз.

Мындай сапаттык белгилер - жогорку билимге ээ болгон бакалавр **БИЛҮҮгө** (знать), **КОЛДОНО АЛУУга** (уметь) жана **ЭЭЛИК КЫЛУУга** (владеть) тийиш болгон натыйжа – азыркы *коомдук-социалдык компетенцияларга ээ болуу* башка адистер сыяктуу эле филологиялык кесипке ээ кыргыз жарандарынан да талап кылына турган принциптерден экендигин жокко чыгара албайбыз. Анткени, жер шарындагы ааламдашуу процесси ар бир жарандын ички кызыкчылыгын белгилүү бир мамлекеттин чегинде кармай албай калган сыяктуу эле алардын филологиялык билимге болгон муктаждыгын да бир өлкөнүн аймагында канааттандыра албастыгы бул багытта билим алып жаткан эле адиске эле эмес, бардык тармактар боюнча филологиялык билим берүүнүн жаңы компетенциялары бар экендигин так жана таасын көрсөттү. Тагыраак айтканда, жарандардын эл аралык байланыштын куралы катары эсептелинген тилдерге карата муктаждыгы кандай болсо, улуттук тилдерге карата да кызыкчылык ошончолук болуп, мындай интеграция филолог адистерди тарбиялоодо жаңы компетенциялар керектигин кандай көтөрүп чыкса, анын негизинде аталган тармак боюнча парадигманы аныктоодо жаңы пункттарды жаратууда. Демек азыркы мезгилде филология боюнча *кесиптик билим берүүнүн теориялык* да, *практикалык* да *мазмуну* ушуга ылайык чечилиши зарыл болуп турат.

Адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2012-жылы кабыл алынган даярдоо багыты - 531000 филология болгон "Жогорку кесиптик билим берүү стандарты. – Бишкек, 2012

2. Равен Джон. Компетентность в современном обществе. Выявление, развитие и реализация. – М., 2002.

3. Равен Джон. Компетентность в современном обществе. Выявление, развитие и реализация. – М., 2002, 253-бет.

Иманкулов А.,
Профессиональный лицей №8,
г. Бишкек

К ВОПРОСУ О ТЕОРИИ УПРАВЛЕНИЯ

Создателями научного управления считаются Ф.Тейлор и его последователи -Г.Гантт, Ф и Л. Гилбреты, С. Томпсон и др. Они показали на практике, что управление, осуществляющееся на научных принципах , позволяет получать значительно более высокие результаты, чем управление, основанное на здравом смысле и опыте (1).

Ф.Тейлор- создатель первой теории «научного управления», разработанной в начале XX века, критиковал современную ему практику управления и утверждал, что для повышения эффективности управление должно осуществляться на основе определенных законов, правил и принципов. Он полагал, что одни и те же принципы могут быть с равным успехом приложены не только к предприятиям, но и к различным видам социальной деятельности.

К основным задачам управления Ф.Тейлор относил: равномерное разделение работы между исполнителями в соответствии с их способностям; четкое определение заданий, даваемых работникам; определение рациональных технологий работы и обучение им подчиненных при условии, что каждый будет использовать их и работать в полную силу; материальное поощрение за выполнение заданий и одновременная организация системы штрафов за непродуктивную работу, справедливое ее применение. Работник не должен думать о том, как «делать» работу, какие инструменты для этого необходимы, какие методы нужно использовать, чтобы добиться хороших результатов. Все это должно четко определяться администрацией, которая поощряет или наказывает исполнителей в зависимости от результатов. Личное суждение работника, по мнению Ф.Тейлора, следует заменить научной организацией труда, предполагающей выработку многочисленных правил, законов и формул. Задача работников - только исполнять. Поэтому важнейшими элементами в механизме научно обоснованного управления Ф.Тейлор считал задания, премии и штрафы.

В основе теории Ф.Тейлора лежит механическая модель организации, т.е. представление об идеальной организации, работающей по принципу отлаженного часового механизма. В такой организации влияние индивидуальных особенностей работников и их интересов на конечные результаты сведено к нулю. Недостатком этой теории является ее ориентация лишь на создание стабильно функционирующей организации, в ней ничего не говорится об управлении развитием предприятия. Ф.Тейлор акцентирует внимание на обеспечении продуктивной работы каждого исполнителя, но если общие цели деятельности поставлены неправильно, то, какой бы производительной ни была работа исполнителей, организация в целом окажется неэффективной (2).

Первой целостной теорией управления, получившей в дальнейшем название классической, считается теория современника Ф.Тейлора, французского исследователя А. Файоля. Она представлена в его работе «Общее и промышленное администрирование», опубликованной в 1916г. Многие ее идеи, развитые последователями А.Файоля, прежде всего Л.Гьюоликом и Л.Урвиком, не потеряли своего значения и сегодня.

В отличие от Ф.Тейлора А.Файоль исследовал собственно управленческую деятельность и способы рациональной организации систем управления. С его точки зрения, управлять–значит предвидеть (т.е. учитывать будущее и вырабатывать программу действий), организовывать (т.е. строить материальный и социальный организм предприятия), распоряжаться (т.е. заставлять персонал работать надлежащим образом), координировать (т.е. связывать, объединять, гармонизировать все действия и усилия) и контролировать (т.е. заботиться о том, чтобы все совершалось согласно установленным правилам и отданным распоряжениям).(2)

Так же, как и Ф.Тейлор А.Файоль полагал, что существуют общие принципы управления, следование которым необходимо для обеспечения эффективности управления. Хотя А.Файоль считал эти принципы основными, по его мнению, число принципов управления неограниченно. В управлении нет ничего постоянного и абсолютного. Один и тот же принцип в схожих условиях почти никогда не применяется: надо учитывать различные меняющиеся обстоятельства, индивидуальные особенности людей, то, что в настоящее время называют «текучестью кадров», и многие другие факторы. То есть принципы должны быть гибкими и надо уметь ими оперировать. А.Файоль считал, что функции управления выполняются на разных уровнях организации, в том числе и на уровне рядовых исполнителей. Большое внимание он уделял координации и действий. Он сравнивал организацию с человеческим организмом: управление, ставя цели, выполняет функции мозга и так же, как мозг руководит деятельностью остальных органов, координирует деятельность рядовых исполнителей.

Главный вклад А.Файоля в теорию управления состоит в том, что он впервые рассмотрел управление как универсальный процесс и выделил его составляющие. Также он первым перестал рассматривать управление исключительно как функцию высшего руководства. Исследователь показал важнейшее значение формальной структуры организации, т.е. способа группировки работ и распределения полномочий и ответственности, для ее эффективности и предложил принципы построения такой структуры. Так же, как и Ф.Тейлор, А.Файоль не рассматривал вопросы управления развитием организации. В основе его теории лежит предельно упрощенная модель человека(1).

Э. Мэйо, основоположник поведенческого подхода к управлению, разработал теорию управления, получившую название *теория человеческих отношении.* Если в центре классической теории управления находится формальная структура, то в центре теории человеческих отношений -неформальная структура. Ближайший соратник Э. Мэйо, Ф.Ю.Ротлисбергер определил неформальную структуру как совокупность норм, неофициальных правил, ценностей, убеждений, а также сети различных внутренних связей в группе и между группами, центров влияния и коммуникаций. Они не могут быть регламентированы в рамках формальной структуры, но существенно определяют поведение людей в организации менеджмента.

Согласно теории человеческих отношений деятельность администрации должна быть ориентирована, прежде всего, на интересы людей, которые не сводятся только к материальным. Мотивы поведения человека более разнообразны, и руководители должны понимать их, чтобы создавать условия для их удовлетворения. Страх же перед наказанием - плохой мотиватор.

Теория человеческих отношений, сосредоточив внимание на неформальной структуре малых групп, показала их важность. Тем не менее, она такая же односторонняя, как и классическая теория управления.

Литература

1. Радушин А.А. Основы менеджмента [Текст] / А.А. Радушин - М.: Центр. -1998.

2. Касымова Э.Р. Менеджмент в образовании [Текст] / Э.Р. Касымова, С.Курманбаев, Ф.З. Турдукулов. – Б., 2001. - 380с.

Эмильбекова А.К.,
КРСУ

ЖУСУП БАЛАСАГЫН ЖАШАГАН ДООР - КАРАХАНИЛЕР КАГАНДЫГЫ

Ар бир тарыхый инсан өз доорунун чүрпөсү экендиги белгилүү. Демек, аны билүү үчүн асыресе ал жашаган мезгилге, доорго кайрылуу өтө зарыл. Ушул негизден (кырдаалдан) алып караганда Жусуп Баласагындын өмүрү, чыгармачылыгы Караханилер каганаты гүлдөп турган мезгилге туш келет, андыктан Караханилер кагандыгын тереңирээк изилдеп үйрөнүү үчүн тарыхчы-окумуштуулардын маалыматтарына кыскача токтоло кетсек. X-XII кылымдарда өзүнүн экономикалык күч-кубатына жана маданий гүлдөө мезгилине жеткен Караханид каганаты өсүп чыккан. "Караханид" термини илимий адабиятка XIX кылымдын орус чыгыш таануучулары тарабынан киргизилген да, түрк династиясы үчүн жалпы кабыл алынган түшүнүк болуп калган орто кылымдагы "Афрасиабдын үйү" (династиясы) деген араб-фарс адабиятындагы аталыш эле.

Биринчи Караханиддер өз эзликтерин кеңейтүү үчүн, Чыгыш Түркстандын чоң бөлүгүн, Борбордук Теңир-Тоону, Жети-Сууну жана Фергананы каратып алышкан. Түндүк-Чыгышта Караханиддер мамлекетинин чек арасы Балхаш, Сасык-Көл жана Ала-Көл аркылуу Чугучакка чейин өткөн. Каганаттын борбору Баласагын шаары (Токмок шаарына жакын Бурананын урандысы) болуп калган. Караханилер кагандыгынын башында турган династиянын этникалык түпкү чыгышы жөнүндө бирдиктүү пикир ушул убакка чейин жок. Маселен, Тарыхчы-окумуштуулар Ж.Дегинь, Х.Д.Френ жана башкалар Караханилерди уйгурларга, Ф.Гренер менен Э.Шаванн-карлуктага, В.В Григорьев-адегенде уйгурларга, андан кийин-карлуктарга, Ахмед Зеки Велиди Тоган-алтайлык түрктөргө таандык кылышкан. Ал эми окумуштуу О.Прицактын пикири боюнча Караханилер карлуктардын чөйрөсүнөн чыккан, алардын уруулар конфедерациясына чигилдер менен ягма уруулары киргендигин айтса, тарыхчы В.В.Бартольд адегенде Караханилер династиясы ягманын чөйрөсүнөн чыккандыгы жөнүндө гипотезаны айткан. Бирок кийинчерээк ал үч элди – **карлуктарды, ягманы** жана **чигилдерди** бөлүп көрсөтүп, Караханилер мамлекетинин башкаруучулары ушулардын ичинен келип чыгышы мүмкүн деген пикирге келген.

Азыркы убакта окумуштуу-тарыхчы В.В.Бартольддун бул пикиринин ачык далили катары XI кылымда жазылган Махмуд Кашгаринин **"Түрк тилдеринин сөздүгү"** жана Жусуп Баласагындын **"Куттуу билим"** дастанында жана башка жазма булактарда камтылган бир катар фактыларды, маалыматтарды талдоо Караханилер династиясын чигилдердин чөйрөсүнөн чыккандыгын ырастайт. Маселен, М.Кашгари "Түрк тилдеринин сөздүгү" аттуу китебинде мындай маалымат берген: **"Ар бир түрк уруунун бир канчадан майда уруулары бар, мен булардын ичинен эң негизги урууларын жаздым. Майда таркаган уруулларды таштадым. Бардык түрк уруулларынын жайгашкан жайларын катары менен, тартиби боюнча атап өттүм. Урумга баарынан жакын жайгашкан уруу "беченек", "кыпчак", "өгүз". Йемек, башгырт, андан соң йасмыл, кай, якабу, анан татар, кыргыз, мына ушулар кытайга жакын жайгашкан. Бул уруулардын бардыгы Урум өлкөсү жагынан чыгышка карай ушул жазылган тартип боюнча жайгашкан. Андан кийин чыгыл (чигил), тохсы, таңгут, хитай уруулары жайгашкан. Кытайшин (империясы) деп аталат. Бул уруулар түндүк менен түштүк аралыгында жашашат",-** деп жазган. Ошентип, негизги Түрк уруулларынын бири болгон **Чигилдер** X кылымда Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун калкынын басымдуу бөлүктөрүнүн бирин түзгөн. Алар Караханилер кагандыгынын курамында чечүүчү ролду ойногон. Жазма булактарда чигилдердин Борбордук Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда жайгашып тургандыгы жөнүндө бир нече маалыматтар бар.

Окумуштуулардын негиздүү маалыматтарына токтоло кетсек. Маселен, В.В.Бартольддун божомолдоолорунун бири-Караханилер династиясын чигилдерден чыккандыгы жөнүндөгү пикири чыгыш авторлорунун маалыматтарында негизделет, ал маалыматтар боюнча чигилдер Ысык-Көлдө жана Иле өрөөнүндө жашашкан. Чигил тили Караханилер доорунда көп сандаган түрк диалектилерин бириктирген тилдин ролун аткарган деген С.М.Муталибовдун пикирине кошулууга болот. Бул маселе боюнча Э.Р.Тентишев Махмуд Кашгари тилдерди салыштырганда чигилдердин тилин негиз кылып алган деп жазат. Буга мисал катары М.Кашгаринин "Түрк тилдеринин сөздүгү" деген чыгармасынан мисал келтирсек болот. Анда мындай делет: **"Кыргыз, кыпчак, өгүз, тохсы, ягма, чыгыл (чигил), оғрак, чарук уруулары бир эле түрдүү таза түрк тилинде сүйлөшөт"**, - деп жазган. Мындай далилдөөлөрдү М.Кашгари жазгандай Караханилер мамлекетинин борборлорунун бири Баласагын шаары **Куз-Орду** деп да, жана **Куз-Улуш** деп да аталышы эле. **"Улуш"** чигилдердин тилинде кыштак дегенди билдиргени кызык. Каганга же Эмирлерге кимдир бирөө келгенде чигил тилинде **"ал-тегиди"** деп айтышканы кокусунан эмес, ошол эле тилде **"так, такты"**, кагандын буйругу **"ярлыг"** деп айтылган. Жогоруда саналган уруулардан же алардын тайпаларынан башка да Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун ар түрдүү райондорунда огуз-түркмөндөр, кыпчактар, каңлылар, кенжектер, аргулар, якабулар жана кыргыздар жашашкан, алар Караханилер мамлекетинин курамында экинчи даражадагы ролду ойношкондугун тарыхый маалыматтар далилдеп турат.

Ал эми илимий чөйрөдө "Караханилер" деген терминди окумуштуу В.В.Григорьев бул династиянын кагандарынын ичинен исламды биринчи болуп кабыл алган **Сатук Абд ал-Керим Кара хандын** титулу боюнча киргизген. **Кара хан** же **кара хакан** деген титулду кийин бул династиянын көп өкүлдөрү алып жүргөн. **"Кара"** термини түрк тилдеринде **эл, калайык калк** деген маанини, ал эми **"кара баш" -кул, малай** деген маанини берген. Бул терминдердин антоними, элдердин ханы деген "кара хан" жана "кара хакан" деген аталыш болушу мүмкүн. Бул династиянын (аны менен бирге алар түзгөн мамлекеттин) "илек хандар" деген башка бир аты биринчи жолу илимге европалык нумизматтар К.И.Торнберг менен Б.А.Дорн көптөгөн караханилик өкүмдарлардын титулдарынын негизинде киргизишкен. Мусулман жазма булактарында жана ошол мезгилдеги жазууларда жолуккан бул терминдин биринчи бөлүгүн окумуштуулар **"илик", "илек" (илак) жана "елик"** дешип ар түрдүү чечмелешкен. Бул династиянын атынын үчүнчү варианты, **"елик"** Жусуп Баласагындын **"Куттуу билим"** дастанын изилдөөнүн натыйжасында илимий адабиятта пайда болгон. Бул жөнүндө В.В.Радлов аталган дастанда бул сөздүн жазылышы боюнча башка аттардын ордуна Караханилерди **элик хандар** дегенибиз туура болор эле деп жазат. Жусуп Баласагын өзүнүн дастанын караханилик каганга тартуулагандыгы белгилүү, ошондуктан ал бул династиянын "элик" деген титулду алып жүргөн өкүлдөрү менен тааныш болушу мүмкүн. Айбанаттардын "Бугра" (эки өркөчтүү буура) менен "арсланды" (арстан) "хан" деген термин менен айкалыштыруу караханилик өкүмдарлардын көп таркалган жана ардактуу титулдары болуп саналган. "Тегин", "тигин", же "текин" деген термин Караханилер династиясынын ханзаадаларынын эң белгилүү титулдары болгон, ал эми "ука тэг" деген сөз хандардын кенже уулдарын билдирген.

Ал эми мамлекеттин аталышы биринчи хан Абдулкерим Сатук Карахандын ысмы менен байланышкан. Мамлекеттин башында адатта Тамгач хан (хандын ханы) олтуруп, калгандарга толук бийлик жүргүзгөн. Анткени Караханид мамлекети ар түрдүү өлчөмдөгү жана маанидеги ээликтерге, энчиликтерге бөлүнүп, аларды Караханиддердин уругунан чыккандар – илик хандар башкарып турган. Бул, албетте, борбордук бийликтин бошоңдошуна алып келген. Муну мамлекеттин борбору бирде Кашкар, бирде Баласагын, бирде Өзгөн, кайра Кашкар болуп улам өзгөрүп тургандыгынан эле байкоого болот.

Маселен, Карахан өлкөсүнүн **батыш хандыгы** Мавераннахр, Хожент жана Ферганага ээлик кылган. Мамлекеттин борбору алгач Өзгөн, кийин Самарканд болгон. **Чыгыш хандыктын** ээлигине Баласагын, Талас, Исфижаб, Шаш, Фергананын чыгыш райондору, Кашкар, Чымкент жана Хотан аймактары кирген. Борбору Баласагын менен Кашкар шаарлары болгон. Караханилер мамлекетинин Чыгыш хандыгынын борборлорунун бири Баласагын шаары болгон. Ал жерде изилдөө максатында казуулар жүргүзүлүп, күмбөздөрдүн жана турак-жай курулуштарынын калдыктары табылган, алар X-XII кылымдарда бул аймакта ири шаардын болгондугу жөнүндөгү пикирди ырастап турат. Батыш Караханилердин борбор шаары Самаркан XI-XII кылымдарда ушунчалык дүркүрөп өскөндүктөн, шаардын түштүк рабадынын (чегинин) бир бөлүгү дубал менен курчалган. Окумуштуу-археологдор тарабынан X-XII кылымдардагы Караханилер кагандыгынын аймагында орун алган көптөгөн шаарлар менен кыштактардын урандылары табылып, изилденген, бул жерлерде ар түрдүү формадагы идиштерди гана эмес, курулуш материалдарын- бышырылган кышты, каптоочу материалдарды, суу түтүктөрүн жана башкаларды жасашкан. XI-XII кылымдарда керамиканын айырмалуу белгиси-карапа чыгырыгында жасалган идиш-аяктардын басымдуулук кылганында. Бул Батыш кагандыгынын аймактары үчүн өзгөчө мүнөздүү болгондугун белгилей кетүү керек.

Караханилер мамлекетинин түзүлүшү жана алгачкы саясий ийгиликтери көп жагынан Караханилердин жана Борбордук Теңир Тоонун калкынын ислам динин кабыл алышы менен шартталган. Караханилик кагандардын ичинен биринчи болуп исламды Сатук Буура хан Абд ал-Керим кабыл алгандыгы белгилүү. Ошентип, X кылымдын орто чендеринде Караханид мамлекетинин элдеринин арасына **мусулман дини** тарай баштайт. Түрк феодалдары түрк элдерин бириктирүүдөгү исламдын артыкчылыгын түшүнүшкөн. Караханиддик кагандар өздөрү исламды кабыл алышып, аны мамлекеттик дин кылышкан. Байыркы кыргыз шаарларында мусулмандардын диний курулуштары тургузула баштаган. Алардын кээ бирлери ушул кезге чейин сакталган. Алар Баласагын шаарындагы мунара (Бурана мунарасы), Өзгөндөгү жана Оштогу Караханиддик ак сөөктөрдүн сөөктөрүн койгон жайлар, Сафид-Буландагы (Жалал-Абад областынын Ала-Бука району) мечит жана күмбөздөр.

Мусулман дини жалаң гана калың элдин дини болбостон, жалпы калктын дүйнөгө көз караштарынын өз алдынча формасына, тарыхый жана маданий өнүгүүнүн идеологиясына айланган. Бизге белгилүү болгондой мусулманчылык өзүнө жалаң эле ишенүүнү камтыбайт. Анын негизинде ага байланышкан философиялык көз караштар, коомдук-саясий, этикалык жана эстетикалык саясий жана рухий турмушунун, тиричилигинин жана жашоонун көптөгөн жактарын аныктап турган. Бул жагдайлар коомдук өнүгүүнүн көп жагына өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Алсак, байыркы илимий жана философиялык мурастарын өздөштүрүү да ушул кырдаалга ыңгайлануууга туура келген. Негизинен баса белгилеп коюу керек: араб тилинин (фарсы тили сыяктуу эле) жалпы, бирдей болушу Караханилер мамлекетинде жалаң эле динде эмес, илимде да, маанилүү роль ойноду.

Орто кылымдарда Чыгышта араб тили - окумуштуулардын, фарсы тили - акындардын, түрк тили - жоокерлердин тили катары кеңири тараган. Бирок, ошентсе да, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Алишер Новаи өз чыгармаларында түрк элдеринин тили араб жана фарсы тилдеринен кем калбай тургандыгын далилдешкен. Түрк тилдеринин өзү жашаган мезгилиндеги мааниси жөнүндө айтып келип, Махмуд Кашгари мындай деп жазган: **"Түрк тилдери араб тили менен байгеге кошкон эки аттай бирдей келе жатат".** Анткени менен араб тили Караханид мамлекетинин элдеринин жалпы идеялык жана дүйнөгө көз караштык салттарынын калыптанышына чоң таасир көрсөткөн.

Мусулманчылыкты кабыл алуу түрк элдеринин маданиятынын, илиминин жана прогрессивдүү коомдук - философиялык ойлорунун өнүгүшүнө жаңы мезгил ачкан. Өзүнүн социалдык - саясий жана идеялык мазмуну боюнча бул учур Орто Азиялык ренессанс (жаңылануу доору) деп аталып калды. Бул мезгилдерде табияттык жана коомдук илимдер, ошондой эле искусство жана адабият, айрыкча поэзия чоң ийгиликтерге жетишкен. Мында бөтөнчө Мухаммад Фергани, Аль-Хорезми, Абу Райхан Беруни, Аль-Фараби, Абу Али Ибн Сина, Омар Хайям, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари ири салымдарды кошушкан. Алардын чыгармаларында материалисттик жана гуманисттик идеялар кеңири орун алган.

X-XII кылымдарда байыркы мусулман маданияты менен илиминин түндүк чыгыштагы алдыңкы чеги болгон. Алар Баласагын, Өзгөн, Ош, Кашкар шаарларынан математика, астрономия, медицина, адабият боюнча терең билим алууга мүмкүн болгон. Өзгөчө Карахандар каганатынын гүлдөгөн маданият үлгүлөрү дүйнөлүк тарыхта татыктуу орун тапты. Маселен, XI кылымдын айтылуу инсандары, Жусуп Баласагындын **"Куттуу билими"** менен Махмуд Кашгаринин **"Дивани лугати-ат түрк"** аттуу эмгектери жалаң эле түрк дүйнөсү эле эмес, жалпы адамзат коому сыймыктана турган алтын казынага кирди. XI кылымда түрк элинин маданий жогорулашы түрк тилиндеги биринчи дастандын жарык көрүшү менен белгиленген. Дастанды 1015-1016 - жылдарда Караханилер кангандыгынын борбор шаарларынын бири болгон Баласагын шаарында туулган Жусуп 50 жаш курагында "Кутагду билиг" ("Куттуу билим") дастанын жазууга киришкен. 1069-жылы дастанды жазып бүтүрүп, аны Тамгач Буура Кара хан Абу Али Хасанга тартуулайт. Тамгач Буура Кара хан бул сыйга өзүнүн ыраазычылыгын билдирүү максатында ага хан ордосунун эң жогорку наамы Хас Хаджиб, башкача айтканда, хан ордосунун бүткүл кызматчыларынын башчысы деген наам ыйгарат. Бул наамды В.В. Бартольд Европадагы доордун жогорку даражасы "Башкы камергерге" теңеген. Анын ушул даражага татыктуу экендиги дастанда да (2435-2524 -бейиттерде) көрсөтүлгөн. Маселен:

Улуу Хажиб адилет болуш керек,
Чынчыл, момун, такыба динге, демек.
Тектүү болсун, мүнөзү жакшы келип,
Иштесин жалпы журттун камын көрүп.
Он нерсе хажибдикке керек деген:
Көзү курч, кулагы сак, жүрөгү кең.
Акылдуу, келишимдүү, сулуу чечен,
Билимдүү, эстүү, токтоо ишке бекем!"

Дастандын ыр саптары эл арасында абдан таанымал болгон. Алар элдик макал-лакаптарга айланган. "Куттуу билим" дастаны бардык түрктөрдү бирдей тейлеп турган. Кийинчерээк Чагатай адабий тилинин базасы болуп келген түрк тилинде жазылган көркөм чыгарма болуп эсептелген. Бул эскертүүдө чоң маани бар, анткени арабдар Орто Азияны каратып, өздөрүнүн күчтүү таасирин тийгизип турган. Орто кылымдарга чейин Караханилердин өлкөсүндө да араб маданияты, араб жазуусу, а түгүл ислам дини кеңири колдонуп тургандыгы тарыхый чындык. Ал кезде түрк тилинде адабияттар дээрлик жокко эсе болгон. Мына ушундай кырдаалда түрк тилинде улуу дастан **"Куттуу билим"**, жана Ысык-Көлдөгү Барскоондон чыккан Махмуд Кашкардын **"Дивани лугати-ат түрк"** создүгүнүн пайда болушу түрк дүйнөсүндөгү, түрк маданиятындагы улуу бурулуш болгон. Дастандын автору Жусуп Баласагын жазгандай: **"Бул дастан бууркан тилинде, түрк сөзү менен жазылган бүткүл Түркстандын жападан жалгыз чыгармасы болуп саналат",** - деген эскертүүсүн унутпасак.

Жусуп Баласагын жашаган доор-Караханилер каганатындагы саясий кырдаалга жана тарыхый абалга, терең социалдык-философиялык, этикалык жана эстетикалык идеялары менен айырмаланган жазма адабиятынын орчундуу үлгүлөрүнө токтолуп чыктык. Маселен, буга Махмуд Кашгаринин "Дивани лугати ат-түрк", Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" жана башка чыгармалар айкын күбө. Булардын бардыгы өткөндүн көөнөрбөс мурасы катары кийинки муундарга кызмат кыла берет. Ушул ыңгайдан алганда Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастаны түгөнгүс кенч экендиги талашсыз.

Адабияттар

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. "Кыргызстан-Сорос" фонду, 1999.
2. Гумилев Л.Н. Байыркы түрктөр. – Б., 1999.
3. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. - Б., 2011.
4. "Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден XIX-кылымдын соңуна чейинки тарыхы". "Кыргызстан-Сорос" фонду, – Б., 1998.
5. "Кыргыз Республикасынын тарыхы". – Б., 2000.
6. Генч Р. Карахандар мамлекетинин бийлик түзүлүшү. – Б., 2004.
7. Нарынбаев А. Жусуп Баласагын чыгыштын чыгаан ойчулу. – Б., 2002.
8. Жусуп Баласагын. "Куттуу билим". – М., 1993.
9. Блинников Л.В. Философтордун кыскача создүгү. "Кыргызстан-Сорос" фонду, – Б., 1997.

Сыдыкбаева М.М.,
ИСИТО
Жолдошбекова А.Ж ,
КРСУ

"КОМПЕТЕНЦИЯ" ЖАНА "КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК" ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН МАҢЫЗЫ: САНДЫК ӨЛЧӨМДӨН САПАТТЫК ТОЛУКТООЛОРГО КАРАЙ

Бүгүнкү күндө көпчүлүк адистер бардык тармактарда компетенттүү мамиленин алкагында жаңы концептуалдык негизде адисттерди даярдоо жүргүзүлүшү керектигин белгилешет.Азыркы коомду мүнөздөөчү негизги аракеттердин бири - маалыматташтыруу болуп саналат.Маалыматташтыруу – компьютердик техниканын жана жаңы маалыматтык технологиялардын бардык тармакка: өндүрүшкө,ишканаларга, окуу жайларга, адамдардын ар түрдүү жашоосуна ж.б. жактарга кирип, ажыратылгыз кызмат өтөп жатышын түшүнөбүз. Мына ушундай заманбап коомдун шартында инсандын негизги жетишкендиги болуп- эмгек чөйрөсүндө атаандаш болуу жөндөмдүүлүгү эсептелинет. Атаандаш болуу жөндөмдүүлүгүнүн түпкүлүгү компетенцияда жатат.Ушуга байланыштуу эки баскычтуу билим берүүнүн негизги максаты – бул жалпы билим беүүчү мекемелер, жогорку окуу жайлар тарабынан универсалдык сапаттуу билим системасын . билгичтикти, көндүмдү, ошондой эле студенттердин өз алдынча ишмердик тажрыйбасын жана жеке жоопкерчилигин өздөштүрүү , башкача айтканда заманбап компетенцияны өздөштүрүү саналат.Жогоруда айтылгандай бүгүнкү заман талабындагы педагогикалык теориянын жана практиканын да баштапкы тенденциясы болуп компетенттүү мамиле эсептелинет ."Компетенция" жана "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүжана компетенттүү мамиленин маңызы биринчи кезекте , окутуунун максаттарын түзүүнү өзгөртүүдө, аларды жана окутуудан күтүлгөн жыйынтыктардын кесиптик милдеттеринтүрдүү деңгээлдерин чагылдыруунунжыйындысы түрүндө берүүнү карайт. Компетенттүү мамилени кесиптик билим берүүдө жана эмгек рыногунун керектөөлөрүнөдал келтирүүгө аракет кылуу катары да мүнөздөөгө болот. Анткени мындай мамиле жумуш берүүчүлөр – компетенттүү адис керек болгондор тарабынан билим берүүгө карата буйуртма менен байланыштуу. Башкача айтканда, компетенттүү мамиле – бул билим берүүнүн жыйынтыктары билим берүү тутумунун чегинен тышкары маанилүү деп таанылган мамиле.Бул бир катар изилдөөлөрдүн (В.М.Антипова,К.Ю.Колесина,-Г.А.Пахомова) пикиринде , заманбап педагогиканын "компетенция", "компетенттүүлүк" , "компетенттүү мамиле"," маанилүү компетенциялар" түшүнүктөрүнө кайрылуусунун себептери төмөндөкүлөр менен негизделген: а)коомдогу олуттуу өзгөрүлөр,социалдык-экономикалык өнүгүү темпинин тездеши; б) мобилдүүлүк,динамизм,конструктивдүүлүк, кесипкөйлүк сыяктуу инсандын сапаттарын жаратууга багытталган өзгөрүүлөрчагылдырылуучу , билим берүүнүн жаңы концепцияларын издөө; в) жалпы жана кесиптик билим берүүнү жаңылоо милдеттери , алардын инсандык керектөөлөрүнө , ошондой эле билим берүүнүн максаттарын, мазмунунжана уюштурууну аныктоого карата принципиалдуу жаңы мамилени талап кылган коомдун суроо- талабына дал келүү зарылчылыгы; г) маалыматтардын бардык өсүүчү агымдарынын негизинде кесиптик даярдоо тутумунун өзгөрүүсүнө алып келген маалыматташтыруу процесстеринин өнүгүүсү ; д) жаш адисти туруктуу өсүшүнө , өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн сапатынын рефлексиясына , анын өзүн-өзү баалоосуна жана коррекциясына өбөлгөлөөчү , билим берүүнүн мазмунун конструкциялоого карата принципиалдуу жаңы мамиленин зарылчылыгы- сандык өсүштөн сапаттык толуктоолорго карай багыт алуу менен мүнөздөлөт. Билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун компетенттүү мамилеси базалык компетенциялардын фундаменталдуулугу , универсалдуулугу, интегративдүүлүгү, вариативдүүлүгү, практикалык багыттуулугу жана калыптануу принциптеринин негизинде окуучулардын компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Окумуштуулар И.А.Зимная, А.В. Хуторской, А.А.Кузнецов, Н.Л.Гончарова,О.Л.Филатова жана башкалар негизги билим берүүнүн жыйынтыгы катары " маңыздуу аракеттер жыйындысын,сапаттуу билим , билгичтик, көндүмдөрдү, инсандын ишмердүүлүгүн , өз алдынча иштей билүү тажрыйбасы" сыяктууу компетенцияларды белгилешкен жана компетенция инсандын сапаты катары билиминин жана тажрыйбасынын негизинде ишмердүүлүктө көрүнөөрүн белгилешет. Алсак, Г.Селевко компетенттүү мамилени заманбап көп факторлуу социалдык-саясий , рыноктук-экономикалык жана инфокоммуникациялык мейкиндик шартында жашап кетүүгө жана туруктуу жашоо аракетине карата потенциалды, жөндөмдөрдү аныктоочу компетенциялар комплексине ээ болуу үчүн шарттарды түзүүгө карата билимди артыкчылыктуу берүү жана көндүмдөрдү калыптандыруу аркылуу билим берүү парадигмасын акырындык менен кайра багыттоо катары аныктайт. А.В.Хуторский билим берүүнүн заманбап этабы үчүн билим берүүгө карата социалдык жана инсандык буйуртма ортосундагы көйгөй актуалдуу деп белгилейт. Жана ошондой эле билим берүүгө карата социалдык жана инсандык буйуртмаларды оптималдуу айкалыштыруга жетишүү үчүн компетенттүү мамилени киргизүү зарыл экенин айтат. Андан ары окумуштуу азыркы шартта ЖОЖдордо, жалпы билим берүүчү мекемелерде өздөштүрүүгө тиешелүү болгон компетенциялардын классификациясын сунуштап жана эң негизги компетенцияларды белгилеген:

- баалуулук
- маданияттуулук
- окуп-таанып билүүчүлүк
- маалыматтык
- коммуникативдик
- социалдык
- жеке инсандык

Берилген компетенциялардын ичинен эң негизгиси коммуникативдик компетенция болуп саналат. Себеби, башка бардык компетенциялардын өсүп - өнүгүүсү жана ишке ашыруу шарты ушул аталган компетенция экени талашсыз.

Изилдөөбүздүн негизги багыты болгон кыргыз тил сабагында коммуникативдик тилдик компетенциянын маселесине кайрыла турган болсок , бул маселе Европа Кеңешинин "Чет тилдерди билүүнүн жалпы европалык компетенциясы: үйрөнүү, окутуу, баалоо " деген фундаменталдык эмгекте кеңири берилген. Бул эмгекте тилге окутуунун жаңы концепциясы иштелип чыгып жана тилдерди билүүнүн деңгээли астындагы негизги позициялары бөлүп көрсөтүлүп, ошондой эле аларды өлчөөнүн өз алдынча технологиясы сунуш кылынган.Көрсөтүлгөн булакта белгиленгендей, коммуникативдик тилдик компетенция лингвистикалык, социолингвистикалык жана прагматикалык компоненттерден турат, алардын ар бири билимдердин, жөндөмдөрдүн жана ыкмалардын комплекстерине багытталган.

Лексиканы, фонетиканы, грамматиканы билүү, демек, тийиштүү тилдик жөндөм жана ыкмалар, тил системасынын башка параметрлери тилдик варианттардын социолингвистикалык милдеттерине, ошондой эле конкреттүү жүзөгө ашыруулардын прагматикалык багыттарына карабастан лингвистикалык компетенцияга кирет. Эгерде , жекече коммуникативдик компетенцияга, б.а. жеке жөндөмдүүлүк системасы аркылуу прагматикалык функцияларды жүзөгө ашырууга ушул көз караштан жакындоого аракет кылсак, анда жекече коммуникативдик компетенция билимдин көлөмүн жана сапатын, билим берүүдөгү, тил үйрөнүүдөгү когнитивдик уюштурууну, ошондой эле аларды сактоо ыкмасын жана алардын жеткиликтүүлүгүн (узак мезгилдүү эс-тутумду иштетүүнү, андан билимдерди алып чыгууну) талап кылат.

Коммуникативдик тилдик компетенция төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- ар кандай чөйрөдө баарлашуу билгичтигинин жана жөндөмдүүлүгүнүн өздөштүрүлүшү;
- ишмердиктин ар түрдүү жагдайында кептик баарлашуунун түрлөрүн билүү;
- тилди үйрөнүүдө теория менен тажрыйбаны өз ара айкалыштыра жүргүзүүгө жетишүү(мында сабаттуу жазуу жана сүйлөө) ;
- имитация жана сүйлөө жөндөмүнүн чыгармачыл жагын өнүктүрүү ;
- ар кандай маалыматтарды алуу , колдонуу билгичтигин өздөштүрүү;

"Компетенция" жана "компетенттүүлүк" түшүнүктөрүнүн маңызы жалпы билим берүү тармактарында билгичтиктин жана көндүмдүн негизинде , жана ошондой эле профессионалдык билгичтигинде, көндүмүндө , ишмердүүлүк ыкмаларында өздөштүрүлөт.

Тил үйрөнүүдөгү студенттердин жекече шык жөндөмдөрүн , профессионалдык билгичтигин, көндүмдөрүн, ишмердүүлүк ыкмаларын иштетүүгө көмөк көрсөткөн , алардын коммуникативдик компетенцияларын өздөштүрүүгө багытталган чыгармачыл сабактар жана сабакта колдонулган технологиялар ыкмалар , интернет аркылуу алынган маалыматтар чоң роль ойнойт. Реферат, доклад жазуу, тегерек столдорго катышып, өз оюн айта билүү, коргой билүүсү, талаш-таймаш сабактары, предмет боюнча билимин текшерүүчү тесттерге катышуу сыяктуу чыгармачыл маселелердин да мааниси зор. Коммуникативдик компетенттүүлүктө тил үйрөнүү жөндөмүнүн , билгичтигинин, көндүмүнүн ыкмасы алгач эле ойлонууну акыл-эс менен башкара билүү, аныктама берүү, далилдерди келтирүү, алган маалыматты иштетүү, пайдалануу, эл алдында чыгып сүйлөөгө үйрөнүү, диалог жүргүзүүнүн эстетикалык нормаларын сактоо, жааматтык ишмердикти уюштуруу жана катышуу, алып баруучулуккка үрөнүү көндүмдөрүнө ээ болуу менен жүргүзүлөт.

Адабияттар

1. Гончарова Н. Л. Категория «компетентность» и «компетенция» в современной образовательной парадигме // Сборник научных трудов СевКавГТУ. Серия «Гуманитарные науки». – 2007. – № 5
2. Зеер Э. Ф. Компетентностный подход к образованию. Уральское отделение Российской Академии Образования 2004 // academia@urorao.ru
3. Равен Дж. Компетентность в современном обществе. Выявление, развитие и реализация. – М., 2002. (англ. 1984).
4. Хуторской А. В. Ключевые компетенции и образовательные стандарты // Интернет- журнал «Эйдос». – 2002. – 23 апреля // http://www.eidos.ru/journal/2002/0423.htm
5. Velde C. Crossing borders: an alternative conception of competence. 27 Annual SCUTREA conference: 27 – 35, 1997.

Ж. Чыманов,
КУУ

ТЕКСТ КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА

Жалпы эле тилди, анын ичинде эне тилин окутуу акырындап өзүнүн байыркы, баштапкы нугуна бурула баштады. Муну билим берүүгө, эне тилди окутууга, педагогика илиминин калыптанышына зор салым кошкон Аристотелдин билим берүүнүн негизги дидактикалык принциби катары белгилеген табигыйлык («природсообразности») принцибине артыкчылыктуу маани бериле баштаганын

көрүүгө болот. Табигыйлык принцибинин негизги идеясын окутуу процессин жаратылыш, табийгаттын ички курулушуна, мыйзамдарына шайкеш, окуучунун жөндөм-шыгына, мүмкүнчүлүгүнө, суроо-талабына, керектөөлөрүнө жараша, ошондой эле окуучуну курчап турган табигый жаратылыштын жана социалдык чөйрөнүн мыйзамдарына, коомдук-экономикалык, социалдык-турмуштук талаптарына, келечек багыттарына ылайык окутуп-үйрөтүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү зарыл деген жобо-талап түзөт. Бул талаптарды кыргыз тилин окутуу процессинде аткаруу тилди окутуунун азыркы мазмунунун негизинде дээрлик мүмкүн эмес. Анткени эне тилибизди окутуунун мазмунун жалаң теориялык-лингвистикалык аныктамаларга түшүнүктөрдөн түзүлүп, ал окуучу баладан, баланын суроо-талап, муктаждыгынан таптакыр ажырап калган. Бул биринчиден. Экинчиден, кыргыз тилин окутуунун мазмунун окуучуларга эң сонку окутуунун технологияларын, каражаттарын колдонуп үйрөтүүгө аракет кылбайлы, андан каалаган натыйжа, майнапты алуу мүмкүн эмес. Бул тилди окутуунун турмуштан, баланын табигый жана социалдык суроо-талабынан ажырап калгандыгы менен түшүндүрүлөт.

Тилди, эне тилди окутуунун тарыхына кайрылсак, байыркы шумерлерден тартып тилди тексттин негизинде, текстти окутуу, текстти талдоо жана текст түзүү аркылуу жүргүзүлүп келгендигин белгилөөгө болот. Мындай тарыхый тажрыйба, табылга тилди окутуудагы тексттин ордун, тексттин маанисин аныктап алууну талап кылат. Тил илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде текст кыйла изилденген, бир катар тыянактуу корутундулар чыгарылган. Ал изидөөлөрдөн «текст - тилдин жашоо формасы» (А.Е.Супрун), «текст - барыдан мурда информациялык биримдик» (Н.С.Валгина), «пикир алышуу, сүйлөшүү сөз, сүйлөмдөр аркылуу эмес, текст аркылуу ишке ашуучу көрүнүш» (Т.С.Маразыков) сыяктуу түшүндүрмөлөрдү алууга болот. Ошол эле учурда текстке, анын мүмкүнчүлүгүнө карата жүргүзүлгөн иликтөөлөрдөн «тексттин дүйнөсү - адамдын жашоо ишмердүүлүгү жүрүп турган бардык мезгилде окулуп-үйрөнүлүүчү лингвистикалык космос» (В.А.Маслова), «текст - бул кайыптан бүткөн керемет» (Б.Усубалиев) өңдүү тыянактарды да жолуктурабыз. Берилген маалыматтардан эле текст түшүнүгү ары татаал, ары талаштуу маселе экендиги сезилип турат.

Кыргыз тилин окутууда текстти предметтин мазмуну катары да, окутуунун каражаты катары да колдонууга болот. Ал тексттин темасы менен мазмунуна жана аны сабакта колдонуунун аныкталган максат-милдетине ылайык аныкталат. Кыргыз тил илими макалды текст катары карап, тал-доону, түшүнүүнү сунуш кылат (А.Дунканаев, А.Өмүралиева). Эгерде кыргыз тили сабагында «жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет» деген макалды колдонуп, мугалим сабакта анын маани-маңызын ачып берүү максатын көздөсө, анда бул макал окутуунун мазмуну катары кызмат кылат. Мында кыргыз тили мугалими тилдин, кептин адам турмушундагы орду, маниси тууралуу токтолуп, кеп маданиятына байланыштуу маселелерге да басым жасайт. Жакшы сөздүн, жакшы кептин адамга тийгизген таасири, жакшы сөз айтыш үчүн жакшы ойлонуунун зарылдыгын белгилеп, жаман сөз, жаман кеп адамга терс таасирин тийгизип, адамдын жан дүйнөсүнө тескери бүлүк салып, кейиштүү абалга алып келе тургандыгын түшүндүрөт. Андан соң жакшы сөз деген эмне, жаман сөз деген эмне деген суроолорго окуучулар менен биримдикте жооп издейт. топтолгон жоопторду атайын белгилеп, экиге бөлүп, «жакшы сөздөр», «жаман сөздөр» деген графаларга сөздөрдү жазып чыгышат. Мугалим окуучуларга жакшы сөздөрдү мүмкүн болушунча көп колдонууга, ал эми жаман сөздөрдү колдонбоого чакырат.

Мугалим, эгерде бирилген макалды сабакта талдап, айталы, антоним сөздөрдү (жакшы-жаман, эргитет-кейитетж.б.) окутуп-үйрөтүү максатын көздөп, ага карата макалга талдоолорду (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) жүргүзсө, бул учурда ал макал окутуунун мазмуну эмес, окутуунун каражаты катары кызмат кылат.

Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун жаңы ишгелип чыккан предметтик стандартында кыргыз тили сабагынын тааныш-билүүчүлүк озуйпасына өзгөчө орун берилип, артыкчылыктуу маани берилген. Анда тилдин дүйнөнү тааныш-билүүнүн, чындыкты чагылдыруунун ... каражаты кызматына, кеп ишмердүүлүгү менен ойлоо ишмердүүлүгүнүн биримдигине басым жасалып, аларды окутуп-үйрөтүү талабы коюлган. Мындай талапты турмушка ашыруу үчүн сабакта текстти, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн, жомокторду, адабий жомокторду сабакта пайдалануу зарылдыгы айкын көрүнөт. Төмөндө окуучулардын өз алдынча, жекече ой жүгүртүүлөрүн өстүрүүгө өбөлгө болуучу балдар жазуучусу, жомокчу Сулайман Рысбаевдин «Адам-пери» аттуу жомогунан үзүндү келтирип, ал боюнча аткарылуучу иш-аракеттер тууралуу ой бөлүшөлү.

«Бирок тынч албаган каардуу **падыша** кедей жигит менен Перизатка табышмактуу суроолору менен **жасоол** жигиттерин жиберет.

- Эгер бул суроолорума үч күндүн ичинде так жооп кайтарбасаңар, экөөңөрдү тең сарайыма малайлыкка алам - деп коркутуп, ал тургай, кедей жигитти **зынданга** салдырамын - деп катуу **заарын** билдириптир. Ал суроолордун жөн-жайы мындай эле:

- Сөздүн башы эмне, аягы эмне?
- Иштин башы эмне, аягы эмне?
- Жолдун башы эмне, аягы эмне?
- Суунун башы эмне, аягы эмне?
- Доонун башы эмне, аягы эмне?
- Жылдын башы эмне, аягы эмне?
- Достуктун башы эмне, аягы эмне?
- Кастыктын башы эмне, аягы эмне?
- **Көңүлдүн** башы эмне, аягы эмне?
- Өмүрдүн башы эмне, аягы эмне?
- Ханыбыздын табышмактарына карата биздин жообубуз бул - дейт сөз баштап кедей жигит өзүн **салабаттуу** кармап:
- Сөз башы - эненин **бешик ыры, аягы - кошок**;
- Иш башы - акыл салып **кеңешүү, аягы ак бата**;
- Жол башы - үйдүн **босогосу**, аягы - эшик-терезеси жок мүрзө го.
- Жылдын башын - жерге **амал** кирген күн, жыл аягын **кантар** дейт;
- Суу башы – башат; булак, аягы - мухит;
- Доонун башы - карыз, аягы - жоо;
- Достуктун башы - дуу, аягы - чуу;

- Кастыктын башы - ушак, аягы - бычак;
- Көңүлдүн башы - салам, аягы - кош айтуу;
- Өмүрдүн башы - бешик, аягы - табыт эмеспи».

Берилген үзүндү текстти жогорку класстарда колдонууну сунуш кылабыз. Сабакта тексттин биринчи гана бөлүгү (сүроолор) мугалим тарабынан көркөм окулат. Ал бөлүктү 2-3 окуучу да үн чыгарып, көркөм окуйт (окуучу көркөм окууга да көнүгүшү керек). Андан соң тексттин мазмуну талданып, талкууланат.

Мазмуну өтө эле жөнөкөй сыяктуу. каардуу падыша Перизат аттуу сулуу келинге көзү түшүп, аны кедей жигит күйөөсүнө ыраа көрбөй, өзүнүн ак сарайына кызмат кылууга чакырат. Перизат сулуу, анын кедей күйөөсү ага макул болушпайт. Падыша заарын чачып, жасоолу аркылуу он табышмактуу суроо берип, үч күндүн ичинде так жооп бербесеңер, экөөңү тең малай кылам, атүгүл кедей жигитги зынданга салдырамын деп каарданат. Эгерде кедей жигит менен Перизат туура жоопту таба алышпаса, анда алар малай болуп калышат же зынданга салынат. Бул чакан тексттеги негизги ой акыл-эстин, тилдин жана туура ойлоно билүүнүн адам турмушундагы ордун, маанисин, кызматын айкын көрсөтүү. Бул тууралуу мугалим окуучуларга жеткиликтүү түшүнүктөрдү берип, дайыма ал боюнча ойлоно жүрүүнү эскертет. Андан соң тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү (алардын алды сызылды) дептерлерине көчүрүп жазууну жана алардын түшүндүрмөлүрүн табуу тапшырмасы берилет. Бул иш дароо аткарылбайт. Сөздөрдү жазып алгандан кийин окуучулар, сүроолорду да көчүрүп жазышат. Сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү менен сүроолорго жооп берүү үйгө тапшырма катары берилет, ал тапшырмаларды аткаруу кийинки сабакка эмес, бир жумадан кийин болуучу сабакка даярдоо талабы коюлат. Ошондой эле берилген тапшырмаларды аткарууда ата-эненин, улуу кишилердин, сөздүктөрдүн ж.б. жардамы менен аткарылыш керек экендиги катуу эскертилет. Тапшырмаларды аткарууга мындай талаптарды коюунун максаты эмне:

1. Окуучуларга өз алдынча ойлонуп, изденүүгө, жекече иштеп, өз корутунду-тыянагын чыгарууга түркү берип, ойлонууга убакыт берүү;
2. Тапшырманы аткарууга ата-энелерди, улуу кишилерди тартуу менен аларды уул-кыздары, иникарындаштары менен биргелешип маселени чечүүгө көнүктүрүү;
3. Ата-энеге, улуу кишилерге мектепте кыргыз тили сабагы эмнелерди окутуп, эмнеге үйрөтүп жаткандыгынан кабар берүү;
4. Кыргыз тили сабагы ойлонууга, өз алдынча пикир айтууга, сүроолорго жооп табууга, жакшы сүйлөөгө көнүктүрүүчү сабак экендигин тастыктоо;
5. Сүйлөө, жалпы эле кеп ишмердүүлүгү, барыдан мурда, ойлонууга, ой жүгүртүүгө байланыштуу, атүгүл көз каранды экендигин ачып көрсөтүү ж.б.

Мугалим берилген бир жума убакыттын ичинде ар бир кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактарында тапшырма кандай аткарылып жаткандыгын, кимдер, кандай жардам берип жатканын, кандай кыйынчылыктар болгондугун, кайсы сүроолорго жооп табылып, кайсы сүроолор кыйын экендигин ж.б. сурамжылап, бүтүрүүнү эскертип, классты, ар бир окуучуну шыкактап, түртку берип, эскертип, талап кылып туруусу зарыл. Ата-эне же башкалар жардам берип жаткан болушса, аларга маани берип, кубаттап, табылган жооптор кызыктуу болорун күтүп жатканын да жашырбайт. Окуучу мугалимдин бул тапшырмага өзгөчө маани берип, окуучулардан көптү, кызыктуу нерселерди күтүп жаткандыгын сезип, туйуп, аракеттенсин.

Ошентип, күтүлгөн сабак да башталды. Сабак кайрадан эле мугалимдин жана 2-3 окуучунун текстти үн чыгарып, жалпы класска көркөм окуусу менен ачылат. Ар бир көркөм окуган окуучуга мугалим тарабынан оозеки баа, сунуш, талаптар айтылат. Андан соң тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү аныкталып, такталат, алар боюнча мугалимдин корутунду пикири айтылат. Ага чейин досканын үч бөлүгүнө тең сүроолор жазылып, алдыларына жооптор үчүн орун калтырылып коюлган.

Доска ачылып, ар бир бөлүккө жазылган сүроолорго жооптор окуучулар тарабынан жазыла баштайт. Бул иште бир нече ыкмада аткарса болот:

- үч окуучу чыгып, өз жоопторун жазышат, класс аларды талдап, салыштырып, мыкты деген вариантын аныкташат;
- үч катар партадагы окуучулар өз-өзүнчө команда болуп, өздөрүнчө талкуулап, туура деген жоопторду жазышат, талдашат;
- үч команда кеңешип туруп, бирден окуучусун чыгарышып, алар өз вариантынын туура экендигин далилдөөгө аракеттенишет ж.б.

Ушул сыяктуу иш-аракеттер аткарылгандан кийин жалпы класстын күчү менен туура деп табылган жооптор жазылган досканын бир бөлүгүндөгү сүроолор калтырылып, калган эки бөлүктүн бири өчүрүлүп ташталат. Мына ушундан кийин гана мугалим жомокчу-автордун (С.Рысбаевдин) тексттинде берилген жоопторду ачыкка чыгарат. Ал жооптор окуучулар аныктаган жооптор менен салыштырылат, талкуу башталат. Мугалим окуучулардын жомокто айтылган жооптурго макул болбой, каршы болушуна да жол берип, андай пикир айткан окуучудан өз оюн далилдеп берүүнү суранат. Мындай пикирлер бир нече болушу мүмкүн. Алардын бардыгы угулат, талкууланат. Муну менен сабак жыйынтыкталбайт, ал боюнча мугалим корутунду чыгарбайт, маселе дагы эле ачык бойдон калат. Окуучулар жомоктогу жооптурду жазып алышат. Үйгө тапшырма катары берилген сүроолорго окуучулардын жообу менен жомоктогу жооптурду салыштыруу, туура, туура эмесин аныктоону ата-энелер менен биримдикте иштеп келүү берилет. Аткарууга дагы бир жума убакыт берилет. Аткаруунун жүрүшү тууралуу мугалим сурамжылап, эскертип турат.

Кайрадан күтүлгөн сабак башталат. Эгерде мугалим текст менен жүргүзүлгөн биринчи сабакты ойдогудай уюштуруп, окуучуларды кызыктырып, аларды талашып-тартышууга тарта алса, анда экинчи сабак жандуу, эмоционалдуу болуп, окуучулардын активдүүлүктөрү артып, пикирлер айтылып, өз оюн коргоого, далилдөөгө болгон аракеттер арбын болот. Класста түзүлгөн мындай жандуу, кызыктуу абал мугалимден сабырдуулукту, токтолуукту талап кылып, ар бир кадамын ойлонуп туруп жасоого мажбурлайт. Мугалимдин класстагы түзүлгөн жагымдуу кырдаалды бузууга акысы жок, тескерисинче кырдаалды дагы курчутуп, окуучунун өз оюн толук айтуусуна мүмкүнчүлүк берип, ал боюнча жалпы класстын бир же бир нече жыйынтык чыгаруусуна көмөк көрсөтөт.

Эгерде ата-энелердин жардамы менен берилген жооптор кызыктуу жана негиздүү болсо, ал жооптор жомоктун өзүндөгү жооптордон кескин айырмаланып, туура жооп катары эсептелүүгө негиз болсо, мугалим окуучуларга мындай сунуш менен кайрылууга мүмкүнчүлүк ачылат:

- Урматтуу окуучулар, биз силер менен Сулайман Рысбаев агайыңардын «Адам-пери» деген жомогунда берилген суроолорго өз алдыбызча жооп таап, аны жомоктогу жооптор менен салыштырдык. Айрымдарына толук түшүнбөй койдук. Мисалы «Достуктун башы дуу, аягы-чуу» деп айтылышы менен көпчүлүгүбүз макул болгон жокпуз. Мен да силердин пикирди колдойм. Силер: «достуктун башы-таанышуу, аягы-акырет», - деп сунуш кылдыңар. Бул-жакшы. Анткени өз алдыңарча ой жүгүртүп, талкуулап жатып, ушул жоопту таптыңар. Бул силердин табылгаңар.

Эми жакшылап көңүл бургула. Жомоктун үзүндүсүн талдоо аркылуу биз эмнелерди билдик. Ушуларды тактап алалы.

Биринчи, кайда, качан, ким менен сүйлөшпөйлү, адегенде жакшылап ойлонуп, айта турган сөзүбүздү дайыма даярдап алышыбыз керек экен.

Экинчи, жакшы сөз, туура жооп адамды ар кандай кыйынчылыктардан куткарууга жардам берет экен.

Үчүнчү, орундуу, ойлонуп так, кыска сүйлөө менен каардуу падышаны да женүүгө болот экен.

Ошондуктан кыргыз элинде: «Кылычынан кан тамганды, тилинен бал тамган жеңиптир»,-деген накыл кеп айтылып калган, деп жыйынтык чыгарсак болобу?

Ушул сыяктуу жыйынтыктоодон кийин мугалим үзүндүсү талданган «Адам-пери» жомогун толук окуп чыгууну сунуш кылат. Эгерде каалаган окуучу болсо, өз алдынча жомок чыгарууга үндөп, аны сабакта талкуулоого даяр экендигин билдирет.

Тил илими текстти «лингвистикалык космос» деп атаганын белгиледик. Кыргыз тилин окутуу үчүн текст дидактикалык кубаттуу курал, каражат экендигин белгилеп, сабакта текстти колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү да өтө кенен, чексиз боло тургандыгына көңүл бурдурууга аракет кылдык.

Н.Э.Эрбалтаева,
Кыргыз мамлекеттик
дене тарбия жана спорт академиясы

КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨНҮН МАКСАТЫ МЕНЕН МАЗМУНУ

Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык аны окутуунун максаты менен мазмуну аныкталып, такталып, үйрөтүүнүн активдүү ык жолдору менен каражаттарын аныктап табууга болгон аракеттер жүргүзүлүүдө. Бул багыттагы алгылыктуу жана келечектүү иш аракеттердин ичинен кыргыз тилин окутуунун каражаттарын толуктоого, жаңылоогоболгон иштерди бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткени окутууда максатталган мазмундуйрөтүү үчүн ага түздөнтүз салым кошуп, кызмат кылган универсалдуу каражаттарды аныктоо методика илиминдеги өтө актуалдуу маселелерден болуп калды. Албетте, кыргыз тилин башка предмет сыяктуу эле окуу маселелеринде окутуунун негизги каражаты катарыокуу китептер эсептелет. Бул аныкталып, такталып бүткөн, талаш туудурбаган, бирдиктүү корутунду катары каралат. Ошол эле учурда окуу китептеринин мазмунун аныктоодо, анда илимий-теориялык, грамматикалык түшүнүктордөн сырткары окуучулардын аң сезимин, ойлоосун жана кеп ишмердүүлүктөрүн жакшыртып, өркүндөтүүчү каражаттарды таап, колдонууга сунуш кылуу мамилеси да күн тартибине курч коюлууда. Мейли окуу китебин түзүүдө, мейли кыргыз тилин окутуу процессинде текстти колдонуу, текстти окутуу проблемасына кайрылуу аталган маселени чечүүгө, текстти окутуунун каражаты катары кароонун соңку мезгилдерде көп айтыла баштады. Бул эмне үчүн текст кыргыз тилин окутуунун негизги каражаты болуш керек? Текст каражат катары кандай кызматтарды аткара алат?-деген суроолорго жооп табууну талап кылат. Адегенде текст тил илиминин берген түшүндүрмөлөрүнө токтололу.

- Көп жылдардан бери изилдеп, бул боюнча бир нече эмгектерди жазып, илимдин доктору болгон Т. Маразыков текстке төмөнкүдөй аныктама берип, түшүндүрмөлөрдү келтирет:

«... текст-информация алмашуу кызматын аткаруу үчүн түзүлгөн, өзүнчө темасы, максаты, семантика-структуралык бүтүндүгү бар сүйлөшүүнүн бирдиги.»

Бардык эле текст:

Кандайдыр бир коммуникативдик максатты көздөйт;

Кандайыр бир информацияны туюндурат;

Салыштырмалуу аяктаган түргө, маанилик бүтүндүккө ээ болот;

Конкреттүү бир темага багышталат;

Басымдуу көпчүлүк учурда семантика-структуралык бирдиктерге бөлүнөт;

Структуралык жактан уюшулуп, семантикалык жактан интеграцияланып, биригип турат;

Бардык эле тексттер кайсы бир функционалдык стилдин бир түрүнөкирет.

Көрсөтүлгөн тексттин негизги белгилеринен текст грамматикалык, логикалык эрежелердин негизинде түзүлүп, адамдардын сүйлөшүүсүн, баарлашуусун тейлеген курал, каражат экендиги көрүнүп турат. Албетте окумуштуу белгилеп көрсөткөн маалыматтарды, белгилерди окутуп-үйрөтүүдө колдонуу үчүн алардын ар бирине токтолуп, чемелеп алуунун зарылдыгы бар. Ошол эле учурда кыргыз тилин окутууда тексттерди каражат катары колдонуунун технологиясынын иштеп чыгууда тексттин дидактикалык табиятына кайрылуу, аны түшүнүү менен мамиле кылуу маселеси да турат. Ошондуктан тексттин лингвистикалык табиятына кеңири токтолбостон, аны окутуп үйрөтүүдөгү ролу, маанисн жана кызматы жөнүндөгү маселелерди чечип алуу биз үчүн маанилүү.

Методист-окумуштуу Ж.А.Чымановдун пикири боюнча «текст менен иштөө кандайдыр бир лингвистикалык-теориялык маселени чечүүнүн, анын кайсы бир белгисин, өзгөчөлүгүн аныктоонун обьектиси эмес, текст баарынан мурда, окуучунун угуп түшүнүүсүн, окуп өздөштүрүүсүн, айтып (сүйлөп) билдирүүсүн жана жазып берүүсүн калыптандырып, өнүктүрүүсү, дайыма иштеп, дайыма кайрылып туруучу өспүрүмдүн жан жолдошу, кеңешчиси болушу шарт».

Кыргыз тилин окутууда текстти колдонууга карата сунуш кылынган шартты турмушка ашыруу үчүн анын мамилесиндеги, мазмунундагы таалим-тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо зарыл. Ал үчүн тексттин педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн терең өздөштүрүп, аларды окутуп-үйрөтүүдө пайдаланнуунун максаттарын да так билүү талабы коюлат. Эгерде аталган суроолорго жооп таппай туруп, тексттерди кыргыз тили сабагында колдонуу же колдонууга аракет кылуу эч кандай натыйжа бербейт. Анткени азыркы талаптар боюнча текстти окутуу аркылуу билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттарды да ишке ашыруу зарыл. Ошондуктан сабакта текстти колдонууга карата коюлуп жаткан талаптарды алдын-ала аныктап, тактоо талабы коюлат. Профессор К.Д.Добаевдин изилдөөсү боюнча тандалуучу тексттер төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

1. Билим берүүчүлүк жана маданий-тарбиялык маанилүүлүгү.

2. Усулдук максатка ылайыктуулугу (тексттерди тандап алууга, о.э, усулдук көнүгүүлөргө карата талаптар).

3. Жеткиликтүүлүк (тексттин тилдин баяндалышына карата талаптар)

4. Азыркы адабий кыргыз тилинин ченемдеринин, ошондой эле оозеки жана жазуу кебинин ченемдеринин көз карашынан алганда элестүүлүк.

Жогоруда берилген жана лингвистикалык жана педагогикалык илимий маалыматтардан улам текстти кыргыз тилин окутуунун негизги каражаттары катары колдонуу, пайдалануу үчүн мугалим, алдын-ала бир катар теориялык жана практикалык маселелрди чечип алышы керек экендиги белгилүү болот. Алардын негизгилерин белгилеп аныктоого аракет кылалы.

Кыргыз тилин окутуудагы текстти каражат катары колдонуунун теориялык маселелеринин негизгилери булар:

- Текст- кеп (сүйлөшүү) бирдиги.

- Кеп бирдиги катары текст тил бирдиктеринин (тыбыш, сөз, сүйлөм). Тил мыйзамдарына ылайык өз ара байланышып, биригишинин натыйжасында гана пайда болот, б.а, текст тил бирдиктеринен турат.

- Текст белгилүү бир коммуникативдик максатты көздөйт.

Демек тилди окутуу- үйрөтүүдө ал пайдаланышы керек.

- Текст белгилүү бир стилде болуп, белгилүү бир функцияны аткарат. Окутууда тексттин стили жана функциясы сөзсүз эске алынышы керек. Ал эми тексттин кыргыз тили сабагында колдонуунун практикалык – дидактикалык маселелери төмөнкүлөр:

-текст-шар, көркөм окууга көнүгүүнүн алмаштыргыч каражаты экендиги;

-текст-окуганын кайрадан өз сөзү менен текст боюнча өз түшүнүгүн айтып берүүгө үйрөтүүнүн ийкемдүү каражаты катары болушу;

-текст кыргыз тили боюнча өтүлүп жаткан тема боюнча кеңири маалымат алуунун булагы болушу;

-текстти окуп-үйрөнүү өздөштүрүү аркылуу окуучуларга таасирдүү тарбия берүү мүмкүнчүлүгүнүн ачылышы;

-тексттен окуучулар жаны өзгөчөлүктөрүнө, кызыгуучуларына жараша керектүү маалыматтарды ала алышы;

-текстти окуп-үйрөнүү менен окуучулар көркөм, публицистикалык жана илимий тексттерди (эмгектерди) өз алдынча окуп, өздөштүрүүгө көнүгүүлөрү;

-өз алдынча текст түзүүгө (дил баян, эссе, аңгеме ж.б.).

-текстке, андагы сүйлөмдөргө ар түрдүү талдоолорду (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык ж.б.) жүргүзүү менен грамматикалык түшүнүктөргө ээ болушу ж.б.

Бул сыяктуу маселелер тууралуу толук маалымат алган мугалим кыргыз тили боюнча өтүлүүчү конкреттүү темага ылайык келген текст тандоо ишине киришет. Тандалган текст жогорку талаптарга жооп бергендей болууга тийиш. Мугалим тандап алган текстти сабактын максаты менен мазмунуна жараша өзгөртүүгө, адаптациялоого укугу бар экендигин эскерте кетели. Текст тандоого окуучунун курактык өзгөчөлүгү, кызыгуусу жана суроо-талаптарына да эске алуу маанилүү.

Төмөндө колледждин студенттерине текстти колдонуу менен өтүлүүчү кыргыз тили сабагынын болжолдуу моделин иштеп чыгууга аракет кылабыз. Адегенде сунуш кылган текстти толук берели.

«Тил кантип пайда болгон» деген суроого жооп издөө байыркы замандарда эле башталган. Ал боюнча ар кандай ой-пикир айтылып, талаш-тартыштар болуп, атүгүл эксперименттик иштерди да жүргүзүп келишкен. Мисалы, б.з.ч. VII-V кылымдарда эле жаңыдан төрөлгөн наристелердин энесинен бөлүп алып, эл жок алыскы тоолордо, талааларда өзүнчө багышкан. Ал балдар бир дагы адамдар менен сүйлөшпөстөн өздөрүнчө жашап, чоңоюуга тийиш болгон. Жашоо үчүн баардык шарттар түзүлгөн. Мындай ырайымсыз экспериментке туш болгон балдарда сүйлөө жөндөмдүүлүк-төрү калыптанган эмес. Алар өз ара сүйлөшүүгө аракет жасамак түгүл, аны ойлоп да коюшкан эмес. Ошол эле учурда ал балдар толук кандуу өнүгүп-өспөй, жүлүндөрү бош, оорукчан болушуп, көп жашабай эле өлүп калышкан. Адам коомдон бөлүнүп, сүйлөбөй өскөн балдар адам болуудан калган. Мындай эксперименттер кийин дагы улантылган. Император Фридрих IIXII кылымда жогорудай тажрыйбаларды жүргүзүп натыйжасы мурункудай эле болгон. XVI кылымда Акбар аттуу хан да бул суроого кайрылып, өзүнүн экспериментин жүргүзгөн. Ал жаңы төрөлгөн 12 наристени алып, аларды багып, 12 дудук аялды даярдап, бардыгын сепилге кармап бактырган. Сепилди кайтарган кароолчу да дудук болуп, эгерде ал сепилдин дарбазасын ачса өлүм жазасын ала турганы эскертилген. Балдар 12 жашка толгондо, хан аларды хан сарайга алып келүүнү буйрук кылган. Сарайга көп тил билген, билимдүү, таасирдүү адамдар да чакырылган. Хандын максаты 12 жашка толгон балдарды кайсыл тилде чыгып, сүйлөшө тургандыктарын аныктоо болгон. Балдарды хан сарайга алып келип, сүйлөтүүгө аракет кылышканда, алар сүйлөй алышкан эмес. Отургандардын баары таң калышкан.Балдар сөзгө, атүгүл үнгө эч кандай маани бербей, эч кандай аракеттер жасалган эмес. Балдар өздөрүн баккан дудук аялдардан унчукпай жүрүүнү үйрөнүшкөн. Алар жөнөкөй каалоосун же жактырбоосун жаңсоо-ымдоо менен билдиришкен. Балдар өтө коркок болуп, адамдардан чочуган, үнгө (сөзгө) көңүл бөлүп, маани бербей калышкан. Алар адам кейпиндеги жаныбарларды элестетишкен. Акыл-эс дээрлик өнүккөн эмес.

Ар кайсы дооорлордо, ар кандай шарттарда жүргүзүлгөн ырайымсыз эксперименттерден, тажрыйбалардан кийин көп жылдык илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында гана «Тил, адамга сүйлөө жөндөмдүүлүгү тубаса эмес, ал коомдук-социолдык адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон өзгөчө кубулуш, жөндөм, шык» деген жыйынтык чыккан.

Бул текстти сабакта колдонууну 3 этапта (баскычка) жүргүзүүнү алгылыктуу деп эсептейбиз. Биринчи этапта текстти окуганга чейинки жүргүзүлүүчү иштер. Алар төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

Жалпы аудиторияга: «Тил кандайча пайда болгон деп ойлойсуңар?»-деген суроо менен кайрылып, жоопторду алуу. Мында бир нече жооптор алынат, алар доскага жазылат, талкууланат, бирок бирдиктерге корутунду чыгарылбайт. Ал текст менен толук иштеп бүткөндө гана чыгарылышы керек.

Тилге байланыштуу айтылган макал лакаптарды айттыруу жана анын маанисин чечмелөө.

Кыргыз акындарынын кыргыз тили боюнча жазган ырларын студенттерден суроо, билишпесе окутуучу өзү айтып бериши керек (А.Токтомушев, А.Осмонов, Б.Сарногоев,Э.Ибраев, Ш.Дүйшеев ж.б. ырларынан).

Экинчи этапта текст менен иштөөдө аткарылуучу иштер:

- Текстти окутуучу өзү көркөм окуйт;
- Текстти эки адам көркөм окуйт;
- Тексттин мазмунун (түшүнгөнүн) эки студентке айттыруу;
- Окутуучунун түшүндүрмөсү.

Үчүнчү этапта текстти окугандан кийинки аткарылуучу иштер төмөнкүлөр:

- Суроолорго жооп алуу (эксперименттик иштер кандай максатта иштелген? Эмне үчүн балдар сүйлөй алышкан эмес? Эмне үчүн балдар толук өспөй, оорукчан болуп калышкан? ж.б.);
- Тексттеги түшүнүк сөздөрдү табуу, талдоо;
- Студенттерге тексттин жаккан, жакпаганын (эмне үчүн) аныктоо;
- Мазмун боюнча талкуу уюштуруу;
- Жалпы жыйынтыкка келип, тыянак чыгаруу ж.б.

Жиберилген тестти окуучу кыргыз тилинин ар түрдүү бөлүмдөрүн окутууда сабактын темасына ылайык пайдаланып,аны менен ар түрдүү көнүгүү иштерин, талдоолорду да жүргүзө алат. Мисалы, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык талдоолор үчүнокутуучу тексттен каалаган сүйлөмдү, сөздү алып, иш жүргүзсө болот.Ошондой тексттин мазмунуна жараша ар кандай проблемалык суроолорду берип, студенттердин өз алдынча жооп берүүлөрүн талап кылса болот. Айталы, «тилдин пайда болушун аныктоо үчүнсен кандай эксперименттик иштерди жүргүзөт элең?» ж.б..

Сунуш кылган текстти интерактивдүү методдордун катарына киргизип, ИНСЕРТ методу менен окутууга да болот.

Адабияттар

1. Добаев К., Акматова А., Сулайманова Р., Кыргыз тили бөтөн тил катары окутууга арналган окуу китептери мазмунужана түзүмү. – Б., 2009-63-бет.

2. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери. – Б., Бийиктик. 2005. 83-84-беттер.

3. Чыманов Ж.Ч. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б.: Турар. 2009. 29-бет.

УДК 821.161.1

И. Мирошниченко,
Глазовский государственный педагогический институт имени В. Г. Короленко,
Г. Горборукова,
Американский Университет в Центрально Азии. Кыргызстан

ТЕХНОЛОГИЯ ОТБОРА И СТРУКТУРИРОВАНИЯ УЧЕБНОЙ ИНФОМАЦИИ С УЧЕТОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПОТРЕНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ

В статье рассматривается педагогическая технология, позволяющая отбирать и структурировать учебную информацию на основе приоритетов учащихся, т.е. учитывающую профессиональные намерения, интересы, склонности, особенности и ценностные ориентации обучающихся. Обосновывается перспективность применения квалиметрического подхода и, в частности, метода групповых экспертных оценок к отбору и структурированию учебного материала. Содержание школьного образования, учебная информация, экспертные оценки, приоритеты учащихся

В рамках выполнения поручения Президента России о подготовке планов деятельности федеральных органов исполнительной власти, направленных на решение задач, поставленных в указах от 7 мая 2012 г. № 596-606, разработан План деятельности Министерства образования и науки Российской Федерации на 2013-2018 годы. В Плане зафиксированы основные цели Минобрнауки России, в одной из которых говорится о необходимости обеспечения соответствия школьного образования предпочтениям, способностям и жизненным планам школьников и их семей, перспективным задачам развития России. А это значит, что региональные и муниципальные органы управления образованием, каждое образовательное учреждение должны строить свои модели организации обучения учащихся. На старшей ступени школы обучение строится на основе системы профильного обучения. При профильном обучении, направленном на реализацию личностно-ориентированного учебного процесса, существенно расширяются возможности выстраивания обучающимися собственной индивидуальной образовательной траектории. Но отбор и структурирование учебного материала по конкретному профилю осуществляет учитель, не имеющий подготовки, что приводит к дисбалансу объема учебного материала для профилирующих и непрофилирующих учебных предметов, перегрузки учащихся, несоответствию содержания учебного материала потребностям профессионального обучения. Исследователи подтверждают отсутствие доступной общеобразовательному учреждению педагогической технологии, позволяющей отбирать и структурировать учебную информацию на основе приоритетов учащихся, т.е. учитывающую профессиональные намерения, интересы, склонности, особенности и ценностные ориентации обучающихся.

В широком смысле любая технология определяет совокупность приемов, используемых в каком-либо деле, мастерстве, искусстве. Содержательное обобщение различных определений этого понятия позволяет сделать заключение о том, что педагогическая технология является частью педагогической науки о наиболее рациональных путях обучения и должна рассматриваться в процессуально-описательном и процессуально-действенном аспектах[1]. Процессуально-описательный аспект предполагает наличие алгоритма технологического процесса, совокупность целей, содержания, методов и средств для достижения планируемых результатов. Процессуально-действенный аспект предусматривает осуществление технологического процесса, функционирование личностных и инструментально-методологических средств.

Педагогическая технология приоритетно-логического структурирования учебной информации должна удовлетворять, как и любая другая педагогическая технология[2], основным методологическим требованиям, которые можно рассматривать в качестве критериев технологичности процедур структурирования учебной информации:

* критерий концептуальности как научное обоснование достижимости поставленной цели;

* критерий системности требует наличия у предлагаемой технологии всех признаков системы: логики процесса, целостность и взаимосвязь всех этапов. Центральной частью системного подхода является наличие модели исследуемого элемента педагогической системы;

* критерий эффективности накладывает определенные условия на все этапы технологии для оптимизации затрат и эффективности результатов;

* критерий воспроизводимости подразумевает возможность воспроизведения процедур структурирования учебной информации другими исследователями. Если процедуры не воспроизводимы, то невозможно говорить не только о технологии, но и о приоритетно-логическом структурировании учебной информации как научном методе;

* критерий управляемости предполагает возможность диагностического целеполагания, планирования, проектирования, поэтапной диагностики, варьирования средствами и методами с целью коррекции получаемых результатов;

* необходимым условием управляемости в указанном выше смысле являются требования критерия алгоритмичности.

Теоретической базой для создания педагогической технологии приоритетно-логического структурирова-

ния учебной информации, является разработанная концепция отбора и структурирования учебной информации по приоритетам учащихся[3] [4,5]. Следовательно, можно говорить о выполнении требований критерия концептуальности как научного обоснования достижимости поставленной цели. Принятая тезаурусная модель в качестве центральной части системного подхода разработанной концепции свидетельствуют о соответствии требованиям второго критерия технологичности процедур структурирования учебной информации (критерий системности).

При этом в соответствии с логикой разработанной концепции, педагогическая технология приоритетно-логического структурирования учебной информации предполагает следующие логически взаимосвязанные этапы:

1. Определение структур, реализующих педагогическую технологию приоритетно-логического структурирования учебной информации.

2. Определение предметной области приоритетно-логического структурирования учебной информации, границ применения создаваемых структур;

3. Реализация квалиметрически обоснованных процедур формирования группы экспертов по соответствующим показателям их компетентности;

4. Экспертный отбор (на основе метода групповых экспертных оценок) учебной информации в соответствии с установленными приоритетами школьников и формирование учебных тезаурусов предметов (формирование списка дескрипторов);

5. Выявление осознанных приоритетов школьников по результатам их самооценки как фактора профессионального самоопределения.

6. Логическое структурирование учебной информации в сформированных учебных тезаурусах предметов. С точки зрения наглядного представления логических структур в виде графа такое логическое структурирование наиболее целесообразно осуществить построением дидактических матриц;

7. Построение в графической форме логической структуры учебных элементов в виде ориентированных графов (построение структурных формул отрезка учебного материала);

8. Анализ полученных результатов, разработка рекомендаций по организации апробации в учебном процессе созданных структур учебной информации;

9. Экспериментальная проверка эффективности созданных структур учебной информации, анализ полученных результатов, разработка рекомендаций по корректировке (в случае необходимости) создаваемой технологии, рекомендаций по дальнейшему применению созданной педагогической технологии приоритетно-логического структурирования учебной информации;

10. Информатизация процедур педагогической технологии приоритетно-логического структурирования учебной информации.

Перечисленные последовательные этапы создаваемой педагогической технологии по своей сути являются описанием (алгоритмом) действий по приоритетно-логическому структурированию учебной информации. Данное описание соответствует всем требованиям критерия алгоритмичности. Для достижения квалиметрической обоснованности профессионально ориентированных структур учебных элементов необходимо применение научно обоснованных процедур на всех этапах их конструирования[4] [6,7]. Тогда в соответствии с «системным обеспечением качества» они будут удовлетворять предъявляемым к ним требованиям, т.е. являться качественной задаваемой учебной информацией.

Основными методами квалиметрии являются экспертные методы, которые предполагают проведение экспертного опроса и получения экспертных оценок специалистов в той области деятельности, по поводу которой ведется опрос. На основе метода групповых экспертных оценок В.С.Черепановым и О.В.Любимовой, разработана методика формирования учебных тезаурусов предметов, основывающихся на использовании понятия «тезаурус», сформулированного П.Георгиевой [3, 9].

Характерной особенностью использования экспертных методов в педагогических исследованиях является работа с высококвалифицированными специалистами в области педагогики, поэтому многие из методических и технических приемов, применяемых при массовых опросах, неприемлемы для получения экспертных оценок.

Основными этапами использования экспертных методов являются:

- подбор экспертов;
- проведение опроса экспертов;
- обработка результатов исследования.

Особое значение при экспертном опросе имеет подбор экспертной группы, т.е., лиц, имеющих специальные знания и опыт в исследуемой области. При этом экспертная группа должна удовлетворять условиям компетентности, репрезентативности и согласованности.

Таким образом, разработанная педагогическая технология, направленная на реализацию приоритетов учащихся общеобразовательной школы, основана на применении квалиметрического подхода и, в частности, метода групповых экспертных оценок. Технология включает в себя выявление осознанных приоритетов школьников по результатам их самооценки как фактора профессионального самоопределения, определение предметной области и описание семантических объектов системы, этапы алгоритма логического конструирования структур учебных элементов и информационную их реализацию с помощью компьютерных программ.

Литература

1. Казаринов А.С. Технология педагогического эксперимента.- Глазов: Изд-во Глаз. гос. пед. ин-та, 1999. - 192 с.

2. Казаринов А.С. Теоретические основы квалиметрической технологии педагогического эксперимента: дисс. … докт. пед. наук /А.С.Казаринов. – Ижевск, 1999.

3. Любимова О.В. Концептуальные основания проектирования педагогических норм в системе непрерывного профессионального образования: дисс. … докт. пед. наук /О.В.Любимова. – Ижевск, 2012.

4. Мирошниченко И.Л. Технология приоритетно-логического структурирования учебной информации: Методическое пособие. – Глазов:ГГПИ,2005,-50с.

5. Мирошниченко И.Л. Концептуальные положения к отбору и структурированию учебной информации по приоритетам учащихся //Вестник Череповецкого государственного университета. 2014. –№2. С.97-100.

6. Мирошниченко А.А. Теория и технология конструирования профессионально-ориентированных структур учебных элементов: дисс. … докт. пед. наук / А.А. Мирошниченко. – Ижевск, 1999.

7. Мирошниченко А.А. Предметная область экспертной когнитивно-педагогической системы. – Глазов, 1997. – 86 с.

8. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии: Учеб. пособие. - М.: Народное образование, 1998. - 256 с.

9. Черепанов В.С. Экспертные методы в педагогике: Учеб. пособие. – Пермь: Изд-во Пермского пединститута, 1988. – 84 с.

Abidin ÖZER,
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
Mehmet KURT,
Bişkek Sosyal Bilimler Üniversitesi

DIL VE YAZİNİN KÜLTÜR AÇİSİNDAN ÖNEMI

Bu çalışma insanın günlük hayatında en sık kullandığı, insanların birbiriyle iletişimini sağlayan dil ve yazının kültür içindeki önemi vurgulanmak istenmiştir. Araştırmada dilin ne olduğu, nasıl ortaya çıktığı, dilin özellikleri, yazı, yazının tarihi gelişim süreci ve kültür hakkında bilgiler verilmiştir. Bu bilgiler doğrultusunda dil ve yazının kültürle ilişkisi ve kültüre ne gibi katkılar sağladığı anlatılmaktadır.
Anahtar kelimelercDil, *yazı, kültür, insan.*

Giriş

Toplumdaki bireyleri birbirine bağlayan, belirli bir amaç ve birliktelik içinde yaşamalarını sağlayan her türlü özelliklere kültür denir. Kültürün bur toplum için önemi ifade edilemeyecek kadar büyüktür. Çünkü kültürünü kaybetmiş veya başka toplumların kültürünün etkisinde kalmış milletler tarih sahnesinden silinmiş, başka milletlerin içinde kaybolup gitmişlerdir. Kültürün en önemli muhafızları ise dil ve yazıdır.

Zira kültür nesilden nesile dil ve yazı ile aktarılır. Biz kültün en önemli taşıyıcısı olan yazı üzerinde durmaya çalışacağız. Fakat yazının toplum ve kültür açısından önemini iyi bir şekilde kavrayabilmek için öncelikle dili, dilin özelliklerini, dilin nasıl ortaya çıktığını bilmek gerekir.

Dil Nedir?

Konuşmanın ve dilin şimdiye kadar birçok tanımı yapılmıştır. Ünlü Yunan düşünürü PLATON, *Kratylos* adlı kitabında konuşmayı, " kendi özel düşüncelerini sesin yardımıyla, özne ve yüklemler aracılığıyla anlaşılabilir bir duruma getirmektir" şeklinde tanımlamıştır. Elbette dil fonksiyonlarına, işlevlerineve çeşitli bilimdallarma göre farklı şekillerde tanımlanabilir. Ayrıca dil; Türkçe'de olduğu gibi hem tat alma organı, hem de bildirişme dizgesi olarak diğer dillerde de birçok anlamlarda kullanılmaktadır.[1]

İnsanlar arasında anlaşmayı sağlayan bir araç olan dil, duygu ve düşüncelerin ifade edildiği, sesli ya da sessiz, çok yönlü ve gelişmişbir sistemdir. Dil, herhangi bir toplumda, bireylerin kendi aralarında iletişim kurabilmelerine imkan veren, kendi kültür ve geleneklerinin özelliklerini taşıyan, nasıl ve ne zaman ortaya çıktığıkesin olarak bilinemeyen bir gizli antlaşmalar ve sözleşmeler dizgesidir. Milletlerin tarihteki gelişimiile bağlantılıolarak onların duygu ve düşüncelerindeki ilerlemeyi de gösteren, canlı, yaşayan ve sosyal bir olgudur.[2]

Çok geniş anlamıyla dil, düşünce, duygu ve güdüleri, doğrudan doğruya ya da dolaylı olarak bildirmeye yarayan herhangi bir anlatım aracıdır. Bu tanım bütün canlıların kendi aralarındaki bildirişimlerle ilgili işaret sistemlerini olduğu kadar, insanlar tarafından doğanın ve eşyanın ortak kalıplar halinde manalandırılması olgularını da kapsamaktadır.

İnsanlar ve hayvanlar bir takım sesler ve işaretlerle düşünce, duygu ve güdülerini anlatmaktadırlar. Bunlar birer (dil) dir. Yaprakları solmaya başlayan bir bitki de (susadım) veya (hastayım) demektedir. O halde bitkilerin bile doğaya dönük dilleri vardır. Demek ki tüm canlıların, kendilerini ve hallerini anlatabilme olanakları vardır. Buna dolaysız (doğrudan doğruya) bildirişim diyoruz.Bir de insanların, uzun bir yaşantı sonunda, ortak sembollerle, ortak kalıplarla, evrende, doğada ve eşyada manalandırdıkları, özel anlamlar aşılaladıkları, dolaylı birer bildirişim aracı olarak kullandıkları işaretler ve sesler var ki bunlardan da sembolik, artistik bir dil oluşabiliyor; (yağmurun dili, denizin dili, göklerin dili, güllerin dili) gibi.

Bizim konumuz (insan dili)dir. Bunun için dilin, dar, bilimsel bir tanımını yapacağız. İnsanların aralarında anlaşmaya, kendilerini ifade etmelerine araç olan dil, bir dilbilgisi sistemi içinde örgütlenmiş, düşünce ve duyguları bildirmeye yarayan ses, işaret ya da hareketlerin bütünüdür.

Dil (langue) terimiyle herhangi bir toplumun, ulusun bireyleri arasında anlaşma sağlayan yerleşik dizge anlatılır. Bu dizge , anlam taşıyan belli ses birleşimlerinden,sözcük ve morfemlerden oluşur. Hava, toprak, cam gibi ses birleşimleri sadece Türkler için veya Türkçe'yi bilenler için bir anlam ifade etmektedir.[3]

Dilin ortaya çıkışı

2-ыкма. Кесипкөй адистер (профессионалдар) үчүн социалдык лифт. Мамлекеттик органдардын компетентсиз ишинен карапайым жарандар жабыркагандыктан, мамлекеттик кызматта кесипкөй адистер (профессионалдар) иштөөгө тийиш. Аткаминерлердин (чиновниктердин) начар ишинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты төмөндөйт, зарыл иштерди чечүүдө убарачылык көбөйөт, бюрократизм гүлдөп-өнүгөт. Мамлекеттик кызматкерлер зарыл болуп саналган квалификацияга гана ээ болбостон, өз жумушун ак ниет, жоопкерчиликтүү жана ак дилден аткаруусу зарыл.

Кандайдыр бир тармактагы мыкты адистерди мамлекеттик кызматка тартуу үчүн алар жеке сектордо иштөө менен таап ала турган каражатка барабар болгон айлык акыны сунуштоо абзел. Албетте, эгерде постсоветтик Кыргызстан башынан кечирип жаткан экономикалык кыйынчылыктарды эске ала турган болсок, анда бул максатка жетишүү абдан кыйын. Ошондой болсо да, 1995-жылы Сингапурда ишке кирген практика бир кыйла кызыгууну туудурат. Бул мамлекетте министрлердин, соттордун жана жогорку мамлекеттик кызматкерлердин айлык акысы жеке сектор тарабынан төлөнгөн салыктардын суммасынан көз каранды болгон. Тагыраак айтканда, өз айлыгы менен байланышкан кызыкчылыкты көздөгөн мамлекеттик элита үчүн жеке сектордун кирешеси өскөнү абдан пайдалуу болгон.

3-ыкма. Билим берүүнүн реформасы. Тилекке каршы, постсоветтик Кыргызстан мектептик билим берүү (бул жерде Финляндиядан өрнөк алса болот), университеттик билим берүү (бул жерде дүйнө лидерлери болуп АКШ менен Улуу Британия эсептелет) жана илим боюнча дүйнөлүк биринчиликти ээлебейт. Ошол себептен,

1) мекенине милдеттүү түрдө кайтып келүү механизмдери менен коштолгон студенттер менен алмашуунун терең ойлонулган программалары,

2) Кыргыз Республикасынын саясый чөйрөсүндөгү көп жылдардан бери тажрыйбалуу болуп калган аксакалдар жакын жолотпогондон улам башка өлкөдө ийгиликтүү иштөөгө аргасыз болгон жаш таланттар менен өлкөдөн 20 жыл мурда чыгып кеткен ата мекендик таланттуу адистерди реэмиграциялоо аракеттери;

3)республиканын ичинде лекцияларды окуу үчүн эң мыкты чет өлкөлүк окутуучуларды чакыруу,

4) Стэнфорд Университети менен MIT сыяктуу окутуунун онлайн ачык системасына кирүү, 1 долбоор = ата мекендик изилдөө тобу + милдеттүү түрдө изилдөө тармагынын бир тобу чет өлкөлүктөр схемасы боюнча чет өлкөлүк окумуштуулар менен кызматташууну колго алуу механизмдери,

5) мамлекетти өлкөнүн илимин каржылоо (финансылоо) жүгүнөн жеңилдетүү максатында бизнес менен университеттердеги академиялык илимдин биргелешкен долбоорлорун колдоо механизмдери.

Мындан сырткары, ар бир кыргызстандыкка эл аралык илим менен билим берүүнүн, айрыкча, техникалык багыттагы билим берүүнүн де-факто тили болуп саналган англис тилин сабаттуу үйрөтүү да өтө маанилүү болуп саналат. Бул жерде Дания жана Норвегия сыяктуу скандинавиялык өлкөлөрдүн, о.э. Сингапурдун тажрыйбасы абдан чоң кызыгуу жаратат деген пикирдебиз.

4-ыкма. Жемкорлук (коррупция) менен күрөшүү. Аткаминерлердин (чиновниктердин) кирешеси менен чыгашасын тескөө, алардан күнөөсүздүк презумпциясын (презумпция невиновности) алып салуу. Ошол эле учурда аткаминердин (чиновниктин) эмгегин адекваттуу баалоо.

Коррупция менен күрөшүү мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын, уюмдар менен физикалык жактардын ыйгарым укуктарынын чегиндеги

• коррупцияны алдын алуу, анын ичинде коррупциянын себептерин жок кылуу боюнча (коррупциянын профилактикасы);

• коррупциялык укук бузууларды аныктоо, алдын алуу, токтотуу, бетин ачуу жана иликтөө боюнча (коррупция менен күрөшүү);

• коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин минималдаштыруу жана (же) ликвидациялоо боюнча иш-чаралар боюнча аткарылган ишмердүүлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасында коррупция менен күрөшүү төмөнкү негизги принциптерге таянат:

• адам жана жарандын негизги укуктары менен эркиндиктерин таануу, камсыз кылуу жана коргоо;

• мыйзамдуулук;

• мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн коом үчүн ачыктыгы;

• коррупциялык укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтин кайра кайрылбастыгы (неотвратимость);

• саясый, уюмдук, маалыматтык-пропагандисттик, социалдык-экономикалык, укуктук атайы жана башка иш-чараларды комплекстүү пайдалануу;

• коррупцияны алдын алуу боюнча иш-чараларды приоритеттүү пайдалануу;

• мамлекеттин жарандык коомдун институттары, эл аралык уюмдар жана физикалык жактар менен кызматташтыгы.

Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык жана (же) өз ара макулдук принцибинин негизинде коррупция менен күрөшүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасы чет мамлекеттер, алардын укук коргоо органдары жана атайы кызматтары, о.э. эл аралык уюмдар менен кызматташат.

Кыргыз Республикасында коррупция менен күрөшүүнүн төмөнкүдөй уюмдук негиздер орнотулган:

• Кыргыз Республикасынын Президенти коррупция менен күрөшүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын аныктайт; коррупция менен күрөшүүнү жетектөө менен катар Президент аткаруу бийлигинин органдарынын компетенциясын орнотот;

• Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши коррупция менен күрөшүү маселелери боюнча мыйзамдарды иштеп чыгат жана кабыл алат; аткаруу бийлигинин органдарынын өз ыйгарым укуктарынын чегиндеги ишмердигин тескейт (контролдойт);

• коррупция менен күрөшүүнү жетектөө менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аткаруу бийлигинин органдарынын ортосундагы функцияларды бөлүштүрөт;

• мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары өз ыйгарым укуктарынын чегинде коррупция менен күрөшүүнү ишке ашырат;

• Кыргыз Республикасынын Генералдык прокурору жана ага баш ийген прокурорлор өз ыйгарым укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын, коопсуздук кызматына тиешелүү органдардын, бажы органдарынын ж.б. укук коргоо органдарынын коррупция менен күрөшүү боюнча ишмердигин координациялайт жана коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндө мыйзам тарабынан аныкталган башка ыйгарым укуктарын ишке ашырат;

• Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы өз ыйгарым укуктарынын чегинде 1995-жылдын 11-январындагы «Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы тууралуу» мыйзамына ылайык коррупцияга каршы күрөш жүргүзүүнү камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы күрөш жүргүзүү тууралуу» мыйзамы коррупциянын профилактикасы боюнча төмөнкүдөй негизги иш-чараларды аныктаган:

• коомдо коррупциялуу жүрүм-турумга карата элдешкис мамилени калыптандыруу;

• укуктук актылар жана алардын долбоорлоруна антикоррупциялык экспертизаны жүргүзүү;

• мамлекеттик же муниципалдык кызмат орудларын жана мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды ээлөөгө талаптанган жарандарга мыйзам тарабынан орнотулган квалификациялык талаптарды коюу, о.э. берилген жарандар тарабынан көрсөтүлгөн маалыматтарды мыйзам тарабынан орнотулган тартипте текшерүү;

• мамлекеттик же муниципалдык кызматты ээлеген адам өзүнүн Кыргыз Республикасынын нормативдик-укуктук актыларынын тизмесине киргизилген кирешелери, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттемелери, о.э. жашы жете элек балдары менен жубайынын кирешеси жана мүлкү тууралуу маалыматты бербей койгон, же атайылап туура эмес берген, же толук эмес формада берген учурда аны кызматтан бошотуу, же аны башка адам менен алмаштыруу ж.б. юридикалык жоопкерчилик иш-чараларын орнотуу;

• мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын кадрлар менен иштөө практикасына жогору кызматка көтөрүү, аскердик же атайы наамдарды, класстык чиндерди, дипломатиялык рангдарды берүү же сыйлоо ишинде мамлекеттик же муниципалдык кызматкердин өз милдеттерин узак мезгил бою, кынтыксыз жана эффективдүү аткаруусун милдеттүү түрдө эске алуу киргизилүүгө тийиш;

• коррупцияга каршы күрөш жүргүзүү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамын коомдук жана парламенттик тескөө (контролдоо) институттарын өнүктүрүү.

Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Төрагасы, Кыргыз Республикасынын Генералдык прокурору, Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министри бир нече жолу белгилегендей, Кыргызстандагы коррупцияга каршы күрөш жүргүзүүнүн мыйзам тарабынан аныкталган негизги багыттары мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарынын бул багыттагы ишин интенсификациялоо гана эмес, майда чабактарды гана эмес, ири акулага айланып кеткен жемкорлорду кармоо жана камоо ишине да сигнал болуп калган.

Конституция боюнча мыйзам алдында баардык жарандардын укуктары бирдей болгондуктан, Кытай сыяктуу жемкорлорду эл көзүнчө атып өлтүрүү болбосо да, Сингапур сыяктуу түрмөгө камап, кыскартып айтканда, мыйзам бузуучулардын баардыгына бирдей катуу жаза берүү адилет болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын директору А. Карашев "Мамлекеттик кадр кызматы тарабынан кызматкерлерди дайындоо жана аларды карьералык жактан өстүрүү ишинде да мыйзам ченемдүүлүк сакталып жатканы, жатпаганына мониторинг жүргүзүлүп турат. Аныкталган мыйзам бузуулардын натыйжалары боюнча мүчүлүштүктөрдү четке кагуу сунушталып, анын туура аткарылышына контролдук кылынат. 2013-жылы 7 мамлекеттик органда, 274 мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүндө жана 254 жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарында пландуу мониторинг жүргүзүлсө, 2014-жылдын башына бери Борбордук шайлоо комитети, геология жана минералдык ресурстар боюнча Мамлекеттик агентствосу жана Жогорку аттестациялык комиссия сыяктуу 3 мамлекеттик органда мониторинг жүргүзүлгөн", "текшерүүлөр жарандардын доо арыздары боюнча да жүргүзүлөт. 2013-жылы Мамлекеттик кадр кызматына 265 доо арыз түрүндөгү кайрылуу түшүп, анын 259у көрсөтүлгөн мөөнөттөрдүн чегинде каралып, 6 доо арыз ээсине кайтарылып берилген"[16], "жарандар менен мамлекеттик кызматкерлердин доо арыз түрүндөгү кайрылууларын кароо учурунда Мамлекеттик кадр кызматы талаш-тартыштарды сотко чейин териштирип, жөнгө салуу органынын милдетин аткарат" - деп билдирет.

Аалы Карашевдин маалыматы боюнча акыркы мезгилде мамлекеттик кызмат системасындагы антикоррупциялык механизмдер күчөтүлүүдө. Айтсак, Мамлекеттик кадр кызматы ваканттуу мамлекеттик кызматтарга татыктуу кандидаттарды тандап алуу учурундагы субъективизмди минималдаштыруу үчүн акыркы 10 жылдан бери конкурстук системаны колдонуп келет. Конкурстук негизде тандап алуу учурунда адамдын адам менен тике контактысы болбоосу үчүн тестирлөө процедурасы автоматташтырылып, чечим кабыл алуу милдети компьютерге жүктөлгөн. 2014-жылдан бери Мамлекеттик кадр кызматындагы тестирлөө борборунда компьютердик программанын жаңы варианты орнотулуп, ар бир кандидат үчүн индивидуалдуу болуп саналган код, же ачкычтын негизинде компьютер тесттик суроолор менен жооптордун варианттарын өзү аныктап, ал эми тесттин натыйжалары баардык каалоочулар үчүн ачык маалымдалат[17].

Чындыгында эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын веб-сайтына кирүү менен ар бир каалоочу баардык кандидаттардын тесттик натыйжалары менен таанышып, алар топтогон баллдардын суммасын көрө алат. Тестирлөө өткөрүлгөн залдарда видеокамералар орнотулуп, адам шпаргалка колдонуудабы, же башка бирөө менен кеңешүүдөбү, баары ачык көрүнүп турат.

Постсоветтик Борбор Азия мамлекеттеринин ичинен алгачкылардан болуп Кыргызстанда 2010-жылдан бери Мамлекеттик кадр кызматы, Мамлекеттик салык кызматы, Эсеп палатасы, Саламаттыкты сактоо Министирлиги ж.б. айрым мамлекеттик органдарга, о.э. статс-секретарларга кандидаттарды тандап алууда полиграф-тестирлөө жана жалганчылык детекторунда текшерүү колдонулат[18].

Кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылган жана терс негиздер боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардан бошотулган адамдарды так эсепке алуу максатында Мамлекеттик кадр кызматы тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин реестри («кара тизмеси») түзүлүп, ал кызматтын веб-сайтына жайгаштырылган. Бүгүнкү күндө бул реестрде 21 адамдын тизмеси турат[19].

Мамлекеттик кызматкерлердин кирешелери менен мүлкүнүн декларациясы 2004-жылдан бери жүргүзүлүп келет. Бирок, Кыргыз Республикасынын супер президенттик режиминин тушунда түзүлгөн белгилүү жагдайлардан улам 2012-2013-жылдарга чейин бул багытта майнаптуу иштер болгон эмес. Декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтардын тактыгын текшерүү, б.а. маалыматтардын верификациясы жүргүзүлгөн эмес, верификациянын механизми да болгон эмес. 2012-жылы гана Мамлекеттик кадр кызматы бул механизмди иштеп чыгып, 2012-жылдын 25-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмүтүнүн токтому менен текшерүү механизми тууралуу жобо бекитилген[20].

2013-жылдын февраль айында Мамлекеттик кадр кызматынын буйругу менен курамына укук коргоо, фискалдык, каттоо ж.б. 12 мамлекеттик органдын өкүлдөрү кирген ведомстволор аралык комиссия түзүлүп, Мамлекеттик кадр кызматы аткаминерлердин (чиновниктердин) декларацияларында көрсөтүлгөн маалыматтардын чындыгын текшерүү ишин баштаган. Комиссиянын жумушунун натыйжалары тууралуу маалымат Мамлекеттик кадр кызматынын веб-сайтынын жаңылыктар бөлүмүнө жайгаштырылып, президент менен премьер-министрге жөнөтүлөт. Тилекке каршы, капитал амнистиясына байланыштуу ведомстволор аралык комиссиянын ишмердүүлүгү 2014-жылдын июнь айына чейин токтотулган.

Айтылгандардан төмөнкү корутундулар алынды:

1. Фаворитизм менен непотизмге каршы күрөшүүнүн негизги альтернативасы катары меритократия менен технократия аталды. Меритократиялык башкаруу жумушка жана олуттуу мамлекеттик кызматка эң ылайыктуу адамды тандоого умтулат. Башкача айтканда, меритократиялык өлкө – бул мамлекеттик башкаруу ишинде, ири алдыда, билимдүү, жөндөмдүү адамдарды тандаган жана кызмат тепкичи боюнча алдыга жылууда, же жогорулоодо билимди, жөндөмдү, ийгиликти жана башка ушул сыяктуу прогрессивдүү критерийлерди алдыңкы катарга койгон өлкө болуп саналат.

2. Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү ийгиликтүү өнүгүш менен технократиялык коомду түзүүнү мүмкүн кылган айрым технократ башкаруучулардын мисалына кайрылуу менен социалдык чөйрөдө технократтар билим берүү менен илимге прерогативалуу артыкчылыктарды берип, алардын деңгээлин мүмкүн болгон эффективдүү ыкмалардын жардамы аркасында көтөрөөрүнө ынандык. Саясый чечимдерди кабыл алууда технократтар азыркы күндөгү Батыш демократиясынын саясатчылары сымал шайлоонун бир системасынан экинчисине өтүү сымал майда барат темалардын эмес, стратегиялуу ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берген илимий жоболор жана теорияларга таянышат.

3. Кыргыз Республикасы мыкты элитага татыктуу болсо да, Кыргыз Республикасында 2010-жылы болуп өткөн президенттик шайлоо учурунда президенттикке ат салышкан амбициялуу жаш саясатчыларга мүнөздүү болгон 1) өлкөнү келечектүү өнүктүрүүнүн так кесе аныкталган саясый программанын жоктугу, 2) инсанды саясый ишмер катары бышырган өз адистиги боюнча терең билим менен тармакты башкаруу ишиндеги тажрыйбанын жоктугу, 3) кыргыз жаштарынын арасында саясый чоң сахнага чыгуу үчүн өтө маанилүү болуп саналган оратор жана харизматик инсандар сейрек кездешкени, 4) Кыргыз Республикасынын Президенттигине талаптанган жаштардын ичинен таланттуу технократтардын болбогондугу сыяктуу 4 кедергини супер президенттик режимдин учурундагы непотизм менен фаворитизмдин кесепети катары баалоого болот деген корутундуга келүүгө болот.

4. Таланттуу окумуштуулар, жогорку квалификациялуу адистер жана иш билги бизнесмендер бизнес жүргүзүү үчүн жагымсыз болуп саналган институционалдык чөйрө, эмгек акынын өтө эле төмөндүгү, жетишээрлик жабдуулардын болбошу, техникалык жактан артта калуу, эмгектенүү үчүн жагымдуу шарттардык жоктугу ж.б.у.с. себептерден улам республикадан кетип жатат. Аталган себептердин ичинен жаш адистер постсоветтик Кыргызстанда зарыл болуп саналган байланыштарсыз, тааныштарсыз, туугандарсыз, колдоочуларсыз өздөрүнүн карьералык, илимий жана ишкер өсүүсү үчүн мүмкүндүктөр менен перспективаларды көрө албай жаткандыгын баса белгилөөгө болот.

5. Непотизм менен фаворитизмдин кеңири жайылышы жемкорлуктун (коррупциянын) бирден бир себеби болуп саналат. Белгилүү болгондой, бүтүндөй эле түрк тилдүү өлкөлөрдүн, алардын ичинде, Кыргызстандын менталитетине үй-бүлөлүк баалуулуктарды жогору кадырлоо, сыйлоо, урматтоо мүнөздүү. Ошол себептен, үй-бүлөнүн кандайдыр бир мүчөсүн мамлекеттик беделдүү кызматка дайындап, ал болсо коррупциялык аракеттерди жасаган учурда кандаш-туугандаш мамилелер менен чырмалышкан бийлик адамдары бирин бири колдоп, коргоп, кылмыштын изин билгизбей, жашырып кетет. Ошол себептен, жемкорлук менен күрөшүү кесепеттүү мүнөздөгү фаворитизм менен непотизмге каршы күрөштүн өзү болуп саналат.

6. Жемкорлук (коррупция) менен күрөшүүнүн укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, эл аралык укуктун жалпы тарабынан таанылган принциптери менен нормалары, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери, Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы күрөш жүргүзүү тууралуу» мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн нормативдик укуктук актылары түзөт. Коррупция менен күрөшүүнүн нормативдик-укуктук негиздеринин арасында Европа Кеңешинин коррупция үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги тууралуу 1999-жылдын 27-январындагы Конвенциясы; БУУнун (ООН) 2003-жылдын 31-декабрындагы Конвенциясы сыяктуу эл аралык конвенциялар да бар. Сөз кылынган эл аралык конвенциялар Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган жана алардын көп абалдары кыргыз мыйзамдарында эске алынган.

7. Бүгүнкү күндө супер президенттик режимден мураска калган жемкорлук менен күрөшүү иши алгылыктуу жүргүзүлүүдө. Бирок, коррупцияга каршы күрөш жүргүзүүнүн алгачкы кадамдарынын эффективдүүлүгүн ашкере баалоого болбойт. Коррупция күрөшсүз эле өз позицияларын бере койгон алсыз күч эмес. Биздин пикирде супер президенттик режимдин кесепети болуп саналган Кыргызстандагы масштабдуу коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү үчүн көп жылдарга созулган талыкпас иш талап кылынат. Азырынча коррупция постсоветтик Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна коркунуч туудурган олуттуу кесепеттердин эң башкысына кирет.

Адабияттар

1. Coşkun Can Aktan, "Geleneksel Devlet Felsefesine Karşı Yeni Devlet Felsefesi".

2. Рыбников А. США и впредь останутся безоговорочным лидером в экономике, считает известный шведский экономист. 10.12.2012 [Электронный ресурс] URL: http://oko-planet.su/politik/politwar/153709-rossiya-nikogda-ne-sozdast-nichego-ccnnogo-izvestnyy-shvedskiy-ekonomist.html (дата обращения: 3.10.2013).

3. Касымалиева А. В Кыргызстане хотят ввести наказание за непотизм // Кыргызская служба радио Свобода / Свободная Европа Центральное информационное агентство Новороссии Novorus.info. 2 апреля 2012 года.

4. Kemal Özsemerci, Türk Kamu Yönetiminde Yolsuzluklar, Nedenleri, Zararları ve Çözüm Önerileri, 2002, s. 28, < http://www.sayistay.gov.tr/yayin/elek/ekutupana2.asp?id=409>, 10.05.2008

5. Kwang-ho Kim, "Favoritism and Reverse Discrimination", European Economic Review 51, 2007, s. 118, <www.sciencedirect.com>, 10.05.2008

6. Deanna Bellandэ, "Families rule politics in Chicago", AP News, December 20th, 2006, media news and journals, <http://www.bookrags.com/news/families-rule-politics-in-chicago-moc/>, 10.05.2008

7. Nepotism maddesi: Wikipedia

8. Brendan Conway, «The new nepotism», Public Interest, Wntr 2004, < http: // findarticles.com/p/articles/mi_m0377/is_154/ai_n6062437>

9. "Problem yok", "her юey halloldu" manasэna gelmektedir.

10. Nepotism maddesi: Wikipedia

11. "Мелис байке" – Мелис Турганбаев, генерал-майор, Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министринин орун басары. Кызуу абалында автоунаа айдап бара жаткан жаш кызды жол-кайгуул кызматынын кызматкерлери кармап, масс абалында машина айдоосунун себебин сураган учурда, жаш кыз аларды «Мелис байкеге айтам», - деп коркуткан видеоматериал Интернетке жайгаштырылган кийин «Мелис байкеге айтам», - деген коркутуу Кыргызстанда популярдуу болуп кеткен – авт.

12. Карашев А. Коррупции нет места на госслужбе // Вечерний Бишкек. – 2014. Пятница. 20 июня. – С. 9.

КИРМАН Юнус Эмре,
Эл аралык Ататүрк-Алатоо университети

ПОСТСОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДА А. АКАЕВДИН СУПЕР ПРЕЗИДЕНТТИК РЕЖИМИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ФАВОРИТИЗМ ЖАНА НЕПОТИЗМ ФЕНОМЕНДЕРИНИН СПЕЦИФИКАСЫ

Постсоветтик геосаясый мейкиндикти операның (призрак оперы), же коммунизмдин (призрак коммунизма) эмес «түстүү» (же «гүлдөр») ыңкылабынын (революциясынын) руху аралап жүрөт. Бүгүнкү күндө бул революциянын сценарийи тигил же бул деңгээлде Грузияда, Абхазияда жана Украинада ойнотулган. Келип чыгуу теги боюнча бул окуялар 1989-жылы Чыгыш Европада болуп өткөн «бархат» революциялары менен Югославия талкаланып бара жаткан мезгилдеги окуяларга барып такалат. Ал эми 2005-жана 2010-жылдары Кыргызстанда болуп өткөн сары же кычкыл лимон түстүү, болбосо, «жоогазын революциясы», же «роза революциясы» (Роза Отунбанынын атына байланыштуу) деп ар кандайча аталып, азырынча түсү же гүлүнүн аты так кесе аныкталбаган бул революциялар жогоруда аты аталып, башка өлкөлөрдө болуп өткөн революциялардан кескин айырмаланат.

Постсоветтик Кыргызстандагы фаворитизм менен непотизм феномендери өлкөнүн тунгуч Президенти А. Акаевдин мезгилинде тамыр жая баштайт. Бир катар аналитиктердин маалыматы боюнча саясый технологиялардын инструментарийлерин мыкты өздөштүрүү аркылуу 15 жылга созулган саясый ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө А. Акаев жомоктогу «жылаңач хандын» ролун (роль «голого короля») укмуштуудай ынанымдуу ойногон. Беларусиянын Президенти А. Лукашенко Бишкекке келип кеткенден кийин А. Акаевди төмөнкүчө сыпаттаган: «Абдан билимдүү, акылдуу жана Кыргызстандын кызыкчылыктарын коргоо ишинде жетишээрлик айлакер киши экен. Эң негизгиси – ал баардык президенттердин ичинен эң эле интеллигенттүү адам. Андан көп нерсе үйрөнсө болот, аны менен иштешүү өтө жагымдуу»[1].

Чындыгында эле 1944-жылы Кыргыз ССРинин Кемин районундагы Кызыл-Байрак айылында карапайым колхозчулардын үй-бүлөсүндө туулган Аскар Акаев мектепте окуп жүргөн чагында эле өзүнүн интеллектуалдык жөндөмдөрү жана эмгекчилдиги менен айырмаланып турган. 1961-жылы ал мектепти алтын медалы менен аяктап, СССРдеги эң престиждүү деп саналган ЛИТМО деп аталган жогорку окуу жайына өтөт. 1968-жылы бул окуу жайды артыкчылык диплому менен бүтүрүп, ЭЭМ (ЭВМ) боюнча инженер-математик деген адистикти алып чыгат. Дароо эле аспирантурага өтүп, аны 1971-жылы, ал эми докторантураны 1976-жылы ийгиликтүү аяктаган. Кандидаттык диссертациясын 1971-жылы, ал эми докторлугун 1981-жылы 34 жашындай коргойт. 1972-жылдан 1986-жылга чейин А. Акаев Фрунзе шаарындагы политехникалык институтта инженерден кафедра башчысына чейинки кызмат тепкичтерин басып өтөт. 1984-жылы А. Акаев Кыргыз Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, ал эми 1987-жылы ал академик болуп шайланган. 1989-жылы А. Акаев Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын президенти болуп калат. А. Акаевдин илимий багажы өз кучагына 15 монографияны да камтыган 150 илимий эмгектен турат. Ал илимдин 29 кандидатын жана 3 докторун даярдаган[2].

1985-жылы бийликке келген М. С. Горбачёв кайра куруу саясатын баштап, СССРдин борбору Москва шаарында гана эмес, жер-жерлер менен союздук республикаларда да кадрларды алмаштырууну жигердүү баштаган. Бирок, 1986-жылы эле бул аракет олуттуу каршылыкка туш болот. Москвадан Алма-Атага Казакстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин 1-секретары катары атайы түшүрүлгөн «парашютист» Г. В. Колбинге каршы казак студенттери нааразычылык акциясы менен көчөгө чыгышат[3]. Москва үчүн күтүүсүз болгон Алма-Атадагы саясый окуя төмөнкүдөй жаңы практиканы колдонууга мажбур кылган: союздук республикаларга улуту орус болбосо да, Москвага чын дилден берилгендик рухунда тарбияланган жана тагдырыбыз Орусия менен тыгыз байланышта деген мондиалисттик ойломго ээ национал-технократ-автохтондорду башкаруучу кылып дайындоо чечими кабыл алынган. М. С. Горбачёвдун уясынан учуп чыккан Н. Назарбаев, И. Каримов, А. Акаев өңдүү саясый балапандар дал ушундай жол менен саясый сахнага келишкен. Алардын ичинен А. Акаев карапайым калктан чыккан окумуштуу, интеллектуал, заманбап доорго бап келген билимдүү адам, демократиянын идеалдарына шайкеш келген президент катары советтик либералдык интеллигенциянын суктануусун жараткан.

Ошентип, А. Акаев саясый бийликке умтулган эмес, бийлик аны өзү тапкан. СССРдеги көпчүлүк окумуштуулар сыяктуу эле А. Акаев өз каалоосу боюнча эмес, «кызмат абалына» байланыштуу КПССтин катарына өткөн. 1986-жылы ал Кыргыз ССРинин КП БКнин мүчөсү, андан соң Кыргыз ССРинин эл депутаты болуп шайланат. Жогоруда айтылгандай, 1987-жылы А. Акаев Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын вице-президенти, бир жылдан соң президенти болуп шайланат. 1986-1987-жылдары ал Кыргыз ССР КП БКнын илим бөлүмүн жетектеген. 1989-жылы ал СССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган. Кийинчерээк ал улуттар палатасынын мүчөсү, экономикалык реформалар боюнча Жогорку Советтин комитети болуп шайланат. Өз кезегинде бир кыйла атак-даңкка ээ болгон чөлкөмдөр аралык депутаттык топтун мүчөсү (член знаменитой Межрегиональной депутатской группы) болуп саналып, А. Д. Сахаров жана Б. Н. Ельцин менен пикир алышкан. Илимий маанайда так кесе аныкталган формулировкалар жана чоң эрудиция менен коштолгон сөздөр менен эл алдына чыккаеда көйгөйлүү маселелердин кеңири спектрин көтөргөн. Реформалардын, рынок механизмдери менен жеке менчиктин, анын ичинде жерге болгон жеке менчиктин, зарылдыгы тууралуу бир нече жолу сүйлөгөн. Ошентип, 1990-жылдарга А. Акаев демократиялык маанайда жетишээрлик калыптанган саясатчы, «демократтардын алгачкы толкунунун» көрүнүктүү өкүлү катары чыга келген.

1990-жылы Ош областында кыргыздар менен өзбектердин ортосунда кылымдар бою чечилбей келген жер талашына байланыштуу кандуу кагылыш болуп өтөт. А. Масалиев башында турган республиканын партиялык жетекчилиги жаңжалды токтотуугa жөндөмсүз болгон. Натыйжада Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин депутаттары Москва шаарында СССР Жогорку Советинин депутаты катары кызмат аткарып жаткан А. Акаевге республиканын жаңы жетекчисин шайлоого катышып берүүсүн сураныпат. А. Акаев алгач бул суранычтан баш тартканбирок, акыр аягында ал Фрунзе шаарына келип, 12 кандидат менен бирдикте шайлоого катышат. Шайлоонун экинчи турунда ал басымдуу көпчүлүк добушка ээ болуу менен 1990-жылдын 27-сентябрында Кыргызстандын демократиялуу маанайда шайланган тунгуч президенти болуп калган[4]. Ош областына ВДВнын (воздушнодесантные войска) Псковдогу дивизиясын жиберген Москванын жардамы аркасында, И. Каримовдун далдалчылыгы жана эл арасында өтө популярдуу болгон генерал Феликс Куловдун беделине таянуу менен А. Акаев Ош жаңжалын токтотуп, түзүлгөн оор абалды стабилдештирип, жаңжалдашкан элди элдештирүү процессин баштаган.

Ош окуясы тынчыгандан кийин А. Акаев чыныгы окумуштууга таандык педантизм менен Кыргызстанды «демократиянын күзгүсүнө» («витрина демократии»), же анын өз сөзү боюнча «Борбор Азиядагы Швейцарияга» айлантууну чечет. Эл аралык аренада ал Орусия менен АКШнын ортосунда кылдат маневрларды жасап, ал тургай, бул 2 өлкөнүн аскер базаларын Кыргызстанга жайгаштыруу менен жылдыздары келишпеген державаларды бир арабага чегүү аракетин ийгиликтүү ишке ашырган. Ал Еврошериктештик жана Япония мамлекеттери, о.э. Н. Назарбаев жана И. Каримов башында турган коңшу мамлекеттер менен да жакшы мамилелерди түзгөн. Аты аталган коңшу мамлекеттер жана Орусиянын жардамы аркасында А. Акаев Өзбекстан менен Тажикистандан Баткен жергесине кирип келген исламисттердин мизин 2 жолу кайтарган. Ал республикада ваххабиттик топтордун күч алышына жол берген эмес.

Ошол эле учурда А. Акаев Батыш өнөктөштөр үчүн өзүн ыраатгуу демократ жана адам укуктары менен фундаменталдуу эркиндиктер үчүн күрөшкөн адам катары көрсөткөн имиджди түзүү аракеттерин кылган. Акаев жана анын командасы эл аралык пиар өнөрүн мыкты өздөштүрүшкөн. Натыйжада Кыргызстан Батыш журналисттери, артисттери, шоу-бизнестин жылдыздары, саясат таануучулары жана философтор сыяктуу маанилүү адамдар үчүн Мекке шаарына айланган. Дүйнөнүн ар кыл мамлекеттеринин массалык маалымат каражаттары «Азиядагы алгачкы демократ» А. Акаевдин даректине багытталган мактоо сөздөрүн айтуудан тажаган эмес. Республикада мурда кийин болбогон саммиттер, конференциялар ж.б.у.с. эл аралык отурумдарды өткөрүү адатка айланган. А. Акаев эл аралык деңгээлдеги бир катар амбициялуу долбоорлорду өткөрүү демилгесин көтөрүп чыгып, ар кандай кайрымдуу жана акчалуу уюмдардан каражатты ийгиликтүү сурап алуу тажрыйбасын өздөштүргөн.

Өлкөнүн ичинде А. Акаев Түндүк менен Түштүктүн, ар кыл кландар, этностор жана топтордун ортосунда да ийкемдүү маневрларды жасай билген. Ал өлкө ичиндеги стабилдүүлүк менен улуттар арасындагы ынтымакты сактап калуу ишине зор көңүл бурган. Анын демилгеси менен Кыргызстан адам укуктары менен эркиндиктеринин Декларациясын ратификациялаган мурдагы СССРдеги алгачкы мамлекет болгон[5]. 2002-жылы А. Акаев Омбудсмен тууралуу Мыйзамга кол койгон[6]. Республикада Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы иштей баштаган, Эл Достугунун Үйү ачылган, улуттук-маданий борборлор, ассоциациялар менен бирикмелер активдүү ишмердүүлүк жасоого өткөн.

Албетте, М. С. Горбачёвдун зээндүү кадры жана Кыргызстандын алгачкы президенти катары А. Акаев позитивдүү маанайдагы кыргыз-орус мамилелерин сактап калуу жана өнүктүрүү ишинде колунан келген аракетин кылган. Бул максатта ал орус тилине Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик тил статусун расмий мыйзамдын негизинде орнотуп, акылман жана алысты көрө билген кадам жасайт. Белгилүү болгондой, СССР кулагандан кийин улутчул маанайдагы оппозициялык топтордун протестин жаратуу кудуретине ээ болгондуктан, постсоветтик геосаясый мейкиндиктеги өлкөлөрдүн баардык эле лидерлери мындай чечимди кабыл ала алган эмес. Бирок, А. Акаев окумуштуу катары орус тилине жогорулатылган статусту берүү өлкөнүн алган саясый багытын өзгөртө албастыгын, ал эми Орусия Федерациясынын фаворити катары Москва жана таасири күчтүү орус тилдүү чөйрөлөрдө мындай кадам ага эбегейсиз зор дивиденддерди алып келээрин түшүнгөн.

Жогоруда айтылгандардын негизинде 2005-жылдагы «жоогазын» революциясына чейин Борбор Азиядагы башка постсоветтик республикалардан айырмаланып, Кыргыз Республикасында саясый партиялардын саны көп болуп, оппозициялык газеталар чыгып, эл аралык укук коргоо уюмдары иш жүргүзгөндүктөн, Батышта А. Акаев «Кыргызстанда Борбор Азия үчүн уникалдуу болуп саналган саясый системаны, б.а. европалык типтеги демократияны куруп жатат» деген ынанымдар күч болгон.

Элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон Ф. Рузвельт мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн алда канча узак мезгилдер бою Американы башкаргандай, А. Акаев да Түндүк менен Түштүктү ири транспорттук магистраль менен бириктирүү максатында 2000-жылы Балыкчыдан Кочкорго чейин, 2005-жылы Кара-Кечеден башталып, 2010-жылы Жалал-Абадга чейин созулган темир жолду этаптуу куруу ишин колдоо сыяктуу пайдалуу иштерди кылганда, ага ыраазы болгон эл аны 4, ал тургай, 5 жолу Кыргызстанды башкарган президент кылып шайлап алмак.

Күнүмдүк практика көрсөткөндөй, постсоветтик Борбор Азияда, анын ичинде Кыргызстанда жекжаатчык, тууган-уруктук, жоро-жолдоштук, же жердештик байланыштардан улам мамлекеттик кызмат орундарына дайындоо, же ишке кабыл алуу тенденциясы кеңири жайылган. Ошол себептен, *"короля делает свита" деген орус тилиндеги макал айгинелегендей, А. Акаев менен К. Бакиев сыяктуу президенттердин айланасындагы свитаны түзгөн адамдардын саны аз болгону менен алардын алкымы чоң болуп, Кыргызстан өндүү кичинекей жана жаңыдан телчигип келе жаткан мамлекет номиналдуу президенттерди гана эмес, алардын аялдары, балдары, бир туугандары, экинчи жана башка аялдары, жоро-жолдошторун да багууга мажбур болуусу, алардын үй-бүлөлүк кланынын саясый чөйрөгө ашкере кийлигишип жибергендиги 2005- жана 2010-жылдары болуп өткөн 2 революциянын себебине айланган.*

Фаворитизм жана непотизм постсоветтик Кыргызстан гана эмес, дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө да кеңири тараган кесепеттүү феномендер болуп санальшат. Penn Schoen Berland жана Georgetown University деп аталган беделдүү окуу жайлардын изилдөөчүлөрү социологиялык сурамжылоолордун жүрүшүндө респонденттердин 75 %ы фаворитизмге күбө болгонун билдирсе, 23 %ы күнүмдүк турмушта өздөрү фаворитизм феноменин кеңири колдоноорун моюнга алышкан. Сурамжылоого тартылгандардын 83 %ы сөз болуп жаткан феномен компания үчүн эң эле кесепеттүү болуп саналган чечимдерге алып келип, анын өндүрүш ишмердигине терс таасир тийгизээрин баса белгилешкен[7].

Өзүнүн системалык мүнөздөмөлөрүнүн өзгөчөлүгүнө карай каалагандай уюм бир бүтүн нерсе катары функцияланууга максатында күн көрүүнүн белгилүү бир механизмдерин иштеп чыгат. Сырткы чөйрөдөгү стабилдүүлүктүн жоктугу, эртеңки күнгө ишенбестик, салык кысымы, бюрократия ж.б. терс факторлор мындай шарттардан аман чыгууга көмөк берген механизмдерди издөөгө айласыздан мажбур кылат.

Сурамжылоонун жүрүшүндө кыргыз Республикасынын жарандары бийлик өкүлдөрү болгон жеке адамдарга да ишенишпейт. Ошол эле учурда бийликтин ар кандай деңгээлдерин ээлеген жетекчилер ишенимдүү адамдарга, өздөрү толугу менен ишенген командага муктаж. Ошол себептен, ишенимдүү адамдарды тааныштардын, достордун жана туугандардын арасынан издөө башталат. Практика көрсөткөндөй, бул учурда, жакшы саналаш чөйрөгө таандык адамдардын адискөйлүгү (профессионализми) жана ишти мыкты билгендиги (эффективдүүлүгү) экинчи планга жылдырылып, ишеним фактору гана приоритеттүү болуп калат.

Эреже катары, фаворитизм төмөнкүдөй чынжырлуу реакцияны жаратат: жетекчи мамлекеттик бийик кызматтарга өз фавориттерин коюуну артык көрсө, бул фавориттер, өз кезегинде, орун басарлык орундарга өздөрүнүн ишенимдүү адамдарын дайындоого далбас уруп, бийлик кызматтарындагы непоттор менен фавориттерден куралган айлампа пайда болот.

Мартабаны чексиз сүйгөн Майрам Акаева чексиз берилгендигин билдирүү максатында өзүнө "ляппай, ханайым!", - деп колуна көкүрөгүнө алып турган А. Карыпкулов, Т. Касымов, З. Кудайбергенов, Т. Акматалиев өндүү өз свитасынын тандалма адамдарынан башкаларды президент күйөөсүнө жаа бою жакындаткан эмес. М. Акаеванын ишенимине арзыган фавориттер менен непоттор А. Акаевдин коом үчүн ыйык (сакралдуу) жана милдеттүү деп табылган пиететтин (немец тилинен pietat - «урматтоо, сыйлоо», латынчадан pietbs - «кудайга сыйынуу, ыймандуулук»; кимдир-бирөөгө, эреже катары, саясый бийлик ээсине терең урмат, сый, ызат менен мамиле кылуу) нормаларын калыптандырышат. Ошентип, А. Акаев өзүнүн физик менен математикке таандык ойломун мүнөзү оңой менен ооздукталбас жубайы менен эрке балдарынын каалоотилектерин аткаруу ишине гана жумшап калган.

Ошентип, жогоруда аталган тенденциялардын таасири астында «жылаңач хандын» бийлиги түбөлүктүү болгон жок: акырындык менен А. Акаев өз туугандары, жек-жааты менен бирдикте Кыргызстандын саясый жана экономикалык жашоо-тиричилигинде зор роль ойноого кланды түзүүгө жетишкен. Эскерте кетсек, Акаевдердин үй-бүлөсү кыргыздардын ири уруу бирикмеси болуп саналган сарыбагыш уруусунун абыла уругунан чыккан[8]. Акаевдердин уруулук айылы болуп, жогоруда айтылгандай, азыркы Чүй областынын Кемин районундагы Кызыл-Байрак кыштагы эсептелет. Акаевдердин ата-тектеринин арасында XIX кылымдын аягында Борбор Азияда орусиялык саясатты орнотууга активдүү катышкан Шабдан баатыр болгон[9].

Макаланын көлөмү чакан болгондуктан, Акаевдердин кланын төмөнкү таблица түрүндө чагылдырууга болот:

ТУУГАНДЫК БАЙЛАНЫШ	АКАЕВДЕРДИН КЛАНЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН ӨМҮР БАЯНЫНАН КЫСКАЧА МААЛЫМАТ
БИР ТУУГАНДАРЫ	**АКАЕВ АСАНКУЛ** – Кыргызстандагы эң бай адамдардын тизмесинде 6-орунда турган.
АЯЛЫ	**АКАЕВА МАЙРАМ ДҮЙШӨНОВНА** (1947) Талас областынын Шумкар айылында туулган. 1970-жылы Ленинграддагы технологиялык институттун механика факультетин аяктаган. Келечектеги күйөөсү менен 1969-жылы студенттик кечеде таанышкан. 1974-жылы машиналардын динамикасынын проблемалары боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. 1977-жылга чейин Ленинграддагы текстиль жана жеңил өнөр жай институтунда, андан соң Фрунзе шаарындагы политехникалык институтта, Кыргыз мамлекеттик университетинде сабак берген. 1993-жылдан тартып энелик менен балалыкты колдоонун Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондунун төрайымы, «SOS – Кыргызстандагы балдар кыштагы» Эл аралык фондунун президенти, Кыргызстандагы ЮНЕСКОнун мектептери менен клубдарынын президенти кызматын аркалаган. 2001-жылы «Илим жылдыздары» деген китепти чыгарган. 2008-жылы Мекен даңкына арналган асыл иштер Академиясы менен Орусия Федерациясынын коопсуздук, коргонуу жана укук тартиби Академиясынын чыныгы мүчөсү болуп шайланган.
АЯЛЫНЫН ТУУГАНДАРЫ	**САРКИШЕВА АЯЗГҮЛ** – Майрам Акаеванын синдиси, Талас областынын губернаторунун орун басары. **ЖАМАКЕЕВА САНАТКҮЛ** – Майрам Акаеванын синдиси, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат иштери боюнча агентствосунун статс-секретары. **САРКИШЕВ АСХАТ КЕЛСИНБЕКОВИЧ** (1977) жана **ЖАМАКЕЕВ УЛАН ТОРТАЕВИЧ** (1983) – Майрам Акаеванын синдилеринин уулдары, «Силк вэй инвестмент» ишканасынын учредителдери. **МАЙРАМ АКАЕВАНЫН ЖЭЭНИНИН КҮЙӨӨСҮ** Кыргызстандын Нью-Йорктогу консулу болгон.
УУЛДАРЫ	**АКАЕВ АЙДАР** (1976-жылы туулган) – Аскар Акаевдин улуу уулу. Айдардын биринчи жубайы Казакстандын Президенти Нурсултан Назарбаевдин кичүү кызы Алия Назарбаева болгон (1999-жылы турмушка чыгып, 2001-жылы ажырашып кеткен). Экинчи жубайы болуп телевидение алып баруучусу Сайкал Чокубаева эсептелет. АКШнын Мэриленд университетинде окуган. 2005-жылдын март айында болуп өткөн парламенттик шайлоонун 1-турунда жеңишке жеткен. Ал мобилдик байланыштын ири оператору болуп саналган «BiTel» ишканасынын активдерин көзөмөлдөгөн. Жоогазын революциясынан кийин дароо эле ага карата мамлекеттик казынанын эсебинен наркы 140 миң АКШ долларын түзгөн автомашинаны сатып алгандыгы жана Ысык-Көлдүн жээгине наркы 1 млн АКШ долларын түзгөн азем сарай салгандыгы үчүн кылмыш-жаза иши козголгон. **АКАЕВ ИЛИМ** (1984-жылы туулган) – Аскар Акаевдин кичүү уулу. 2007-жылы АКШдагы Джордж Вашингтон атындагы Университетти аяктап, «Финансы» адистиги боюнча бакалавр даражасын алган. Андан соң Москвага көчүп келип, алгач «ЕЭС России» деп аталган РАОдо (орусиялык акционердик коомдо) иштеп, андан сон ЛУКОЙЛ компаниясына өткөн.
КҮЙӨӨ БАЛАСЫ	**ТОЙГОНБАЕВ АДИЛЬ** – Аскар Акаевдин күйөө баласы, анын кызы Бермет Акаеванын күйөөсү. Казакстандын жараны. Бауман атындагы Москвадагы Жогорку Техникалык Университеттин (МВТУ) бүтүрүүчүсү. Кыргызстандын экономикасынын баардык кирешелүү тармактарын көзөмөлдөгөн да, медиа-бизнес менен алкоголь рыногундагы (Бишкектеги ликёро-арак заводу) лидерликти ээлеп алган. Мындан сырткары, Бишкектеги аэропорт менен "Манас" аэропортундагы америкалык авиабазаны күйүүчү май менен камсыз кылган «Аалам сервис» ОООнун ээси болгон. Адиль Тойганбаев 2005-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоодо добуштардын басымдуу көпчүлүгүнө ээ болгон "Алга, Кыргызстан!" партиясынын негиздөөчүсү болгон деп эсептелет. (айта кетсек, азыркы күндөгү Жогорку Кеңештин депутаты Равшан Жеенбеков партиянын саясый кеңешинин курамына кирген). Март революциясынан кийин Адиль Тойгонбаев Бермет Акаева менен ажырашып кеткен. Бишкектин өтүнүчү боюнча Адиль Тойганбаевге издөө жарыяланып, 2011-жылдын август айында ал Казакстандын укук коргоо органдары тарабынан кармалса, ушул эле жылдын 14-жана 15-февраль күндөрү орусиялык полиция аны Москвада 2 жолу кармаган. Кыргызстанда ал шылуунчулук, мамлекеттик мүлктү уурдоо жана салыктарды төлөөдөн баш тартуу деген олуттуу статьялар боюнча айыпталганына карабастан,

	мыйзамдар боюнча Кыргыз Республикасы чет өлкөдөн (Орусия) башка мамлекеттин (Казакстан) жаранын берүүнү талап кыла албагандыктан, расмий Бишкек бүгүнкү күнгө чейин аны экстрадиция кыла албай келүүдө. Экстрадиция өтүнүчүн Кыргыз Республикасынын Генпрокуратурасы Казакстандын ылайыктуу структураларына жиберүүгө тийиш болсо да, А. Тойганбаевдин адвокаттарынын билдиргенине караганда, бул өтүнүч алардын мамлекетинин укук коргоо органдарына жибериле элек. Айтылгандарга карабастан, А. Акаевдин мурдагы күйөө баласы эч кимден жашырынбай эле Алматыда жашап, опозициялуу Казак Улуттук Конгрессинин лидери болуп саналуу менен саясый иштерге активдүү катышып келүүдө. Ал мурдагыдай эле абдан бай жана кыргыз президентинин күйөө баласы болгонго чейин эле ак эмгеги менен бизнес жасап, байлык топтогом деп айткандан тажабайт. Казакстанда ал өз "тажрыйбасын" кеңири сыпаттаган "Кыялдагы технология" ("Технология мечты") деп аталган китеп жазган.
КЫЗДАРЫ	**АКАЕВА БЕРМЕТ** (1972-жылы туулган) – Аскар Акаевдин улуу кызы. Бишкектеги № 61- Республикалык физика-математикалык мектепти, М. В. Ломоносов атындагы ММУнун эсептөө математикасы жана кибернетика факультетин бүтүргөн. Бир нече жылдар бою Швейцарияда жашап, БУУ (ООН) структурасы менен Европалык экономикалык комиссияда иштеген. А. Акаевдин бийлигинин акыркы жылдары энеси М. Акаеванын кайрымдуулук акцияларына катышкан. 1998-жылы Казакстандын жараны Адиль Тойгонбаевге турмушка чыккан (Бермет аны менен Швейцарияда таанышкан). 2001-жылы Женевада алардын уулу Айтегин төрөлөт. 2003-жылы президент А. Ааевдин саясый таянычына айланган «Алга, Кыргызстан!» кыймылын түзүүгө катышат. 2005-жылы март айында болуп өткөн парламенттик шайлоонун 2-турунда жеңишке жетишкени менен, кийин депутаттык мандаттан айрылган. 2006-жылы күйөөсү менен инисине каршы кылмыш-жаза ишин козгогон Кыргызстандын улуттук коопсуздук Кызматы тарабынан кармалган. **АКАЕВА САДАТ** (1978-жылы туулган) – Аскар Акаевдин кичүү кызы. Улуу эжеси Бермет жашаган Швейцариялагы Лозанна шаарына кетип, Женевадагы эл аралык мектепти бүткөн. Гарвардга өтүүгө аракет кылып, бирок, Бостондогу Тафт университетине «Экономика» жана «Эл аралык мамилелер» деген 2 адистик боюнча өтөт. 2003-жылы Садат Вашингтон шаарындагы Бүткүл дүйнөлүк банкта иштеген.

Акаевдин бийлиги учурунда анын кланы алкоголду, күйүүчү-майлоочу каражаттардын жана курулуш материалдарынын рыногун тескеген[10]. Акаевдердин кланы Кыргызстандын экономикасына алып келген зыяны 50 млн АКШ долларына барабар деп бааланган[11]. Кыргызстандын мурдагы премьер-министри Турсунбек Чынгышевдин сөздөрүнө караганда 1993-жылы А. Акаев чартердик рейс менен Кыргызстандан Швейцарияга 1800 кг алтынды чыгарып кеткен[12].

Америка Кошмо Штаттарынын кылмыш иликтөөнүн Федералдык бюросу (ФБР) 2006-жылдын 31-октябрында Кыргызстандын экс-президенти Аскар Акаев менен анын үй-бүлөсүнө карата кылмыш изилдөө иштерин жүргүзүп, өз маалымат катында Акаевдердин үй-бүлөсү АКШдагы көмүскө компанияларды да өз кучагына алган эл аралык кылмыш торун түзгөн деп билдирген[13]. ФБРдын расмий докладына шилтеме берген бул маалымат кагта мындай деп айтылат: «Акаевдердин үй-бүлөсү менен байланышкан 175 объектке карата кылмыш иликтөө иштери жүргүзүлүп жатат. Иликтөөнүн изи АКШга келди, бул жерде Акаев курал-жарак, наркотик ж.б. менен сатуу менен алектенген 6 миңден ашуун компаниялардын ээси болуп саналган америкалык менен байланышта болгон»[14].

А. Акаевдин экономика боюнча мурдагы кеңешчиси Андрес Ослунд "өз бийлигинин мезгилинде Акаевдердин үй-бүлөсү жарым миллиарддан бир миллиард АКШ долларына чейинки акча каражатын топтоп алууга үлгүргөн. Кыргызстанда америкалык авиабазанын ачылышы алардын байлыгын дагы бир катар эсе көбөйтүүгө көмөк берген. Ушул эле маалымат катта АКШда А. Акаевдин уулу Айдарга таандык «Манас» жана президенттин күйөө баласы Адиль Тойгонбаевге таандык «Аалам» деп аталган эки фирманын эсеби бар, о.э. бул компаниялар курал-жарак сатуу ж.б. кылмыштуу иштер менен алектенген кылмыштуу топтор менен байланыштыгы бар"[15], - деп айтылат.

Көз карандысыздыктын алгачкы мезгилинде Кыргызстандын саясый жетекчилиги Советтик Кыргызстан менен союздук мамлекеттен калган эбегейсиз зор материалдык-техникалык жана финансылык ресурстарга таяна алган. «Физприбор» заводу, Ленин атындагы завод, «Кристалл» мекемеси, 110-аскердик шаарча ж.б. аскер-өнөр жай комплексин жоюудан түшкөн эле каражаттар А. Акаевге демократиялык мамлекеттин «күзгүсүн» («витринасын») ийгиликтүү түзүүгө мүмкүндүк берген. Бирок, 15 жыл ичинде бул ресурстар түгөнүп, экономикалык өнүгтө республика өз алдынча башкача кадамдарды жасоо зарылдыгына дуушарланган.

Айтылгандар төмөнкү корутундуларга негиз боло алышат:

1. Бийлиги атадан уулга өткөн өзбек ханы менен казак султанынан айырмаланып, эл тарабынан убактылуу мөөнөткө шайланган ажо башкарган кыргыз коомунун тарыхы өзгөчөлүү. Ошол себептен, *Кыргызстан* үчүн башкаруунун супер *президенттик формасы менен президенттик институттун өзү ыңгайсыз экендигин тарых дагы бир жолу тастыктоодо.*

2. Макалада кеңири айтылгандай, А. Акаевдин илим чөйрөсүндөгү жолу эч бир мүдүрүлбөстөн, шыр кеткен. А. Акаев менен чогуу иштешкендер ал тууралуу таланттуу окумуштуу, илимий иштердин жөндөмдүү уюштуруучусу, ашкере интеллигенттүү жана тарбиялуу адам деген бирдей пикирди билдиришет. Ал кездерде А. Акаев профессорлук наамга ээ аялы Майрам Дүйшөновна жана 2 уул, 2 кызы менен бирдикте кадыресе, жупуну турмушта жашаган. Эгерде кайра куруу саясаты болбогондо, балким, Аскар Акаевич өз үй-бүлөсү менен бирдикте илим дүйнөсүндө, окумуштуунун кабинетинде бейкапар жана кадыр-баркка бөлөнгөн тагдыр күтмөк...

3. Заманбап Кыргызстандын жаранларынын басымдуу көпчүлүгү президенттин үй-бүлөсүнүн мамлекеттик иштерге кийлигишүүсү Аскар Акаевдин адамдык жана саясый тагдырына балта чапты деген ишенимде. А. Акаевдин бийликти абдан жакшы көргөн жубайы Майрам Дүйшөновна өз кезегинде кайын журтун бийликке жакындаткысы келген эмес. Болгону эле ал өзү барганды жактырбаган Кемин районун башкаруу ишин кайын агасы Асанкулга берген. Майрам айым менен анын балдары үчүн Кыргызстандын масштабы өтө эле тардык кылган.

4. А. Акаевдин учурунда Кыргызстан «Борбор Азиядагы демократиянын аралчасы» болуп калган. Бирок, мындай абал А. Акаевдин чечимдерине Кыргызстандын Демократиялык Кыймылынын (КДК) мүчөлөрү менен башка патриот саясатчылар олуттуу таасир бере алган 1994-жылга чейин гана созулган. Андан соң аялы менен балдарын кошуп эсептебегенде, А. Акаев конституциялык жол менен сергек ойлонгон кеңешчилердин баардыгынан баш тарткандыктан, бул аралча, жергиликтүү куудулдардын сөзү менен айтканда, анын жылтыраган башынын көлөмүнө чейин кичирейип кеткен.

5. Республиканын саясый элитасы А. Акаевдин кланы анын саясый аренадагы позитивдүү имиджине ылайык келбеген роль ойноого өткөнүн дароо эле түшүнө калган эмес. Анын үстүнө президенттин бийлигинин кол тийбестиги өлкөнүн ичиндеги күч түзүмдөрү (структуралары) тарабынан да, чет өлкөлөрдө түзүлгөн позитивдүү саясый имидж тарабынан да кепилдикке алынган эле.

Адабияттар

1. Акаев Аскар Акаевич, бывший президент Кыргызстана. Документ Агентства федеральных расследований [http://www.flb.ru/persprint/518.html]. - С. 4.

2. А. Акаевдин өмүр баяны тууралуу маалыматтар төмөнкү булак боюнча келтирилүүдө: Акаев Аскар Акаевич. Биография // www.komprinfo.ru/facts/akaev/1.htm

3. Караңыз: Декабрьские события в Алма-Ате — Википедия // ru.wikipedia.org/wiki/; Вся правда о декабрьских событиях 1986 года в Алма-Ате // www.turkist.org/2011/12/jeltoksan-1986-ekspert.html и т.д.

4. международные документы по правам человека // www.wsc.kg/90

5. ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ Об Омбудсмене КР // ombudsman.kg › Правовая база

6. Фаворитизм широко распространен. [Электронный ресурс] URL: http://www.prostoy.ru/1400.html (дата обращения: 18.09.2013).

7. Два лица Аскара Акаева // www.centrasia.ru/newsA.php?st=1112055960

8. Дочь Акаева никого не боится // www.ntv.ru/novosti/107963/

9. 100 самых богатых людей Киргизии // prokg.com/2013/.../top-100-список-самых-богатых-людей-кыргызстана; www.paruskg.info/2012/04/13/61372; ideas-of-business.ru/samyie-bogatyie-lyudi-kyirgyizstana/

10. Первые леди // ru.wikipedia.org/wiki/Первая_леди

11. Супруга президента Киргизии профессор Майрам Акаева представила свою книгу // ria.ru/society/20011129/25891.html

12. Майрам Акаева избрана действительным членом Академии благородных дел во славу Отечества и Академии проблем безопасности, обороны и правопорядка Российской Федерации // www.rg.ru/anons/arc_2001/0817/hit.shtm

13. В Киргизии уволены с госпостов две родственницы Акаева // www.kp.ru/online/news/24763/

14. В Киргизии уволены с госпостов две родственницы Акаева // www.kp.ru/online/news/24763/

15. Руководство сети супермаркетов "Народный" заявляет о непричастности к компании семьи Акаевых // kg.akipress.org/news:18782

16. Младший сын экс-президента Илим Акаев попросил политическое убежище в США // Газета. Кг: www.centrasia.ru/newsA.php?st=1125304980

17. Аскар Акаев принял в дом телезвезду // www.kommersant.ru/doc/380270

18. Клан Акаевых пытается распродать свою хозяйственную империю // archive.today/C8aT

19. Сына Аскара Акаева собираются судить за роскошь // lenta.ru/news/2005/09/12/akaev/

20. "МС": Пахан президента. Кто он - "зять киргизского народа" Адиль Тойгонбаев? // www.centrasia.ru/newsA.php?st=1119079260

21. СНБ Киргизии возбудила уголовное дело в отношении зятя экс-президента Акаева // www.newsru.com › В мире › 15 апреля 2005 г.

22. Зять Аскара Акаева может стать неуловимым // ng.ru/cis/2005-08-24/5_akaev.html

23. Бермет Акаева: Мы обязательно вернемся! // www.caravan.kz/article/9376

24. Дочь бывшего президента Киргизии Бермет Акаева освобождена после допроса в СНБ // www.newsru.com › В мире › 27 декабря 2005 г.

25. Майрам Акаева: Моя надежда - моя семья // глава из книги "У надежды не бывает ночи". - Бишкек, 2003; www. centrasia. ru/newsA. php?st=1058734620

26. Киргизия: род или племя? // www.rusrep.ru/2010/14/qa_sariev/

27. Семья Аскара Акаева нанесла Кыргызстану ущерб в $50 миллионов // korrespondent.net/.../123727-semya-askara-akaeva-nanesla-kyrgyzstanu...

28. «Золотой вопрос» вновь заинтересовал генеральную прокуратуру Кыргызстана // rus.azattyk.org/archive/ky_News_in_Russian_ru/.../4795.html?id...

29. NBC news: ФБР: семья Акаевых курировала международную преступную сеть, включающую подставные компании в США // www.zakon.kz/77967-nbc-news-fbr-svjazyvaet-byvshego.html

ЭКОНОМИКА

Өмер Фарук Караман,
Кыргыз-Түрк Манас университети

АДАМ РЕСУРСТАРЫН ЭЛ АРАЛЫК ДАРАЖАДА БАШКАРУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ИШКАНАЛАР

Кыргызстандагы эл аралык ишканалардын мисалында: Адам ресурстарына байланыштуу эл аралык маанидеги көйгөйлөрдүн аныкталышы

Көп улуттуу (транснационалдык) ишканалардын аныктамасы

Көз карандысыз Кыргызстандын тышкы саясатын аны калыптандырган тарыхый салттарды эске албастан туруп түшүнүү мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу XX кылымдын 50–70-жылдары жарык көргөн бир катар монографиялык изилдөөлөрдү атап өтүү максаттуу деген пикирдебиз. Ошол кезден тартып Кыргызстандын беделдүү тарыхчылары тарабынан кыргыздар менен Кыргызстандын XIX кылымдын 2-жарымындагы жана XX кылымдын 1-жарымындагы тышкы саясый алакаларынын ар кыл өңүттөрү (аспекттери) илимий анализге тартылып келет. Кыргыз-орус мамилелеринин бир кылымдан ашуун мезгилге созулган тарыхын эске алуу менен бул эмгектерде Кыргызстан менен Орусиянын ортосундагы өз кучагына саясый, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдү камтыган эки жактууу мамилелердин калыптануу жана өнүгүү процесстерине өзгөчө көңүл бурулган. Кыргызстандын XIX–XX кылымдардын тогошуу мезгилиндеги эл аралык байланыштарын изилдөөгө Б.Д. Джамгерчинов, В.М. Плоских, А.Б. Джаманкараев зор салым кошкон. Кийинчерээк СССРдин курамдык бөлүгү болуп саналган Кыргыз ССРинин социалисттик маанайдагы мамлекеттер менен болгон экономикалык жана маданий кызматташтыктарын чагылдырган М.Р. Рыскулбеков, О.К. Карабаев, С.Т. Табышалиев, К.К. Каракеев, Т. М. Мырзабеков сыяктуу авторлордун эмгектери пайда болгон. Кыргызстандын көз карандысыздыкка ээ болуусу кыргыз элинин эл аралык мамилелеринин тарыхый өңүтүн бир кыйла актуалдаштырып жиберип, негизги көңүл кыргыз-орус мамилелерине бурулган да, XX кылымдын аягы – 2000-жылдардын башында аталган проблема В. М. Плоских, Д. Сапаралиев, Г. А. Рудов, В. А. Воропаева, Дж. Джунушалиев сыяктуу изилдөөчүлөрдүн автордук жана коллективдүү монографияларында чагылдырылган. Кийинчерээк теманын илимий жана практикалык мааниси чоң экендигин баса белгилөө менен кыргыз-орус кызматташтыгына мамлекет башчыларынын китептеринде да кеңири орун берилген.

Ата мекендик историографияда объективдүү жана субъективдүү себептерден улам Кыргызстандын эл аралык мамилелеринин заманбап этабы толук кандуу изилдөөгө тартылбай келет. Өлкөнүн тышкы саясый приоритеттери тууралуу талаш-тартыштар XX кылымдын 90-жылдарынын башынан аягына чейин активдүү болуп келсе да, алардын басымдуу бөлүгү илимий басылмаларга жетпей, массалык маалымат каражаттарында гана чагылып кала берген. Кыргызстандын эл аралык байланыштарын, анын ичинде Кыргызстан-АКШ мамилелерин заманбап саясый процесстердин призмасы аркылуу анализдеген илимий изилдөөлөр азырынча өтө эле сейрек, же дээрлик жокко эсе. Дал ушул жагдайдан улам Кыргыз Республикасынын тышкы саясый өнүгүүсүнүн заманбап этабындагы негиздүү жана өзөктүү и тенденцияларга реалдуу баа берүү жана аларды түшүнүү үчүн жогоруда аталган өтө сейрек илимий эмгектер өзгөчө мааниге ээ.

Мындай сейрек изилдөөлөрдүн катарына ошол кезде Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министринин орун басары кызматында турган А. Д. Джекшенкуловдун эмгектерин киргизүүгө болот. Автор бул эмгектеринде постсоветтик Борбор Азия мамлекеттеринин дүйнөлүк коомчулукка кирүү темасын жогору профессионалдык деңгээлде ачып бере алган. Аталган эмгектер Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын калыптануусуна тике тиешеси болбосо да, аларда өлкөнүн чөлкөмдүк (регионалдык) жана дүйнөлүк (глобалдык) системадагы ордун аныктоого мүмкүндүк берген методологиялык жактан баалуу болуп саналган бир катар жоболор кездешет.

2000-жылдардан тарта Н. К. Момошеванын көз карандысыз Кыргызстандын тышкы саясатынын калыптануусунун ар кыл өңүттөрүн (аспекттерин) изилдөөгө арналган илимий макалалары жарык көрө баштаган. Аталган макалаларда жаш изилдөөчү көз карандысыз жылдар ичиндеги Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын структуралык өзгөрүүлөрү менен эволюциясынын ар тараптуу жана объективдүү анализин берүүгө ийгиликтүү далалаттарды жасаган.

2001-жылы К. Токтомушевдин «Көз карандысыз Кыргызстандын тышкы саясаты» деп аталган монографиясы жарыкка чыгат. Монографиянын негизине Кыргызстандын тышкы иштер Министирлигинин утурумдук архивинин (текущий архив) көз карандысыз жаш мамлекеттин тышкы саясый ишмердигинин калыптануусунун ар кыл этаптарын чагылдырган маалыматтары коюлган. Ата мекендик изилдөөчүлөр үчүн Кыргыз Республикасынын тышкы иштер Министирлигинин архивине кирүү иши бир катар кыйынчылыктар менен коштолгондуктан, архивдеги абдан маанилүү фактылык материалдарды туура пайдалана билгендигине байланыштуу аталган автордун бул эмгеги бүгүнкү күнгө чейин бул чөйрөдөгү өтө кызыктуу изилдөөлөрдүн бири бойдон кала берүүдө.

«Глобалдык коопсуздукка карай жолдо: Борбор Азия 2001-жылдын 11-сентябрынан кийин» деген монографияда жана бир катар макалаларда, кийин доктордук диссертациясында ата мекендик илимий адабиятта коопсуздук проблемасынын призмасы аркылуу өлкөнүн өнүгүүсү үчүн тышкы жана ички факторлордун таасирин аныктоого жана изилдөөгө алгачкылардан болуп аракет кылган автор катары Н. М. Омаровду атоого болот.

2002-жылы Каана Айдаркулдун «Кыргыздар менен Кыргызстандын эл аралык мамилелери: тарых жана учур» деген темадагы изилдөөсү жарык көрөт. Аталган эмгекте автор Кыргызстандын курчап турган тышкы дүйнө менен болгон байланыштарынын узакка созулган тарыхый эволюциясы менен катар эле заманбап жаңы тенденцияларды чагылдыруу аракеттерин жасаган. Мындай аракеттердин натыйжасында Кыргызстандын эл аралык байланыштарынын бүгүнкү күндөгү абалы менен өнүгүү перспективалары тууралуу бир катар баалуу теориялык жана практикалык корутундулар жасалган.

Кыргыз-герман эки жактуу кызматташтыгынын эволюциясынын комплекстүү сүрөтү К. Кенешбеков менен У. Акматбаевдин монографияларында берилсе, кыргыз-түрк мамилелерине саясый анализ Ж. Баласагын атындагы КУУнун аспиранты, түрк изилдөөчүсү Ибрахим Конжактын кандидаттык диссертациясы менен макалаларында чагылдырылган. Бул монографияларда, кандидаттык диссертацияда жана макалаларда революцияга чейинки, кийин болсо, советтик жана постсоветтик деген аталыштарга ээ болгон Кыргызстандын Германия жана Түркия менен болгон байланыштарынын калыптануусунун тарыхый ретроспективасы сунуш кылынгандыктан, методологиялык жактан аталган эмгектер биздин изилдөө үчүн баалуу деген пикирдебиз. Берилген монографияларда өлкөдөгү демократиялык кайра түзүүлөрдүн динамикасына позитивдүү таасир берген Германия жана Түркия мамлекеттери Кыргыз Республикасынын негизги өнөктөштөрүнүн (партнерлорунун) бири деген адилет жыйынтык чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер Министирлигин башкарып турган маалда М. С. Иманалиев тарабынан жазылган монография да, бир тууган изилдөөчүлөр Аалиевалар тарабынан даярдалган монография да бир кыйла кызыгууну туудурат. Адискөй (профессионал) китаист катары М. С. Иманалиев Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы эки жактууу мамилелердин өнүгүүсүнө квалификациялуу жана оригиналдуу көз карашта мамиле жасоо менен алардын алакасынын XVIII-XX кылымдардагы периодизациясын сунуш кылган. Аалиевалардын кыргыз-кытай мамилелериндеги тарыхый жана геосаясый өңүт тууралуу идеялары абдан кызыктуу маанайда жазылган. Жогоруда аты аталган авторлор тарабынан сунуш кылынган идеялар менен рекомендациялар кыргыз-кытай кызматташтыгын бир катар практикалык багыттар боюнча маңыздуу түрдө интенсификациялоого мүмкүндүк берет.

Кыргыз-кытай чек арасын жөнгө салуу маселелери Кыргызстандын белгилүү окумуштуулары менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер Министридигинин алдындагы маалыматтык-аналитикалык башкармачылыктын кызматкерлеринин биргелешкен аракети менен даярдалган аналитикалык жыйнакта кылдат чагылдырылган. Бул жыйнакта XX кылымдын 2-жарымындагы кыргыз-кытай чек арасын жөнгө салуунун объективдүү элеси таасын тартылган. Ошону менен катар эле авторлор Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы саясый кызматташтыкты оптимизациялоого көмөк берген бир катар иш-чараларды белгилешкен.

2003-жылы А. Э. Джоробекова менен Н. К. Момошева тарабынан биргеликте жазылып, Кыргыз Республикасынын 1991-2002-жылдардагы тышкы саясый ишмердигинин хронографиясын чагылдырган эмгек жарык көрөт. Бул изилдөө иши Кыргызстандын дүйнөдөгү башка өлкөлөр жана эл аралык уюмдар менен болгон эки жана көп жактууу байланыштарынын максаттуу калыптануусунун динамикасын көрүүгө мүмкүндүк берет.

2001-2004-жылдары А. Акаев тарабынан 1990-2000-жылдары мамлекетти куруунун, анын ичинде тышкы саясатты жүргүзүүнүн негизги принциптерин ишке ашыруунун өтө маңыздуу багыттарын анализге тарткан 3 китеп жазылат.

Көз карандысыз жылдар ичиндеги Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын өнүгүүсүнүн экономикалык өңүттөрү (аспекттери) К. Идинов, Т. Койчуев, Т. Койчуманов, Б. Ч. Аширов өңдүү изилдөөчүлөрдүн монографиялары менен макалаларында чагылдырылган.

Кыргыз Республикасынын XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башындагы тышкы саясатынын негизги приоритеттеринин эволюциясы жана аларды ишке ашыруу проблемасы бир аз болсо да орусиялык жана чет өлкөлүк илимий адабиятта чагылдырылган. Алардын басымдуу көпчүлүгүндө Кыргызстандын тышкы саясый өнүгүүсү глобалдык масштабдагы жана Борбор Азия чөлкөмүндөгү кардиналдуу мүнөздөгү геосаясый жана институционалдык өзгөрүүлөрдүн бир бөлүгү катары гана каралат. Берилген өзгөрүүлөрдүн көп кырдуу жана динамикалуу элесин түзүүгө мүмкүндүк берген мындай жобону жактоо менен Кыргызстандын тышкы саясатына арналган орусиялык жана чет өлкөлүк макалалардын көпчүлүгү Кыргызстандын чөлкөмдүк коопсуздук системасындагы уламдан улам өсүп бара жаткан маанисин объективдүү чагылдырбайт деген жыйынтык жасоого болот.

Адабияттар

1. Аалиева Г.К., Аалиева Н.К., АалиеваШ.К. Китай во внешней политике Кыргызстана: проблемы и перспективы. - Бишкек, 2010.
2. Абдулло Р. Политика США в Таджикистане: от признания независимости к партнерству // Центральная Азия и Кавказ. – 2007. - №4 (52);
3. Айдаркул Каана. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Бишкек, 2002.
4. Акаев А. Памятное десятилетие. - Бишкек: Учкун, 2001;
5. Акаев А. Кыргызская государственность и эпос «Манас». - Бишкек, Учкун,2003;
6. Акаев А. Думая о будущем с оптимизмом. Размышления о внешней политике и мироустройстве. - М.: Международные отношения, 2004.
7. Акматбаев У. Кыргызстан-Германия: проблемы становления и развития межгосударственных отношений. - Бишкек: Илим, 2002.
8. Арбатов Г. Современная внешняя политика США. Отв.ред. Трофименко Г. М.: Наука, 1984.
9. Аширов Б. Ч. Становление и перспективы экономического сотрудничества Центральной Азии // Центральная Азия и культура мира. - № 1(4). - 1998. - С. 23-27.
10. Бажанов Е. Современный мир. М.: Научная книга, 2004;
11. Бажанов Е. Актуальные проблемы международных отношений. Т. 1-3. М.: Научная книга, 2002-2003. - С.10-19;
12. Бажанов Е., Бажанова Н. Мир и война. PeaceandWar. М.: Восток - Запад, 2011;
13. Бажанов Е., Бажанова Н. Международные отношения в XXI веке. International Relationsinthe XXI Century. - М.: Восток - Запад, 2011;
14. Богатуров А. Отложенный нейтралитет? Центральная Азия в международной политике // Россия в глобальной политике. – 2010. - 19 июня.
15. Братерский М.В. США и проблемные страны Азии: обоснование, выработка и реализация политики в 1990-2005 гг. – М.: 2005.

16. Брудный А., Чотаева Ч. Центральная Азия: пути и модели развития // Центральная Азия и Кавказ. - 2000. - №6 (12):

17. Виелмини Ф. Роль теории Маккиндера в нынешнем стратегическом развертывании США в Евразии: проблемы и перспективы // Центральная Азия и Кавказ. – 2005. - №4;

18. Воропаева В., Джунушалиев Д., Плоских В. Из истории кыргызско-российских отношений (XVIII-XX вв.). - Бишкек: Илим, 2001;

19. Гаджиев К. Геополитика. М.: Международные отношения. - 1997.

20. Джамгерчинов Б. Д. Присоединение Киргизии к России. - М., 1959;

21. Джамгерчинов Б. Д. Добровольное вхождение Киргизии в состав России. – Фрунзе, 1963;

22. Джаманкараев А. Б. Развитие торговли в Киргизии в конце XIX - начале XX вв. – Ф., 1965;

23. Джекшенкулов А. Д. Новые независимые государства Центральной Азии в мировом сообществе. - М.: Научная книга, 2000;

24. Джекшенкулов А. О безъядерной зоне в Центральной Азии // Международная жизнь. – 1999. - № 6.

25. Джоробекова А. Э., Момошева Н. К. Хроника внешнеполитической деятельности Кыргызской Республики (1991-2002). – Бишкек, 2003.

26. Дугин А. Основы геополитики. - М., 2000.

27. Идинов К. Кыргызстан в системе международных экономических отношений. - Бишкек: 1997;

28. Иманалиев М. Очерки о внешней политике Кыргызстана. - Бишкек, Сабыр, 2002.

29. Жильцов С. США в погоне за Каспием. - М., 2009;

30. Задохин А. Америка – новая Римская империя? Обозреватель- Observer. – 2003. - №4;

31. Иванов О. Военная сила в глобальной стратегии США: монография. – М.: Восток-Запад, 2008.

32. КарабаевО. К. Дружба киргизского народа с народами зарубежных стран (1959-1965 гг.). – Фрунзе, 1966;

33. Каракеев К. К. Великий Октябрь и наука-Киргизстана. – Фрунзе, 1977;

34. Кенешбеков К. А. Из истории международных отношений Кыргызстана и Германии (конец XIX - XXв.). – Бишкек, 1999;

35. Конжак И. Эгемендүүлүк мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы мамилелерге саясый анализ. – Бишкек: саясый илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация, 2014;

36. Конжак, Ибрахим. Кыргызстан менен Түркия кызматташтыгында лидерлердин ролу: Тургут Өзал жана Аскар Акаев мезгилине саясий анализ [Текст] / / Жусуп Баласагун атындагы Кыргыз Улуттук Университети Жарчысы. - 2013. - Выпуск 2.

37. Конжак, Ибрахим. Түркия жана Орто Азия мамлекеттери ортосундагы мамилелер (кечээги жана бүгүнкү абалына саясий сереп). Монография. – Бишкек, 2013. Co-Author of Leisure Time Learning Series: Let's Learn Academic Words.

38. Конституция Кыргызской Республики // jogorku.sot.kg/ru/конституция-кыргызской-республики-0;

39. Конституция Кыргызской Республики // www.ksgp-cis.ru/docs/21/const_kyr.pdf

40. Концепция внешней политики Российской Федерации 2008 года;

41. Копылов А. О понятии «национальная безопасность» в американской политологии // Безопасность. – 1996. - №3-4;

42. Копылов А. Политика национальной безопасности США в 90-е годы: содержание и процесс реализации. Монография. - М.: ВАГШ, 1999;

43. Копылов А. Современная военная стратегия США: содержание и тенденции развития. - М.: ВАГШ, 2006;

44. Копылов А. Современная стратегия национальной безопасности США: концепции и политическая практика. - М.: ВАГШ, 2009;

45. Котляр В. Развитие стратегических концепций США и НАТО после 11 сентября 2001 г. - М.: Научная книга, 2003;

46. Коэн А. США, страны Центральной Азии и Кавказа: проблемы и перспективы взаимоотношений // Центральная Азия и Кавказ. – 2000. - №2;

47. Кравченко И. Дипломатическая история США (1844-1919). М.: Научная книга, 2002;

48. Кулматов К. Мир в начале XXI века. Размышления российского дипломата и ученого. - М.: Известия, 2006.

49. Линке П., Наумкин В. Годы, которые изменили Центральную Азию. - М., 2009.

50. Лукьянов Ф. Бесцветная эволюция // Россия в глобальной политике. – 2010. - 26 марта;

51. Материалы и документы о кыргызско-китайской государственной границе / Под ред. Н. Керимбековой. - Бишкек, 2003.

52. Матяш В. Россия и США в Каспийском регионе XXI век: проблемы и перспективы (политологический анализ). - М.:ДА МИД РФ ИАМП, 2006;

53. Международные отношения в Центральной Азии: события и документы: учеб.пособие для студентов вузов. / А.Д. Богатуров, А.С. Дундич, О.Н. .Тимофеев, Е.Ф.Троицкий и др.; отв. ред. А.Д. Богатуров. - М.: Аспект-Пресс, 2011. - С.324-333.

54. Мельников Ю. Внешне-политические доктрины США. Происхождение и сущность программы «Новых рубежей» президента Д.Кеннеди. - М.: Наука, 1970;

55. Мозель Т. Балтия, Россия и запад в поисках модели безопасности в Европе. - М.: Научная книга, 2001;

56. Момошева Н. К. Основные аспекты становления внешней политики Кыргызстана в 1991-1995 гг. // Вестник Кыргызского Государственного Национального университета / Труды молодых ученых ЦМАНОП, Серия 5 (Гуманитарные науки). - Вып. 1, 2001;

57. Момошева Н. К. Основные вопросы становления и функционирования внешней политики суверенного Кыргызстана // Журналистика жана Коом. – Бишкек, 2002.

58. Момошева Н. К. Проблемы взаимоотношений Кыргызстана с развитыми странами мира; исторический опыт и перспективы // Вестник Кыргызского Государственного Национального университета, серия 5 (труды молодых ученых ЦМАНОП), в. 1-2 (Гуманитарные и экономические науки), 2000.

59. Момошева Н. К. Анализ источников внешнеполитической деятельности Кыргызской Республики в 1991-2003 годах // История и перспективы изучения. Сборник Международной научно-практической конференции, посвященной 2200-летию Кыргызской Государственности. – Бишкек, 2003.

60. Мырзабеков Т. М. Киргизская ССР в экономическом, научном и культурном сотрудничестве СССР с социалистическими странами Европы (вторая половина 1950-1970-х годов). - Алма-Ата: Автореф. диссертации кандидата исторических наук, 1979.

61. Ник М. Севара Ш. Помогает или мешает нам «хартленд» Маккиндера понять Центральную Азию? // Центральная Азия и Кавказ. - 2005. - №4.

62. Обращение Президента КР А. Акаева к народу // echoosha.narod.ru/Oktober04/akaev.htm;

63. Обращение Президента КРР.Отунбаевой // kabar.kg/rus/politics/full/22904.

64. Омаров Н. М. На пути к глобальной безопасности: Центральная Азия после 11 сентября 2001 года. - Бишкек: Центр ОБСЕ в Бишкеке, 2002;

65. Омаров Н. М. Бишкек, 2001; Омаров Н. М. Международные отношения в эпоху глобального развития. - Бишкек: Наука и образование, 2003;

66. Омаров Н. М. «Ассоциативная» система безопасности как новая модель организации евразийского пространства в начале XXI века // НАТО и Центральная Азия: региональная и национальная безопасность и стратегическое партнерство / Под ред. Т.А. Кожамкулова. - Алматы: 2003.

67. Омаров Н. М. Гуманитарные аспекты безопасности Кыргызской Республики в XXI веке: вызовы и ответы;

68. Омаров Н. М. Внешняя политика Кыргызской Республики в контексте проблем глобальной безопасности. – Бишкек: Автореферат диссертации, написанной на соискание научной степени доктора исторических наук, 2006.

69. Плоских В.Кыргызы и Кокандское ханство. – Фрунзе, Илим, 1978.

70. Послание ПрезидентаК. Бакиева к парламенту и народу // www.pr.kg/news/kg/2008/10/17/8236/;

71. Путин В.Послание Федеральному Собранию РоссийскойФедерации, 25 апреля 2005 года.

72. Рудов Г. Российско-кыргызские отношения: история и современность. - Москва-Бишкек: Илим, 2001.

73. Рудов Г.А. Центральная Азия. Кавказ. Балканы. Региональные подсистемы и региональные проблемы безопасности. – М., 2005;

74. Рыскулбеков М. Р. Экономическое сотрудничество Киргизской ССР с союзными республиками и странами социализма. – Фрунзе, 1962;

75. Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызского народа с русским и другими народами в XVIII веке. - Бишкек: Илим, 1997;

76. Табышалиев С. Т. По обновленной земле. – Фрунзе, 1971;

77. Токтомушев К. Внешняя политика независимого Кыргызстана. - Бишкек: Сабыр, 2001.

78. Уткин А. Доктрина Буша: концепция, разделившая Америку // Россия в глобальной политике. – 2005. - №4.

79. Центральная Азия в системе международных отношений. Сборник научных статей. - М.:2004.

80. Цыганков П. Теория международных отношений. - М., 2003. С.24-31;

81. Штоль В. Роль и место НАТО в системе европейской и международной безопасности в условиях глобализации. - М.: Научная книга, 2006;

82. Шутов А. Постсоветское пространство. - М.: ДА МИД РФ ИАМП, 1999;

83. Congress Resolution № 397. Markup before the Subcommittee on Asia and the Pacific of the Committie on International Relations. House of Representatives, 106th Congress, 2nd session. Washington 2000.

84. Davis J. Sweeney M. Central Asia in U.S. strategy and operational planning: where do we go from here? The Institute for foreign policy analysis. February. 2004;

85. Edwards M. The new great game and the new great gamers: disciples of Kipling and Mackinder. Central Asian Servey. 2003. Vol 22. № 1;

86. Fettveis C. Sir Halford Mackinder, Geopolitics, and Policymaking in the 21 century. // Parameters. 2000.

87. Human Rights Reports 2009: Kyrgyzstan; Human Rights Reports 2000: U.S. Department of State. Kyrgyzstan Country Report on Human Rights Practices for 2000;

88. Intel Assesment. February 10. 2011;

89. International Religious Freedom Report 2009: Kyrgyzstan. Department of State. Bureau of Democracy, Human Rights and Labor. October 26, 2009.

90. Jacquelyn K. Davis. Mikhael J. Sweeney. Central Asia in U.S. strategy and operational planning: where do we go from here? TheInstituteforforeignpolicyanalysis. February. 2004.

91. Khalilzad Z., Lesser I. Sources of Conflict in the 21st Century: Regional Futures and U.S. Strategy. Santa Monica, RAND, 1998;

92. Копсак, Ibrahim. Turkiye-Turki Cumhuriyetler iliskilerine Etki Eden Olumlu Faktorler [Текст] // Alatoo Academic Studies. – 2012. - Volume 7. - № 1.– March. – Ss. 69-77;

93. Копсак, Ibrahim. Ottoman-East Turkistan Relations during the Reign of Yakub Beg [Текст]. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университеты Жарчысы. - 2012. – Ss. 155-157;

94. Копсак, Ibrahim.. Osmanh Devleti-Hokand Hanligi iliskilerinin Siyasi Analizi [Текст] // Alatoo Academic Studies. – 2013. - Vol:8. - № 1.– Ss. 124-128;

95. Копсак, Ibrahim. Kirgrzistan-Turkiye iliskilerine Tarih ve Cografyanm Etkisi [Текст] // Вестник Бишкек Университетинин Илимий Журналы. - 2013. - №1 (24). – Ss. 269-271;

96. Копсак, Ibrahim. Kirgizistan-Tiirkiye Iliskilerini Etkileyen Dinamik Faktorler [Текст] // Вестник Бишкек Университетинин Илимий Журналы. - 2013. - №1 (24). – Ss. 275-278;

97. Копсак, Ibrahim. Political and Economic Analyses of Kyrgyz-Turkish Educational Relations [Text] // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети Жарчысы. - 2013. – Ss. 205-209;

98. Копсак, Ibrahim. Political Relations between Kyrgyzstan and Turkey [Text] // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети Жарчысы. - 2013. – Ss. 209-2011;

99. Koncak, IbrahimHampering Factors in Relations of Turkey-Turkic Republics [Text] // Qankiri Karatekin Universitesi Sosyal Bilimler Enstitusu Dergisi. - 2012. - November. 3(2):209-226;

100. Koncak, Ibrahim. Ceditcilik Hareketi ve Tiirkistan-Osmanli Devleti iliskileri [Текст] // Qankiri Karatekin Universitesi Uluslararasi Avrasya Strateji Dergisi 2(1): 105-114;

101. Niazi A.Tajik Leaders Warns of New Hostilities // Dawn. 1995. March 7.

102. Nichol. J. Kyrgyzstan: recent developments and U.S. interests. Congressional research service – Library of Congress. Code 98-594. 2005;

103. Obama Administration's Priorities in South and Central Asia. Robert O. Blake, Jr.Assistant Secretary, Bureau of South and Central Asian Affairs. Houston, TX. January 19, 2011;

104. O'Hara S. Great game or grubby game? The struggle for control of the Caspian. Geopolitics. 2004. Vol 9. №1;

105. Quadrennial Defense Review Report. September 30. 2001;

106. Rumer E. Russia and Central Asia after the Soviet Collapse. After empire: the emerging geopolitics of Central Asia; Solomon R. Foreword. Olcott M.B. Central Asia's New States: Independence, foreign policy and regional security;

107. Silencing Central Asia: The Voice of Dissidents. Hearing before the Subcommittee on the Middle East and South Asia of the Committee on International Relations, House of Representatives, 107th Congress, 1 Session, 18.07.2001, p.56;

108. Starr F. A «Greater Central Asia Partnership» for Afghanistan and Its Neighbors Silk Road Paper. Central Asia-Caucasus Institute & Silk Road Studies Program – A Joint Transatlantic Research and Policy Center Johns Hopkins University. Washington, D.C. March 2005;

109. The National Security Strategy for a new century 1997;

110. The National Security Strategy of the United States of America 2002;

111. The National Security Strategy of the United States of America 2010;

112. United States Assistance and Economic Strategy for the New Independent States. U.S. Policy Toward the New Independent States: Hearing before the Committee on Foreign Affairs, House of Representatives, 103rd Congress 2nd session, January 25, 1994. Washington, 1994;

113. United States General Accounting Office. Report to the Chairman, Committee on International Relations, House of Representatives: Foreign Assistance, U.S. Economic and Democratic Assistance to the Central Asian Republics. Washington, 1994;

114. U.S. Department of State. Bureau of South and Central Asian Affairs. Assistant Secretary Blake'sintroducingspeech.

А.Б. Бейшеналиев,
Эл аралык Ататүрк-Алатоо университети

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АКШ МАМЛЕКЕТИНИН ОРТОСУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК: ПРИОРИТЕТТЕР, НЕГИЗГИ ФАКТОРЛОР ЖАНА НАТЫЙЖАЛАР

Постсоветтик Кыргыз Республикасы менен АКШ мамлкеттеринин ортосундагы билим берүү жаатындагы кызматташтыктардын негизги приоритеттери. Аталган мамлекеттердин билим берүү чөйрөсүндө жаңы калыптанып жаткан эл аралык мамилелердин концепциясы төмөнкүдөй приоритеттерге таянат:

• көп багыттуулук (многовекторность) – билим берүү байланыштарында бир же бир нече чөлкөмдүн (региондун) өлкөлөрү менен гана чектелбестен, жер планетасынын каалагандай чөлкөмүндөгү (региондагы) каалагандай мамлекет менен контакттарды түзүп, жалпы жонунан, бир дагы өнөктөш (партнер) өлкөгө ашкере баа бербөө;

• ачыктык (открытость) – билим берүүдөгү эл аралык байланыштарынын толук бойдон деидеологизациясы жана деполитизациясы, каалагандай формадагы диалогду кабыл алуу, өз ара пайдалуу кызматташтыкка басым жасоо;

• прагматизм – билим берүүнүн эл аралык байланыштарында финансылык, маданий жана экономикалык пайда көрүүгө, мамилелерди ишкер негизде гана түзүүгө умтулууга так кесе басым жасалат;

• рационалдуулук – чет өлкөлөрдүн билим берүүсүнүн улуттук билим берүүнүн тарыхый калыптанган түзүмүнө (структурасына), формасына жана практикасына адекваттуу маанайда ылайык келген концепцияларын, методдорун жана элементтерин терең ойлонуу жана сабаттуу интеграциялоого умтулуп, улуттук системага ылайык келбеген чет элдик билим берүү технологияларынан чечкиндүү баш тартуу;

• динамизм – көз карандысыздыкка жетишкенден кийин билим берүүнү калыптандыруу боюнча токтоосуз, максаттуу жана жогору эффективдүү аракеттерди жасоону талап кылган шарттарда эл аралык байланыштарын тез, толук кандуу жана кеңири түзүү;

• демократиялуулук – өнөктөш (партнердук) мамилелерди тең укуктуу, ачык-айкын, туруктуу жана конструктивдүү платформада түзүү;

• прогноздоо – келечекти алдын алууга умтулуу, илимий маалыматтардын негизинде жакынкы келечекте билим берүү менен бул чөйрөдөгү эл аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн перспективалуу магистралдык жолдорунун ар кыл варианттарын моделдөө.

Практика көрсөткөндөй, постсоветтик Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык байланыштары өзүнүн жашоого жөндөмдүүлүгүн далилдей алды. Бирок, ошондой болсо да, билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык мамилелерди турмушка ашыруунун реалдуу механизмдери объективдүү экономикалык шарттардын трансформацияларына адекваттуу формада гана өзгөрүүгө учураганда аталган чөйрөдөгү эл аралык мамилелер өзүнүн эбегейсиз зор потенциалын ачып бере алат. Бул жерде өзгөчө роль берилген процесстин негиздүү компоненттеринин бири болуп саналган жогорку окуу жайларынын ортосундагы тике байланыштарга таандык. Ошентип, XXI кылымдын башындагы Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык байланыштарды уюштуруу концепциясынын эволюциясы улуттук билим берүүнү өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарынын бири болуп калууда.

Постсоветтик Кыргыз Республикасы менен АКШ мамлекетинин ортосундагы билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыктарды шарттаган негизги **ФАКТОРЛОР**катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

1. Аалам дашуу (глобализация) процесси. Америка Кошмо Штаттары менен бир кездерде СССРдин курамдык бөлүгү болуп, билим берүүнүн советтик системасы калыптанган Кыргыз Республикасы жетишээрлик кубаттуу илимий жана билим берүү потенциалына ээ мамлекеттерден болуп саналышат. Аты аталган өлкөлөр бул потенциалды өз каада-салттарына, маданий өзгөчөлүктөрүнө, тарыхый өнүгүүнүн спецификасына ылайык келгендей кылып өнүктүрүп келишкендиктен, АКШ менен постсоветтик Кыргыз Республикасынын билим берүүсү жана илими бир катар чөйрөлөрдө бирин бири толуктап турат десек жаңылышпайбыз. Ошол себептен, билим берүү чөйрөсүндөгү кыргыз-америкалык кызматташтыкты жемиштүү жана өз ара пайдалуу кылып өнүктүрүүгө объективдүү жана кеңири мүмкүнчүлүктөр бар. Мындай маанайдагы кызматташтык эки өлкө ортосундагы айрым саясий проблемаларды чечүү ишинде да маанилүү амортизатор боло алат деген терең ишеничтебиз.

Заманбап доордо билим берүү рыногу глобалдык мүнөзгө ээ болуп бара жатат. Ошол себептен, бүгүнкү күндө өз студенттерин чет өлкөгө жибербеген, же чет өлкөлүк студенттерди окутуу максатында өздөрүнө кабыл албаган, башка мамлекеттердин профессорлору жана окутуучуларынын окуу-педагогикалык процессин уюштуруу багытындагы бай тажрыйбасы менен алмашпаган, билим берүү инфраструктурасын түзүүдө эл аралык масштабда кызматташтыкты алып барбаган мамлекетти табуу өтө кыйын.

XX кылымдын акыркы он жылдыгында билим берүүнүн дүйнөлүк рыногунда билим берүү өндүрмөсүнүн (продукциясынын) төмөнкүдөй номенклатурасы түзүлгөн: 1) башка өлкөгө билим алуу же билим деңгээлин жогорулатуу максатында келген чет өлкөлүк студенттер; 2) башка өлкөлөрдүн билим берүүсүнүн улуттук системасында иштөө үчүн жиберилген чет өлкөлүк адистер менен окутуучулар; 3) илимий билимдер жана педагогикалык процессти, анын окуу-методикалык, техникалык жабдууларын уюштуруу багытындагы тажрыйба.

АКШ менен постсоветтик Кыргыз Республикасынын ортосундагы тыгыз кызматташтыктын болушуна заманбап билим берүүнүн өнүгүүсүндөгү жалпы тенденциялар да түрткү болууда. Глобалдык масштабдагы илимий жана билим берүү рынокторунун калыптанышы, окумуштуулар менен эксперттердин географиялык мобилдүүлүгүнүн кескин күч алышы, салыштырмалуу изилдөөлөрдүн мурда болуп көрбөгөндөй дүркүрөп өнүгүшү сыяктуу факторлор эл аралык илимий байланыштарды андан ары өнүктүрүүнүн, ар кыл өлкөлөрдүн адистеринин өз ара алакалашуусунун өтө эффективдүү механизмдерин иштеп чыгуунун зарылдыгын шарттоодо.Ошол эле учурда Евразия менен Түндүк Американын алдыңкы университеттеринин кош дипломдорун (двойные дипломы) тааныу жана пайдалануу багытындагы өз ара пайдалуу системасын киргизүү тенденциясы күч алууда. Мындан сырткары, билим берүү жана илимий мекемелердин көңүлүн бурган көп сандаган проблемалар уламдан улам транснационалдык жана глобалдык мүнөз күтүп бара жатат.

2. Экономикалык факторлор. 1991-жылдын 31-августунда Кыргызстан көз каранды эмес мамлекет катары тарыхка кирген. Жаңы мамлекет дароо эле саясый, экономикалык, социалдык, улуттук маанайдагы, ошондой эле билим берүү, илим, маданият жана саламаттыкты сактоо чөйрөлөрүндөгү кечиктирилбестен чечүүнү талап кылган бир катар проблемалар менен бетме бет кездешет.

Эң курч проблемалардын бири болуп билим берүү чөйрөсүндө түзүлгөн оор жагдай саналган. Пландык чарба менен тоталитардык саясый мамилелердин чегинде ондогон жылдар бою жайбаракат жана бейкапар мүнөздө калыптанган билим берүү системасы акырындык менен демилгесиздик, инерттүүлүк, келечекке карай ойлонууга жөндөмсүздүк сыяктуу бир катар терс сапаттарга ээ болуп кеткен эле. Социалдык-саясый активдүүлүктүн кескин күч алышы жана рынок экономикасына тез арада өтүү ниети мамлекеттик каржылоодо турган баардык мекемелер менен уюмдарды оор абалда калтырган. Аталган реформалардын башында кароосуз калган билим берүү системасынын абалы кыйла оор болгону баарыбызга белгилүү. Рынок шарттарында жан багууга болгон зарылдык, жалпы жонунан, бюджеттик типтеги түзүм (структура) болуп эсептелген билим берүү системасын өз алдынча жана мүмкүндүгүнө жараша акча табуу аракеттерин активдештирип, өзүндө болгон ресурстарды колдон келишинче мобилдештирүүгө мажбурлаган.

Мамлекеттик каражаттар жетишсиз болгондуктан, билим берүү системасын жаңы түзүлгөн шарттарга ылайык реорганизациялоо үчүн зарыл болуп саналган каржылоо (финансылоо) булактарын издөө бул системаны эл аралык донордуккаржылоо (финансылоо) уюмдары, чет өлкөлүк өкмөттүк жана билим берүү түзүмдөрү (структуралары) сыяктуу ири акча каражаттарына ээ мекемелерге кайрылууга аргасыз кылган.

Жогоруда аталган жагдайлардан улам эл аралык билим берүү байланыштарын интенсивдүү калыптандырган жаңы мезгил башталган. Натыйжада, билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык мамилелер менен байланыштарды куруу жергиликтүү (локалдуу) масштабдагы милдеттен биринчи кезекте чечилүүгө тийиш болгон актуалдуу милдетке айланат. Ошол себептен, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министирлигинде тышкы байланыштар бөлүмү ачылып, ал 1999-жылдан тарта тышкы байланыштар жана инвестициялар боюнча Борборго айланат. Ошол эле мезгилде Кыргызстандын ар бир ири жогорку окуу жайында ошол окуу жайга гана тиешелүү болгон эл аралык бөлүмдөр ачыла баштаган. Билим берүү концепциясын талкуулоо менен "Билим берүү тууралуу Мыйзамды" кабыл алгандан кийин билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык мамилелердин прогрессине олуттуу таасир эткен өкмөттүк деңгээлдеги «Билим» улуттук программасы менен «XXI кылымдын кадрлары»президенттик программасы иштей баштаган.

Уламдан улам кеңейүү жана тереңдөө жолу менен студенттерди, окутуучуларды жана окуучуларды эл аралык алмашуу системасы өнүккөн. Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинде (КМУУ) кыргыз-америка факультети (КАФ) жана кыргыз-европа факультети (КЕФ), Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде (КМКТА-КГУСТА) кыргыз-араб жана кыргыз-орусиялык факультеттери, Кыргызстандагы Америка университети (КАУ-АУК), Кыргызстандагы эл аралык университет (КЭАУ-МУК), «Манас» жана «Ататүрк-Алатоо» деп аталган кыргыз-түрк университеттери, Кыргыз-орусславян университети, кыргыз-өзбек университети ж.б. биргелешкен окуу жайлар ачылган. Билим берүү секторуна Сорос, Евразия,ОПЕК, ЕС, ДЖАЙКА сыяктуу көп сандаган чет өлкөлүк фонддор менен агентстволордун гранттары, МБРР, ЕБРР, АБР, ИБР, ВБ сыяктуу чет өлкөлүк банктардын, АЙРЕКС, АКСЕЛС, ПРООН, ЮСИС, ЮСИА, ЮСАИД, DAAD, ДАНИДА, KOICA, БАТОРИ сыяктуу эл аралык программалар менен уюмдардын каражаттары тартыла баштаган.

Мамлекет ар тараптуу жана толук кандуу билим берүү гана эмес, билим берүүнүн зарылдыктары менен муктаждыктарын канаттандыра албай, экономикалык кризиске баткан шарттарда эл аралык байланыштарды андан ары активдештирүү, инвестициялар менен каражаттардын жаңы булактарын издөө өтө актуалдуу проблемага айланууда. Билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык мамилелердин кеңейиши менен тереңдеши финансылык жана экономикалык өңүттөрдө (аспекттерде) пайда көрүүдөн сырткары, билим берүүнүн соңку мезгилде жаралган жаңы технологияларын пайдаланууга, өнөктөш (партнер) өлкөлөрдөгү колоссалдуу педагогикалык тажрыйба менен алмашууга, билим берүүнүн дүйнөлүк рыногуна чыгашасыз, эч зыян тартпастан интеграциялануу мүмкүндүк берет.

БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ-АМЕРИКА КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН НЕГИЗГИ НАТЫЙЖАЛАРЫ. Билим берүү тармагындагы кыргыз-америка кызматташтыгы бекем фундаментке жана көптөн үмүт кылган перспективаларга ээ экендигин АКШ мамлекетине билим алуу максатына кетип жаткан кыргызстандык студенттердин саны (1995-жылдан тарта жылына 100 адамдан кем эмес студенттер), билим берүү тармагындагы эки жактуу келишимдердин саны, жогорку окуу жайлар ортосундагы тике контакттардын жыштыгы, 1993-жылыКМУУда кыргыз-америка факультетинин (КАФ), 1993-жылы Кыргызстандагы Эл аралык университеттин (КЭАУ-МУК) жана 1997-жылы Кыргызстандагы америкалык университеттин (КАУ-АУК) ачылышы ачык далилдейт. Айтылгандардан сырткары, кыргызстандык жаштар үчүн азыркы тапта билим берүүнүн америкалык системасы дүйнөдөгү билим берүүнүн алдыңкы системасы болуу менен катар эле билим берүүнүн өтө ийкемдүү, эффективдүү жана беделдүү (престиждүү) система болуп саналат.

Билим берүү жаатында мамлекеттер ортосунда кол коюлган негизги келишимдер менен макулдашуулар:

1. АКШ Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун ишмердигине карата түзүлгөн Макулдашуу (1992-жылдын 5-ноябры, Вашингтон шаары);
2. Кыргыз Республикасынын билим берүү Министирлиги менен Америкалык коллегиалдык колледждер консорциумунун ортосундагы «Чыгыш-Батыш» маданий жана академиялык алмашуу боюнча Макулдугу (1993-жылдын, 20-апрели, Бишкек шаары);
3. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министирлиги менен Миддлбери колледжинин алдындагы америкалык колледждер Консорциумунун ортосундагы Макулдашуу (1995-жылдын 9-ноябры, Бишкек шаары);
4. Кыргыз Республикасынын билим берүү Министирлиги менен Сан-Франциско Университетинин ортосундагы кызматташтыктын Эл аралык университетти уюштуруу боюнча Токтому (1992-жылдын 9-августу);
5. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министирлиги менен илимий технология жана тил Институтунун (АКШ) ортосундагы мамилелердин Токтому (1995-жылдын 29-июну);
6. Кыргыз мамлекеттик улуттук университет менен Индиана штатынын университетинин (АКШ) ортосундагы Келишим (1992-жылдын 5-октябры);
7. Кыргыз мамлекеттик улуттук университет менен Небраска-Линкольн университетинин (АКШ) ортосундагы Меморандум (1993-жылдын 30-августу);
8. Кыргыз мамлекеттик улуттук университет менен Мэриленд университетинин (АКШ) ортосундагы маданий жана билим берүү жаатындагы алмашуу тууралуу Макулдашуу (1997-жылдын 11-июлу);
9. Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо Институтунун (ИИМОП) Эл аралык мамилелер бөлүмү менен Сиэтл университетинин (АКШ) ортосундагы Макулдашуу (1998-жылдын 2-марты);
10. Кыргыз улуттук университети менен Лексингтон округундагы Кентукки штатынын Мамлекеттик колледжинин (АКШ) ортосундагы илимий кызматташтык жана студенттерди алмашуу боюнча Меморандум (2004-жыл) ж.б.

Кыргызстандын Эл аралык университети. Кыргызстандын Эл аралык университетинин учредителдери болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министирлиги, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер Министирлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жана Сан-Франциско Мамлекеттик университети (АКШ) эсептелишет. Университет Кыргыз Республикасынын Президентинин 1993-жылдын 11-мартындагы № VII-74 Указы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 16-мартындагы № 113-Токтому менен ачылып, мамлекеттик университет статусуна ээ эл аралык жогорку окуу жайы болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1998-жылдын 30-декабрындагы Указы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 8-февралындагы № 74 Токтому менен Кыргызстандын Эл аралык Университетине дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү үчүн зарыл болуп саналган автономдуу башкарылган университет статусу ыйгарылган.

Университетте негизине университеттердин евроамерикалык түзүмү (структурасы) коюлган уюмдук түзүм (организационная структура) калыптанган.

Эл аралык жогорку окуу жайы катары Кыргызстандын Эл аралык университети университеттердин эл аралык кызматташтыгына умтулат, билим берүүдөгү ааламдашуу процесстеринин (глобализациянын) тенденцияларын өнүктүрөт, ар кыл мамлекеттердин университеттери жана уюмдары менен кызматташтыкты кеңейтет.

Кыргызстандагы Америка университети. Жогоруда айтылгандай, 1991-жылы Борбор Азия мамлекеттери көз карандысыздыкка жетип, аталган чөлкөм (регион) эркин рынок менен демократиянын уламдан улам өзгөрүп бара жаткан дүйнөсүнө карай өз алдынча кадам таштай башташкан. Ошол себептен, чөлкөмдүн жаш муундары ачык коомдун шарттарында экономикалык ресурстарга, маалыматка (информацияга) жана жеке эркиндикке кандай мамиле кылуу зарылдыгы тууралуу өздүк көз караштарын калыптандырууга өтүшөт. Мындай кардиналдуу өзгөрүүлөрдүн толкуну билим берүү системасындагы жаңы идеяларга да негиз болуп калып, 1993-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин (КМУУ-КГНУ) алдында кыргыз-америкалык факультет(КАФ) түзүлгөн.

Кийинки бир нече жыл ичинде КАФ ушунчалык тездик менен өнүгүп, анын ишмердигинин масштабдары КМУУнун факультетинин чегинен бир кыйла чыгып кетип, өз алдынча окуу жайын түзүү зарылдыгын жараткан. 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Декретине ылайык КАФ Кыргызстандагы Америка университети (КАУ-АУК) болуп түзүлүп, жаңы университетти башкаруу үчүн көз карандысыз, көп улуттуу (интернационалдуу) попечителдердин Кеңеши уюшулган.

Кыска мезгилдин ичинде эле КАУ-АУК эркиндик менен сын көз карашгагы ойломдун принциптерине таянган университет катары эл аралык таанылууга жетишкен. Борбор Азиядагы билим берүүгө болгон жаңыча мамиле университетке 30дан ашуун өлкөлөрдүн окумуштууларын тарткан. 2002-жылы университеттин миссиясы менен анын келечекке карай таштаган кадамы мурунку чектерден чыгып, университеттин чөлкөмдүк (регионалдык) маанисин ачык-айкын туюнта баштаганда, попечителдер Кеңеши анын аталышын Борбор Азиядагы Америкауниверситети (БААУ-АУЦА) деп өзгөртүүнү чечишет.

Ошентип, бүгүнкү күндө БААУ чөлкөмдүк (регионалдык) жогорку окуу жайынын статусуна ээ жана андагы окутуунун түзүмү (структурасы) толугу менен билим берүүнүн америкалык моделине дал келет. Университеттеги окуу процесси төмөнкү программалар боюнча жүргүзүлөт:

- Америка таануу;
- Маданий антропология жана археология;
- Бизнести башкаруу;
- Экономика;
- Журналистика;
- Укук;
- Программалык камсыздоону долбоорлоо;
- Психология;
- Социология;
- Эл аралык жана салыштырмалуу саясат.

Ошондой эле университеттин алдында магистратура иш алып барат.

Бүгүнкү күндө БААУнун жалпы студенттеринин 30%ын Орусия, Украина, Балтика боюндагы өлкөлөр, АКШ, Германия, Канада, Улуу Британия, Жаңы Зеландия, Испания, Нидерландия сыяктуу 27 өлкөдөн келип, билим алган студенттер түзөт. Университеттеги окутуу процесси жогорку деңгээлде жүргүзүлүп, окуу-тарбия иштерин жогорку квалификацияга ээ профессордук-окутуучулук жамаат (коллектив) жетектейт. Дал ушул факторлору менен БААУ чет өлкөлүк студенттерди өзүнө ийгиликтүү тартууда. Университетте дарстарды англис тилинде Кыргызстан, АКШ, Канада, Германия, Австралия, Япония, Кытай жана башка өлкөлөрдөн келген дасыккан адистер окушат.

2001-жылдан тарта БААУ Америкалык колледждер менен университеттердин эл аралык Ассоциациясынын расмий мүчөсү болуп саналып, университеттин дипломун эл аралык деңгээлде таануга мүмкүндүк берген.

Өзү түптөлгөн мезгилден тарта БААУ-АУЦА демократиялык баалуулуктардын, жеке эркиндиктин жана жаңычылдыктын принциптерине таянган окуу жайы катары көрсөтүп, өтө тездик менен өнүгүп жаткан Борбор Азия чөлкөмүндөгү билим берүү системасында маанилүү ролду ойноп келе жатат. Аз эле убакыт ичинде университет Борбор Азия чөлкөмүндөгү билим берүүнүн лидерине айлана алган. Эркин гуманитардык илимдердин салт-санаасына, өздүк башкаруу принциптерине таянган БААУ-АУЦА келечекке карай ишенимдүү кадам шилтеп бара жатат.

Билим берүүдөгү деполитизация. Заманбап билим берүүнүн дүйнөлүк рыногунун өнүгүшүнүн маанилүү тенденциясы болуп деполитизация эсептелет. Анткени, көпчүлүк заманбап мамлекеттер өздөрүнүн билим берүүсүнүн улуттук системасы менен адистерине, кадрларына «чет өлкөлүк таасир» тиет деген коопсонуулардан алыс. Эл аралык билим берүүнүн тарыхы күбөлөгөндөй, көз карандысыздыкка жеткенден кийин өз өлкөсүндө радикалдуу мүнөздөгү социалдык-экономикалык жана саясый кайра түзүүлөрдү жүргүзгөн өнүгүп келе жаткан мамлекеттер билим берүү чөйрөсүндө өздөрүнүн мурунку метрополияларынан кол үзгөн эмес. Тескерисинче, алар өз алдынча мамлекеттерге айланса да, алардын ортосундагы билим берүү жаатындагы байланыштар мурдагыдан да бекемделип, мурдагыдан да кеңейген.

Билим берүүнүн заманбап рыногу өз түзүмүнүн (структурасынын) туруктуулугу (стабилдүүлүгү) менен айырмаланат. Бир катар факторлордун максатына карай турган болсок, анда жакынкы келечекте бул түзүм кардиналдуу өзгөрүүлөргө дуушарланбайт. Эгерде XX кылымдын 80-, андан соң 90-жылдары европалык өлкөлөрдүн көпчүлүгү чет өлкөлүк студенттерди чектүү гана санда кабыл алуу, алардын санын кыскартуу багытындагы саясатты жүргүзүп келсе, бүгүнкү күндө алардын саясаты тескери багытта активдешип, акыркы жылдары Батыш Европа өлкөлөрүндө билим алган студенттердин саны 1,5-2 эсеге өскөн. Эл аралык билим берүү чөйрөсүндөгү адистердин пикиринде өнөр жайы өнүккөн мамлекеттер үчүн финансылык көз караштан алып караганда өлкөдөгү жалпы студенттердин болжол менен 5%ын чет өлкөлүк студенттердин контингенти түзгөнү абдан оптималдуу болуп саналат. Мындай шарттарда билим алууга келген чет өлкөлүк студенттерден түшкөн экономикалык эффект аларды кабыл алып жаткан окуу жайлары үчүн реалдуу болуп саналат да, педагогикалык процесстеги методикалык өзгөртүүлөр жана кадр маселесиндеги бир кыйла көйгөйлөрдү оң жагына чечет.

Бүгүнкү күндө билим берүүнүн дүйнөлүк рыногу өлкөнүн өзү чыгарган билим берүү өндүрмөсүнө (продукциясына) болгон сунуш менен талаптан көз каранды абалын мүнөздөйт. Алгач билим берүүнү өндүргөн өлкөлөрдүн иш-аракети врачтар, мугалимдер, инженерлер,агрономдор өндүү массалык кесиптин адистерине болгон айрым мамлекеттердин зарылдыктарын канааттандырууга бурулган. Убакыттын өтүшү менен жагдай да өзгөрө баштаган. Илим көп талап кылынган чөйрөлөр жана жогорку академиялык деңгээлдеги кадр сыяктуу улуттук адистерди даярдоого карата сурооталап өскөн. Мындай мыйзам ченемдүүлүк билим берүүнүн дүйнөлүк рыногундагы өндүрмөлөрдүн (продукциялардын) 40%дан ашуун көлөмүн өндүргөн АКШнын мисалында ачык байкалат.

АКШда өнөр жай тармагындагы, айыл чарбасындагы, саламаттыкты сактоодогу массалык кесиптерге, айрым гуманитардык илимдерге адистешкен чет өлкөлүк студенттердин саны күндөн күнгө кыскарса, ошол эле учурда табият таануу, философия, компьютердик илимдер боюнча билим алууну каалаган чет өлкөлүк жарандардын үлүшү көбөйүп, дипломдон кийинки билим алып, академиялык даражага ээ болууну каалагандардын пайызы өсүүдө. Ушундай эле процесстер Германиянын, Франциянын, Улуу Британиянын жана башка дүйнөнүн жогору өнүккөн бир катар өлкөлөрүнүн билим берүү саясатын мүнөздөйт.

Өз кезегинде, өнүгүп келе жаткан өлкөлөр, билим берүүнүн улуттук системасы бекемделген сайын, өз студенттерин массалык адистиктер боюнча толук билим алуу максатында башка өлкөлөргө уламдан улам аз санда жиберип, өз студенттери менен адистерин билим берген башка мамлекеттерде аз убакыт гана кармоону көздөшөт. Дипломдон кийинки билим алуу, же илим көп талап кылынган чөйрөдөгү кесиптер жана башкаруу адистиктери боюнча окууну каалагандарга гана мамлекет тарабынан каржылык (финансылык) колдоо көрсөтүлөт.

Сунуш менен талап өзгөргөнгө байланыштуу билим берүүнүн дүйнөлүк рыногунда билим берүү өндүрмөсүн (продукциясын) жараткан өлкөлөрдү төмөнкүдөй топторго ажыратууга болот:

1. Негизги күч-аракетин илим көп талап кылынган жана жогорку академиялык деңгээлдеги билим берүү өндүрмөсүн (продукциясын) жаратууга жумшаган өлкөлөр.

2. Эреже катары, чет өлкөлүк студенттерди массалык кесиптерге окутуп, орто академиялык деңгээлдеги адистерди даярдаган өлкөлөр.

3. Жергиликтүү (локалдуу) сунуштар менен талаптарга жооп берген адистерди даярдап, жогорку окуу жайы үчүн академиялык деңгээлдин баштапкысын гана берген өлкөлөр.

АКШ жана Батыш Европанын алдыңкы өлкөлөрү талашсыз лидер болуп саналган өлкөлөрдүн биринчи тобу билим берүүнүн дүйнөлүк рыногундагы борбордук позицияны, экинчи топ андан кийинки орунду ээлесе, үчүнчү топ болсо рыноктун чеке-белинде эле калат, же рынокко кире албайт.

